

# ӨМҮРҮ ӨРНӨК ИНСАНДАР

БЕКТУР АЖЫ МАНСУРОВ

# АКСУУ РАЙОНУ

Бектур ажы МАНСУРОВ

# ӨМҮРҮ ӨРНӨК ИНСАНДАР

*Аксуу районунун этнографиялык өмүр-баян жыйнагы*

«Бийиктик»
Бишкек–2007

УДК 82/821
ББК 84 Ки 7-4
М 23

**Редакциялык уюштуруу тобу, коллегиянын курамы:**

**Т. Б. Чекиев** – уюштуруу тобунун башчысы, башкы редактор.

**Б. Н. Мансуров** – башкы редактордун орунбасары, түзүүчү-автор.

**Редакциялык кеңеш жана уюштуруу тобу:**

З. Турсунбаев, А. Сабутбаева, Д. Жаныбекова, А. Сагынбаев, Т. Маанаев, Т. Жанаманова, С. Исмаилов, З. Турдакунов, С. Сооронбаев, Б. Акмолдоев, А. Конушбаев, И. Акматбаев, А. Өзүбекова, С. Дөкөнбаев, Э. Байсеитов, М. Көлбаев, Э. Кожомбердиев, Ө. Тамаев, А. Түкөбаев, А. Исраилов, Р. Жапаров, Ж. Сабитова, райондук элге билим берүү бөлүмү, мектеп директорлору.

**Мансуров Бектур ажы.**
М 23 Өмүрү өрнөк инсандар. Аксуу районунун этнографиялык өмүр-баян жыйнагы. – Б.: Бийиктик, 2007. 324 б.
ISBN 978-9967-13-249-8

Бул китепте өткөн тарыхый материалдардан талдап, район, облус, республикабыздын деңгээлине чейин кызмат өтөп салым кошкон, райондун келечек муундары үчүн өмүрү өрнөк боло турган адамдарыбыздын этнографиялык өмүр таржымалдары камтылды. Тарыхый тактыкты түзүүгө, улам кийинки муунга ага-эжелериндей улуу да, сулуу да болууга чакырык иретинде бийик максаттарга жетелеген байрак катарында кызмат өтөөрүнө ишеним арбын.

Китеп окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат.

УДК 82/821
ББК 84 Ки 7-4
М 4702300100-7
ISBN 978-9967-13-249-8
© Мансуров Бектур ажы., 2007.

# БАШ СӨЗ

*Урматтуу окурман! Сиздин колуңуздагы жыйнакта касиеттүү Ысыккөл жергебиздин Аксуу районунун социалдык-экономикалык, маданий жактан өнүгүүсүнө олуттуу салымдарын кошуп, эмгек өтөгөн районубуздун патриот уул-кыздарынын өмүр баяндары чагылдырылат.*

*Райондун тарыхына карасак Аксуу жергесинен туулуп-өсүп, мамлекеттин гүлдөп-өсүшүнө бараандуу салымдарын кошуп, кыргыз журтчулугуна аттын кашкасындай таанымал, бийик сыймык ээлери болгон инсандар жүздөп саналат. Ошондуктан бул китепти түзүү үчүн өткөн тарыхый материалдардан талдап район, область, республикабыздын деңгээлине чейин кызмат өтөп, салым кошкон райондун келечек муундары үчүн өмүрү өрнөк боло турган адамдарыбыз жөнүндө кыскача маалыматтарды китеп бетине түшүрүп, жарыялоону кеңешип, жыйнак чыгарууну туура таптык.*

*Бул үчүн районубуздун айыл өкмөт башчылары, райондук мекеме-ишкана жетекчилери, мектеп директорлору, эмгек жамаат бирикмелеринин өкүлдөрү, карыя санжырачыларыбыз көп эмгек жасашты. Көптөгөн коомдук пикирлер эске алынды. Айрыкча, китептин материалдарын жеринен терең талдап, өз убагында маалыматтар так жана толук болсо деп аракеттенип демилге көтөрүшүп, көп убакыттарын ушул китепти түзүүгө арнаган Челпек айылынын тургуну, абабыз Мансуров Бектур ажы, райондук Кеңештин төрайымы Жаныбекова Дамира Ийрибаевна, райондук мамлекет-*

*тик администрациясынын башчысынын орунбасары Сабутбаева Астра Турдубековна, райондук мамлекеттик администрациясынын аппарат жетекчиси Турсунбаев Замирбек Асаналиевичтердин уюштуруу аракеттери арбын экендигин айтпай коюуга болбойт.*

*Бул китепти түзүүдө айрыкча пайгамбар жашы курагында күндөп-түндөп демилге сүрөп иштеген абабыз Бектур ажынын талбай изденген аракети зор.*

*Китепти чыгарууда алгачкы кадамдар жасалып жаткандыктан жыйнакта райондон чыккан бардык мыкты атуулдардын өмүр жолу жөнүндө камтылып алынды деп айтуудан алыспыз. «Көч бара-бара түзөлөт» демекчи, айрым адамдар жөнүндө маалыматтарыбыздын жазылбай калуу учурлары кездешкен болсо, туура мамиле жасалып, кийинки жыйнак беттерине түшүрүлөөр деген ойдомун.*

*Аксуу – кудайдын мээри түшкөн, кут конгон касиеттүү жер. Аны кайсыл гана жагдайда талдабайлы – келечеги кең. келечекте куттуу жерибизден Кыргыз мамлекетинин өсүп-өнүгүшүнө дагы далай салым кошо турган жаңы муундардын чыга берээри шексиз. Эмесе, өмүрү өрнөк болгон атуулдарыбыз жөнүндөгү китебибиздин боосу бек болуп, ылайым жаңыланып жарала берсин!*

***Тынчтыкбек ЧЕКИЕВ,***
*Аксуу райондук мамлекеттик*
*администрация башчысы*

# Аксуудан чыккан залкарлар



Кыдыр Аке



Манаке



Ыбрай Туманов



Касымалы Жантөшев



Советбек Жумады

# Элибиздин белгилүү инсандары



Мамбет Мамакеев



ЗууРа Сооронбаева



# АКСУУ АЙМАГЫ

Ар нерсенин түзүлүшүнө жана өнүгүшүнө жаратылыштын, коомдун, саясий өзгөрүүлөрдүн мыйзамченемдүүлүгү зор таасир этери белгилүү. Андыктан көл башынан орун алган Аксуу аймагынын түптөлүшүнө, калыптанышына да бир нече тарыхый шарттар, орчундуу себептер түрткү болгон. Алардын негизгилеринин бири – XIX кылымдын экинчи жарымында кыргыз элиндеги түзүлгөн кыйла татаал кырдаал болгон. Бир жагынан Кокон хандыгынын адилетсиз жүргүзгөн саясатынын негизинде элди ар тараптан кысып, экинчи жагынан жакын турган коңшу хандыктар коркунуч туудуруп турган. Жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнүн арасындагы ырксыздык да элдин турмушун бир топ начар абалга кирептер кылган. Бир уруу менен экинчи уруунун чабышы күчөп, коңшулардын кол салуулары көбөйгөн. Ошондуктан эл тагдырын ойлошкон адамдар падышалык Россиянын калкалоосуна мажбур экендиктерин билдирип, кайрылууга аргасыз болушкан. Мына ушул мүдөөнү жүзөгө ашырууну көздөшкөн эл өкүлдөрү 1854-жылы Омбу шаарындагы падыша өкмөтүнүн өкүлүнө кайрылышкан. Бул чакан топтун башында бугу уруусунан чыккан Шапак баатырдын небиреси Качыке болгон.

Ошол мезгилде орус империясынын ички абалы тынч эмес эле. Падышалык бийликтин адилетсиздигине карапайым эл, жумушчулар, дыйкандар нааразычылыктарын ачык билдирип турушкан. Иш таштоолор, көчөгө чыгуулар улам активдешип бараткан. Бул падыша өкмөтүн кооптондурбай койгон эмес. Элдин толкунун басуу керек эле. Ушундай учурда кыргыз элинин жардам сурап кайрылышына көңүл буруп, кандайдыр бир көмөк көрсөтүү падыша өкмөтү үчүн, чындыгында, пайдасыз болучу. Бирок бул маселенин экинчи жагы да бар эле. Кыргыз элинин өтүнүчү менен аларды коргоого алуу керек деген шылтоону бетке кармаган өкмөт, орус дыйкандарын толкутуп жаткан прогрессивдүү көз

караштагы адамдарды алыска сүрүү зарылдыгын көздөгөн. Ушуну менен катар эле түпкүрдөгү ыңгайлуу жерлерди өздөштүрүп, аны орус империясынын кызыкчылыгына пайдалануу керек деген тымызын саясаты келип чыккан. Ошондуктан падыша өкмөтү бугу уруусунун Россия курамына кошуп алуу өтүнүчүнө макулдугун берген. 1855-жылдын 17-январында Качыке колуна Куран китебин кармап, 10 миң түтүн бугу уруусунун Россия империясынын курамына киргендиги тууралуу ант берген.

Бугу уруусун коргоо боюнча түзүлгөн келишимдин негизинде падыша өкмөтү кыргыз жергесине 50 кишиден турган аскер бөлүгүн Качыбектерге кошуп жиберген. Алар азыркы Аксуу менен Керегеташ айылдарынын ортосундагы ойдуңга келип жайгашкан. Мына ушундан тартып орус келгиндеринин саны акырындык менен көбөйө берген.

1870-жылы падыша Николай IIнин Россиянын чет жакаларындагы жана түпкүрүндөгү ээн жаткан жерлерди өздөштүрүү боюнча атайын буйругу чыккан. Мына ушундан кийин орус келгиндеринин жаңы толкуну башталган. Алар мурунку улуу «Жибек жолу» эсептелген Аксуу дарыясынын сол жээгинен тоо тарапты көздөй там салып, отурукташа башташкан. Азыркы Аксуу айылына суу тегирменин курушкан. Келгиндер тарабынан 1888-жылы курулуп, азыркы учурга чейин иштеп жаткан чиркөө, «Заря» кооперативинин наавайканасы болуп иштетилип жаткан имарат курулган.

Карт тарыхты барактап көрсөк, касиеттүү Аксуу жергесинен өткөн доордон бери эле эл билген, журт башкарган, элибиздин көөнөрбөс мурастарын уланткан залкар манасчылар, келечекти болжоп билген даанышмандар, атактуу обончулар, залкар комузчулар, торгой үндүү ырчылар чыккандыгына, учурдагы глобализация доорунда илим менен техниканын гүлдөп өнүгүшүнө өзгөчө орду бар атуулдарыбыз жүздөп саналат.

Дегеле, Аксуу жергеси жөнүндө маалымат XIX кылымдын ортолорунда улуу түрколог, академик А. Н. Бартольд, белгилүү саякатчы, географтар Н. М. Пржевальский, В. И. Роборовский, П. П. Семенов-Тяньшанский, орустун улуу саякатчысы Н. А. Северцев, учурунда аскер кызматкери жана саякатчы катары белгилүү болгон Ч. Валихановдор тарабынан россиялык жана европалык илимий эмгектерде жазылып келген.




## АКСУУ РАЙОНУНУН КАРТАСЫНЫН СХЕМАСЫ



Аксуу – кут конгон жер. Анын кечээкиси, бүгүнкүсү жана келечеги ар бир адамды кунарлуу ойго куштарлантат. Аталган аймак өзүнүн табигый жаратылышынын кооздугундай өмүрүнө бүгүнкү муундар суктана турган белгилүү инсандарды берген. Тарыхта аты аңызга айланган айтылуу залкар манасчы Чоюкени кимдер билбейт. Батасы жаза кетпеген Кыдыр аке кыргыз менен орус элинин ортосундагы байланышты чыңдоого, эли-журтун сактоодо кошкон салымдары жөнүндө муундан-муунга айтылып келет. Анын атактуу Романовдун падышалык династиясынын 300 жылдык салтанатына катышып, Россиянын мамлекеттик Думасынын мүчөсү болгондугу тууралуу Грамота Санкт-Петербургдагы Эрмитажда кастарланып илинип тургандыгы биз үчүн чоң сыймык. Тарых жолун таасын иликтесек, биздин аймактан чыккан белгилүү окумуштуулар, маданият ишмерлери булактай оргуп чыгып, эл үчүн эрдикке тете өмүр өтөгөндүгүн баамдайбыз. Театр сахнасында жана кинодо, ар кыл тематикадагы көркөм образдарды аткарып, алардагы таасирдүү тереңдиктерди таап, жөнөкөй жеткиликтүү бере билген, улуу чебер Советбек Жумадылов, даанышман манасчы Шаабай Азиз уулу, залкар жазуучу Касымалы Жантөшев, Эл жазуучусу Зуура Сооронбаева, Айым Айтбаева, Айткулу Убукеев, Жекшен Ашубаев, Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты, акын Табылды Муканов, белгилүү журналист, жазуучу, сатирик Калкамбай Ашымбаев, жазуучу-драматург Мар Байжиев, композитор, устат комузчу Ыбрай Туманов, белгилүү обончулар Аксуубай Атабаев, Канымгүл Досмамбетова, ырлары эл жүрөгүн эргиткен Анарбек Ибраев, Данил Илязов, Гүлмайрам Момушева, Шайгүл Шакеевалардын ысымдарын кимдер гана билбейт. «Ырыс оошот, акыл жугушат» дегендей кыргыздын көркөм өнөрүн Европа, Борбордук Азия өлкөлөрүнө, Москвада өткөн жаштардын жана студенттердин Бүткүл дүйнөлүк 12-фестивалында дүйнө жаштарына фольклордук ансамблдин коштоосундагы ыр-бийлери менен тааныта алган Бүткүл союздук Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты «Боз салкын» элдик фольклордук ыр-бий ансамбли республикадагы бирден бир коллективдерден.

Ушул жыйнакка ысымдары кирген жана кандайдыр бир себептер менен кирбей калган Аксуу аймагынан чыккан, өрнөктүү өмүр өтөгөн көптөгөн асыл адамдарыбыз менен касиеттүү көл жергеси гана эмес, жалпы кыргыз журтчулугу сыймыктанарына шек жок.

# АКСУУ РАЙОНУНУН АТКАРУУ КОМИТЕТИНИН ЖАНА КЕҢЕШИНИН 1973-ЖЫЛДАН БЕРКИ ЖЕТЕКЧИЛЕРИ



**Орозбаев Т.Д.**
1973–78-жж. Аксуу райондук аткаруу комитетинин төрагасы



**Мамбеталиев Ө.М.**
1978–82-жж. Аксуу райондук аткаруу комитетинин төрагасы



**Шакиров К.Ш.**
1982–84-жж. Аксуу райондук аткаруу комитетинин төрагасы

**Пороскун Е.К.**
1984–89-жж. Аксуу райондук аткаруу комитетинин төрагасы



**Абдыкадыров Т.И.**
1989–90-жж. Аксуу райондук аткаруу комитетинин төрагасы



**Карымшаков А.К.**
1990–91-жж. Аксуу райондук аткаруу комитетинин төрагасы



**Саалиев С.С.**
1992-ж. Аксуу райондук аткаруу комитетинин төрагасы



**Жаныбекова Д.И.**
1992–2000-жж.
2003-ж. бери
Аксуу райондук Рай.Кең.төрайымы



**Байсе[illegible]в Ж.А.**
2000–2003-жж.
Аксуу райондук Рай. Кеңеш. төрагасы

1973-жылга чейин Аксуу аймагы ар кайсы территориялык администрациялардын башкаруусунда болуп келген. Өз алдынча район болуп бөлүнгөнгө чейинки эң акыркы административдик кошун 1962-жылдын 30-декабрында Пржевальский жана Түп райондору биригип, 1973-жылга чейин Түп аймактык башкарууда сакталып келген. 1973-жылы 12-апрелде Түп районунан Аксуу өз алдынча район болуп бөлүнгөн. Ысыккөл областынын түштүк-чыгышында жайгашкан. Түндүгүнөн Түп р-ну, түндүк-чыгышынан Казакстан, чыгышынан ж-а түштүгүнөн Кытай Эл Республикасы, батышынан Жетөгүз р-ну м-н чектешет. Борбору – Теплоключенка (Аксуу) айылы. Аймагынын түштүк ж-а түштүк-батыш бөлүгү тоолуу, Тяньшандагы эң бийик чокулар Жеңиш (7439 м.) ж-а Хан-Теңири (6995 м.) райондун аймагынан орун алган. Тескей Алатоосунун чыгыш бөлүгүндө Акшыйрак, Эңилчек, Сарыжаз, Көөлүү ж. б. кырка тоолор созулуп жатат. Кырка тоолордун басымдуу бийиктиги 4000–7400 м. ге чейин жетет. Ал эми түндүк бөлүгү түз келет. Райондун аймагында таш көмүр, коргошун, калай, туз, цемент, курулуш куму ж. б. кен байлыктар бар. Алтынарашан, Аксуу, Жыргалаң минералдуу суулары чыгат. Климаты континенттик. Мөңгүлөрү: Эңилчек, Акжайлоо, Жамансуу, Жылдызча ж. б. Ири суулары: Сарыжаз, Жыргалаң (куймалары – Аксуу, Түргөн, Каракол), Түп (жогорку агымы). Тоолуу талаа, тоолуу токой ж-а тоолуу шалбаа топурактарында шыбак, бетеге, доңуз сырты, өлөң, кырка тоолордун түндүк капталдарында тяньшань карагайы, арча, четин, чычырканак ж. б. өсүмдүктөр м-н дарактар өсөт. Жаныбарларга бай: тоо эчки, элик, марал, аюу, доңуз, илбирс, карышкыр, суур, түлкү, кашкулак, коён, суусар, Сибирден алып келинген тыйын чычкан; канаттуулары: бүркүт, улар, тоо казы, аңыр, кыргоол ж. б. Өнөр жайы: Жыргалаң көмүр шахтасы, асфальт-бетон заводу бар. Райондо Жыргалаң курорту, Аксуу санаторийи бар. Жол катнашуунун негизги түрү – шоссе жолу. Эңилчек, Көөлүү ж. б. бийик тоолуу сырттагы жайыттарга шоссе жолдору аркылуу катташат. Тарыхый эстеликтерден Түргөндө (VI–XII к-га таандык) таш мололор сакталып калган. Райондун аймагында «Жыргалаң шахтасы», ИОСС, ГИСС, «Челпек»

АК, «Хан-Теңир» АК, «Тяньшань Олово», «Достук» сыяктуу 50гө жакын бирикме ж-а ишкана, 3320 дыйкан-фермердик чарбалар иштейт. Каракол механикалаштырылган токой чарбасы ж-а турмуш тиричилик жактан тейлөө комбинаты бар.

Климаты мелүүн континенттик (Ак-Суу сырттарында кескин континенттик). Июлдун орт. темп-расы 14–17° С, январда –5 ... 7° Сге чейин (сырттарында июлдуку 10,8° С, январдыкы –19,6° Сге чейин). Жылдык жаан-чачыны 450–700 мм (сырттарында 250 мм). Хан-Теңир тоо тоому мөңгүлүү (ирилери: Түн. ж-а Түш. Эңилчек, Кайыңды ж.б.). Тоолорунда көл (Мерцебахер, Алакөл ж.б.) көп. Кыртышы 2400 м бийиктикке чейин ачык ж-а кара коңур топурактуу, андан жогору тоолуу талаа кара топурагы таралган. Тоо этектери күр топурактуу. Сугат ж-а кайрак жер дыйканчылыгы өнүккөн. 2000–3000 м бийиктикте карагай токою ж-а бадал өсөт. Субалп шалбаасы чабынды ж-а жайыт катары пайдаланылат. 2500–3000 мден жогору алп шалбаа өсүмдүктөрү өсөт. 3500–4000 м бийиктикте түбөлүк кар ж-а мөңгү жатат. Тоолору жайыт, өрөөнү кыштоо катары пайдаланылат.

Калкы көп улуттуу. Негизинен кыргыз (68,8%, 1989-ж. эл каттоо б-ча), орус, калмак, украин, өзбек, уйгур, казак, дунган ж.б. жашайт. Калк р-ндун түн. (түзөң) бөлүгүндө жышыраак. Орт. жышт. 1 км жерге 5,7 киши. Шаар калкы негизинен Жыргалаң ж-а Пристань-Пржевальск шаарчасында топтолгон.

Эл чарбасынын негизин а. ч. түзөт. Ө. ж. анча өнүккөн эмес. Табигый климаттык шарттары уяң ж-а чала уяң жүндүү кой, эт-сүт багытындагы уй, жылкы, аары, үй куш чарбаларын өнүктүрүүгө: картөшкө, эгин ж-а тоют өсүмдүктөрүнөн мол түшүм алууга ыңгайлуу. Р-ндо а. ч-нан алынган дүң продукциянын 57,0%ин мал чарбасы берет.

# АКСУУ РАЙОНУН 1973-ЖЫЛДАН БҮГҮНКҮ КҮНГӨ ЧЕЙИН ЖЕТЕКТЕП КЕЛГЕН ЖЕТЕКЧИЛЕР



**Заворохин В.А.**
1973–74-жж. Аксуу
РККПнын биринчи
катчысы

**Глухов В.А.**
1975–78-жж. Аксуу
РККПнын биринчи
катчысы



**Скопинцев Н.П.**
1979–82-жж. Аксуу
РККПнын биринчи
катчысы



**Турдубаев Ж.Т.**
1982–88-жж. Аксуу
РККПнын биринчи
катчысы



**Тукешев К.Т.**
1988–91-жж. Аксуу
РККПнын биринчи
катчысы



**Камбарова З.О.**
1991–ж. Аксуу
РККПнын биринчи
катчысы



**Кыдыргычев А.К.**
1992–95-жж. 1997–
2000-жж. Аксуу рай.
админист.башчысы



**Сыдыков М.Т.**
1995–96-жж. Аксуу
рай.администрация
башчысы



**Чаначев М.С.**
1996–97-жж. Аксуу
рай.администрация
башчысы



**Алышбаев К.К.**
1998–2001-жж.
Аксуу рай.администрация башчысы



**Шаршеналиев О.А.**
2001–2003-жж. Аксуу рай.администрация башчысы



**Мамбетов М.С.**
2003–2004-жж., 2005-ж.
Аксуу рай.администрация башчысы



**Баратбаев Э.О.**
2004–2005-жж. Аксуу рай.администрация башчысы



**Чекиев Т.Б.**
2005-ж. Аксуу рай.администрация башчысы

Аксуу району 1973-жылы уюшулган. Зор агроөнөр жай мүмкүнчүлүгүнө ээ, жетишээрлик жер, суу жана минералдык ресурстары бар. Райондун аймагы Сырт өрөөнүн кошкондо, Чыгыштан Батышка 350 км. аралыкка созулат. Райондун борборунан эл жайгашкан эң четки айылга (Эңилчек) чейин 150 км. Район КЭР жана Казак Республикасы менен чектешет.

Райондун аймагында 2002-жылга карата 63820 адам, мунун ичинен 31473 эркек, 32372 аял жашайт. Улуттук курамы: 47408 кыргыз, 4455 орус, 1002 казак, 229 татар, 226 украин, 180 уйгур, 131 өзбек, 61 дунган, 31 немец, 4265 башка улуттагы адамдар. Райондо 996,334 га жер аянты бар, анын ичинен 352823 га айыл чарба багытындагы, 302557 га жайыт, 47276 га айдоо жана 2281 га чөп чабык жер.

Район өз ичине 14 айыл өкмөтүн, 36 айыл жана 2 поселокту камтыйт. 1 райондук, 2 айылдык оорукана, 29 фельдшердик-

акушердик бөлүмчө, 6 үй-бүлөлүк дарыгерлер борбору иштейт. Ошондой эле 35 мектеп, 3 бала бакча, балдар үйү, 1 маданият үйү, 1 райондук борбордук китепкана, айылдык 23 китепкана бар.

Дыйкан ж-а фермердик чарбалар – 2713, анын ичинен фермердик–37, акционердик коом – 6, айыл чарба кооперативи – 17, ОсОО – 9, райондук почта бөлүмү – 1, почта бөлүмдөрү – 17, «Кыргызтелеком» ОАнун райондук бөлүмү – 1, байланыш бөлүмдөрү – 16, Маман айылында реабилитациялык борбор ачылган. Анда 16 жашка чейинки 40 бала тарбияланат.

Отрадное айылында 16 жашка чейинки 24, ошондой эле борбору Бозучук айылында ачылып, 28 майып бала тарбияланат.

## АКСУУ РАЙОНУНУН МАМ.АДМИНИСТРАЦИЯСЫНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИ (2007-ж.)



**Чекиев Т.Б.**
Рай.мам.администрациясынын башчысы, аким



**Сагынбаев А.А.**
Рай.мам.адм. башчысынын биринчи орунбасары



**Сабутбаева А.Т.**
Аксуу районунун Рай.мам.адм. баш. орунбасары



**Турсунбаев З.А.**
Аппарат жетекчиси



**Шейкинова Э.Т.**
жалпы бөлүмдүн башчысы



**Орозбекова Г.А.**
Башкы бухгалтер



**Жылкыбаев Э.**
жетектөөчү адис



**Суранчиева Г.К.**
МОБ өнүктүрүү жана
инвестиция тартуу
боюнча башкы адис



**Кадыракунов А.**
социалдык маселелер
боюнча жетектөөчү
адис



**Сейкимбаев Б.**
Биринчи категория-
дагы адис



**Айтуганова А.**
Рай.гос.адм. башкы
адис



# АЙЫЛ ӨКМӨТТӨРҮ



Сооронбаев С.Т.
Теплоключенка а/ө башчысы

## ТЕПЛОКЛЮЧЕНКА АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

Айыл өкмөтүнүн аймагына 2 айыл – Теплоключенка, Лесное кирет. Элинин саны – 10875 адам, мектеп – 2, анда 2495 окуучу бар. Клуб – 1, почта – 1, ҮДТ –3.

Жалпы аймагы – 7176 км². Айдоо жер – 4997 га, кайрак жер – 172 га, сугат жер – 4590 га, чабык – 98 га, бак – 41 га, жайыт жер – 1637 га.



Акмолдоев Б.Б.
Октябр а/ө башчысы

## ОКТЯБРЬ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

Айыл өкмөтүнүн аймагында Маман, Жолколот, Үчкайнар, Отузуул айылдары бар. Мектеп – 3, анда 1288 окуучу бар. Клуб – 1, почта – 1, ҮДТ – 3.

Жалпы аймагы – 7766 км². Айдоо жер – 4285 га, кайрак жер – 372 га, сугат жер – 3778 га, чабык – 128 га, бак – 31 га, жайыт – 3322 га.



Көлбаев М.К.
Челпек а/ө башчысы

## ЧЕЛПЕК АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

Айыл өкмөтүнүн аймагында Бурмасуу, Челпек, Ташкыя айылдары бар. Элинин саны – 6555 адам, мектеп – 2, анда 1112 окуучу бар. Клуб – 1, почта – 1, ҮДТ – 1.

Жалпы аймагы – 7706 км². Айдоо жер – 2313 га, кайрак жер – 348 га, сугат жер – 1865 га, чабык – 447 га, бак – 66 га.



Кожомбердиев Э.Т.
Бөрүбаш а/ө
башчысы

## БӨРҮБАШ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

Айыл өкмөтүнүн аймагына Бөрүбаш, Черик айылдары кирет. Элинин саны – 2456 адам, мектеп – 2, анда 435 окуучу бар. Клуб – 1, почта – 1, ҮДТ – 1, китепкана – 1, мончо – 1, бала бакча – 1.

Айдоо жер – 1397 га, кайрак жер – 331 га, сугат жер – 1066 га, чабык – 42 га, бак – 12 га, жайыт – 1250 га.

## КАРАЖАЛ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

Айыл өкмөтүнүн аймагына Тегизчил, Боз-Булуң, Жаңарык, курорт Жыргалаң, Каражал айылдары кирет. Элинин саны – 5100 адам, мектеп – 3, анда 998 окуучу бар. Клуб – 2, почта – 1, ҮДТ – 3.

Жалпы аймагы – 4222 км$^2$.



Тамаев Ө.Ш.
Каражал а/ө
башчысы



Түкөбаев А.А.
Каракол а/ө башчысы

## КАРАКОЛ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

Айыл өкмөтүнүн аймагына Каракол, Чолпон 2 айыл кирет. Элинин саны – 3003 адам, мектеп – 2, анда 739 окуучу бар. Клуб – 1, почта – 1, ҮДТ – 2.

Айдоо жери – 6085 га.

## ОТРАДНОЕ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

Айыл өкмөтүнүн аймагына Орлиное, Шапак, Отрадное айылдары кирет. Элинин саны – 3523 адам, мектеп – 3, анда 912 окуучу бар. Клуб – 2, почта – 2, ҮДТ – 3, маданият үйү – 1.

Айдоо аянты – 5912 га.



Исраилов А.А.
Отрадное а/ө
башчысы



Конушбаев А.Ж.
Акчий а/ө башчысы

## АКЧИЙ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

Айыл өкмөтүнүн аймагына Акчий, Кызылкыя, Качыбек айылдары кирет. Элинин саны – 3523 адам, мектеп – 3, анда 912 окуучу бар. Клуб – 2, почта – 2, ҮДТ – 3.

Айдоо жери – 4821 га.

## БОЗУЧУК АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

Айыл өкмөттүн аймагында Ичкежергез, Энчилеш, Бозучук айылдары бар. Элинин саны – 5650 адам, мектеп – 3, анда 1425 окуучу бар. Клуб – 1, почта – 1, ҮДТ – 3.

Айдоо жери – 3486 га.



Акматбаев И.И.
Бозучук а/ө башчысы



Өзүбекова А.Р.
Акбулуң а/ө башчысы

## АКБУЛУҢ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

Айыл өкмөтүнүн аймагында Акбулуң, Акбулак, Зындан айылдары бар. Элинин саны – 5600 адам, мектеп – 3, анда 1196 окуучу бар. Клуб – 3, почта – 3, ҮДТ – 3, музей – 1.

Айдоо жери – 2437 га.

## ТЕПКЕ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

Айыл өкмөтүнүн аймагында Тепке, Курбу, Жылдыз айылдары орун алган. Элинин саны – 2860 адам, мектеп – 3, анда 653 окуучу бар. Клуб – 2, почта – 1, ҮДТ – 3.

Айдоо жери –4041 га.



Дөкөнбаев С.И.
Тепке а/ө башчысы



**Байсеитов Э.А**
Кереге а/ө башчысы

## КЕРЕГЕТАШ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

Айыл өкмөтүнүн аймагына Керегеташ, Сарыкамыш, Кайырмарык, Жергез, Каракыз айылдары кирет. Элинин саны – 6940 адам, мектеп – 4, анда 1370 окуучу бар. Клуб – 4, почта – 3, ҮДТ – 5.

Айдоо жери – 4773 га.



**Жапаров Р.Ж**
Жыргалаң шахтасы поселкалык а/ө башчысы

## ЖЫРГАЛАҢ ШАХТАСЫ ПОСЕЛКАЛЫК ӨКМӨТ

Жыргалаң шахтасы айылы. Элинин саны – 1370 адам, мектеп – 1, анда 400 окуучу бар. Клуб – 1, почта – 1, ҮДТ – 1.

Эмгекке жарамдуу калкынын көбү «Жыргалаң» шахтасында иштешет.



**Сабитова Ж.А.**
Эңилчек а/ө башчысы

## ЭҢИЛЧЕК АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

Айыл өкмөтүнүн аймагына 1 айыл кирет. Эңилчек айылы, ошол эле жерде «Койлу» чек арасы жайгашкан. Элинин саны – 1230 адам, мектеп – 1, анда 300 окуучу бар. Клуб – 1, почта – 1, ҮДТ –1.

# РАЙОНДУК МЕКЕМЕ-УЮМДАРДЫН ЖЕТЕКЧИЛЕРИ



**Искатов У.Т.**
райстат. бөл.
башчысы



**Мандылкаев Э.М.**
раймамветбашкарма-
чылыгынын башчысы



**Сасыманов Б.Б.**
Аксуу районунун
МЧС бөл.башчысы



**Үсөнбаева Н.С.**
психоневр-к аялдар
интернатынын директору



**Исмаилов О.И**
Токой тажрыйба
чарбасынын директору



**Ыбыкеев Б.С.**
Аксуу токой чарба-
сынын токойчусу



**Мукамбетов Р.Ж.**
РЭСтин
башчысы



**Арпачиев Д.К.**
РайФБнын
башчысы



**Темиралиев М.У.**
РайББнын
башчысы



**Элиев Н.У.**
РЦГСЭН(СЭС)
башкы врач



**Кожомбердиев М.Т.**
Рай. Соц. коргоо
тармагынын башчысы



**Акматов У.О.**
Стамотология
поликлиникасынын
башкы врачы



**Черныш И.В.**
ССК «Заря»нын
башкармасы



**Исакова Г.К.**
АО «Кыргызтелеком»
рай. бөлүмүнүн
директору



**Урманаев Э.И.**
ЦСМдин
директору



**Жусупова Ш.М.**
ЦЗН башчысы



**Маанаев Т.И.**
РТБнын башкы
врачы



**Турсумамбетова Ч.**
Рай. маданият
бөл.башчысы



**Өскөнбаев Т.С.**
Каракол мехлесхо-
зунун директору



**Доорондбаев Д.Ж.**
Аксуу районунун
прокурору



**Азизов Т.А.**
ИИБ начальниги



**Асакеев Ш.А.**
Аксуу Гос.Сорт.
сыноо станц.
директору



**Касмалиев А.К.**
ГФПР
башкы адиси



**Дыйканов Ы.С.**
ДЭУ-11
башчысы



**Бейшекеев А.А.**
агрардык өнүктүрүү
департаментинин
башчысы



**Кошалиева Д.**
ЗАГС бөл. башчысы



**Ниязов К.И.**
Аксуу турак жай
коммуналдык чарба-
сынын директору



**Кайдулатов Б.**
Аксуу районунун
РУВХ (УОС) башчысы



**Карымбаева А.С.**
нотариус



**Светличный В.И.**
«Хан-Тенгри» АКнын
башкармасы



**Иманбаев Д.С.**
Архитектура жана
курулуш башкарма-
чылыгынын башчысы



**Акымбаев Р.А.**
Социалдык фонд
бөлүмүнүн на-
чальниги



**Ташибеков У.М.**
Аксуу районунун
МНИнин начальниги



**Муканбетов З.К.**
Мамрегстр. башкар-
масынын орунбасары



**Супатаев У.Н.**
Аксуу соц.фонд
бөл. башчысынын
орунбасары

# РАЙОНДУК МЕКЕМЕ-УЮМДАР

**АКСУУ БАЛДАР ҮЙҮ** 110 баланы тарбиялоого эсептелинген, 1996-жылы уюштурулган. Учурда 3 жаштан 17 жашка чейинки 110 бала тарбияланат. Алардын 95и Теплоключенка айылындагы М. Мамакеев ж-а С. Киров атын. орто мектептерде окушат. Балдар үйүндө 12 тарбиячы бар, алардын жетөө жогорку, калгандары атайын орто билимдүү, 5 медициналык, 35 тейлөөчү персонал иштейт.

**АКСУУ РАЙОНДУК МАМЛЕКЕТТИК АРХИВ** 1978-жылдын май айында түзүлгөн. Мында 5 адам иштейт. Архивде 82 ар кандай ишкана, мекеме, уюмдардан, 114 фонддон чогулган 16000 бирдиктеги документ, 120 тизме сакталып турат. Архив улуттук архив фондусун толуктоо ж-а документтерди сактоо, алардын так эсебин алуу, документация жүргүзүүнүн жаңы системасын иштеп чыгуу, иш кагаздарын жүргүзүүгө көзөмөл кылуу, жарыялоо милдетин аркалайт.

**АКСУУ РАЙОНДУК АЙМАКТЫК ООРУКАНА** комплекси 1985-жылы курулуп, пайдаланууга берилген. Жатып дарылануу бөлүмү 150 орунга эсептелип, 3 кабатка жайгаштырылган. Ооруканада хирургиялык, терапевттик, инфекциялык, төрөт, гинекологиялык, балдар, реанимациялык, амбулатордук-диагностикалык бөлүмдөр бар. О.э. рентген ж-а флюорография, физиотерапия, массаж, гастероскопия, ЛОР, УЗИ бөлмөлөрү иштейт. Ооруканада тез жардам көрсөтүү, трансфизиология бөлүмдөрү, клиникалык, бактериологиялык ж-а серологиялык лабораториялар уюштурулган. Мында 20 дарыгер, 84 орто медициналык кызматкер иштейт.

**АКСУУ РАЙОНДУК ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ДАРЫГЕРЛЕР ТОБУ** 2001-жылы 1-августта уюшулган. Өз кучагына үй-бүлөлүк дарыгерлердин 7 тобун, 28 фельдшер-акушердик пунктту камтыйт. 28 дарыгер, медициналык орто билимдүү 88 кызматкер иштейт. Ата Мекендик согуштун катышуучуларына, майыптарына, Чернобыль кырсыгынын кесепеттерин жоюуга

катышкандарга, афганчыларга дары-дармектер, медицина жагынан камсыздандырылган адамдар жеңилдиктерден пайдаланышат.

**«АКСУУ» РЕАБИЛИТАЦИЯ БӨЛҮМҮ** 1958-жылы мурдагы «Аксуу» балдар санаториясынын негизинде уюштурулган. 1988-жылы 40 орунга эсептелинген палаталар, жууна турган бөлүмү, физиотерапия кабинети, физкультуралык дарылоо залы, ашканасы бар 3 кабат имарат салынган. Мында дарыгерлер, тарбиячылар, медициналык кенже кызматкерлер, ашпозчулар, сантехниктер болуп бардыгы 35 киши иштейт.

**АКСУУ РАЙОНДУК МАМЛЕКЕТТИК САНЭПИДКӨЗӨМӨЛ БОРБОРУ.** 1973-жылдан бери иштеп келаткан санитардык-эпидемиологиялык станциянын негизинде 2003-жылы кайра түзүлгөн. Мында иштеген жогорку билимдүү 8 дарыгердин бешөө, атайын медициналык орто билимдүү 12 кызматкердин жетөө жогорку кесиптик категорияга ээ. Борбордун коллективи жугуштуу илдеттердин алдын алуу боюнча профилактикалык иш-чараларды жүргүзөт.

**АКСУУ РАЙОНДУК СТАТИСТИКА БӨЛҮМҮ** 1973-жылы уюштурулган. Бөлүм мал, дан чарбачылыгы, өнөр жай, соода тармактары, маяналар, калктын ички, тышкы миграциясы, айыл чарба объектилери ж-а жер боюнча толук маалыматтарды чогултуп, сактайт. 7 киши эмгектенет.

**АКСУУ РАЙОНДУК АРХИТЕКТУРА Ж-А КУРУЛУШ БАШКАРМАЛЫГЫ** 1973-жылы түзүлгөн. 10 киши иштейт. Башкармалык Аксуу р-ндук мамлекеттик администрациясынын чарбалык эсептеги бөлүмчөсү болуп эсептелип, архитектура ж-а курулуш боюнча мамлекеттик органдын, ошондой эле функционалдуу башкаруу түзүмүнө кирет. Башкармалык өз кучагына төмөндөгүдөй бөлүмчөлөрдү камтыйт: архитектордук-пландоо, күндөлүк план ж-а макулдашуу, жеке курулуштар үчүн жер бөлүү ж-а көзөмөл жүргүзүү, проекттик-пландоо жумушу ж-а курулуш, техникалык жактан паспорттоштуруу, инженердик-геодезиялык изилдөө.

**АКСУУ РАЙОНДУК СОЦИАЛДЫК КОРГОО БАШКАРМАЛЫГЫ** 1993-жылы уюштурулган. Башкармалыктын кызматкерлеринин негизги милдети калк арасындагы жакырчылыкты кыскартып, элдин турмуш-тиричилик деңгээлинин жогорулашына көмөктөшүү болуп саналат. Башкы максат – социалдык коргоонун коомдук түзүлүшүн өнүктүрүү, жетишпеген үй-бүлөлөргө, майып ж-а жетим балдарга, Ата Мекендик согуштун катышуучуларына ж-а майыптарына, кары-картаңдарга жардам берүү. Башкармалыкта 12 адам, мунун ичинде 3 жетектөөчү адис иштейт.

**АКСУУ РАЙОНДУК САЛЫК ИНСПЕКЦИЯСЫ** КРнын Өкмөтүнүн токтому менен 1991-жылы уюштурулган. 21 адам иштейт, булардын басымдуу көпчүлүгү инспекция уюшулгандан иштеп келе жаткан тажрыйбалуу адистер.

**АКСУУ РАЙОНДУК СОЦИАЛДЫК ФОНД БӨЛҮМҮ.** 22 адам иштейт. Р-н боюнча пенсия жашындагы 7064 адам, анын ичинен 690 майып, багар-көрөрүнөн ажыраган 966 адам, 42 аскер кызматкери, КРна өзгөчө эмгек сиңирген 14 персоналдык пенсионер бөлүмдүн кароосунда турат. Буларга ай сайын 4,0 миллион сом пенсия катары төлөнүп берилет. Фонд бөлүмүнүн тизмесинде 1713 камсыздандырылган мүчөлүк акы төлөөчүлөр бар.

**АКСУУ РЭСи.** Штаттык бирдикте 80 адам иштейт, алар калк жашаган 30 пунктту, жогорку вольттогу 5 подстанцияны, трансформатордук подстанцияларды тейлешет. Электр энергиясын пайдалануучулар: өндүрүштүк – 11, айыл чарбалык – 69, коммерциялык – 106, башка дагы – 49, бардыгы 272 мекеме, уюм, ишкана. Калк арасындагы абоненттер – 10082. РЭСтин негизги ишмерлиги электр энергиясын үзгүлтүксүз берип турууга негизделген.

**АКСУУ РАЙОНДУК КАЛКТЫ ЖУМУШ МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУ БОРБОРУ** калкка консультациялык кызмат көрсөтөт, жумушка орношууга көмөкчү болот, жумушсуздарга өз ишканасын жүргүзүп кетүүгө жардамдашат, жумушсуз адамдарга кесиптик билим алууга, кесибин өзгөртүүгө ж-а жогорулатууга багыт берет. 2006-жылы Борбор тарабынан

жумушсуз жүргөн 47 адам кесиптик окуу жайларга кирген. Аталган мекеменин милдети – калктын жумуш менен камсыз болуусуна активдүү көмөктөшүү, жакырчылыкты ж-а жумушсуздукту четтетүү.

**АКСУУ РАЙОНУНДАГЫ ҮРӨНЧҮЛҮК «ЗАРЯ» КООПЕРАТИВИ.** Теплоключенка айылынын аймагында биринчи жолу бириккен чарба 1931-жылы пайда болгон. Ал «Дружный» к-зу деп аталган. Андан соң «Трудовик» к-зу уюшулган, кийин ал И. Сталиндин ысымы менен аталган. 1960-жылы «Заря коммунизма» деген ат коюлган. 1994-жылы аталган к-з айыл чарба үрөнчүлүк кооперативи болуп кайра түзүлүп, «Заря» деген ат берилген. Карамагында 2150 га жери бар, ага дан эгиндери, тоют, картошка айдалат. Ири мүйүздүү мал, жылкы, койлору бар. Кооперативде 46 автомашина, ар түрдүү маркадагы 52 трактор, 13 дан, 6 тоют жыйноочу комбайндан турган автопарк, ремонт ишканасы бар. О. э. нан бышыруучу цех, тегирмен, жем тарткыч, гречка акшагын даярдоо цехи, дан эгиндерин тазалоочу техникалар иштейт. Ишкана кооперативге тиешелүү продукцияны иштетүү менен гана чектелбестен, р-ндун калкын да тейлейт. Мындан тышкары 140 орундуу «Зорька» балдар бакчасы, курулуш бригадасы ж-а тактай тилүүчү ишканасы бар.

**«КЫРГЫЗАЙЫЛТЕХСЕРВИС» КОМПАНИЯСЫНЫН № 8-ЛИЗИНГ ФИЛИАЛЫ** кедейлерди, орто дыйкандарды айыл чарба техникалары менен тейлөө максатында 1934-жылы машина-трактордук станциясы түзүлгөн. Андан бери бир топ өзгөртүлүп, ар кандай ат менен иштеп келди. 2001-жылдын июлунда азыркы аты менен кайра уюштурулган. Бул ишкана калктын жерин айдоо, түшүмүн жыйноо боюнча кызмат көрсөтөт. Айыл чарба машиналарын, тракторлорун оңдоо, алардын запастык бөлүктөрүн калыбына келтирүү, соколорду, ат культиваторлорун жасоо жумуштарын аткарат. Учурда мында 56 адам иштейт.

**АКСУУ РАЙОНДУК МАМЛЕКЕТТИК СОРТ-СЫНОО СТАНЦИЯСЫ** 1938-жылы түзүлгөн. Аксуу сугат ж-а Түп кайрак жердеги сорт сыноо участкасынан турат. Станциянын аткара турган негизги милдети: 1. Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн жаңы түрлөрүн сыноо; 2. Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн

келечектүү жогорку түшүмдүү сортторун жайылтуу; 3. Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түрдүү сортторун чыгаруунун технологиясын илимий негизде иштеп чыгуу ж-а жеке өндүрүүчүлөр менен иш алып баруу; 4. Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн келечектүү ж-а жогорку түшүмдүү сортторун көбөйтүү. Станцияда жыл сайын ар түрдүү өсүмдүктөрдүн 200дөн ашык сорттору сыноодон өткөрүлөт. Күздүк ж-а жаздык буудайдын, жаздык арпанын, картошканын, капустанын, коноктун, буурчактын, кант ж-а тоют кызылчасынын, сабиздин, көп жылдык чөптүн сорттору өздөштүрүлүп, жайылтылат. Станция чет элдик селекционерлер менен тыгыз байланышта иш жүргүзүшөт. Казакстандан, Россиядан, Голландиядан, Украинадан, Германиядан, Франциядан, Швециядан, Испаниядан, Түркиядан, Молдавиядан, Жаңы-Зеландиядан алынып келинген сорт сыноодон өткөрүлөт. Жергиликтүү айыл чарба продукциясын өндүрүүчүлөр, айыл чарба эксперттери катышкан эл аралык деңгээлдеги семинар-кеңешмелер өткөрүлүп турат.

**АКСУУ РАЙОНДУК «СУУТҮТҮК» ИШКАНАСЫ.** Аксуу турак жай коммуналдык чарбасы 1956-жылы түзүлгөн, 1993-жылдан бери ушул аталышта. Ишкана Теплоключенка ж-а Маман айылдарынын калкын, 12 ишкана, мекеме, уюмду ичүүчү таза суу менен камсыз кылат. 34 адам иштейт.

**АКСУУ РАЙОНДУК ПОЧТА БАЙЛАНЫШ ТҮЙҮНҮ.** Почта байланыш түрүнүн негизгилеринин бири. Р-ндун почта байланыш түйүнүнүн 16 бөлүмчөсү бар, 49 адам иштейт. Түйүн почта операциясын жүргүзөт, калктын, мекеме, ишканалардын бардык кат-кабарларын, иш-кагаздарын кабыл алып, тиешелүү жерлерге жиберет, келгендерин тапшырып турат. Пенсия, пособия төлөмдөрүн ишке ашырат ж-а газеталарды таратат.

**АКСУУ «КЫРГЫЗТЕЛЕКОМ» АКнын БӨЛҮМҮ.** Коом, байланыштын бардык түрү менен кызмат көрсөтөт. Шаардык, шаар аралык, эл аралык, телеграфтык, факсималдык байланышты камсыз кылат. О.э. интернет м-н электрондук почта байланышынан пайдаланууга шарт түзөт.

**АКСУУ РАЙОНУНУН ИРРИГАЦИЯЛЫК КУРУЛМАЛАРЫ** 1973-ж. Түп сугат тармактар башкармасынын базасында түзүлгөн. 1993-ж. р-дун 42716 га жери, жалпы узундугу 958 км каналдардын ж-а 561 гидротех. курулмалардын (а. и. 9 гидравликалык автоматтык жапкыч) жардамы м-н сугарылат. Эң ири сугат системалары Каракол, Аксуу-арашан, Түргөн, Жыргалаң, Кургакарал сууларына, о. э. Керегеташ, Сарыкамыш, Чоңжергез, Бозучук,Челпек айылдарындагы кичине сууларга курулган. Жылына сугатка 450 млн $м^3$ суу чыгымдалат. Эң ири каналы – Комсомол (Жыргалаң суусунан башталат, уз. 72 км, чыгымы 14 $м^3$/сек). Ирригациялык курулмалар р-ндук сугат тармактар башкармасына (Теплоключенка айылында) карайт. 115 киши иштейт (1993).



«Боз салкын» ыр-бий ансамбли.

**«БОЗ САЛКЫН» ЭЛДИК ФОЛЬКЛОРДУК ЫР-БИЙ АНСАМБЛИ** 1981-ж. Аксуу р-нунда уюшулган. Алгач р-ндун катчысы З. Камбарова, мад-т бөлүм башчылары К. Атанбаев, Б. Бекбулатов уюштуруучулардан болгон, р-ндон кырктан ашык шыктуу жаштарды чогултуп, А. Жуманалиев хор бөлүмүн, И. Бердибаев аспаптар оркестрин, профессор Э. Мадемилова бий бөлүмүн иштеп чыгышкан. Ошол учурдагы р-ндун мад-т

бөлүмүнүн башчысы А. Кайбылдаевдин сунушу м-н ансамблге залкар комузчу Ы. Тумановдун элибизге кеңири белгилүү «Боз салкын» деген күүсүнүн аты ыйгарылган. Ансамблдин репертуарында кыргыз, казак, орус ж. б. дүйнө элдеринин чыгармалары бар. Обл-к, респ-к кароолордо байгелүү орундарга жетишкен. 1985-ж. жаштардын ж-а студенттердин Москвада өткөн 12-фестивалына, 1986-ж. эл аралык спорт оюнунун ачылышына, 1987-ж. «Товарищ песня» телеконкурсуна катышып, дипломдорго ж-а лауреаттык наамдарга ээ болгон. Москвада, Францияда, Ливияда өткөн дүйнөлүк фестивалдарга катышкан. Ансамбль Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты, элдик ансамбль наамына ээ.

**АКСУУ РАЙОНУНУН МЕДИЦИНАЛЫК-САНАТОРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРИ.** 1993-ж. р-ндо борб. оорукана ж-а бейтапкана (1985-ж. ачылган; Теплоключенка айылы, Гагарин көчөсү, 83), участкалык ооруканалар (Бозучук, Эңилчек, Каракол айылдарында); айылдык амбулатория (Акчий, Акбулуң, Отрадный, Челпек); 31 фельдшер-акушердик пункт; р-ндук санитариялык-эпидемиологиялык станция (Теплоключенка айылы); балдардын неврологиялык санаторийи (105 орундуу) иштеген. Амбулатория-бейтапкана мекемелери сменасына 520 киши көрө алат; стационары 480 орундуу (анын 82си төрөткана үчүн), 1993-ж. 85 врач, 418 мед. орто билимдүү адис иштеген. Р-ндук ооруканада 8 бөлүм (хирургия, ички оорулар, төрөт, балдар, жугуштуу оорулар, жандандыруу, гинекология, неврология) бар. Мында жогорку категориядагы – 4, 1-категориядагы – 11, 2-категориядагы – 4 врач эмгектенет.

**КАРАКОЛ МЕХАНИКАЛАШТЫРЫЛГАН ТОКОЙ ЧАРБАСЫ** – КРнын жаратылышты коргоо б-ча комитетинин мамл. токой инспекциясына карайт. 1947-ж. Каракол токой ө. ж. чарбасынын базасында уюшулган. Аксуу р-нунун аймагында Мамл. токой фондусуна караштуу токойду коргойт. Нег. токой түзүүчү дарагы – теңиртоо карагайы. Каражыгач, кызыл карагай, көк карагай, арча, акчечек, шуң дарагы, аккайың, байтерек, шилби, четин, итмурун ж.б. өсөт. Элик, тоо эчки, доңуз, коён, аюу, сүлөөсүн, суур, суусар, илбирс, арыс, улар, кекилик, каракур ж.б. мекендейт. Алты токойчулукка бөлүнөт. Жалпы аянты – 171643 га.

**ТЕПЛОКЛЮЧЕНКА ТОКОЙ ТАЖРЫЙБА ЧАРБАСЫ** – Кыргыз Улуттук ИАнын Биология ин-тунун токой бөлүмүнө карайт. 1956-ж. Теплоключенка тажрыйба токойчулугунун базасында уюшулган. Аксуу р-нунун аймагында жайгашкан. Көчөт отургузуу ж-а анын технологиясын изилдөө иштерин жүргүзөт. Теңиртоо карагайынан тышкары 300 га жерге башка жактан алып келинген дарактын түрү отургузулат. Өсүмдүктөрдөн шыбак, бетеге, жылгын, казтаман, тогузтөбөл, сары чайчөп ж.б. өсөт.

**ЫСЫККӨЛ ТАЖРЫЙБА-СЕЛЕКЦИЯ СТАНЦИЯСЫ** «Челпек» агрофирмасы – Кырг-н дыйканчылык ил.-өндүрүш бирикмесине карайт. 1960-ж. уюшулган. Иштеринин нег. багыты: кылкандуу дан эгиндери (күздүк буудай, жаздык арпа), тоют буурчагы, картөшкөнүн селекциясы ж-а үрөнчүлүгү; кант кызылчасын өстүрүүнүн технологиясын иштеп чыгуу; сорт сыноо ж-а райондоштуруу; алдыңкы агротех. ыкмаларды, өсүмдүк өстүрүүнүнургалдуу технологиясын жайылтуу; сугат ж-а кайрак жер дыйканчылык системасын өркүндөтүү. Ысыккөл обл-нун шартында мыкты түшүм берүүчү ж-а тез бышуучу эгин, картөшкө, алма ж.б. сорттору чыгарылууда. Айдоо аянты – 200 гадай. Станция Ысыккөл обл-дагы а. ч. б-ча бирден бир ил. мекеме. Бир нече ил. бөлүмдөрү, лабораториялары бар.



«Алдыда жүрсө акжолтой, артта жүрсө сан колдой» болгон журтубуздун кадырман карыялары.

# МЕКТЕП ДИРЕКТОРЛОРУ



**Курманова Д.К.**
Рахимова атын.
о/м директору, КР
билим берүү отл.



**Курманов Б.А.**
Стамбеков атын.
о/м директору



**Чолокова А.И.**
Кызылжар атын.
о/м директору



**Мандылхаева З.М.**
Токоев атын. о/м
директору



**Айтахунова Р.Н.**
Айтпаев атын.
о/м директору,
КРнын билим берүү
отл.



**Абдувалиева Ж.Ж.**
Калиев атын.
о/м директору,
КРнын билим берүү
отл.



**Калчаева А.Э.**
Ашубаев атын.
о/м директору, КРнын
билим берүү отл.



**Өмүрзакова З.К.**
Соронбаев атын.
о/м директору



**Абдылдаева М.К.**
Осмонов атын.
о/м директору



**Абдылдаев К.Т.**
Кызылкыя атын.
о/м директору



**Усенова Н.У.**
Мамакеев атын.
о/м директору,
КРнын билим берүү
отл.



**Момунов А.А.**
Акбулак атын.
о/м директору,
КРнын билим берүү
отл.



**Мамытов Э.К.**
Асанбаев атын.
о/м директору



**Кутчиев Ж.Т.**
Бозучук атын.
о/м директору,
КРнын билим берүү
отл.



**Масимов Т.К.**
Искаков атын.
о/м директору



**Асанакунов М.А.**
Сыдыкбеков атын.
о/м директору, КРнын
билим берүү отл.



**Урманаев С.К.**
Чокуев атын.
о/м директору



**Укешов Т.Т.**
Черик атын.
о/м директору



**Курманалиева С.Т.**
Туманов атын.
о/м директору



**Рыскелдиев Б.Ш.**
Элебесов атын.
о/м директору



**Жунсаева А.В.**
Жантөшев атын.
о/м директору



**Иманбекова Г.С.**
Туратбеков атын.
о/м директору,
КРнын билим берүү
отл.



**Таипова Ч.К.**
Деркенбаев атын.
о/м директору



**Осмонбаева А.Б.**
Асаналиев атын.
о/м директору



**Өмүрбеков А.И.**
Субанбеков атын.
о/м директору



**Садамбекова Ч.К.**
Мурзакматов атын.
о/м директору, КРнын
билим берүү отл.



**Атыгаев Т.А.**
Эшимбеков атын.
о/м директору



**Соколов М.М.**
Киров атын. о/м директору, КРнын билим берүү отл.



**Султанбаева Э.К.**
Качыбек атын. о/м директору, КРнын билим берүү отл.



**Асанбаев М.А.**
Калиев атын. о/м директору



**Бегалиева А.Ж.**
Алышбаев атын. о/м директору



**Жолочиева К.О.**
Омельченко атын. о/м директору, КРнын билим берүү отл.



**Ниязова Ж.К.**
балдар үйүнүн директору



**Байсеитова С.А.**
«Солнышко» балдар бакча-н. башчысы



**Абыкеева Г.**
Балдар билим өрк-үү борборунун директору



**Жапаров С.Э.**
Бейшенов атын. о/м директору

**АКСУУ РАЙОНДУК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ.** Бөлүмдүн алдында жалпы билим берүүчү 33, анын ичинде 30 орто, 1 толук эмес ж-а 2 башталгыч мектеп бар. Аларда 13887 окуучу билим алып жатышат. Райондогу билим берүү системасындагы реформаларды алдыга жылдыруу, мектептердеги окуу-тарбия иштеринин сапатын жогорулатуу максатында билим берүү бөлүмү тарабынан «Мыкты мектеп», «Мыкты директор уюштуруучу» деген наам үчүн мелдештер уюштурулуп турат. О.э. мугалимдердин кеңешмесин, жалпы билим берүүчү сабактар боюнча олимпиадаларды, сабактар боюнча эстетикалык циклдерди «Жылдын мыкты мугалими» деген конкурстарды өткөрүп туруу салтка айланган. М. Мамакеев ж-а С. Киров атн. мектептердин базасында лицейлик класстар, ал эми Бозучук мектебинде бир гимназиялык класс ачылган. 16 мектеп педагогикалык-эксперименттик ыкма менен иштейт.

**Курбу** айылындагы мектеп 1926-ж. негизделген. Алгачкы мугалимдер – Тентике Дүйшеев, Аалы Борокеев, Алтыкен Ашымбаева. 1946-ж. 4 жылдык, 1982-ж. 8 жылдык, 1991-ж. орто мектепке айландырылган. Даңк орденинин толук кавалери Ч. Осмоновдун ысымы берилген.

**Сарыкамыш** айылында 1924-жылы ачылган мектеп республика б-ча эң алгачкылардан болгон. Анын биринчи уюштуруучулары – Дүйшөмбү Малаев ж-а Дүйшөмбү Бейшембиев. Ал эми 1941–42-окуу жылында орто мектеп болуп кайра түзүлгөн.

**Отрадное** айылында 1970-ж. жер титирегенден кийин жаңы мектеп курулган.

**Керегеташ** айылында ашар ыкмасы менен бир бөлмө там курулуп, 1921-ж. мектеп катары негизделген. Биринчи мугалим ж-а мектеп жетекчиси Асаналы Масталиев болгон. 1924-ж. Дүйшөмбү Малаевдин жетекчилиги м-н төрт бөлмө курулган. 1926-ж. башталгыч билим берүүчү жаңы мектеп ачылган. 1964-ж. жети жылдык, ал эми бир жылдан соң к-з тарабынан кошумча жети окуу бөлмөсү курулат да, орто мектепке айландырылган.

**Бозбулуң** айылында алгачкы мектеп 1939-ж. курулган. Атайын мугалимдик билимдери жок болсо да Ж. Таабалдиев, А. Дорбоновдор бала окутушкан. Аялдар арасынан пед. билимге ээ болушкан С. Суранчиева, А. Иманалиевалар иштешкен. 1959-ж. мектептин жаңы имараты курулган. Анын 2 окуу

корпусу 1979-ж. пайдаланууга берилген. Сегиз жылдык болуп келген мектеп 1989-ж. орто мектепке айландырылган.

**Маман** айылынын тургуну Соколов деген кулакка тартылган адамдын үйү өкмөттүн карамагына өтүп, 1919-ж. биринчи мектеп уюшулган. Ж. Түлөкабылов, Ш. Табалдиев алгачкы мугалимдерден болушкан. 1935-ж. чейин мектеп К. Бегалиев, А. Тиленовдордун үйлөрүндө жайланып келген болсо, 1935-ж. элдин күчү м-н атайын мектеп салынып, бак-дарак отургузулуп, айланасы жашылдандырылган. Согуштан кийин жети жылдык болсо, 1950-ж. орто мектепке айланган.

**Жолколот** айылындагы балдарды окутуу ар кимдердин менчик үйлөрүндө жүргүзүлгөн. Бакей аттуу карыянын демилгеси м-н ашар уюшулуп, 1924-ж. биринчи мектептин имараты курулган. Мектеп директору Токтогул Жолдошев болгон. 1940-ж. төрт жылдык, 1952-ж. жети жылдык, ал эми 1974-ж. орто мектепке айланган. 1991-ж. 504 орундуу жаңы мектеп салынган.

**Качыбек** (мурдагы Раздольное) айылында төрт жылдык башталгыч мектеп 1917-ж. курулган.

**Шапак** айылында алгачкы мектеп 1922-ж. ачылган. Аны негиздеген Көбөн Нурбеков болгон. 1939-ж. жети жылдык, 1962-ж. сегиз жылдык, ал эми азыркы учурда У. Мурзакматов атн. орто мектеп болгон.

**Орлиное** айылында 1935-ж. бир тууган Недорожныхтар тарабынан төрт класстык мектеп курулган. 1942-ж. жети жылдык мектепке айландырылган, анын директору П. М. Макаров болгон. 1992-ж. орто мектеп, 1999-ж. В. И. Омельченконун атын. орто мектеп болгон.

**Үчкайнар** айылында баштапкы билим берүү мектеби 1926-ж. ачылган. 1951-ж. жаңы имарат пайдаланууга берилип, Ж. Асаналиевдин ысымы ыйгарылган. 1975-ж. Ж. Асаналиевдин үй-музейи уюштурулган. 1982-ж. ал кеңейтилип, тарых музейи түзүлгөн.

**Акчий** айылынын аймагына Россиядан орустар, украиндер 1910-ж. келип отурукташа баштаган. Биринчи мектеп Виктор Мондрыконун үйүнө ачылган. 1937-ж. Соколовка айылынын тургуну П. Фатухтун үйүнө жыгачтан кошумча бөлмөлөр салынып, мектеп уюштурулган. Бул төрт класстык Шевченко атн. орус мектеби болгон. 1968-ж. Соколовка атн. орто мектеп болду.

**Кызылкыя** толук эмес орто мектеби 1923-ж. ачылган. Кийин үч жылдык мектепке айланып, П. Беляк директор болгон. Мектеп 1970-ж. жаңы салынган имаратка көчүп, жети жылдыкка айланган. 1976-ж. мектеп базасы кеңейип, айлана-тегереги көрктөндүрүлгөн, жаңы жабдуулар м-н жабдылып, окуу кабинеттери курулган.

**Акбулуң** орто мектеби 1927-ж. уюшулган. 1935-ж. жети жылдык мектепке айланган. Кусеин Качаганов директор болуп иштеген. 1970-ж. жаңы имаратка көчүрүлүп, Ыбрай Тумановдун ысымы коюлган.

**Акбулак** айылында алгачкы мектеп 1925-ж. ачылып, араб алфавити м-н Бейшенбай Сасыков окуткан. 1925-ж. Ташкент ш-нан мугалимдик билимге ээ болуп келген Бегалы Мамытов Ондон элинен чыккан 1-мугалим болгон. Мектеп 1950-ж. Акбулуң орто мектебине кошулган. 1977-ж. жер титирөөдөн кийин мектептин жаңы имараты курулган.

**Чолпон** айылындагы мектеп 1920-ж. негизделген. Биринчи мугалим – Жунуш Иманакунов. 1936-ж. башталгыч, 1940-ж. жети жылдык мектеп болуп түзүлүп, директору Балбай деген адам болгон.

**Жылдыз** айылындагы эки бөлмөлүү мектеп 1939-ж. ачылган. 1950-ж. беш бөлмөлүү жети жылдык мектеп курулган. 1965-ж. каркас тибиндеги жаңы имарат курулуп, сегиз жылдык мектепке айланган. 1989-ж. баштап окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн. Ошол жылы дагы төрт бөлмө курулуп, Афган жергесинде интернационалдык милдетин өтөп жүрүп курман болгон Дүйшөбай Бейшеновдун ысымы берилген.

**Нововознесеновка (Бозучук)** айылында биринчи мектеп 1906-ж. эки класс пайда болуп, бир нече гана бала окуган, кийин төрт класс болгон. 1935-ж. жети, 1937-ж. он жылдык мектеп болгон. 1957-ж. эки кабаттуу жаңы имарат курулуп, пайдаланууга берилген. Бул учурда директор болуп В. М. Велищаев иштеген. Жер титирөөдөн (1970) кийин кайрадан жаңы мектеп курулган.

**М. Чокуев** атн. орто мектеп адеп 1925-ж. уюшулган. Мунун демилгечиси ошол кездеги айылдык болуштун башкаруучусу Аалы Кулатаев, жер бөлүмүнүн башчысы Чүңү Айтбозумов болушкан. Мектептин биринчи мугалими Кайбылда Дөнөнбаев болгон.

**Ичкежергез** айылы 1914-ж. түптөлө баштаган. Ал эми 1920-ж. ушул айылдын төрагасы Турсунбай Дарыбаевдин демилгеси м-н алгачкы мектеп ачылган. Анын имаратын жергиликтүү эл өздөрү курушкан. Курулушка Э.Чынгышов, К. Сыдыков, Б. Байбеков, С. Илекеев сыяктуу адамдар активдүү катышкан. 1930-ж. жети жылдык, ал эми 1943-ж. орто мектепке айланган.

## АЙМАКТЫН ТАБИЯТЫ

**АКСУУ АРАШАН** – Тескей Алатоонун түндүк капталындагы өсүмдүктөргө бай, карагайлуу, бадалдуу, ысык булак чыккан тоолуу кооз жер. Алтынарашан ж-а Алмалы сууларынын ортосунда. Теплоключенка (Аксуу) айылынан 10–20 км түштүк. тарапта. Эң бийик жери – 3500 м. Аянты – 30–35 км$^2$. Меридиан багытында созулган субсеквенттик типтеги өрөөн, таманы түзөң, тоо капталдары тик (30–40 гр), төмөн жагында (түндүгүндө) кууш капчыгай бар. Июлдун орт. температурасы 12+15$^0$ С, январдыкы – 5... – 10$^0$С. Жаанчачыны 500–700 мм.

**АКСУУ КУРОРТУ** – Аксуу р-нундагы бальнеологиялык климаттык курорт. Тескей Алатоонун түндүк капталында, Аксуу капчыгайында жайгашкан. Д. деңг. бийикт. 1950 м. Каракол ш-нан 16 км аралыкта. Ысык суу булактары жерг. элге эбактан белгилүү болгон. 1896-ж. алгачкы ванна ж-а эки барак үй курулган. 1957-ж. балдардын шал ооруларынын калдыгын дарылоочу санаторийи катары иштейт. Физиотерапия бөлүмү, дарылоочу жайлары ж. б. бар. Жагымдуу тоо климаты, күндүн кызгылт-көк нурлары жакшы таасир берет. Дарылоонун негизин азоттуу, минералдашкан сульфат-хлорид-натрийлүү (0,3–0,4 г/л) ысык (темп-расы 57$^0$С) булактар түзөт. Курамында кремний кислотасы, фтор, күкүрттүү суутек, анча көп эмес радон (6–7 нКи/л) бар. Курорт 125 орундуу (1993).

**АКСУУ МИНЕРАЛДУУ СУУСУ** – дарылануучу жардамдуу ысык булактар. Каракол ш-нан 16 км түндүк-чыгышта, Теплоключенка (Аксуу) айылынан 4–5 км түштүк тарапта, Аксууга Алтынарашандын куйган жеринде, Тескей Алатоонун

түштүк этегиндеги Аксуу өрөөнүндө, д. деңг. 1950–2500 м бийиктикте жайгашкан. 5–10 км түштүк тарапта өрөөндүн баш жагында Алтынарашан минералдуу суусу орун алган. Курамы ж. б. касиеттери б-ча бул эки булак бири-биринен көп айырмаланбайт. Минералдуу суу небактан белгилүү. 1996-ж. дарылоо жайлары уюштурулган. 1932-ж. «Гелиогазразведка» геол. партиясы, 1959–61-ж. Кыргыз ССР геол. башкармасы тарабынан изилденген. Суу горст-антиклиналдын түн. капталындагы Аксуу тектоникалык ири жаракасында жыйналып, палеозой заманынын башында пайда болгон гранит-порфирлердеги майда жаракалар аркылуу жер бетиндеги терс рельефттүү жерлерден агып чыгат. Суу ысык ($57–60^0$), тунук, аз минералдашкан (0,3–0,4 г/л), составы сульфат-хлорид натрийлүү. Суула кремний кислотасы – 52–54 мг/л, фтор –11–13 мг/л, күкүрттүү суутек ($H_2C$) –0,5 мг/л чейин. Радиоактивдүүлүгү начар (родондун концентрациясы Махенин бирдигинде 0,4–5,6). Суудан азот газы (95–99%) бөлүнүп турат. Суунун эсептелген запасы 18 г/сек. Суу м-н сөөк, жарат, нерв ооруларын дарылоого болот. А.–С.м. суунун базасында бул жерде балдардын шал оорусунун калдыгын дарылоочу Аксуу санаторийи иштейт. Дем алуу үйлөрү бар.

**АКСУУ РАЙОНУНУН ТУРИСТТИК ЖАЙЛАРЫ.** Р-н жаратылышынын өтө кооздугу, климатынын жылуу, ыңгайлуу шарты б-ча туристтик тармакты өнүктүрүүгө зор мүмкүнчүлүгү бар. Алыскы ж-а жакынкы чет өлкөлөрдөн келген туристтердин чоң кызыгуусун жараткан бир нече туристтик жайлар бар. Аларды жаратылыштын ажайып кооздугу, токой тилкелеринин көз жоосун алган жашылдыгы, жаныбарларынын ар түрдүүлүгү кызыктырып, өзүнө тартып турат. Р-ндун аймагында дүйнөдөгү жети миң метр бийиктикке кирген «Хан-Теңири», «Жеңиш» түндүк чокулары, муз айланасы 500 кв. км камтыган дүйнөдөгү эң чоң «Эңилчек» мөңгүсү жайгашкан. Мөңгү суусунан пайда болгон бийик тоодогу Мерцбахер көлү, «Түргөн», «Бозучук», «Аксуу», «Алтынарашан», «Каракол» аталган кооз капчыгайлар бар. «Аксуу» капчыгайында бальнеология-климаттык дарылоо мекемелери, курорт профилакторийлери орун алган. Булар да туристтерди өзүнө тартып турат.

**«АКСУУ» КУРОРТУ, ИПЭСтин ПРОФИЛАКТОРИЙИ Ж-А «АЙЫЛТЕХСЕРВИС» БИРИКМЕСИ.** Бальнеологиялык-климаттык шарттагы «Аксуу» курорту Каракол ш-нан 16 км, Теплоключенка айылынан 7 км алыстыкта, деңиз деңгээлинен 1950 м бийиктикте, тескей Алатоосунун дөңсөөсүндө жайгашкан. Тоо боорунда тяньшань карагайлары, четин, сары жыгач токою жыш өскөн. Жер ж-а аба шарты орточо континенталдык, кышы катаал эмес, жайы орточо жылуу. Тоонун жагымдуу климаты ж-а көлдүн жакын жайгашышы климатотерапия үчүн ыңгайлуу шартты түзөт. Бул аймакта родондук кремний кислотасынын, фтор, күкүрт водородунун жетиштүү болушу дарылык касиетке ээ, ден соолукка жагымдуу таасир тийгизет. Суусунун жылуулугу 56–60$^0$ ка жетет. Борбордук нерв тармактарынын өнөкөт кулгуна ооруларын дарылоодо жакшы натыйжаларды берет. Туристтик топтордун эс алуусу үчүн калың токой, шаркыратмалар, Түш. Америкадан, Европадан алынып келинген бак-дарактардын, кырчын, бадалдардын 150дөн ашык түрү өстүрүлүп жаткан токой чарбасынын дендро паркы жакшы шарт түзөт.

**«АЛТЫНАРАШАН» КУРОРТУ.** Аталган курорт «Заря» кооперативине караштуу, Теплоключенка айылынан 28 км алыстыктагы Алтынарашан жайлоосунда жайгашкан. Бальнеологиялык-климаттык курорттордун катарына кирет. Жылуу суу м-н дарылануучу орундары көп. Кремний кислотасы, фтор, күкүрт водороду дарылоо касиетине ээ. Суунун температурасы 70$^0$тан ашат. Бул жерде борбордук нерв системасынын өнөкөт, кулгуна ж. б. ооруларды дарылоого сунуш кылынат. Бул аймакта туризм ж-а экскурсия боюнча Респлык кеңештин мейманканасы, мергенчи Терентьевдин музейи бар. Андан р-ндо жашаган айбанаттардын, канаттуулардын катырылган кептерин, макеттерин көрүүгө болот. Көлтөр, Алакөл көлдөрүнө чейин барып-келүүчү туристтик маршруттар иштелип чыккан.

**«АЛТЫНБУЛАК» КУРОРТУ.** Бозучук айылынан түштүгүрөөк 7 км алыстыктагы Бозучук кооз капчыгайында жайгашкан. Бальнеологиялык-климаттык курорттордун катарына кирет. Муун, тери ж-а кулгуна ооруларын дарылоого сунуш кылынат. Үч жатак имараты, ашкана, дарылоо бөлмөлөрү бар.



«Заря» үрөнчүлүк айыл чарба кооперативинин санаторийи.



1889-жылы курулган Челпек мечитинин имараты.

**БОЗУЧУК МИНЕРАЛДЫК СУУСУ.** Дарылык касиетке ээ жылуу суу булактары Каракол ш-нан 30 км чыгыш тарапта, тескей Алатоосунун түндүк капталындагы Бозучук суусунун өрөөнүндө, деңиз деңгээлинен 2200 м бийиктикте жайгашкан. П. В. Денисов (1955), А. П. Ромах (1955) ж-а Н. И. Катаева (1969) тарабынан изилденген. Суунун температурасы 28–30$^0$. Курамында метан, странцит ж. б. бар. Буту-кол, нерв системаларынын, ашказан, тери ж-а гинекологиялык ооруларга дарылык касиети бар.

**АДЫРТӨР МӨҢГҮСҮ** – Сарыжаз кырка тоосунун түн. капталында, Адыртөр суусунун алабында. Уз. – 6 км, аянты – 11,0 км$^2$, абляция аймагынын аянты – 4,2 км$^2$. Мөңгүнүн башы д. деңг. 5580 м, этеги 340 м бийиктикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4000 м. Мөңгүдөн Адыртөр суусу агып түшөт.

**АКСУУ** – Аксуу р-ндагы суу. Жыргаландын сол куймасы. Тескей Алатоонун түн. капталындагы мөңгүлөрдөн башталган Алтынарашан ж-а Алмалуу суулары кошулуп Аксууну түзөт. Уз. 45 км, алабынын аянты 513 км. Алабында жалпы аянты 0,42 км келген 12 көл бар. Куймалары: Адыртөр, Чоңкашкасуу. Мөңгү ж-а кар сууларынан куралат. Майда кирип, сентябрда тартылат. Жылдык орт. чыгымы 5,10 м/сек. Боюнда Аксуу курорту, Аксуу балдар санаторийи, Теплоключенка айылы жайгашкан.

**АКЧУҢКУР ҮҢКҮРҮ** – Аксуу р-нунда, Сарыжаз сыртында жайгашкан. Палеолит дооруна (б.з.ч. 6–4 миң жылдык) таандык. 1954-ж. А. Н. Окладников ж-а В. И. Рацек тапкан. Д. деңг. 3105 м бийиктикте. Акиташ тектүү кемерде пайда болгон. Кире бериши кенен; туурасы 5–8 м, бийиктиги 2–4 м. уз. 40 мден ашык. Түпкүрү улам бийиктейт ж-а кеңейет. Таманын катыган ылай ж-а чопо жаап жатат. Үңкүрдүн боорлорунда жошо м-н тартылган оймо-чиймелер, жылан, текенин ж.б. сүрөттөрү кара боёк м-н жазылган жазмалар бар. Таманын казганда 0,5 м тереңдиктен табылган текенин мүйүзүнүн көңдөйүндө жошо сакталып калган.

**АЛАКӨЛ** – Тескей Алатоонун түн. капталындагы бийик тоо көлү. Уз. 2,8 км, жазы жери 600–700 м, аянты 0,84 км$^2$. Куралдуу аянты 9,46 км. Д. деңг. 3532 м. Бөгөт көлдөрдүн тибине кирет. Көл суусу бөгөттүн астынан сарыгып чыгып, Каракол суусуна куят.

**АРАШАН КАПЧЫГАЙЫ** – Аксуу р-нунда, Тескей Алатоонун түн. капталында. Арашан суусу аккан багытта түштүндүктү карай созулат. Уз. 30–33 км, эң жазы жери 2–3 км, кууш жери 500–800 м, басымдуу бийикт. 2300–2700 м. А. к. байыркы мөңгүнүн аракетинен, суу эрозиясынан пайда болгон. Ортоңку ж-а төмөнкү бөлүгү *ч* формасында. Карагай токою, о. э. шалбаалуу талаа, бийик чөптүү шалбаа алкактары басымдуу. Минералдуу ысык булактар, балдар санаторийи бар. Жайыт катары пайдаланылат.

**БОЗКЫР КЫРКА ТООСУ** – Какшаал тоо тизмегинин Сарыжаз капчыгайынан Меридиан кырка тоосуна чейинки бөлүгү. Уз. 85 км, туурасы 15–50 км, орт. бийикт. 5000–6000 м, эң бийик жери 7439 м (Жеңиш чокусу). Чыгыш бөлүгүн кар-мөңгү туташ каптап жатат. Эң чоң мөңгүлөрү: Түш. Эңилчек, Кайыңды. Түн. капталына гляциалдык-нивалдык, батышына альпы ж-а субальпы, түштүгүнө чөлдөн гляциалдык-нивалдыкка чейинки ландшафт тилкелери мүнөздүү.

**ЖАҢЫЖЕР** – Аксуу р-нун аймагындагы суу, Сарыжаздын сол куймасы. Уз. 27 км, алабынын аянты 172 км. Майбаш ашуусундагы мөңгүдөн башталып, Сарыжаз д-на куят. 5 куймасы бар, жылдык орт. чыгымы 2–3 м/сек.

**ЖЫРГАЛАҢ** – Аксуу р-нун аймагы аркылуу аккан суу. Тескей Алатоонун түн. капталынан башталып, Ысыккөлгө куят. Ысыккөл өрөөнүндөгү эң ири суу. Уз. 99 км, алабынын аянты 2070 км. Алабынын жалпы аянты 1,54 км келген 42 көл, 50дөн ашык куймалары бар. Негизинен кар ж-а мөңгү сууларынан куралат. Сугатка пайдаланылат. Жылдык орт. чыгымы 22,5 м/сек.

**ЖЫРГАЛАҢ БАТКАК КЕНИ** – Аксуу р-нундагы дарылык касиети бар баткак жаткан жер. Каракол ш-нан 12–15 км түн. тарапта, Жыргалаң суусунун чатында, д. деңг. 1610 м бийиктикте жайгашкан. 1966-ж. табылган. Кен байыркы көл чөкмөлөрүнөн түзүлгөн. Чөкмөнүн үстүндө жайылманын кумдуу чопосу м-н куму, анын астында дарылык касиети бар кара, каралжын боз түстөгү илээшкек баткак жатат. Ал бир аз күкүрттүү суутек жыттанат. Баткактын орт. калынд. 6,5 м.

Аз минералдашкан, нымдуулугу 34%, салышт. салм. 1,6–1,65. Микроэлементтерге бай. Коллоиддик комплекс 10–11%. Баткакта 0,3–0,5 темирдин закиси, 1,3 мг/л-ге чейин бром м-н иод бар. Аянты 99 миң кв.м, запасы 700 миң т. Жыргалаң курортунда пайдаланылат.

**ЖЫРГАЛАҢ ӨРӨӨНҮ** – Ысыккөл өрөөнүнүн чыгыш ж-а түн.-чыгыш уландысы, Аксуу, Түп р-ндорунун аймагында, тескей Алатоонун түн.-чыгыш капталынан башталат. Аянты 1150 км$^2$, уз. 120 км, туурасы 0,5–1,5 км; д. деңг. бийикт. 1608–4400 м. башкы субмеридиан багытында жатып тепши сымал, төм. бөлүгү кеңдик багытында, тектирлүү, саздуу. Январдын орт. температурасы – 7$^0$ С, июлдуку 17$^0$ С. Жылдык жаан-чачыны 400–800 мм. Өрөөн аркылуу Жыргалаң суусу агат. Кара ж-а тоо-токой топурактуу. Талаа, карагайлуу токой, субальп шалбаа ж.б. ландшафттуу. Өрөөндө Жыргалаң ташкөмүр кени бар. Өрөөндүн түзөң жерлери дыйканчылыкка, ал эми жогор жагы жайыт катары пайдаланылат. Кызылкыя, Акчий, Качыбек, Отрадный, Орлиный, Шапак, Каракол, Тепке айылдары жайгашкан.

**ЖЫРГАЛАҢ ТАШКӨМҮР КЕНИ** – Аксуу р-нунда, Каракол ш-нан 70 км түн.-чыгышта. 1950-ж. чалгындалган. Кен аймагы юра мезгилинде пайда болгон чопо, алевролит, аргиллиттен турат. Көмүр кабаттагы көмүрлүү чопонун арасында жатат. Түш.-батыштан түн.-чыгышты карай ичке тилке б-ча 20 кмге созулат. Көмүрдүн казып алууга жарактуу 3 кабаты бар, анын экөө казылат. Көмүр кабатынын калынд. 6 м; көмүр «Д» маркасында; 6% күл чыгат, калориялуулугу 22,6 мДж/кг. Жарым жартылай кокстаганда – 7–9% кара чайыр чыгат, анда 45% фенол бар, запасы 39,15 млн т. 1930-жылдан бери жер астынан казылып алынат. Ысыккөл облусунун чыгыш бөлүгүндөгү райондорду көмүр м-н камсыз кылат.

**КАЙЫҢДЫ** – Аксуу р-нундагы суу, Сарыжаз суусунун сол куймасы. Кантеңир массивинин түн.-батышында. Кайыңды мөңгүсүнөн башталат. Уз. 30 км, алабынын аянты 599 км. Куймалары: Атжайлоо, Үччат ж.б. Алабында жалпы аянты 158 км келген 73 мөңгү бар. Кар ж-а мөңгү сууларынан куралат. Жайында кирет. Жылдык орт. чыгымы 10 м/сек.

**КАЙЫҢДЫ КЫРКА ТООСУ** – Борб. Теңиртоодо, Аксуу р-нунун аймагында. Кайыңды ж-а Көйкап сууларынын аралыгында. Уз. 78 км, туурасы 10–15 км, орт. бийикт. 4900 м, эң бийик жери 5721 м. Рельефи альп тибинде, капталдары капчыгайлуу, кокту-колоттуу. Чыгыш тарабы бийик, мөңгүлүү; батышка карай басаңдап, Карарча ашуусунун жанында 300 мге чейин жапыздайт. Түн. капталына талаа, шалбаалуу токой, субальп, альп ж-а нивалдык ландшафт алкактары мүнөздүү, түштүгүндө шалбаалуу токой ж-а субальп алкактары жок.

**КАЙЫҢДЫ МӨҢГҮСҮ** – Кантеңир кырка тоосунун түш.-батышындагы мөңгү. Эңилчек ж-а Кайыңды кырка тоолорунун аралыгында. Аксуу р-нунун аймагында. Теңиртоодогу ири мөңгүлөрдүн бири. Уз. 25,8 км, аянты 107,5 км, а. и. абляция аймагынын аянты 23,4 км, аккумуляция чөлкөмүнүн аянты 68,3 км. Фири аймагынын эң жогорку чеги 5420 м, кар чегинин бийикт. 4440 м, мөңгүнүн тилинин учу 2370 м бийиктикте бүтөт. К. м. дендрит (дарак сымал) тибиндеги мөңгүлөрдөн куралат. Бети уңкул-чуңкулдуу келип, көлмөлөр бар. Мөңгүдөн Кайыңды суусу башталып, Сарыжаз д-на куят.

**КАЙЫҢДЫ ӨРӨӨНҮ** – Борб. Теңиртоодо, Аксуу р-нунун аймагында. Эңилчек ж-а Кайыңды кырка тоолорунун аралыгында чыгыштан батышка 75 кмге созулуп жатат. Туурасы 3–5 км. Эң бийик жери 5420 м, эң жапыз жери 2100 м. Башталышы тепши сымал төр, орто жери жайык. Климаты кескин континенттик, январдын орт. темп-сы – 16–17$^0$С, июлдуку 10–11$^0$ С. Жылдык жаан-чачыны 250–300 мм. Өрөөн аркылуу Кайыңды суусу агат. Токой-шалбаалуу, субальп, альп, нивалдык-гляциалдык ландшафт алкактары мүнөздүү. Кышкы жайыт.

**КАКШААЛ ТОО ТИЗМЕГИ** – Теңиртоонун түштүгүндө, Кыргызстан м-н КЭРдин чегарасы б-ча 582 кмге созулуп жатат. Эң жазы жери 54 км. Орт. бийикт. 4500 м. Эң бийик чокулары: Жеңиш (7439 м) ж-а Аскер топографтары (6873 м). Орографиясы жагынан 3 бөлүктөн турат. Чыгышы Бозкыр деп аталып, Сарыжаз капчыгайына чейин созулат, айрыктары: Кайыңды, Көйкап, Майбаш. Ортоңку бөлүгү Караичке-тоо, Акзоо, Жангарт, Үччоку, Кайчы тармактарынан турат. Батышы Каракыр, Торугарт ж.б. тармактардан туруп, Аксай

өрөөнүн көздөй жапыздайт. К. т. т-нин түш. бети тик, түн. капталы жантайыңкы. Жондору кырдуу, аркайган чокулары көп. Капталдары өрөөндөр, капчыгайлар м-н тилмеленип, көбүнчө зоокалуу. Нег. ашуулары – Бедел, Көкийрим, Бикиртик, Кайчы, Карабел ж.б. Какшаалда негизинен калай рудалары, сейрек кездешүүчү металлдар ж.б. кендер белгилүү. Какшаалдагы мөңгүнүн жалпы аянты 983 км.

**КАНЖАЙЛАК** – Бор. Теңиртоодогу мөңгү. Аксуу р-нунда. Эңилчек кырка тоосу м-н анын айрыгында жайгашкан. Сарыжаз суусунун алабында. Уз. 13 км, аянты 32,5 км. Мөңгүнүн башы д. деңг. 5257 м, этеги 3150 м бийикте. Кар чегинин бийикт. 4200 м. Бутактанган өрөөн тибиндеги мөңгү. Мөңгү мезгил-мезгили м-н тартылып, кайра алдыга жылып турат. Андан Эңилчектин оң куймасы Атжайлоо суусу башталат.

**КАНТЕҢИР ТОО ТООМУ** – Борб. Теңиртоодогу бир нече кырка тоолордун чыгыш жактары бири-бирине жакындап К. т. т-н түзөт. Ысыккөл обл-нун, а. и. Аксуу р-нунун эң чыгыш чети. Кырг-ндын эң бийик жери. Нег. бөлүгү Кырг-ндын, чыгыш ж-а түш. капталдары Кытайдын, түн. капталдары Казндын аймагында. Батышынан Сарыжаз өрөөнү, чыгышынан Музарт ашуусу м-н чектешет. Уз. 200 км, туурасы 50–60 км. Башкы кырка тоолору кеңдик б-ча бири-бирине жарыш жайгашкан, борб. бөлүгүндө Меридиан кырка тоосуна такалат. Батышындагы нег. кырка тоолор: Тескей Алатоо, Адыртөр, Сарыжаз кырка тоосу, Теңиртоо, Эңилчек, Кайыңды, Көйкап, Майбаш, Бозкыр. Анын аймагында Кантоо (6995 м), Жеңиш (7439 м) чокулары жайгашкан. Орт. бийикт. 3500 м.

**КАНТОО** – Кантеңир тоо тоомунун эң бийик чокуларынын бири. Мамл. чегарадан 12 км аралыкта, Жеңиш чокусунан 18 км түн. тарапта. Бийикт. 6995 м. Чоку пирамида түрүндө. Капталдары тик. Нег. акиташ теги, мрамордон турат. Кар, мөңгү м-н капталган. Капталдарындагы мөңгүлөр түш. ж-а түн. Эңилчек мөңгүлөрүнө кошулат.

**КАРАКОЛ** – Аксуу р-ндагы суу. Уз. 50 км, алабынын аянты 394 км. Тескей Алатоонун түн. капталынан башталып, Ысыккөлгө куят. К. башталышында мөңгүлүү, ортоңку бөлү-

гүндө карагайлуу капчыгай, төм. бөлүгүндө кенен түздүк аркылуу агат. Нег. куймасы – Кашкасуу. Мындан тышкары алабында жалпы уз. 93 км келген 27 куймасы, жалпы аянты 0,99 км болгон 4 көл бар. Алардын эң чоңу Алакөл (аянты 0,84 км). Апрелдин аягында кире баштап, июль – августта ташкындайт, сентябрдын аягында тартылат. Сугатка кеңири пайдаланылат. Ички чарбалар аралык каналдарынын уз. 5,9 км, суу өткөрүмдүүлүгү 2,5 м/сек.

**КАРАКОЛ ӨРӨӨНҮ** – Тескей Алатоонун түн. капталында, Аксуу р-нунун аймагында. Каракол суусу аккан багыт б-ча түш. түн-кө 35 км аралыкка созулат. Туурасы 3–4 км, таманынын бийикт. 2300–2700 м. Өрөөндүн башы тепши сымал, анда ири мөңгүлөр бар. Өрөөн байыркы мөңгүнүн аракетинен, суунун жеп үбөлөнүнүшүнөн пайда болгон. К. ө-нүн ортоңку ж-а төмөнкү бөлүгү кууш капчыгайды түзөт. Климаты жумшак, күн нуру узакка тиет, абасы таза. Тоо капталдарында карагай токойлордун ири массивдери бар. Өрөөндүн ландшафтында шалбаалуу талаа, бийик чөптүү шалбаа алкактары басымдуу. К. ө. обл-н эл көп отурукташкан ж-а чарбалык мааниде кыйла өздөштүрүлгөн, экономикалык маанилүү бөлүгүнүн бири. К. ө-дөгү айылдардын көпчүлүгү Каракол суусунун боюна жайгашкан. Каракол ш. өрөөндүн төмөнкү бөлүгүн түзгөн капчыгайдын оозунда. Өрөөндө Жолколот, Ташкыя, Челпек, Бурмасуу, Бөрүбаш ж.б. айылдар жайгашкан. К. ө-ндө Каракол токой чарбасы, туризм б-ча лыжа базасы, балык з-ду бар.

**КАРАКОЛТӨР** – Борб. Теңиртоодогу татаал өрөөн тибиндеги мөңгү. Аксуу р-нунун аймагында. Тескей Алтоонун эң бийик чокусу Караколдун түш. капталынан орун алган. Көөлү суусунун алабында. Уз. 8 км, аянты 13,1 км. Мөңгүнүн башы д. деңг. 5000 м, этеги 3780 м бийиктикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4260 м. Абляция аймагынын аянты 3,4 км. 1943-жылдан мөңгүнүн тартыла башталганы байкалган. Мөңгүдөн Көөлү суусунун сол курамы Каракoлтөр суусу агып чыгат.

**КАРАКОЛ ЧОПО КЕНИ** – Аксуу р-нунда. Каракол ш-нан 1,5 км аралыкта. 1966-ж. ачылган. 1966–67-ж. геол. чалгындоо иштери жүргүзүлгөн. Кен плейстоценде пайда болгон саргыч боз түстөгү чопо катмарынан турат. Пайдалуу катмардын калыңдыгы 20 мге чейин; чопо кирпич-черепица алуу үчүн пайдаланылат. Запасы 6096 миң $м^3$.

**«КАРАКОЛ», «ТҮРГӨН», «ЖЫРГАЛАҢ ШАХТЫСЫ» КАПЧЫГАЙЛАРЫ.** Бул капчыгайлар өзүнүн көз кумарын кандырган кооздугу, көркөмдүгү м-н жыл өткөн сайын чет элдик туристтерди көп тартууда. Мында чокусун ак кар баскан бийик тоолору, альпы жайыттары, бак-дарак, өсүмдүк ж-а жаныбарлар дүйнөсүнүн байлыгы кимди болбосун өзүнө тартып турат. Эс алып кетүү ү-н ыңгайлуу жайлар курулган.

**КОЛПАКОВСКИЙ МӨҢГҮСҮ** – Тескей Алатоонун түш. капталындагы татаал өрөөн тибиндеги ири мөңгү. Сарыжаз суусунун оң куймасы Үчкөлдүн алабында жайгашкан. Уз. 10,0 км, туурасы 1–1,1 км, аянты 30,7 км, калыңд. 90–120 м, абляция аянты 9,2 км. Мөңгүнүн башы д. деңг. 4750 м, этеги 3660 м бийиктикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4300–4350 м. Мөңгү 1869-жылдан бери 1300 мге тартылган. Мөңгүдөн башталган суу Үчкөл суусунун жог. агымы Сарычатка сол тараптан куят.

**КОМСОМОЛ МӨҢГҮСҮ** Борб. Теңиртоодо. Эңилчек мөңгүсүнүн ири тармагы. Бозкыр кырка тоосунун түн. капталынан башталат. Уз. 16,0 км, жалпы аянты 70,2 км. Башы д. деңг. 6090 м, этеги 3800 м бийиктикте. Кар чегинин бийикт. 4200 м. Дендрит тибиндеги бутактап кеткен тоо аралык өрөөн мөңгүлөрүнүн тобуна кирет. Абляция аянты 3,5 км. Мөңгү Эңилчектин нег. «тилинин» түш. четине ичке тилке болуп кошулуп, батышты карай агат.

**КӨЙКАП** – Аксуу р-нундагы суу. Сарыжаз суусунун сол куймасы. Суунун алабын түн. Кайыңды, түш. Майбаш кырка тоолору, чыг. бир аз жерин Какшаал тоо тизмеги чектейт. Көйкап мөңгүсүнөн башталып, бадалдуу кууш капчыгай аркылуу агып Сарыжазга куят. Теректи м-н Майбаш суулары кошулгандан кийин К. аталат. Уз. 35 км, алабынын аянты 523,2 км. Нег. мөңгү ж-а кар сууларынан куралат.

**КӨЙКАП МӨҢГҮСҮ** – Кантеңир тоо массивинин түш.-батыш капталында. Какшаал кырка тоосуна Кайыңды кырка тоосу тутумдашкан жерде, Теректи өрөөнүнүн төрүндө. Бутактанган өрөөн тибиндеги мөңгү. Куралуу аймагы түн. Бозкыр, чыг. Эңилчек кырка тоолору м-н чектелет. Кайкы

аркылуу Комсомол мөңгүсү м-н туташат. Уз. 11,1 км, аянты 27,8 км, а. и. 15,6 км. аккумуляция зонасы, 12,2 км абляция аймагы. Фири аймагынын жог. чеги 5882 м., кар чеги 3410 м бийиктикте жатат. Мөңгүдөн Теректи суусу башталат. Мөңгү тартылууда.

**КӨЙКАП ӨРӨӨНҮ** Борб. Теңиртоодо, Кайыңды ж-а Майбаш тоолорунун аралыгында. Бозкыр кырка тоосунан Сарыжаздын өрөөнүнө чейин чыгыштан батышка 45 км аралыкка созулуп жатат. Эң жазы жери 20 км. Орт. бийикт. 2930 м. Өрөөн чыгышында тепши түрүндө бир аз кеңейип, б. мөңгүлөрдүн изи сакталган эки айрыкка бөлүнөт. Сарыжаздан айрыкка чейинки бөлүгү каньон сымал. Капталдарында кургак kууш жылга ж-а кокту-колот көп. Нег. интрузия ж-а палеозойдун аягында пайда болгон чөкмө тоо тектерден турат. Өрөөндүн аянтынын 72,4 км мөңгү ээлейт. Өрөөн аркылуу Көйкап суусу агат. Таманын кургак талаа, андан жог. токой-шалбаалуу талаа, субальп, альп, гляциалдык-нивалдык ландшафт алкактары ээлейт. Кышкы жайыт.

**КӨӨЛҮ** – Борб. Теңиртоодогу суу. Сарыжаздын оң куймасы, Аксуу р-нунун аймагында. Уз. 51 км, алабынын аянты 844 км. Тескей Алатоонун түш. капталынан башталган Көлтөр ж-а Көөлү кырка тоосунун түш. капталынан башталган Караколтөр сууларынын кошулушунан түзүлөт. Нег. мөңгү, кар ж-а булак сууларынан куралат. Анын 16 куймасы бар. Ирилери: Моло, Шаркыратма, Сарычат, Караколтөр, Ашуутөр, Сарыбулак ж.б. Алабында жалпы аянты 216,2 км келген 150 мөңгү бар. Жылдык орт. чыгымы 13,5 м/сек. Суунун өрөөнүнүн оң капталында графит кени бар.

**КӨӨЛҮ КЕНИ** – Аксуу р-нунун аймагындагы Сарыжаз сыртында графиттин өнөр жайлык маанидеги чогундусу жаткан жер. Көөлү суусунун өрөөнүнүн оң капталында, д. деңг. 2800–3000 м бийиктикте, чөкмө ж-а интрузия тоо тектеринин аралыгындагы зонада орун алган. Көөлү графиттүү катмар ондогон кмге созулуп, туурасы – 1–2 км. Бул катмар кристаллдык сланецтерден, мрамор, амфиболит, мигматиттерден түзүлгөн. Аталган тоо тектерди гранит,

гранит-сиенит, диорит, габбро ж-а пироксенит сыяктуу магма тоо тектери жиреп чыккан. Мында тоо тектердин арасында калыңдыгы 20–50 м келген графиттүү горизонт жатат. Ал горизонт диопсид (30%), микроклин (20%), графит (14%), геденбергит (8%), ортоклаз (7%), плагиоклаз (7%) ж.б. минералдардан турат. Рудадагы графиттин орт. өлчөмү 10–15%ти түзөт, айрым жерлерде 30%ке жетет. Графиттеги көмүртектин өлчөмү – 92–93%, күлдүүлүгү – 7,1%. Кендеги графит жог. сорттуу болуп эсептелет. Кендин аймагында из. чалгындоо иштери жүргүзүлүүдө. Кендеги графиттен жасалган алмаз, карандаш өзөгүн, отко чыдамдуу материалдарды алууга болот.

**КӨӨЛҮ КЫРКА ТООСУ** – Борб. Теңиртоодо, Ысыккөл сыртында, Аксуу р-нунун аймагында, түн. Көөлү, чыгыш. Сарыжаз, түш. ж-а түш.-батышынан Үчкөл, Сарычат өрөөндөрү м-н чектешип, түн.-батыштан чыгышка карай 52 кмге созулат. Туурасы 21 км, орт. бийикт. 4600 м, эң бийик жери 5281 м. Протерозойдун гранит, гранитдиорит, гнейс, мрамор, сланец, кембрийдин филлит, кумдук, силурдун акиташ теги, девондун андезит, порфирит, доломит ж.б. тектерден түзүлгөн. Тоо миздүү кырлар, тик беттер, тегизделген байыркы жондор мүнөздүү болгон мегантик-линорий. К. к. т-нун 30%ин мөңгү ээлейт. Тоо тундрасы, альп, түштүктү караган беттерде шалбаалуу талаа, субальп ландшафт алкактары бар. Тоонун Көөлү өрөөнүн караган капталында графит кени жатат. Көө сымал заттан улам жерг. калк бул жерди Көөлү атаган.

**КӨӨЛҮ ӨРӨӨНҮ** – Борб. Теңиртоодо, Аксуу р-нунун аймагында, Тескей Алатоо м-н Көөлү тоолорунун ортосундагы кеңдик багытта жайгашкан. Уз. 51 км, туурасы 2–4 км. Бийикт. 2800–4000 м. Тепши сымал. Климаты кескин континенттик, январдын орт. темп-сы – 18,9°С, июлдуку 10,2° С. Жылдык жаан-чачыны 308 мм. Чоң суусу – Көөлү. Өрөөндүн ортоңку ж-а төм. бөлүгүнүн тескей беттериндеги каралжын чым көңдүү токой топурагында карагай, тал, караган, доңуз, сырты каралжын топуракта шыбак, дан өсүмдүктөрү, көдөө, төөсойгок өсөт. Субальп алкагындагы тоо – шалбаалуу талаа

ж-а коңур топурагында доңуз сырты, каракыяк, коңурбаш, кымыздык, таран, кылкандуу чөптөр көбүрөөк, альп алкагында тоо – шалбаалуу токой топурагында доңуз сырты, кийик от, дан өсүмдүктөрү ж.б. өсөт. Өрөөндө обл-н Аксуу р-нунун малы кыштайт. Тоют сактоо базалары, метеостанция бар. Өрөөндүн орто бөлүгүнө чейин машина жүрүүчү кара жол салынган. Оң капталында графит кени бар.

**МЕРИДИАН КЫРКА ТООСУ** – Борб. Теңиртоодо, Кырг-н м-н Кытайдын мамл. чегарасынан орун алган. Уз. 80 кмдей, Кырг-дын аймагында 30 км., эң жазы жери 40 км., эң бийик бөлүгү Сарыжаз суусунун алабын чыгышынан чектеп турат. Орт. бийикт. 5000–5500 м, эң бийик жери 6800 м (Достук чокусу). Башка бийик чокулары: Мрамор (6637 м), Пржевальский (6276 м). Тоо түн. карай жапыздап, Нарынкол суусунун башында 4100 мди түзөт. Рельефи альп тибинде, капталдары тик ж-а жалама, этегинен кырына чейин кар, мөңгү м-н капталган. Тоо нег. палеозойдун башында пайда болгон мрамор, мраморлошкон акиташ теги, кристаллдуу сланец, аларды жиреп чыккан интрузиялары ж.б. тектерден турат. Структурасы жагынан Теңиртоо тоо системасындагы кырка тоолордон кескин айырмаланып, меридиан багытында жайгашкан. Этеги д. деңг. 4500 м жог. жаткандыктан толугу м-н гляциалдык-нивалдык алкакта. Батыш капталынан Эңилчек, чыгышынан Сайкал, Темирсуу, Түндүк сыяктуу эң ири мөңгүлөр башталат.

**МЕРЦБАХЕР КӨЛҮ** – Борб. Теңиртоодогу Кантеңир тоо тоомунун батыш капталындагы бийик тоо көлү. Эңилчек өрөөнүнүн батышында, Түн. Эңилчек мөңгүсүнүн этек бөлүгүндө жайгашкан. Уз. 2–3 км, туурасы 1,1 км, аянты 4 км$^2$, теренд. 60–70 м. Көл чанагы д. деңг. 3304 м бийиктикте жатат. Байламтасы мөңгү м-н тосулуп, андан омурулуп кулаган муз сыныктары көлдүн үстүндө калкып жүрөт. Август–сентябрда көл чанагы суугa толуп, мөңгү бузулганда Түш. Эңилчек мөңгүсүнүн жаракалары аркылуу 5–7 күндүн ичинде суу агып кетип, көлдө кайра чөөттөр гана калат. Кээ бир жайы салкын жылдарда көл чанагы суугa толбогондуктан көлдөн суу агып чыкпай калган учурлар болот. Андан башталган суу Эңилчек суусуна куят. Көлгө 1903-ж. немец саякатчысы Г. Мерцбахер келген.



Аксуу аймагындагы «Алакөл» көлү.

**МУШКЕТОВ МӨҢГҮСҮ** – Борб. Теңиртоодогу Сарыжаз ж-а Адыртөр кырка тоолорунун кайчылашынан башталып, чыгыштан батышка карай созулуп жатат. Уз. 20,5 км, туурасы 1500–1800 м, аянты 75 км, орт. калыңдыгы 250 м. Абляция аймагынын аянты 30,3 км. Мөңгүнүн башы 4400 м, этеги 3340 м бийиктикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4100 м, күңгөй беттерде 4400 мге чейин көтөрүлөт. М. м. бутактаган татаал өрөөн мөңгүлөрүнүн тибине кирет. Үстү эң татаал: өңгүл-дөңгүлдөр, чуңкурлар, жалдар, жаракалар көп. Ылдыйкы 5 кмдей жери туташ морена м-н капталган. Мезгили м-н алдыга тез жылып кетүүчү мөңгүлөрдүн катарына кирет. Акыркы алдыга жылуусу 1957-ж. болгон. Бул мезгилде мөңгү 2450 м алдыга жылган да, аянты 5 $км^2$ га кеңейген. Мөңгүдөн Адыртөр суусу (Сарыжаздын сол куймасы) башталат. Мөңгү орустун көрүнүктүү геологу ж-а географы И. В. Мушкетовдун ысмынан аталган.

**ПРОЛЕТАРСКИЙ ТУРИСТ МӨҢГҮСҮ** – Борб. Теңиртоодо Кантоо тоо тоомундагы Түш. Эңилчек мөңгүсүнүн бир тармагы. Уз. 12,7 км, аянты 42,4 км. Кар чегинин бийикт. 4200 м. Мөңгүнүн башы 6540 м, аягы 3860 м бийиктиктен өтөт. Мөңгүнүн чет жакаларын морена каптап жатат.

**САРЫЖАЗ** – Борб. Теңиртоодогу дарыя, Аксуу р-нунун аймагынан агат. Семёнов мөңгүсүнөн башталып, Сарыжаз өрөөнү аркылуу батыш тарапка агып, Сарыжаз, Эңилчек, Какшаал ж.б. тоолорду кесип өтүп, Тарим түздүгүнө чыгат. Мамл. чегарадан ары чатына чейин Аксуу деп аталат. Жалпы уз. 282 км. Кырг-ндын аймагындагы уз. 197 км, алабынын аянты 12900 км. Ири куймалары: Көөлү, Эңилчек, Кайыңды, Үчкөл, Акшыйрак ж.б. Алабынын 20,4% аянты мөңгү м-н капталган; эң чоңу – Түш. Эңилчек мөңгүсү. Жалпы аянты 8,6 км келген 70тен ашык майда көл бар, ирилери Мерцбахер, Балтырбешик. Негизинен мөңгү, кар сууларынан куралат. Суусу июндун ортосунан августтун аягына чейин кирет. Жылдык орт. чыгымы чегарадан чыга беришде 137–140 м/сек. Алабында Эңилчек, Үчкошкон ж.б. айыл бар. Сарыжаздын жээгинде Тоо-кен комбинаты, участкалык оорукана, мектеп ж.б. жайгашкан.

**САРЫЖАЗ БАЙЫРКЫ ТОО-КЕН ПРОМЫСЕЛИ** – Эңилчек кырка тоосунун батыш чегинен ж-а Үчкошкон, Атжайлоо кендеринин аймагынан калай кенин иштетүүнүн байыркы издери табылган. С. С. Малышев ачкан байыркы казылманын уз. 30 м, туурасы 1ден 3 мге чейин, бийикт. 4 мге чейин. Анын капталдарын изилдеген учурда тоо-кен өткөөлчүлүгүнө керектүү таш аспаптар табылган. О. э. обл-н аймагында б.з.ч. 1-миң жылдыкка таандык коло буюмдарынын чогундулары табылган. Бул буюмдар Сарыжаздан казылып алынган калайдан жасалганы аныкталган.

**САРЫЖАЗ КАЛАЙ КЕНДҮҮ АЙМАГЫ** – Алай Какшаал бүктөлүү аймагында, Ортоңку Теңиртоо м-н чектеш жатат. Райондогу кендер герцинде пайда болуп, узатасынан жайгашкан гранит интрузияларына байланыштуу. Кен ж-дөгү алгачкы маалыматтар (Сарыжаз алабында) 30-жылдардын башына туура келет. Бирок жүргүзүлгөн иштер негизинен негматиттерди изилдөөгө арналгандыктан оң натыйжа берген эмес. 1954-ж. Сарыбулак калай-полиметалл кени, 1955-ж. Акшыйрак калай кени табылган. 1961-ж. орто масштабдагы съемка жүргүзүп, Сарыжаз д-нын ортоңку агымында Токойлуу, Ташкороо, Атжайлоо ж.б. калай участкалары табылган. 1966-ж. Сарыжаз геол. экспедициясы уюшулган. Райондогу нег. кен түйүндөрү: Эңилчек, Акшыйрак, Сарыбулак. Калай

кендеринин нег. типтери калайлуу негматит, грейзен, скарн, кварц-турмалин, кварц тарамчалары ж.б. Сарыжаз рудалуу р-нундагы кендердин рудасынын нег. тиби – кварц-турмалин-касситерит сульфиддүү. Рудалар кварц, турмалин, сульфид, талаа шпаты, флюорит, серицит, карбонат ж.б. турат. С. к. к. р-нун базасында Сарыжаз тоо-кен ылгоо комбинаты курулууда.

**САРЫЖАЗ КЫРКА ТООСУ** – Борб. Теңиртоодо. Кантеңир тоо тоомунда жайгашкан. Меридиан кырка тоосундагы «Мрамор дубалы» чокусунан Сарыжаз капчыгайына чейин созулат. Уз. 93 км, туурасы 16 км, орт. бийикт. 4700 м, эң бийик жери 5816 м. Семёнов чокусу Тарим ж-а Балкашка куюучу д-лардын суу бөлгүчү. Батыш жагы Сарыжаз сыртын Эңилчек өрөөнүнөн бөлөт. Түн. капталы жантайыңкы келип, бара-бара сырт деңгээлине өтөт. Эңилчек өрөөнүнө караган түш. капталы тик, кокту-колоттуу. Антропогендеги муз каптоолор тоонун көпчүлүк бөлүгүн каптап, азыркы рельефинин түзүлүшүнө таасир тийгизген, акиташ теги, гнейс, конгломерат, сланец, гранит ж.б. тектерден түзүлгөн. Кендери: калай, коргошун, вольфрам ж.б. Ири мөңгүлөрү: Байынкол, Семенов, Мушкетов, Түн. Эңилчек ж.б. Түн. капталына альп шалбаасы, тоо тундрасы, гляциалдык-нивалдык алкактар, түш. капталына кургак талаа ж-а талаа өсүмдүктөрү, субальп ж-а альп шалбаалары мүнөздүү.

**САРЫЖАЗ ӨРӨӨНҮ** – Борб. Теңиртоонун түн.-чыгышында, Аксуу р-нунун аймагында. Түндүгүнөн Тескей Алатоо, түштүгүнөн Сарыжаз кырка тоосу м-н чектешет. Уз. 90 км, туурасы 5 км, таманынын абс. бийикт. 2700–3000 м. Өрөөндүн түн. капталы жапыз (салыштырма бийикт. 500–700 м), түштүгү бийик (1500–2000 м). Сырт рельефи басымдуу. Антропогендеги муз каптоонун издери, неогендик рельеф сакталган. Палеоген, геогенде пайда болгон кызыл түстүү кумдук, чопо, конгломерат чөкмө тектери, антропогендин мөңгү-суу ж-а аллювий чөкмөлөрү жатат. Чопо, кум шагыл ж.б. курулуш материалдарынын кендери бар. Климаты кескин континенттик; январдын орт. темп-расы – 20° С... июлдуку 4–5° С. Жылдык жаан-чачыны 500–1000 мм. Мөңгүнүн аянты 370 км. Альп (таманынан 3500–3600 мге

чейин), тоо-тундра (3700–3900 м), гляциалдык-нивалдык (3900 мден жогору) алкактар таралган. Кышкы жайыт. Өрөөндө Эңилчек айылы жайгашкан. Аксуу, Түп р-нун малы кыштайт.

**СУУКТӨР МӨҢГҮСҮ** – Борб. Теңиртоодогу өрөөн тибиндеги мөңгү. Какшаал тоо тизмегинин түн. капталында Сарыжаз д-нын оң куймасы Акшыйрактын алабына жайгашкан. Уз. 46,0 км, жалпы аянты 10,1 км. Башы д. деңг. 5057 м, этеги 3960 м бийиктикте жатат. Мөңгүдөн башталган суу Жаңгартка оң тараптан куят.

**ТЕҢИРТОО** – Кантеңир тоо тоомунун борб. бөлүгүндөгү кырка тоо. Борб. Теңиртоодо. Меридиан кырка тоосунан Броненосец (4915 м) аскалуу урчугуна чейин созулат. Түн. ж-а түш. Эңилчек мөңгүлөрүн бөлүп турат. Уз. 38 км, туурасы 6–9 км, орт. бийикт. 6000 м, эң бийик жери 6995 м (Кантоо чокусу). Мөңгүлүү өрөөндөр м-н тилмеленген. Мрамор, мраморлошкон акиташ теги, кристаллдуу сланец, гранит, гранит-диориттен турат. Этегинде Мерцбахер көлү жайгашкан. Нег. гляциалдык-нивалдык алкакта жатат. Альпинизм өнүккөн.

**ТЕПЛОКЛЮЧЕНКА ЗАКАЗНИГИ** – Аксуу р-нунда, Алтынарашан суусунун алабында, тескей Алатоонун түн. капталында жайгашкан. Каракол ш-нан 15 км түш.-чыгышта. 1958-ж. мергенчилик фаунасын, табигый тоо-токой ж-а бийик тоо комплекстерин коргоо үчүн уюшулган. Чектелген чарбалык иштер (санитариялык, бак кыюу, козукарын ж-а жер-жемиш жыйноо, токойсуз бөлүгүнө мал жаюу) жүргүзүлөт. Карагай токоюн Теңиртоо ак тиши, киндик ак тиш, суучычкан, коён, чоң кулак чыйпылдак, кадимки тыйын чычкан, Теңиртоо сууру, Теңиртоо чычканчасы, токой чычканы, сур майда аламан, сокур момолой, сары момолой, күрөң аюу, карышкыр, түлкү, суусар, кашкулак, арыс, сүлөөсүн, мадыл, каман, элик, бугу мекендейт. Канаттуулардан үч тырмактуу доңкулдак, сары баш мыймыт, кидик кашка чымчык, чаркарга, мыкый үкү, каракур, алагүү, чоң бактек, жагалмай, күйкө, кыргый, туйгун, айрыкуйрук, сары тил куш ж.б. бар.

**ТҮНДҮК ЭҢИЛЧЕК МӨҢГҮСҮ** – Борб. Теңиртоодогу ири мөңгү. Кантеңир тоо тоомунда. Уз. 34,9 км, туурасы 1,5–2 км, аянты 202,9 км, орт. калыңд. 200–300 м. Жалпы аянтынын 161,3 км кар топтолуучу фири, 41,6 км абляция аймагына таандык. Абляция аймагынын 15,5 км аянты мореналар м-н капталган. Меридиан кырка тоосунун батыш капталынан башталып, Мерцбахер көлүнө чейин созулат. Бири-бирине жарыш жаткан Теңиртоо (түш.) ж-а Сарыжаз (түн.) кырка тоолорунун арасындагы кууш өрөөндү ээлейт. Бутактап кеткен өрөөн тибиндеги мөңгү. Анын системасына 34 мөңгү кирет, алардын 24ү Теңиртоодон, 10у Сарыжаз кырка тоосунан башталат. Мөңгүнүн башы 6274 м, этеги 3340 м бийикте жатат. Кар чегинин орт. бийикт. 4300 м.

**ТҮРГӨН АКСУУ** – Аксуу р-нундагы суу. Жыргаландын сол куймасы. Уз. 45 км, алабынын аянты 412 км. Жалпы уз. 188 км болгон 88 куймасы бар. Эң чоң куймасы – Көккыя. Нег. мөңгү, кар, жаан-чачын сууларынан куралат. Май – сентябрь айларында кирет. Көп жылдык орт. чыгымы 6,50 м/сек. Сугатка кеңири пайдаланылат. Түргөн суусунан 3 нег. канал, тармакталганы м-н 12 канал чыгарылган. Анын өрөөнүндө Акбулак, Түргөн, Акбулуң ж.б. айылдары жайгашкан.

**ТҮШТҮК ЭҢИЛЧЕК МӨҢГҮСҮ** – Борб. Теңиртоодогу өрөөн тибиндеги мөңгү. Кантеңир тоо тоомунда. Теңиртоодогу эң чоң мөңгү. Борб. Азияда Федченко мөңгүсүнөн кийинки 2-орунда. Уз. 58,9 км, туурасы 2–3 км, аянты 613,2 км, орт. калыңд. 300–400 м. Жалпы аянтынын 61 км кар топтолуучу фири, 152 км абляция обл-рына таандык. Абляция обл-нын 48,8 км бөлүгү мореналар м-н капталган. Бозкыр ж-а Меридиан кырка тоолорунун кесилишкен жериндеги Аскер топографтары чокусунун (6873 м) этегинен башталып түндүккө, Кантоонун (6995 м) түш. этегинен батышка созулуп жатат.

**ҮЧКӨЛ** – Борб. Теңиртоодогу суу. Сарыжаздын оң куймасы. Аксуу р-нунун аймагында. Уз. 87 км, алабынын аянты 1400 км. Тескей Алатоонун түш. капталынан башталат. Жог. агымында Сарычат аталып чыгышты, ортоңку бөлүгүндө Ээрташ делип түштүктү карай кууш өрөөн аркылуу агат. Төмөнкү агымында чыгышка багыт алып, Ү. аталат. Алабында 165 мөңгү, 13 көл бар. Өрөөнү жайыт.

**ҮЧКӨЛ ТООСУ** – Борб. Теңиртоодо. Аксуу р-нунун аймагында. Сарыжаз суусунун оң куймалары Үчкөл, Акшыйрак сууларын бөлүп турат. Уз. 50 км, туурасы 12 км. Орт. бийикт. 4220 м, эң бийик чокусу 4384 м. Нег. палеозойдо пайда болгон акиташ, сланец, чопо ж.б. чөкмө тоо тектерден турат. Аларды порфирит, гранит интрузиялары жиреп чыккан. Тектоникалык терең жаракалар м-н тилмеленген. Суу боюндагы ойдуңдарда, өзөндөрдө палеоген – неогендин боропь чөкмөлөрү бар. Рельефи б-ча асимметриялык түзүлүштө, түн. капталы тик, түштүгү тайпак. Тоонун түш. капталы боз топурактуу, шордок болгондуктан шыбак, бетеге, өлөң өсөт. Түн. капталы таштак, чыгыш, түн.-чыгыш тарапка караган беттеринде айгыр жыгар өсөт.

**«ХАНТЕҢИРИ» Ж-А «ЖЕҢИШ» ЧОКУЛАРЫ.** Булар дүйнөнүн 7000 м бийиктик чегиндеги түндүк чокуларга кирет. «Хантеңири» чокусунун бийиктиги 6995 м., ал эми «Жеңиш» чокусунуку 7439 м. Аксуу р-нун түш.-чыгыш тарабында жайгашкан. Р-ндун борбору Теплоключенка айылынан 140 км алыстыкта. Эңилчек поселкасына чейин республикалык маанидеги асфальт төшөлгөн автожол салынган. К. Торгоев атн. чыгыш чегара аймагында «Майдадыр» эл аралык альпинисттик борбор иштейт. Түштүк «Эңилчек» мөңгүсүнүн этегине «Хантеңири» (Казакстан), МТАЦ «Тяньшань» (Бишкек), «Тяньшань – Тревель» (Бишкек), «Азия жылдыздары» (Теплоключенка) ОсООсунун, «Достук-Треккинг» (Бишкек) туристтик фирмасынын альпинисттик лагерлери жайгашкан. «Эңилчек» мөңгүсүнүн түн.-батышында Мерцбахер көлү күнгө чагылышып жатат. Бул аймакка жыл сайын 500дөн ашык туристтер, альпинисттер келип турушат.

**ЧЫГЫШ КУМ-ШАГЫЛ КЕНИ** – Сарыжаз өрөөнүндөгү Эңилчек айылынан 8 км түн.-чыгышта жайгашкан. Эңилчек суусунун жайылмасындагы биринчи тектирде жатат. 1979-ж. чалгындалган. Төртүнчүлүк мезгилдин аллювийлүү кум-шагыл жумуру таштуу тектиринен турат. Кендин уз. 1,2 км, туурасы 300 мге созулат. Калынд. 3,5 мден 9,0 мге чейин жетет. Катмардын 12,7%ин сай таштары, 33,7%ин кум түзөт. Кум-шагыл аралашмасы «300» маркасындагы бетон үчүн өтө ыңгайлуу. Запасы 1464,6 миң м.

**ШОКАЛЬСКИЙ МӨҢГҮСҮ** – Эңилчек кырка тоосунун түн. капталында; татаал өрөөн тибиндеги мөңгүлөргө кирет. Түш. Эңилчек мөңгүсүнүн бир тармагы. Уз. 7,3 км, аянты 20,4 км. Мөңгүнүн башы д. деңг. 5584 м, этеги 3480 м бийиктикте. Кар чеги 4050 м бийиктиктен өтөт. Ш. м-нүн системасына 7 мөңгү кирет. Анын беттери көп жеринде тик аскалуу. Этеги калың шагыл м-н капталган. Аты сов. океанограф Ю. М. Шокальскийдин ысмынан коюлган.

**ЭҢИЛЧЕК** – Аксуу р-нундагы суу, Сарыжаздын сол куймасы. Түш. Эңилчек мөңгүсүнөн башталат. Уз. 62 км, алабынын аянты 1739 км. Алабынын жалпы аянты 949 км келген 213 мөңгү бар. Түш. Эңилчек мөңгүсүнүн этегинен Мерцбахер көлү орун алган. Нег. эриген мөңгү ж-а кар сууларынан куралат. Майдын аягында кире баштап, сентябрда тартылат. Көп жылдык орт. чыгымы 30 км/сек. Өрөөнү кышкы жайыт катары пайдаланылат. Аксуу, Түп р-унун малдары кыштайт.

**ЭҢИЛЧЕК КЫРКА ТООСУ** – Борб. Тяньшанда Сарыжаз капчыгайынан Бозкыр кырка тоосуна чейин созулат. Уз. 60 км, эң жазы жери 12 км, орт. бийикт. 5100 м, эң бийик жери 5722 м. Батыш бөлүгү анча бийик эмес (4200 мге чейин), чыгыш тарабы туташ жаткан кар ж-а мөңгүлөр м-н капталган. Силур мезгилинде пайда болгон чөкмө ж-а жанар тоо тектеринен, девондун акиташ тегинен, пермдин гранит интрузияларынан турат. Чыгыш бөлүгүнүн эки капталы тең гляциалдык-нивалдык алкакта жатат. Батыш бөлүгүнүн түш. капталына жарым чөл ж-а шалбаалуу талаа, түн. капталына кургак талаа, токой, субальп ж-а альп ландшафт алкактары мүнөздүү.

**ЭҢИЛЧЕК ӨРӨӨНҮ** – Борб. Теңиртоодо, Аксуу р-нунун аймагында. Кантеңир тоо тоомунун батыш тармактары Сарыжаз ж-а Эңилчек кырка тоолорунун аралыгында чыгыштан батышты карай созулган терең капчыгайды ээлейт. Уз. 106 кмге чейин (анын 60 кмге жакынын мөңгү ээлейт), эң жазы жери 3 км. Аянты 1739 км (а. и. 949 км жерин мөңгү ээлейт). Таманынын эң бийик жери 2500–3000 м. Төр жагы экиге айрылып, түн. ж-а түш. Эңилчек мөңгүлүү өрөөндөрүн түзөт да, Меридиан кырка тоосуна чейин созулат. Эки айрылыштын ортосунда орт. бийикт. 6000 мден ашкан Теңиртоо жатат.

Байыркы геол. антиклиналдын кыры б-ча кеткен тектон. жарака желип отуруп, 2000 мге чейин тереңдеп, өрөөн пайда болгон. Нег. силур, девондун сланец, акиташ ж.б. тоо тектеринен туруп, пермдин граниттери жиреп чыккан. Байыркы муз каптоо мезгилинде өрөөн толугу м-н муздун алдында калып, анын эрозиялык аракетинен азыркы тепши сымал абалына келген. Капталдарында байыркы мореналардын калдыктары кездешет. Климаты катаал, кышы суук, кургак, кар аз түшөт. Жайы салкын, жаан-чачын аз жаайт. Нег. суусу – Эңилчек. Өрөөндүн күнгөй капталдарында (2700–2800 ж-а 3000–3200 м бийиктикте) жарым чөл ж-а кургакчыл талаа, тескей жагына шалбаалуу токой, өрөөндүн эки капталына субальп ж-а альп ландшафт алкактары мүнөздүү. Кышкы жайыт. Өрөөндө Эңилчек айылы жайгашкан.

## АКСУУ АЙМАГЫНДАГЫ ТАРЫХЫЙ ЭСТЕЛИКТЕР

**«Кызылкыя» шаар чалдыбары.** Кызылкыя айылынан чыгышыраак, Жыргалаң–Санташ жолунун тоомунда, 200 км алыстыкта жайгашкан. 50х50 м көлөмдөгү төрт бурчтуу курулуш, дубалдарынын бийиктиги 2,5–3,5 м. Дубалдардын сырткы түбүнө периметр б-ча түз чуңкур казылган. Бул адамдардын убактылуу бекине турган, Жибек жолуна жайгашкан шаарча Кытайдан Көл өрөөнүнө жүк м-н келаткан кербенчилердин токтоп өтүүчү жайы болгон.

**Кызылкыя айылындагы ташбалбалдар (12 ташбалбал).** Кызылкыя шаар чалдыбарынан чыгышыраак тарапта, Жыргалаң–Санташ жолунан 0,5–1 км алыстыкта, Жыргалаң суусунун жээгинде жайгашкан.

**Кызылкыя айылындагы ташбалбалдар.** Айылдан түш. чыгышыраак, Зындан тарапка кеткен Жыргалаң–Санташ жолунун тоомунун сол жагында, 20 км алыстыкта жайгашкан. Монголоид түрүндөгү эркек адамдын бет түспөлү көрүнүп турат. Башы тулкусу менен кошо чегилген. Оң колу чыканагынан бүгүлүп, төшүндөгү чыныны кармап турат, ал эми сол колу төмөн түшүп, кылычтын сабына жармашкан.

**Акчий (Соколовка) айылындагы ташбалбалдар.** Эки ташбалбал айыл өкмөтүнүн имаратынын жанына коюлган. Байыркы (VI–IX кк.) түрк жоокерлеринин элесин берет.

Скульптура жогорку профессионалдык деңгээлде жасалган, бет келбети, кийимдери, кооздук буюмдары, куралдары кылдаттык менен чегилген.

**Композитор Ыбырай Тумановдун музейи.** Акбулуң айылынын борбордук көчөсүндө жайгашкан. Музей үч залдан турат. Бир залында композитордун бюсту ж-а портрети коюлган. Алдында кыргыз тилинде жазылган маалыматтар бар.

**«Жергез» көрүстөнү.** Бирине бири уланган бир нече чоң ж-а майда дөбөлөрдөн турат. Дөбөлөр топурактан, таш аралашкан топурактан үйүлгөн. Тегереги 10–15тен 25–30 мге чейин, бийиктиги 0,5–1,5, 2 м. Жергез суусунун оң жээгине жайгашкан.

**«Сарыкамыш» шаар чалдыбары.** Дубал менен курчалган, бийиктиги 1,5 м. Тосмонун түштүк борборунда кире берүүчү жол бар. Шаар чалдыбарынын аймагын кийинки кездеги көрүстөн курчап калган. X–XII кылымдарда Улуу Жибек жолундагы бул шаарча убактылуу функцияны аткарып турган. Сарыкамыш айылынын борборунда, көрүстөн аймагында жайгашкан.

**Кыдыр акенин күмбөзү.** Эски күмбөздүн айланасына 1993-ж. ак ж-а кызыл кирпичтен жаңысы курулган. Күмбөз түз формада болуп, бийиктиги 16 м. Ортосунда бир чоң ж-а төрт кичине түндүктөн турат. Бет маңдай жагында эки ак колоннасы бар. Кире бериштин эки тарабында таштан чегилген эки арстан коюлган. Керегеташ айылынын четиндеги көрүстөндүн түштүк жагында жайгашкан.

**«Орлиное» шаар чалдыбары.** Аталган айылдын түштүк тарабында, Жыргалаң суусунун оң жээгинен орун алган. Бекем чеп дубалы м-н бири-бирине тутумдашкан үч бурчтук формасындагы эки бөлүктөн турат. Чалдыбар түндүк жагынан терең ж-а жазы чуңкур м-н, түштүк жагынан Жыргалаң суусунун бийик ж-а жарлуу жээги м-н тосулган. Бул шаарча сепилдик тургундардын жоокерчилик мезгилдерде баш калкалай турган жайы болгон. О.э. бул аймак м-н келген кербендин Жыргалаң суусунан өтүшүнө көзөмөл жүргүзүп турган.

**Теплоключенка айылындагы коргоочу Дмитрий Салунскийдин Православ чиркөөсү** 1888-ж.курулган. Теплоключенка айылынын Ленин көчөсүндө. Сырт жактары оймо жыгачтар м-н коозд олгон, эшиктери жыгачтан. Ичинде алтарь ж-а икондор коюлуучу жай бар. Чиркөөнүн алдында коңгуроодон турган өзүнчө конструкция курулган.

**«Маман-Отузуул» көрүстөнү.** 16 дөбөдөн турган көрүстөн бири-бирине уланып 4 км узундукта чыгыш-батышка созулуп жатат. Топурактан үйүлгөн, айланасы 16–60 м, бийиктиги 2–5 м. Б. з. ч. VI–II кылымдарда пайда болгон. Үчкайнар ж-а Маман айылдарынын түндүгүрөөк ж-а түн.-чыгышыраак тарабында, Каракол–Орлиное автожолунун жээгинде жайгашкан.

**Аксуу чеби.** Россиялык колониялдык администрация 1864-ж. Аксуу боюна курулган. Чеп Ысыккөл уездинин башкаруу борборуна айланган. 1868-ж. анын айланасына келгин дыйкандар отурукташа баштаган. 1869-ж. жайында Каракол ш. негизделип, А. ч-ндеги гарнизон Караколго көчүрүлгөн. Ушундан тарта Каракол Ысыккөл уездинин борборуна айланып А. ч. өз маанисин жоготот.

**Челпек көрүстөнү (челпекский могилник)** – б.з.ч. VI–II к. сак-усун урууларынан калган мүрзөлөр Челпек айылынын түш.-батыш тарабынан орун алган. Миңге жакын дөбө мүрзөдөн турат. 1929-жылы М. П. Грязнов жана М. В. Воеводский коргондорду ачып, изилдөө жүргүзүшкөн. Мүрзөлөрдөн чоподон жасалган идиштер, темирден жасалган буюмдар, алтындан жасалган жасалгалар табылган. 1959-ж. баштап бир нече ирет Д. Ф. Винник мүрзөлөрдөн байыркы түрктөрдүн коюлган сөөктөрүн, балбал таштарды таап, X–XII кк. таандык экендигин далилдеген. Аталган көрүстөндөрдөн, 1976-ж. Челпек а. тургуну С. Чабаров курмандык чалуучу үстөл таап, музейге өткөргөн. Үстөл колодон жасалган батыныска окшош 75x82 см көлөмүндө, капталынын



Колодон жасалган үстөлдүн буттары, буканын келбети. (б.з.ч. V–III к.) Челпек а.

тереңдиги 6 см, кырлары түз бурчтукта бүгүлгөн, аялдын келбетиндеги төрт буту болгон. Буттарынын узундугу 22 см, үстөл, жаткан буканын келбети (фигурасы) менен кооздолгон. Стол б.з.ч. V–III кк. таандык. Кыргыз мамлекеттик тарых музейинде сакталууда турат.

## ӨМҮРҮ ӨРНӨК ИНСАНДАР



**АБЕКОВ Толкунбай** (1941-ж. т., Аксуу р-ну, Энчилеш айылы – 1994-ж. ошол жерде) – курулушчу, техн. ил. кандидаты, доцент, Фрунзедеги политехн. ин-тун (1963), Москвадагы автомобиль Жогорку ин-нун аспирантурасын бүтүргөн (1969), 1962–69-ж. Ново-Вознесеновкадагы № 11-ДЭУда башкы инженер, начальник, 1969-жылдан Фрунзедеги политехн. ин-нда окутуучу, ага окутуучу, кафедра башчысы, декандын орунбасары. Орден, медалдар м-н сыйланган.



**АБДРАИМОВ Самудүн** (1944-ж. т., Аксуу р-ну, Отузуул айылы) – тоо-кен инженери, Илим ж-а техника б-ча Кырг-н Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты (1977), КРнын эмгек сиң. ойлоп табуучусу (1983), тех. илим. доктору (1987), профессор (1990). 1971-ж. Кырг-н ИАнын Автоматика ин-тунда улук инженер, кенже, улук ил. кызматкер. 1978-жылдан пресс-комплекси лабораториясынын башчысы. А. механика, машина куруу, механизм ж-а машина теориясы, татаал системаларды башкаруу теориясы ж-а практикасы тармактарында эмгектенген. Анын иштери жаңы типтеги өзгөрүлмө структуралуу механизмдерди изилдөөгө арналган. А-дун иштеринин негизинде басым аркылуу металл иштетүү үчүн пресстердин бир нече конструкциясы түзүлгөн ж-а жасалып чыгарылган. 100дөн ашык ил. эмгектери (а. и. 5 монография), 36 ойлоп табуунун автору.

**АБДУЛХАКИМОВ Орузбай** (1945-ж.т., Аксуу р-ну, Тепке айылы) – Кыргызстан Журналисттер союзунун мүчөсү. КМУну бүтүргөн (1969), 1969–1980-ж. КТРде редактор, башкы редактор, 1980–2006-ж. Ысыккөл обл-к телерадио



комитетинде (компаниясында) башкы редактор, төрага болуп иштеген. Ысыккөл радиосунун позывною, «Сүйгөн шаарым» аттуу ырдын ж-а обондун автору. «БАМ жолу» деген телеочерки Бүткүлсоюздук конкурста биринчи орунду жеңип, лауреат деген наамга ээ болгон. ВЛКСМ БКнын Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин Ардак грамоталары м-н сыйланган.



**АБДРАШЕВ Абдыкасым** (1946-ж. т., Аксуу р-ну, Каракыз айылы) – мугалим. КРнын эл агартуусунун отличниги (1984). Каракол ш-ндагы мамл. пед. ин-ту бүткөн (1970). 1962–66-ж. Аксуу р-дагы Мирный колхозунда механизатор, 1971–72-ж. Сов. Армиянын катарында, 1972–96-ж. Жергез айылындагы сегиз жылдык мектепте мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, директор.



**АБДРАШЕВ Өзгөрүш** (1934-ж. т., Аксуу р-ну, Пионер айылы) – айдоочу. 1950–58-ж. Советтик Армиянын катарында кызмат кылуу учурунда Венгр Эл Респ-на каршы контрреволюциялык күчтөрдүн козголоңун басууга катышкан. Бул үчүн Венгр Эл Респ-нын Ардак грамотасы м-н сыйланган. 1958–65-ж. Аксуу р-дук оорукананын «тез жардам» бөлүмүндө айдоочу 1965–73-ж. № 11-ДЭУда 1-класстагы айдоочу болуп иштеген. 1973–92-ж. Ново-Вознесеновка сельпосунда автодүкөндүн айдоочусу. Медалдар, КРнын Өкмөтүнүн Ардак грамоталары м-н сыйланган. «Каракыз» д/ч-нын төрагасы.



**АБДРАМАНОВА Бейшекан** (1946-ж. т., Жетөгүз р-ну, Чычкан айылы) – 1965–88-ж. «Путь Ильича» к-зунда жумушчу, 1988–2005-ж. Аксуу р-ндагы психо-неврологиялык жатак үйүндө эмгектенген. Медалдар, КРнын Президентинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**АБДРАХМАНОВА Уруйла** (1933-ж. т., Аксуу р-ну, Тегизчил айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, Пржевальск мугалимдер ин-тун (1950), Ош мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1954), 1955–84-ж. Аксуу р-ндагы Сарыкамыш орто мектебинде мугалим.



**АБДЫРАКУНОВ Өмүрбек** (1955-ж. т., Аксуу р-ну, Бозбулуң айылы) – вет. дарыгер, Түп р-ндагы Светлый Мыс а. ч. техн-мун бүтүргөн (1975), 1975–77-ж. Сов. Армияда, 1977–2000-ж. Каракол с-зунда вет. дарыгер, комсомол комитетинин катчысы, ст. вет. дарыгер, кой чарбасында зоотехник, башкы вет. дарыгер, Каракол с-зунун директору, Каракол айыл кеңешинин төрагасы, 2000-жылдан КРнын каржы министрлигинин алдындагы Ысыккөл аймактык ГФФЭнин начальниги. Японияга стажировкага барып келген (1994-ж.).



**АБДРАХМАНОВА Фатима** (1950-ж. т., Аксуу р-ну, Бозучук айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги (1995), Фрунзе ш-ндагы Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-тун бүткөн (1975), 1968–69-ж. Шымкент обл-дагы Киров мектебинде мугалим, 1974–75-ж. Аксуу р-ндагы Керегеташ, 1975–77-ж. Ош обл-дагы Фрунзе р-нунун Кан, 1977-ж. Киров р-ндагы Ключевка, 1977-жылдан Аксуу р-ндагы Мамакеев атн. орто мектептерде мугалим.



**АБЫЛГАЗИЕВ Рыспек** (1957-ж. т., Аксуу р-ну, Ташкыя айылы) – илимпоз, химия ил. кандидаты. Ленинград ш-ндагы мамл. ун-тин химия факультетин (1979), Москвадагы СССР ИАнын орг. химия ин-тунун аспирантурасын бүтүргөн (1986), 1986–90-ж. КРнын ИАнын орг. химия ин-нда ага ил. кызматкер, 1990–93-ж. СССР ИАнын орг.

химия ин-нда докторант, 1993–98-ж. фирманын директору, 1998–99-ж. госкоминвестте проекттерди координациялоо бөлүмүнүн алып баруучу адиси, 1999–2003-ж. «Айлана-чөйрөнү коргоо министрлигинин» мониторинг башкармалыгынын начальнигинин орунбасары, 2003–2004-ж. КРнын Өкмөтүнүн алдындагы илим ж-а интеллектуалдык менчик мамл. агентствосунда, илим башкармалыгынын начальниги.



**АБЫКЕЕВА Гүлнара** (1952-ж. т., Аксуу р-ну, Теплоключенка айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, КМУну бүтүргөн (1983), 1987–90-ж. Кыргыз а. ч. ин-тунда окутуучу, 1994–97-ж. К. Тыныстанов атн. Ысыккөл мамл. ун-тинде окутуучу, 1997–2002-ж. Аксуу р-ндагы М. Мамакеев атн. орто мектепте окуу-тарбия иштери б-ча директордун орунбасары, 2003-жылдан Аксуу р-ндук балдардын билим Борборунун директору.



**АБЫКЕЕВ Кыдырма** (1936-ж. т., Түп р-ну, Карачуңкур айылы) – Пржевальскидеги а. ч. техн. (1958), Алматыдагы Жогорку партиялык мектепти бүтүргөн (1971), 1958–64-ж. Тамчы айылында ж-а Ысыккөл р-ндагы Киров атн. к-зунда вет. дарыгер, веттехник, 1964–65-ж. комсомолдун Ысыккөл р-ндук комитетинин катчысы, 1965–67-ж. ошол эле р-ндо райкомдун инструктору, 1971–74-ж. партиянын Ысыккөл обкомунда инструктор, 1974–76-ж. Аксуу р-ндагы а. ч. башкармалыгында начальник, 1978–83-ж. Аксуу райкомунун экинчи катчысы, 1983–94-ж. Түп мамл. атайын чарбасында директор, 1994–97-ж. Түп айыл кеңешинин төрагасы. «Ардак белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.



**АДРЕШЕВ Иса** (1922-ж. т., Аксуу р-ну, Жолколот айылы – 1999-ж. ошол жерде), Каракол пед. окуу жайын бүткөн (1941) Кыргыз (1952) ж-а Казак Респ-нын БКнын алдындагы Жогорку партиялык мектептин угуучусу (1960). 1941–45-ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1945–48-ж.

партиянын Талдысуу райкомунда инструктор, парткабинет башчысы болуп иштеген. 1949–50-ж. Пржевальск р-дук партия комитетинде бөлүм башчы, 1952–56-ж. партиянын Талдысуу райкомунун биринчи катчысы, 1960–65-ж. Аксуу р-дагы «Жаңыжылдыз» к-зунун башкармасы, 1965–68-ж. Түп райкомунда бөлүм башчы, ал эми 1985-жылга чейин ошол эле р-дук аткаруу комитетинин төрагасынын орунбасары болгон. 1992–96-ж. Октябрь айылындагы аксакалдар сотунун төрагасы болуп эмгектенген. Кызыл Жылдыз, 1-даражадагы Ата Мекендик согуш ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**АБДИЕВА Анаркүл** (1961-ж. т., Аксуу р-ну, Шапак айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Пржевальск пед. окуу жайын (1980), ошол эле ш-дагы мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1986), 1980-жылдан Тепке айылындагы К. Жантөшев атн. орто мектепте мугалим, окуу-тарбия иштери б-ча директордун орунбасары.



**АБДРАЕВ Абдылда** (1918-ж. т., Аксуу р-ну, Жолколот айылы) – 1936–39-ж. «Кедей» к-зунда, Теплоключенка МТСинде ар кандай жумуштарда иштеген. 1930–42-ж. Сов. Армиянын катарына чакырылып, Ата Мекендик согушка катышат. 1942–50-ж. «Жаңыайыл» к-зунда бухгалтер ж-а башкы бухгалтер, 1950–52-ж. Аксуу р-дук а. ч. бөлүмүндө ага инструктор-бухгалтер, 1952–54-ж. «Жаңыайыл», 1954–58-ж. «Ленин» атн. к-здордо башкарма, 1975–81-ж. парткомдун катчысы, 1982–86-ж. Жолколот айылындагы карыялар кеңешинин төрагасы. I ж-а II даражадагы Ата Мекендик согуш ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**АБДРАХМАНОВ Жуман** (1917-ж. т., КЭР, Бай ш.) – мал чарбасынын көрүнүктүү ишмери. 1963–96-ж. 1-Май к-зунда чабан болуп иштеген. Мал чарбасына сиңирген эмгеги үчүн КРнын Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы м-н сыйланган. Отрадный айылынын имамы (молдосу).



**АБДРАХМАНОВ Жапар** (1915-ж. т., Челпек айылы – 1952-ж. ошол жерде) – Кырг-н КП БК(б)нын алдындагы партиялык мектепти (1946), Ленинграддагы директорлорду даярдоо б-ча 1 жылдык курсту бүткөн (1950), 1939–41-ж. Кырг-н ЛКСМ БКнын дыйкан жаштары бөлүмүнүн башчысынын орунбасары, 1941–43-ж. Ново-Вознесеновка р-нун «Кызыл Октябрь» МТСинде саясий бөлүмдүн начальнигинин орунбасары, 1943–49-ж. партиянын ошол эле р-ндук комитетинин уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, маслопромдун башкаруучусу, 1949–52-ж. Кыргыз маслопром трестинин Тяньшань обл-к бөлүмүнүн башкаруучусу.



**АБДУЛЛАЕВ Тынычбек** (1955-ж. т., Аксуу р-ну, Бөрүбаш айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги (1994), Пржевальскидеги мамл. пед. ин-ту бүткөн (1977), 1977–80-ж. Пржевальск ш-ндагы пед. окуу жайында, 1980–82-ж. ошол эле ш-дагы мамл. пед. ин-та мугалим, 1982–89-ж. Бөрүбаш айыл кеңешинде жооптуу катчы, 1989–2002-ж. К. Токоев атн. орто мектепте мугалим, директор, 2005-жылдан аталган мектепте мугалим.



**АБДУЛАЕВ Курманкул** (1912-ж. т., Бөрүбаш айылы – 2006-ж. Маяк айылы) – Соц. Эмг. Баатыры, 1930–72-ж. Түп р-ндагы «Сухой Хребет», «Маяк» с-здорунда арабакеч, комбайнер болуп эмгектенген. Ленин, Кызыл Жылдыз ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**АБДУЛАЕВ Токтобай** (1940-ж. т., Түп р-ну, «Маяк» с-зу) – Кыргыз а. ч. ин-тун бүтүргөн (1963), техника ил. кандидаты, 1963–64-ж. Түп р-ндагы «Ленин комсомолу» атн. к-здо башкы инженер, 1964–65-ж. Сов. Армияда, 1965–70-ж. Украинадагы а. ч.

машина куруу ил.-изилдөө ин-нун кыргыз филиалында ил. кызматкер, 1970–73-ж. Пржевальск ш-ндагы Бүткүлсоюздук дары өсүмдүктөр ин-нун зоналык тажрыйба станциясында ил. кызматкер, 1973–77-ж. Ысыккөл а. ч. башкармалыгында, 1977–88-ж. Ысыккөл тажрыйба селекциялык станциясында башкы инженер, директор, 1988–91-ж. Пржевальск мамл. пед. ин-тун машинатаануу кафедрасынын башчысы, 1996–98-ж. дыйкан-чарба жетекчиси, Челпек айыл өкмөтүнүн башчысы, 1998-жылдан фермер.



**АБДУЛЛАЕВА Зоора** (1923-ж. т., Аксуу р-ну, Бөрүбаш айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги (1948), М.В. Фрунзе атн. Кыргыз мамл. пед. ин-ту бүткөн (1943), 1943–46-ж. Бөрүбаш толук эмес мектебинде мугалим, 1946–47-ж. окуу бөлүмүнүн башчысы, 1947–50-ж. Ысыккөл р-ндагы Темир, Таштак орто мектебинде мугалим, 1950–54-ж. Жалалабат обл-дагы Сузак р-нун Крупская атн. орто мектепте мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, 1954–78-ж. Аксуу р-ндагы Бөрүбаш орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы, мугалим. Медалдар м-н сыйланган.

**АБДЫБЕКОВ Садырбек** (1871-ж. т., Торайгыр болушу, Каракол уезди – 1950-ж. Аксуу р-ну, Жолколот айылы) – натуралист, саякатчы, Теңиртоонун табиятын жакшы билген. Өткөн кылымдын ортосунда 1-жолу өз крайын ысыккөлдүк мергендер Султанбек Балбак уулу, Табылды ж-а Кудагелди Кылдаевдер м-н кыдырып чыккан.1900–15-ж. Ички ж-а Борбордук Теңиртоону, Ысыккөл кылаасын ж-а Кырг-ндын аймагынан тышкаркы бир катар жерлерди изилдеген чет элдик (Д. Алмаши, 1900; Г. Мерцбахер, 1902–2003; Д. Принц, 1906-ж.), орус (В. В. Сапожников, 1902; С. И. Абрамов, 1910; В. Н. Шнитиков, 1912–14 ж. б.) экспедицияларына катышкан. 1929–43-ж. Караколдогу чумага каршы станцияда иштеген. «Жолколот» к-зунун 1-төрагасы, Ысыккөлдө аңчылар чарбасында иштеген.

**АБДЫКАДЫРОВ Кадырбек** (1942-ж. т., Аксуу р-ну, Отузуул айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1964), 1964–



68-ж. Аксуу р-ндагы Орлиное сегиз жылдык мектебинде окуу бөлүмүнүн башысы, 1968–75-ж. Пржевальск ш-ндагы пед. окуу жайында мугалим, 1975–77-ж. Фрунзедеги респ-лык мугалимдердин билимин өркүндөтүү ин-тунун кабинет башчысы, 1977–82-ж. Түп р-ндагы Маяк орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы, 1982–2006-ж. Аксуу р-ндагы Качыбек орто мектебинде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, профсоюз уюмунун төрагасы, методикалык бирикменин жетекчиси, 2006-жылдан Качыбек айылында аксакалдар сотунун төрагасы.



**АБДЫКЕНОВА *Жамыйкан*** (1944-ж. т., Аксуу р-ну, Ичкежергез айылы) – мугалим. КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Каракол мамл. пед. ин-тун аяктап (1966), ошол эле жылы Энчилеш айылындагы М. Чөкүев атн. орто мектепке мугалим. 1995-жылы ардактуу эс алууга чыккан. Медалдар м-н сыйланган.



**АБДРАКМАНОВ Акмат** (1934-ж. т., Аксуу р-ну, Маман айылы) – 1962–93-ж. «Жаңыжылдыз» к-зунда, «Арашан» с-зунда тракторист-механизатор, жумушчу. «Ардак белгиси», Эл Достугу ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.



**АДАМОВ Виктор Ермолаевич** (1915-ж. т., Казак Респ-сы, Жамбул ш.) – Түп р-нун Григорьевка айылындагы коммунисттик жаштар мектебин (1934), Түптөгү айыл чарба техн-мун бүткөн (1967). 1937–46-ж. Сов. Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1946–62-ж. Советтик, партиялык кызматтарда, 1962–71-ж. «Мирный», «Дзержинский», «Жаңыжылдыз» к-здорунда башкарма, башкарманын орунбасары, 1971–75-ж. «Путь Ильича» к-зунда

парткомдун катчысы. Эки жолу Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар ж-а КРнын Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**АДРЕШОВА Алиман** (1934-ж. т., Аксуу р-ну, Жолколот айылы) – 1953–75-ж. «Жаңыжылдыз» к-зунда жумушчу, 1975-жылдан «Арашан» с-зунда саанчы. III даражадагы Эмгек Даңкы ордени, медалдар м-н сыйланган.



**АДЫГЕЕВ Бейшебай** (1918-ж. т., Аксуу р-ну, Челпек айылы – 1981-ж. ошол жерде) – мугалим, Фрунзе ш-ндагы пед. окуу жайын (1936), пед. ин-ту бүтүргөн (1939), 1939–41-ж. Акбулуң орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы, 1941–42-ж. Токтоян айылындагы мектепте директор, 1941–46-ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1946–49-ж. Акбешим мектебинде директор, 1949–52-ж. Барскоон орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы, 1952–68-ж. Саруу орто, Талап сегиз жылдык мектептеринде директор, Пржевальскидеги мектеп-интернатта чарба б-ча директордун орунбасары, Пржевальск горторгунда склад башчы, 1969–75-ж. Токмоктогу ПОШ фабрикасында камсыздоо бөлүмүнүн начальниги, 1976–81-ж. «Вторчерметте» текшерүүчү болгон. Кызыл Жылдыз ордени, медалдар м-н сыйланган.



**АДЫГЕЕВ Сулайман** (1923-ж. т., Аксуу р-ну, Ташкыя айылы) – юрист, СССР Ички иштер министрлигинин эмг. сиң. кызматкери, Фрунзедеги юридикалык мектепти (1948), СССР Ички иштер министрлигинин окуу жайын бүтүргөн (1953), 1942–47-ж. Сов. Армияда, Ата Мекендик согушка катышкан, 1950–51-ж. Ысыккөл обл-к ички иштер бөлүмүндө оперуполномоченный, 1953–57-ж. Жалалабат ички иштер бөлүмүндө ага оперуполномоченный, 1957–59-ж. Нарын ички иштер бөлүмүндө, 1959-жылдан Чолпоната ички иштер бөлүмүндө иштеген. II даражадагы Ата Мекендик согуш ордени, медалдар м-н сыйланган.



**АДЫМБЕКОВА Анипа** (1961-ж. т., Аксуу р-ну, Акбулак айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-тун бүтүргөн (1986), 1978–81-ж. Фрунзедеги ВЛКСМдин 50 жылдыгы атн. пахтадан жип ийрүү фабрикасында жумушчу, 1986–90-ж. Аксуу р-ндагы Акбулак орто мектебинде мугалим, 1990-жылдан Кызылжар орто мектебинде мугалим.



**АЗИЗОВА Кымбатбүбү** (1969-ж. т., Аксуу р-ну, Үчкайнар айылы) – Маданият кызматынын отличниги. Каракол кооператив техн-мун (1992), К. Тыныстанов атн. Ысыккөл мамл. ун-тин бүтүргөн (2006), 1987–92-ж. Маман айылындагы мад-т үйүндө көркөм жетекчи, 1992-жылдан Аксуу р-ндагы «Боз салкын» ыр-бий фольклордук ансамблинин солисткасы, жетекчиси. Респ-лык, обл-к чыгармачылык кароо-сынактардын, фестивалдардын лауреаты.



**АЗНАКУЛОВ Исмаил** (1894-ж. т., Челпек айылы – 1979-ж. ошол эле жерде) – Фрунзе ш-ндагы пед. техн-мун бүтүргөн (1936), 1920–32-ж. Челпек, Бурмасуу, Ташкыя башталгыч мектептеринде ж-а Челпек айылындагы ШКМда мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, 1932–34-ж. Каракол р-ндук билим берүү бөлүмүнүн башчысы, 1943–47-ж. айылдык кеңештин төрагасы, 1961-жылга чейин мугалим болуп иштеген.



**АЙСАКУЛОВА Хайриниса** (1952-ж. т., Аксуу р-ну, Челпек айылы) – Элиста ш-ндагы Калмак мамл. ун-тин бүтүргөн (1973), биология ил. кандидаты, 1974–78-ж. эт б-ча ири малдардын Калмак ил.-изилдөө ин-нда улуу лаборант, кенже ил. кызматкер, 1979–95-ж. Ысыккөл тажрыйба селекция станциясында улуу ил. кызматкер, Прже-

вальск мамл. пед. ин-нда улук окутуучу, кафедра башчысы, доцент, 1995–2004-ж. К. Тыныстанов атн. Ысыккөл мамл. ун-нде медицина борборунун программасында директор, медико-технология факультинде декан, кафедра башчысы, «Ысыккөл обл-к экология б-ча аялдардын коомдук бирикмесинде» президент, ОсОО «Кортэксте» генералдык директор.



**АЙТБАЕВА Айым** (1917-ж. т., Аксуу р-ну, Челпек айылы – 1970-ж. Бишкек ш.) – жазуучу, Ленинграддагы Герцен атн. пед. ин-тун үч курсун (1930), Фрунзе пед. ин-тун (1941), КПСС БКнын алдындагы Жогорку партиялык мектепти бүтүргөн (1950), 1941–49-ж. «Советтик Кыргызстан» газетасында адабий кызматкер, бөлүм башчы, «Ленинчил Жаш» газетасынын редактору, 1949–50-ж. Кырг-н ЛКЖСнын катчысы, 1950–56-ж. «Жаш Ленинчи» журналынын, «Ленинчил Жаш» газетасынын редактору, 1956-жылдан Кыргыз главлиттин начальниги, «Кыргызстан аялдары» журналынын жооптуу катчысы. Чыгармачылыгы 1936-жылы башталган. «Кыргызстан пионери» газетасына «Кара жөжө», «Биринчи мектебим» аттуу аңгемелери чыккан. 1940-жылдан «Советтик Кыргызстан», «Ленинчил жаш» газеталарына очерктери, фельетондору чыга баштаган. 1958-ж. «Ала-Тоо» журналына «Турмуш чакырат» повести жарыяланган. «Тамчы кан» романы жазуучунун чыгармачылыгындагы көрүнүктүү жетишкендик. Көп чыгармалары СССР элдеринин тилине которулган. «Ардак белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.



**АЙТКУЛИЕВ Барктабас** (1934-ж. т., Аксуу р-ну, Жолколот айылы – 1981-ж. ошол жерде) – Каракол а. ч. тех-мун бүткөн (1953). 1956–58-ж. Ысыккөл обл-тык «Зооветжабдуу» конторасында контролер, андан кийин комсомолдун Аксуу р-дук ж-а Ысыккөл обл-тык комитетинде инструктор, 1958–62-ж. комсомолдун Балыкчы ш-дык комитетинин биринчи секретары, 1962–63-ж. Ысыккөл территориалдык колхоздук-совхоздук башкармасы б-ча Кырг-н ЛКСМ БКнын комсоргу, 1963–64-ж. эл депутаттарынын

Ысыккөл р-дук аткаруу комитетинин төрагасы, 1964–71-ж. Ысыккөл р-дук а. ч. башкармасынын начальнигинин орунбасары, начальниги, 1971–73-ж. Кырг-н КП БКнын партиялык уюштуруу иштери бөлүмүнүн инструктору, 1973–76-ж. партиянын Ысыккөл обл-тук комитетинин а. ч. бөлүмүнүн башчысы, 1976–81-ж. ошол эле комитеттин а. ч. башкармасынын начальниги. «Ардак белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.



**АЙМАНБЕТОВ Шаршен** (1928-ж. т., Аксуу р-ну, Токтогул айылы) – аскер кызматкери. Каракол пед. окуу жайын бүтүргөн (1949). 1946–47-ж. колхозчу болуп иштөө м-н эмгек жолун баштаган. 1949–52-ж. Жалалабат обл-дагы Казарман орто мектебинде мугалим, 1952–56-ж. ошол эле р-дун Киров атындагы жети жылдык мектептин директору, 1952–62-ж. партиянын Тогузторо р-дук комитетинде инструктор, лектор-консультант, пропаганда жана агитация иштери б-ча бөлүм башчы, 1963–65-ж. партиянын Тяньшань р-дук комитетинде инструктор 1965-ж. КПСС БКнын жогорку партиялык мектепин сырттан окуп бүткөн. 1965–69-ж. Тяньшань р-дук ички иштер бөлүмүндө начальниктин орунбасары, 1969–86-ж. Жетөгүз р-дук ички иштер бөлүмүндө иштеп, отставкага чыккан. Майор чинин алган. 1986–91-ж. Жетөгүз р-дагы Ысыккөл колхозунда, 1991–96-ж. Аксуу р-дагы Кызылжар с-нда юрист-консультант болуп иштеген. 1996-жылдан Акчий айыл өкмөтүндө аксакалдар сотунун төрагасы. Медалдар м-н сыйланган.



**АЙТПАЕВ Аман** (1931-ж. т., Түп р-ну, Сарыбулак айылы) – Пржевальскидеги мал чарба мектебин ж-а а. ч. техн. (1950), Кыргыз а. ч. ин-тун бүтүргөн (1955), 1955–72-ж. Аксуу р-ндагы «Каракол» с-зунда башкы вет. дарыгер, директор, 1972–76-ж. Кемин р-ндук аткаруу комитетинин төрагасы, 1976–85-ж. Аксуу р-ндагы Дзержинский атн. с-здо вет. дарыгер, малды бордоп семиртүүчү комплексте начальник, Ысыккөл обл-к даярдоо инспекциясынын башкы инспекторунун орунбасары, 1986-жылдан Караколдогу «Кундуз» айбанаттар фирмасынын төрагасы. Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.



**АЙТПОСУНОВА Зуура** (1955-ж. т., Аксуу р-ну, Жыргалаң айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, В. Маяковский атн. Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-тун бүтүргөн (1991), 1974–77-ж. Жетөгүз р-ндагы Покровка мамл. банкында бухгалтер, 1977–78-ж. Аксуу р-ндагы Дзержинский атн. с-здо бухгалтер, 1978–80-ж. Совет айылындагы балдар бакчасында тарбиячы, 1980–92-ж. ошол эле бакчанын башчысы, 1992-жылдан Кызылкыя орто мектебинде мугалим.



**АЙТУГАНОВ Нургаин** (1942-ж. т.,) – Фрунзедеги автожол техн. (1964), Алматы ш-ндагы Жогорку партиялык мектепти бүтүргөн (1984), 1959–76-ж. Ысыккөл РДЭСУда прораб, Тоң РДЭСУнун начальниги, 1976–78-ж. Аксуу р-ндук 2-ДЭУнун начальниги, 1978–92-ж. Аксуу р-ндук кеңештин аткаруу комитетинин, андан соң р-ндук кеңештин төрагасынын орунбасары, 1992–2004-ж. 2-ДЭУнун начальниги, раймамадминистрациянын аппарат жетекчиси, р-ндук Социалдык фонддун башкаруучусу, № 11-ДЭПтин инженери, Теплоключенка айыл башчысынын орунбасары. Медалдар м-н сыйланган.



**АКИЕВ Ташкенбай** (1945-ж. т., Аксуу р-ну, Нововознесеновка айылы) – инженер, Фрунзедеги политехн. ин-тун бүтүргөн (1972), 1972–73-ж. Казак Респ-нын Чыгыш-Урал геологиялык чалгындоо экспедициясында инженер-геолог, 1973–76-ж. бөлүмдүн ж-а партиянын начальниги, 1976–82-ж. Дондогу тоо-кен комбинатында улук геолог, 1982-жылдан Кыргыз ССРинин геология башкармалыгынын Үчкошкон геологиялык экспедициясында улук геолог, партиянын начальниги, партиянын ж-а экспедициянын башкы инженери.

**АККӨКҮЛОВ Үсөн** (1923-ж. т., Нововознесеновка р-ну, Шапак айылы – 1943-ж. Япония, Чхон-Чжин ш.) – вет. дарыгер, Пржевальскидеги зоовет. техн-мун бүтүргөн (1940), 1942–43-ж.



Япондук милитаристтерге каршы болгон согушка катышкан. Согуштук чабуул учурунда Чхон-Чжин ш-нда каза болгон. Аталган ш-да эстелиги бар. «Японияны бошоткондугу үчүн» медалы (өлгөндөн кийин) м-н сыйланган.



**АКУНОВА Мария** (1943-ж. т., Түп р-ну, Кеңсуу айылы) – мугалим. КРнын билим берүүсүнүн отличниги. КМУну бүткөн (1966). 1966–80-ж. Пржевальск вин. заводунда химик, Жетөгүз р-дагы Тамга айылында аналитик. 1980–95-ж. ошол эле р-догу Барскоон айылындагы Орджоникидзе атн., Кызылдыйкан, Аксуу р-дагы О. Элебесов атн. орто мектептерде мугалим.



**АКМАТБАЕВ Байыш** (1953-ж. т., Аксуу р-ну, Ичкежергез айылы) – аскер дарыгери, КРнын саламаттык сактоосунун отличниги, Томск ш-ндагы мед. ин-тун аскердик-мед. факультетин (1976), Ленинграддагы жогорку Аскер-медициналык академияны бүтүргөн, 1976-ж. Нарын ш-ндагы өзүнчө батальондун медицина б-ча начальниги, Казакстандын Капчагай ш-нда, андан кийин Венгер Респ-нда дивизиянын медсамбатында кабыл алуу бөлүмүнүн начальниги, Байкоңурдагы травматология бөлүмүнүн башчысы, Түркестан аскер округунун интернатурасында окутуучу, Тамга санаториясынын медицина бөлүмүнүн башчысы, санаториянын начальнигинин орунбасары. Азыркы учурда «Көгүлтүр Ысыккөл» санаториясында физиотерапевт-проктолог. Медицина кызматынын подполковниги.



**АКМАТОВА Күлүйпа** (1952-ж. Түп р-ну, Сарытологой айылы) – мугалим. КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Пржевальск ш-ндагы пед. окуу жайын бүткөн (1971). 1971-жылдан бери Аксуу р-дагы Акбулак орто мектебинде мугалим.



**АКМОЛДОЕВ Бактыбек** (1963-ж. т., Пржевальск ш.) – А. Беруни атн. Ташкент политехн. ин-тун (1985), КМУУну бүтүргөн, 1985–90-ж. Сарыжаз геологиялык экспедициясында бургулоочу, бургулоо мастери, бургулоо отрядынын ж-а бургулоо, тоо иштери б-ча улук инженери, бөлүмдүн начальниги, 1990–93-ж. Түндүк кыргыз геологиялык экспедициясында бургулоо иштери б-ча 1-категориядагы инженер, башкы инженердин орунбасары, 1993–95-ж. Ысыккөл комплекстүү геологиялык экспедицияда башкы инженер, экспедиция начальнигинин орунбасары, 1995–97-ж. КРнын мамл. геология комитетинде бургулоо мастери, 1997–2002-ж. дары чөптөрүн өстүрүү б-ча «Арашан» кооперативинде өндүрүш б-ча директордун орунбасары. Учурда Октябрь а/ө башчысы.



**АКМАТОВ Үсөнкалый** (1955-ж. т., Ысыккөл р-ну, Темир айылы) – дарыгер, КРнын саламаттык сактоосунун отличниги, Кыргыз мамл. мед. ин-ту (1981), обл-тык стоматологиялык поликлиниканын интернатурасын бүткөн (1982), 1982–84-ж. Түп р-ндагы Арал айылындагы амбулаторияда иштеген, 1984–93-ж. Аксуу р-ндук борбордук ооруканада стоматолог-ортопед, 1993-жылдан ошол эле р-ндогу стоматологиялык поликлиниканын башкы дарыгери.



**АКМОЛДОЕВ Бородой** (1924-ж. т., Аксуу р-ну, Маман айылы) – мугалим. КРнын билим берүүсүнүн отличниги. Каракол пед. окуу жайын (1942), Кыргыз мамл. пед. ин-ту бүткөн (1950). 1941–45-ж. Октябрь орто мектебинде мугалим, анан Теплоключенка орто мектебинде директор, 1945–50-ж. Каракол р-дук билим берүү бөлүмүнүн башчысы, 1950–54-ж. Тяньшань, 1954–59-ж. Жалалабат обл-тык билим берүү бөлүмүнүн башчысы, 1958–59-ж. Фрунзедеги В. Маяковский атн. кыз-келиндер пед. ин-тунда кафедра башчысы 1959–63-ж. Аксуу р-дагы Жолколот айылында башкаруучу, 1963–91-ж. ошол эле р-дун Октябрь орто мектебинде мугалим. Медалдар м-н сыйланган.



**АКУНОВ Султан** (1958-ж. т., Аксуу р-ну, Шапак айылы – 2003-ж. ошол жерде) – сүрөтчү. Бишкек ш-ндагы сүрөтчүлөр окуу жайын бүткөн (1977), СССР Сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү (1986), 1978–2003-ж. Каракол ш-ндагы сүрөтчүлөрдүн чарбалык өнөрканасында иштеген. Анын сүрөт көргөзмөлөрү Эстония, Америка ж-а башка мамлекеттерде уюштурулган.



**АЛЛАБЕРДИЕВА Нурила** (1951-ж. т., Челпек айылы) – Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүткөн (1973), СССР кесипчилик-техникалык билим берүүсүнүн отличниги, 1973–77-ж. Пржевальскидеги № 2-СПТУда ишкананы окутуунун мастери, 1996-ж. Чүй обл-тык № 27-СПТУсунда ишкананы окутуунун ага мастери болгон. 1996-жылдан бери бизнесте иштейт.



**АЛИЕВА Мария** (1939-ж. т., Аксуу р-ну, Черик айылы) – мал чарба кызматкери, 1956–93-ж. Ысыккөл тажрыйба селекция станциясында чабан. Он төрт бала төрөп, тарбиялап өстүргөн. III даражадагы Эмгек Даңкы ордени, медалдар м-н сыйланган.



**АЛИЕВ Сады** (1924-ж. т., Аксуу р-ну, Кайырмарык айылы – 1984-ж. ошол эле жерде) – юрист, КМУну бүтүргөн (1960), 1944-ж. Пржевальск р-ндук Теплоключенка ж-а Талдысуу айылдарында прокурордун жардамчысы, 1944–47-ж. Сов. Армияда, 1947-ж. Ош обл-дагы Төлөйкөн р-ндук ички иштер бөлүмүндө тергөөчү, 1947–48-ж. Ош обл-к прокуратура бөлүмүндө прокурор-тергөөчү, 1949–50-ж. Тяньшань ж-а 1950–52-ж. Ысыккөл обл-к прокуратуранын тергөө бөлүмүнүн начальниги, 1952–55-ж. Фрунзе обл-к прокуратурада ага тергөөчү, жалпы көзөмөл бөлүмүндө

прокурор, 1955–59-ж. Ысыккөл обл-к прокуратурада ага тергөөчү, Пржевальск ш-нын прокурору, 1959–65-ж. Карасуу ж-а Тяньшань р-ндор аралык прокуратуранын прокурору, 1965–75-ж. Ысыккөл обл-к прокурордун жардамчысы, 1975–82-ж. «Ысыккөлсуукурулуш» трестинде юрист-кеңешчи. Кыргыз ССР Жогорку Совететинин Ардак грамоталары м-н сыйланган.



**АЛИЕВ Мамбет** (1935-ж. т., Аксуу р-ну, Черик айылы) – 1952–93-ж. Ысыккөл тажрыйба-селекциялык станцияда чабан. Октябрь революциясы, Эмгек Кызыл Туу ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**АЛИЕВ Эшимбек** (1932-ж. т., Аксуу р-ну, Бозучук айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги. 1951-ж. Каракол пед. окуу жайын (1951), ушул эле ш-дагы пед. ин-ту бүткөн (1973). 1951–52-ж. Баткен р-дагы орто мектепте мугалим, 1952–54-ж. Сов. Армияда, 1954–56-ж. Тоң р-дук орто мектепте мугалим, ушул эле р-до 1956–61-ж. керек-жарак коомунда сатуучу, 1961–69-ж. «Путь Ильича» с-зунда уста, 1969–92-ж. Бозучук орто мектебинде мугалим.



**АЛИКЕЕВ Үсөналы** (1928-ж. т., Аксуу р-ну, Чоңжергез айылы – 1997-ж. ошол жерде) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, Пржевальскидеги мугалимдер ин-тун (1951), Ош мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1965), 1946–49-ж. к-здо жумушчу, 1951–53-ж. Акталаа р-ндагы Үгүт, 1953–56-ж. Аксуу р-ндагы Зындан орто мектептеринде мугалим, 1956–88-ж. Ж. Субанбеков атн. орто мектепте мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы. Медалдар м-н сыйланган.

**АЛСЕИТОВА Тамара** (1956-ж. т., Аксуу р-ну, Бозучук айылы – 2006-ж. Бишкек ш.) – диктор, КРнын эмг. сиң. артисти, СССР телерадиосунун отличниги, Фрунзедеги политехн. ин-тун бүтүргөн (1980), 1982–2006-ж. Кыргыз мамл. телерадио коми-



тетинде дикторлук кесипти үзүрлүү аркалап, өз кесибинин чыгаан устаты катары жалпы журтка таанылган. Күмүш аваз диктор акыркы жылдары журналисттик кесипти да аркалап, Кыргыз радиосунун «Казына» чыгармачылык бирикмесинде эмгектенип, «Тааныш үндөр», «Көгүлтүр экрандын көркү», «Баба-Мурас», «Кыргыз радиосунун тарыхынан» аттуу автордук уктурууларын даярдап келген. Анын көркөм окуусунда залкар жазуучу Ч. Айтматовдун, Э. Хемингуэйдин, Т. Сыдыкбековдун, академик К. Карасаевдин, А. Осмоновдун, А. Токомбаевдин, К. Тыныстановдун залкар чыгармалары Кыргыз радиосунун «Алтын казынасына» кабыл алынган. «Кыргызфильм» киностудиясында Т. Алсеитованын үнү м-н жүздөгөн көркөм фильмдер кыргызчаланып, кинодубляж жаатында да зор эмгек сиңирген.



**АЛСЕИТОВА Чолпон** (1969-ж. т., Аксуу р-ну, Тегизчил айылы) – ырчы, Кыргыз Улуттук филармониясынын алдындагы эстрадалык студиясын (1988), КМУну бүтүргөн, эл алдында өзүнүн назик, уккулуктуу үнү м-н эл урматтаган эстрада ырчысы. 2000-жылы Кыргыз телерадиосу уюштурган фестивалда «Жылдын эң мыкты аткаруучусу» деген наамга татыктуу болгон. 2001-жылы «Ысыккөл» эларалык эстрада телефестивалында 2-орунга татыктуу болгон.



**АЛЫМБАЕВА Алтынкан** (1938-ж. т., Аксуу р-ну, Соколовка айылы) – саанчы, Телегей атн. сыйлыктын лауреаты, 1956–94-ж. «Каракол» с-зунда саанчы. Ленин, Эмгек Кызыл Туу, Октябрь революциясы, «Ардак белгиси» ордендери, медалдар, КПСС БКнын Ардак грамоталары менен сыйланган.

**АЛЫМБЕКОВ Рахмат** (1941-ж. т., Аксуу р-ну, Ичкежергез айылы) – инженер, Фрунзедеги К. Скрябин атн. Кыргыз а. ч. ин-тун бүтүргөн (1969), 1969–78-ж. «Путь



Ильича» к-зунда башкы инженер, бөлүмдүн башкаруучусу, 1978–81-ж. Ысыккөл обл-к а. ч. башкармалыгынын башкы инженери, 1981–84-ж. «Путь Ильича» с-зунун профсоюз комитетинин төрагасы, автогараждын башчысы, 1984–96-ж. Аксуу р-ндагы Ичкежергез айыл кеңешинин аткаруу комитетинин төрагасы, 1996–97-ж. Бозучук айыл кеңешинин төрагасы, 1997–2002-ж. Бозучук айыл өкмөт башчысынын орунбасары. Медалдар м-н сыйланган.



**АЛЫМБЕКОВ Кеңешбек** (1951-ж. т., Аксуу р-ну, Ичкежергез айылы) – мамл., коомдук ишмер. КРнын билим берүү ж-а КРнын илим, билим профсоюздук кыймылынын отличниги. КМУну бүткөн (1974), техника ил. кандидаты (1986). Россия пед. ж-а социалдык илимдер Академиясынын мүчө-корреспонденти; КРнын Журналисттер союзунун мүчөсү; Кырг-ндын Тынчтык фондунун төраганын орунбасары; «Боорукер» кайрымдуулук фондунун аткаруучу директору; «Кыргыз-Словакия» достук коомунун вице-президенти. 1974–79-ж. ошол эле ун-тин «Сооданын экономикасы ж-а товар таануу» кафедрасында окутуучу, 1984–86-ж. Москвадагы сов. соода ин-тунун окутуучусу, ага окутуучусу, 1986–94-ж. КУУнун «Товар таануу» кафедрасынын башчысы. Ал эми 1994–97-ж. Кыргыз Өкмөтүнүн стандартташтыруу ж-а метрология инспекциясында төраганын орунбасары, 1997–99-ж. Россия Мамстандартынын Стандарт, Метрология ж-а Сертификаттоо Академиясынын директору, директордун орунбасары кызматтарын өтөгөн. 1999-ж. Бишкек мамл. экономика ж-а соода иши ин-тунун илимий иштери б-ча проректор, о.э. 2003-жылдан Бишкек экономика ж-а ишкердүүлүк ун-нин биринчи проректору, учурда Россиянын мамл. соода-экономика ун-нин Бишкектеги филиалынын директору, профессор.

**АЛЫМБЕКОВ Эркинбек** (1961-ж. т., Аксуу р-ну, Жаңыарык айылы) – коомдук, саясий ишмер, Мамлекеттик кызматтын 2-класстагы мамл. кеңешчиси, Москва ш-дагы С. Орджоникидзе атн. башкаруу ин-тун бүткөн (1983), 1983–



84-ж. Кыргыз а. ч. министрлигинде экономист, 1984–87-ж. Фрунзе бут кийим бирикмесинде инженер-экономист, цехтин начальниги, 1987–88-ж. комсомолдун Свердловск р-дук комитетинин 1-катчысы, 1990–92-ж. Кичибизнес Ассоциациясынын менеджери, 1972–94-ж. «Азия инвест» АКнын башкармалыгынын төрагасы, 1994–99-ж. Көзкарандысыз юристтер Ассоциациясынын вице-президенти, 1999–2000-ж. КРнын аппаратында өн. жай бөлүмүнүн сектор башчысы, 2000–2001-ж. Бишкек ш-дагы Октябрь р-дук администрация башчысынын биринчи орун басары. 2001–2002-ж. КРнын Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасынын жардамчысы, 2002–2004-ж. «Центрально-Азиатская топливная компания» АК башкармалыгынын төрагасы, 2004–2005-ж. «Каракол» коомдук фондунун президенти, 2005-жылдан КРнын ЖКне депутат, вице-спикер.

**АЛЫМОВ Абдылда** (1923-ж. т., Аксуу р-ну, Курбу айылы – 2004-ж. ошол эле жерде) – Фрунзедеги а. ч. кызматкерлерин даярдоо курсун бүткөн (1944), 1942–44-ж. Ата Мекендик согушка катышкан. 1944–56-ж. Түп р-ндагы «Үлгү» к-зунда ж-а Каракол с-зунда агроном-бригадир, 1956–83-ж. Курбу айылында иштеген. 1-даражадагы Ата Мекендик согуш ордени, меделдар м-н сыйланган.





**АЛЫШБАЕВ Жумагул** (1922-ж. т., Аксуу р-ну, Керегеташ айылы – 1969-ж. Бишкек ш.) – экономист, Кырг-н ИАнын академиги (1954), проф. (1966). Улуу Ата Мекендик. согуштун катышуучусу. Каракол пед. окуу жайын бүткөндөн кийин (1939) Кочкор р-нунда орто мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы, 1945–47-ж. Талас обком комсомолунун катчысы, Кырг-н ЛКЖС БКнын катчысы, 1953–54-ж. Респ-лык партиялык мектептин директору, 1955–58-ж. Кырг-н ИАнын коомдук илимдер бөлүмүнүн академик-катчысы, вице-президенти, 1958–68-ж. Экономика ин-тунун

сектор башысы, 1968–69-ж. Кыргыз Энциклопедиясынын башкы редакторунун орунбасары, Саяий экономия, Кыргызстандын экномикасы (а. и. Ысыккөл об-сунун) б-ча 200дөн ашык ил. эмгектери бар. «Чоң Нарын проблемлары» (1968), «Кыргызстандын өнөр жайларынын негизги тармактарынын өнүгүүсү ж-а жайгаштырылыш келечеги» (1963), «Кыргызстандын электр энергетикасын өнүктүрүү ж-а жайгаштыруу» (1963), «Түндүк Кыргызстандын комлпексин түзүү перспективалары» (1964), «Кыргыз ССРинде химия өнөр жайынын өнүгүү перспективасы» (1964) ж. б. эмгектеринде Кыргызстанда ө. ж. курулушу ж-дөгү маселелер каралып, ө. ж-дын рационалдуу өнүгүү багыты, ыңгайлуу жайгаштыруу жолдору далилденген. Кызыл Жылдыз, эки жолу 2-даражадагы Ата Мекендик согуш, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. Керегеташ айылына бюсту орнотулган, ысмы ошол жердеги мектепке коюлган.



**АМАНКУЛОВА** Шарипа (1943-ж. т., Каракол с-зу) – мугалим. КРнын эл агартуусунун отличниги, Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүткөн (1966), 1966–67-ж. Пржевальскидеги Некрасов атн., 1967–68-ж. Фрунзедеги № 1 орто мектепте мугалим, 1968-ж. бери (мурунку Полит-к тех-да) азыркы Бишкек политехникалык колледжинде окутуучу, билим берүү бөлүмүнүн башчысы, 1974–76-ж. Йемен Араб Респ-нда иштеген.



**АНДАГУЛОВ** Муса (1934-ж. т., Ново-вознесеновка р-ну, Зындан айылы) – мал чарба устаты. 1957–91-ж. Зындан айылында чабан болуп эмгектенген. Мал чарбасында узак жылдар бою үзүрлүү эмгектендиги үчүн Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

**АПАЗОВ** Жыргалбек (1946-ж. т., Аксуу р-ну, Шапак айылы) – журналист, Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1969), 1969–74-ж. Атбашы р-ндагы Калинин атн. орто мектепте мугалим, 1974–89-ж. Ысыккөл обл-к «Ысыккөл правдасы»



газетасында корректор, газет чыгаруучу, кабарчы, жооптуу катчы, бөлүм башчы, редактордун орунбасары, 1989–93-ж. Аксуу р-ндук «Мезгил жарчысы» газетасында бөлүм башчы, 1993-жылдан Ысыккөл телерадио компаниясында ага редактор. «Көл таңы», «Ырларым – менин сырларым» ж. б. ыр жыйнактарынын автору.



**АПИЕВ Жекшен** (1929-ж. т., Аксуу р-ну, Жолколот айылы) – жумушчу, Пржевальскидеги кесипчилик окуу жайын бүтүргөн (1948), 1941–45-ж. к-здо иштеген, 1948–90-ж. Пржевальск ш-ндагы өрттөн сактоо бөлүмүндө, кирпич заводунда электрик болуп эмгектенген. «Ардак белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.



**АПЫЛОВ Шайымбек** (1936-ж. т., Аксуу р-ну, Акбулуң айылы) – киноматограф, КРнын мад-тына эмг. сиң. ишмер, КМКну (1958), Москвадагы Бүткүлсоюздук мамл. киноматография ин-тун бүтүргөн (1964), 1963–66-ж. Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин алдындагы киноматография б-ча мамл. комитетинин башкы редактору, 1966–72-ж. «Кыргызфильм» киностудиясында редактор-информатор, кинохроникалык режиссеру, 1972–76-ж. үчүнчү категориядагы, 1976–83-ж. экинчи категориядагы ж-а 1983–93-ж. биринчи категориядагы хроникалык-даректүү фильмдердин режиссеру, 1993–96-ж. кинорежиссер, Киноматографисттер союзунун конфедерациясынын мүчөсү. «Кыял», «Жаштар – Жаштарга», «Жайлоо ж-а чөпчабык», «Кыйыр», «Чоорчу» фильмдери бар. СССР ВДНХнын алтын медалы м-н сыйланган.

**АРНАЛИЕВ Керимбек** (1937-ж. т., Аксуу р-ну, Чолпон айылы) – экономика ил. кандидаты (1973), КРнын эмг. сиң. экономисти, Каракол пед. окуу жайын (1956), 1961-ж. КМУну бүтүргөн. Ошол эле жылы Тоң р-дагы «Улахол» с-зунда башкы экономист. 1963–69-ж Жетөгүз колхоз-совхоз өнд-



түк башкармасында улук, Тоң р-дагы Ленин атн. к-здо башкы экономист, 1969–1973-ж. КРнын ИАнын экономика ин-нун аспирантурасында, ошол эле учурда аталган ин-та илимий кызматкер, 1975–90-ж. Жетөгүз ж-а Аксуу р-дагы чарбаларында башкы экономист, с-здун директору, р-дук агроөнөржай бирикмесинин төрагасынын орун басары болуп эмгектенген. 1990–96-ж. Рынок мамилелерин киргизүү б-ча Ысыккөл обл-тык бөлүмүнүн башчысы. 1996-жылдан «Калыс» д/ч. жетекчиси. КПСС БКнын, СССР Министрлер Советинин, ВЦСПСтин Ардак грамоталары м-н сыйланган.



**АРЫНОВ Темиркул** (1958-ж. т., Аксуу р-ну, Керегеташ айылы) – механик, физико-математ. ил. кандидаты, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, КМУну (1980), Кыргыз ИАнын автоматика ин-тунун аспирантурасын бүтүргөн (1983), 1983–94-ж. Кыргыз ИАнын автоматика ин-нда инженер, Сов. Армияда, аталган ин-тта кенже ил. кызматкер, 1994–96-ж. К. Скрябин атн. а. ч. ин-нун доценти, 1996–2000-ж. Чүй ун-нде проректор, 2000–2001-ж. Кыргыз-Кувейт ун-нин проректору, 2001–2005-ж. КМУнун доценти, 2005-жылдан Бишкектеги И. Арабаев атн. ун-нин жаңы информациялык технология ин-тунун директору.



**АРЫНОВ Асанбай** (1930-ж. т., Аксуу р-ну, Керегеташ айылы – 1983-ж. ошол жерде) – илимпоз, КРнын билим берүүсүнүн отличниги. Каракол мамл. пед. ин-тун (1949), КМУну бүткөн (1956), техн. ил. доктору (1959), физика-математика ил. доктору (1961), 1949–56-ж. Аксуу р-ндагы Сарыкамыш орто мектебинде мугалим, 1959–83-ж. КМУнун теориялык физика кафедрасынын башчысы.

**АРЫКБАЕВ Сыргак** (1929-ж. т., Аксуу р-ну, Кайырмарык айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги. Фрунзе ш-ндагы мамл. пед. ин-тун бүткөн (1952), 1952–56-ж.



Пржевальск ш-ндагы пед. окуу жайында мугалим, директордун орунбасары, 1956–61-ж. Аксуу р-дагы Сарыкамыш орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы, 1961–73-ж. Каракол р-дук билим берүү бөлүмүнүн башчысы, Аксуу р-дагы Сарыкамыш орто мектебинин директору, 1973-жылдан Кайырмарык орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы болгон. Медалдар м-н сыйланган.



**АСАНАЛИЕВ Шайкожо** (1933-ж. т., Түп р-ну, Ворошилов айылы) – 1955–56-ж. Аксуу р-ндагы «Каракол» үрөнчүлүк чарбасында тракторист, 1956–92-ж. ошол эле чарбанын № 2-фермасында баш чабан. Эки жолу «Ардак белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.



**АСАНАЛИЕВ Насретдин** (1958-ж. т., Аксуу р-ну, Каракыз айылы) – Каракол ш-ндагы кесипчилик-техн. окуу жайын бүтүргөн (1976), 1979-жылдан «Ысык-көл» с-зунда механизатор. II даражадагы Эмгек Даңкы ордени м-н сыйланган.



**АСАНАЛИЕВ *Жумаш*** (1923-ж. т., Аксуу р-ну, Отузуул айылы – 1944-ж. коюлган жери белгисиз) – Сов. Союз. Баатыры (22.07. 1944). 1942-ж. Кызыл Армиянын катарына чакырылган. 1943-ж. мартта согушка кирген. 1-Балтика фронтунун 6-гвардиялык армиясынын 67-гвардиясынын аткычтар дивизиясынын 199-гвардиялык аткычтар полкунда пулемётчу болгон. 1944-ж. 24-июнда Батыш Двина д. аркылуу Лабейка айылы тушта (Шумлинск р-ну, Витебск облусу) пулемёту м-н 1-болуп өтүп, гитлерчилердин

контрчабуулуна каршы салгылашкан. Станоктуу пулемётунун бүткүл расчёту катардан чыккан соң жалгыз калып, фашисттер жакындап келгенде акыркы гранатасын жардырып, айланасындагы фашисттерди кырып өзү да курман болгон. Туулган айылында бюсту, Лабейка айылында обелиск орнотулган. Анын аты м-н Минскиде көчө, туулган жеринде орто мектеп аталган, айылдагы үйүнө мемориалдык такта орнотулган, музейи бар.



**АСАНБАЕВ Аликамал** (1921-ж. т., Аксуу р-ну, Жолколот айылы – 1997-ж. ошол эле жерде) – мугалим. Фрунзедеги пед. ин-ту бүтүргөн. Жалпысынан 48 жыл билим берүү тармагында эмгектенген. Анын жыйырма эки жылы Саруу, Талап, Барскоон, Жетөгүз, Маман, Жолколот, Кайырмарык, Ичкежергез мектептеринде директор болгон. Медалдар м-н сыйланган



**АСАНБАЕВ Касымбек** (1934-ж. т., Челпек айылы) – Москва ш-ндагы Н. Э. Бауман атн. МВТУну бүткөн (1958), 1958–85-ж. Карабалта ш-ндагы № 14 Борбордук илим изилдөө лабораториясында конструктор, 1985–92-ж. Пржевальскидеги ЭТЗда, Рембытехникада, К. Тыныстанов атн. Ысыккөл мамл. ун-де, «Челпек» агрофирмасында иштеген. Бир нече конструктордук ачылыштардын күбөлүктөрүнүн автору. Медалдар м-н сыйланган.



**АСАНБАЕВ Темиркасы** (1934-ж. т., Жетөгүз р-ну, Саруу айылы – 1971-ж. ошол эле жерде) – 1961–71-ж. «Жыргалаң» шахтасында өткөөлчүлөр бригадасынын бригадири. Кызмат учурунда кырсыктан каза болгон. Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.



**АСАНБАЕВА Халима** (1943-ж. т., Челпек айылы) – дарыгер, КРнын саламаттыкты сактоосунун отличниги (1998), Фрунзе ш-ндагы Кыргыз мамл. мед. ин-тун бүтүргөн (1967). 1967–97-ж. Пржевальскидеги мед. окуу жайында мугалим, 1997–98-ж. Ысыккөл обл-тык ооруканада, төрөт үйүндө дарыгер болуп иштеген.



**АСАНКОЖОЕВ Толукбай** (1932-ж. т., Аксуу р-ну, Ичкежергез айылы) – мугалим, Пржевальскидеги мугалимдер ин-тун (1951), Ташкенттеги Жогорку партиялык мектепти бүтүргөн (1963). 1951–55-ж. Баткен р-ндагы В. Ленин атн. орто мектепте мугалим, 1955–59-ж. партиянын Баткен р-ндук комитетинде саясий-агартуу кабинетинин башчысы, 1964–66-ж. Түп р-ндук мад.т бөлүмүнүн башчысы, 1966–68-ж. Ичкежергез ж-а Нововознесеновка орто мектептеринде окуу бөлүмүнүн башчысы, 1968–71-ж. Бозучук 8 жылдык мектебинде директор, 1973–77-ж. партиянын Аксуу р-ндук комитетинин саясий-агартуу кабинетинин башчысы, 1977–92-ж. Нововознесеновка орто мектебинин директору, тарых мугалими.



**АСАНКУЛОВ Жолоочу** (1957-ж. т., Аксуу р-ну. Бозучук айылы) – инженер-механик, Фрунзедеги политехн. ин-тту (1979), КМУУну бүтүргөн (1998), техн. ил. кандидаты (1992), инженердик Академиянын корреспондент-мүчөсү (1998), 1979–93-ж. ФПИде инженер, КРнын ИАнын автоматика ин-нда кенже ил. кызматкер, инженер, аспирант, 1993–96-ж. КРнын билим ж-а илим министрлигинде жетектөөчү адис, ЖОЖдор башкармалыгынын начальниги, Ысыккөл борборунун директору, КМУУнун «Мамл. укук» кафедрасынын улук окутуучусу. 19 ил. эмгектин, 1 монографиянын автору.

**АСАКЕЕВ Илис** (1941-ж. т., Аксуу р-ну, Чолпон айылы – 1992-ж. ошол эле жерде) – соода кызматкери, Фрунзедеги кооператив техн-мун (1960), Львов ш-ндагы соода-эко-



номикалык ин-тун бүтүргөн (1967), 1960–61-ж. Кудургу керек-жарак коомунда соода башчысы, 1961–62-ж. Талдысуу сельпосунда товар жүгүртүүчү, 1967–70-ж. Тоң ж-а 1970–71-ж. Түп р-ндук керек-жарак союздарында төраганын орунбасары, 1971–89-ж. Ысыккөл обл-к керек-жарак союзунда төраганын орунбасары, төрага, 1989–92-ж. ошол эле союздун р-ндор аралык соода базасынын директору. Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.



**АСАНОВ Сагындык** (1922-ж. т., Аксуу р-ну, Жаңыарык айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Караколдогу мугалимдер ин-тун (1948), КМУну бүтүргөн (1960), 1949–52-ж. Жаңыарык орто мектебинде мугалим, 1953–90-ж. Ташкыя, Жаңыарык орто мектептеринде мугалим. Коомдук иштерге активдүү катышкан. Медалдар м-н сыйланган.



**АТАБАЕВ Аксуубай** (1943-ж. т., Аксуу р-ну, Акбулуң айылы) – обончу, ырчы, КРнын Эл артисти (2002), КРнын маданиятка эмг. сиң. ишмери (1988), 1968-ж. М. Күрөңкев атн. музыкалык окуу жайынын хор ж-а эл аспаптар бөлүмүн бүткөндөн кийин Кыргыз мамл. драма театрда, 1972-жылдан Т. Сатылганов атн. Кыргыз мамл. филармонияда солист, 1975–80-ж. Б. Бейшеналиева атн. искусство ин-тунда окуган, 1980-жылдан кайрадан филармонияда солист, 1982-жылдан бери Респ-лык кесипчилик-техникалык билим берүү Маданият сарайынын директору. А. 60-жылдары обончулук өнөрдүн жаңы баскычына көтөрүлгөн. Белгилүү обондору ж-а ырлары: «Курбуларым», «Эне жөнүндө баллада», «Тоолор», «Он сегиз жаш», «Айгүл», «Таалайбек», «Жүрөк эңсейт», «Үйлөнүү тою», «Элегия» ж. б.



**АТАБАЕВ (Кеңешбай) Жыйналыш** (1946-ж. т., Аксуу р-ну, Акбулуң айылы – 1999-ж. ошол эле жерде) – КРнын а. ч. эмг. сиң. кызматкер, Фрунзедеги К. Скрябин атн. а. ч. ин-тун бүтүргөн (1970), 1970–80-ж. ички иштер бөлүмүндө, 1981–95-ж. Аксуу р-ндагы «Түргөн» с-зунда башкы гидротехник болуп иштеген. Анын демилгеси м-н аталган с-здо 37 гидртехникалык чакан курулуштар курулуп, чарбада биринчи жолу сугат иштери үчүн «ДДА–100М» жаадырып сугаруучу машиналары пайдаланууга берилген. Жаңы казылган каналга демилгечинин эмгегин баалап, айылдаштары «Кеңешбай канал» деген ат берген. Тоо жайыттарын натыйжалуу пайдалануу үчүн чарба ичиндеги жолдорду реконструкциялоого да демилгечи болгон. Жалпы узундугу 55 км жол ондолуп, кол жетпеген жайыттарга жол ачылган.



**АТАМБЕКОВ Үсөн** (1941-ж. т., Аксуу р-ну, Кызыл Октябрь айылы) – 1958–62-ж. Аксуу р-ндагы «Жаңыжылдыз» к-зунда жумушчу, 1962–76-ж. «Заря Коммунизма» к-зунда чабан, 1976–2001-ж. «Живпромдо» чабан. Элдердин Достугу ордени, медалдар м-н сыйланган.



**АТЫГАЕВ Жапар** (1958-ж. т., Аксуу р-ну, Тегизчил айылы – 1999-ж. ошол эле жерде) – мугалим, Пржевальск пед. окуу жайын бүтүргөн (1975), 1975–85-ж. № 11-СПТУда мугалим, 1985–92-ж. Каражал орто мектебинде мугалим, 1992-ж. Тегизчил айылындагы «Адилет» кыймылын уюштуруп, анын жетекчиси болгон, Үркүнгө арналган «Өмүр көчү» жүрүшүн уюштуруучулардан, 1996–99-ж. Адам укугу боюнча коргоо комитетинин Ысыккөл обл-к координатору. Айылдын бир көчөсүнө ысымы коюлган.

**АТЫШЕВА Калича** (1932-ж. т., Аксуу р-ну, Акбулуң айылы) – жумушчу. 1951–53-ж. Тасма, Жыргалаң к-унда жумушчу, 1953–56-ж. Шапак айылында механизатор, 1956–88-ж.



Шапак ж-а «1-Май» к-здорунда саанчы. К-з өндүрүшүн жогорулатууга кошкон салымы үчүн «Ардак белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган. КПССтин XXVI ж-а Кыргыз ССРинин XV съезддерине делегат болгон.



**АШКЕЕВ Ысмаил** (1912-ж. т., Аксуу р-ну Бозучук айылы) – Пржевальск, Нововознесеновка р-ндорунда прокурор болуп иштеген, 1941–45-ж. Ата Мекендик согушка катышып, бир бутунан ажырап келген, андан соң Нововознесеновка, Пржевальск р-ндорунда прокурор, прокурордун орунбасары, Түп р-ндагы «Путь Ильича» к-зунда текшерүү комиссиясынын төрагасы болуп өмүрүнүн акырына чейин иштеген. Кызыл Жылдыз ордени, медалдар м-н сыйланган.

**АШУБАЕВ Жекшен** (1912-ж. т., Аксуу р-ну, Маман айылы – 1943-ж. Ростов-на-Дону) – жазуучу, Түп р-ндагы а. ч. техн-мун бүтүргөн (1930), 1930–37-ж. Кочкор р-ндагы «Кочкор» ж-а Жетөгүз р-ндагы «Оргочор» с-здорунда комсомол комитетинин саясий бөлүм башчынын орунбасары, 1937–39-ж. комсомолдун Каракол р-ндук комитетинин катчысы, ВЛКСМдин Кыргыз об-нун катчысы, 1938–41-ж. Кыргыз Эл Советинин алдындагы искусство иштери б-ча башкармасынын начальниги, Кырг-н Жазуучулар союзунун ж-а «Советтик адабият жана искусство» журналынын аппаратында, Чүй р-ндук эл агартуу бөлүмүндө жооптуу кызматкер, 1941–43-ж. Ата Мекендик согушка катышкан. Мекенди коргоо үчүн болгон согушта баатырдык м-н курман болгон. 1939-ж. «Терең кечүү», 1940-ж. «Кайырдуу достор» аттуу китептери чыккан.



**АШЫМБАЕВА Бурулуш** (1948-ж. т., Аксуу р-ну, Кайырмарык айылы) – мугалим, КМУну бүтүргөн (1970), 1970–79-ж. аталган ун-тин илимий китепканасында иштеген, 1979–90-ж. Талас обл-дагы Ленинполь (азыркы Бакайата) р-ндук элге билим берүү бөлүмүндө методист,

1990–94-ж. обл-к китепканада ага китепканачы, 1994-жылдан «Актилек» фирмасында эмгектенет. «Ыйык сезим» аттуу ыр китепчесинин автору.



**АШЫМБАЕВ Калканбай** (1932-ж. т., Аксуу р-ну, Кайырмарык айылы) – жазуучу, сатирик. КРнын эл агартуусунун отличниги (1992), КРнын маданиятка эмг. сің. ишмери (1992), 1952-ж. Каракол мугалимдер ин-тунун физика-математика факультетин, КМУнун филология факультетин бүтүргөн (1966), 1952–59-ж. Кочкор р-нунун мектептеринде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, 1959–63-ж. «Ленинчил жаш» гезитинде, 1963–65-ж. «Ден соолук» журналында, 1965–68-ж. «Мугалимдер гезитинде», 1968–81-ж. «Кыргыз маданиятында» адабий кызматкер, бөлүм башчы, 1981–83-ж. «Мектеп» басмасында улук редактор, 1981–92-ж. «Чалкан» журналында бөлүм башчы, 1992–94-ж. башкы редактор. Чыгармалары басма сөзгө 1955-жылдан жарыялана баштаган. Алгачкы повести ж-а аңгемелер жыйнагы «Көк конверт» 1963-ж. жарык көргөн. «Алачык» (1969), «Жарты жан» (1970), «Сокмо көйнөкчөндөр» (1970), «Жанчар» (1974), «Болоттун куймасы» (1975), «Жолдогу өмүр» (1978), «Насаатчы» (1981), «Кантсин бечара» (1987) аттуу аңгемелер, повесттер, сатиралар, такмазалар, очерктер ж. б. жыйнактардын автору. 1983-ж. «Интергельпо» аттуу романы жарык көргөн. Анда 20-жылдары кыргыз жергесине келген чех ж-а словак жумушчуларынын жерг. улут м-н бирге респ-нын ө. ж-н куруууга катышкан эрдиктери баяндалган. А. чыгаан фельетончу, сатирик ж-а публицистикачы катары да окурмандарга кеңири белгилүү. Медалдар м-н сыйланган.



**АШЫМБАЕВ Мамбеталы** (1897-ж. т., Кайырмарык айылы – 1969-ж. ошол эле жерде) – манасчы, жаш кезинде белгилүү манасчылар Чоюке, Шапак Ырысменде уулу, Дыйканбай Тойчубек уулу, Назар, Жүгөрү, жөө жомокчу Кайдулалардан таалим алып, манасчы атыккан. 1938-ж. Караколдогу «Колхоз» театрын түптөгөндөрдүн катарында болгон. 1939-ж. Москва-

да өткөрүлгөн Кыргыз адабияты ж-а искусствосунун алгачкы декадасына катышып, Кремлде «Алмамбеттин жомогун» айткан. 1962–67-ж. М-дан «Манас» үчилтигин жазып алуу жүргүзүлгөн. Анын «Манас» айтуу чеберчилиги жөнүндө кыргыз манас изилдөөчүлөрү тарабынан кеңири жазылган. М. тууралуу «Мамбеталынын айткандары» аттуу көркөм китеп жарыкка чыккан. Медалдар м-н сыйланган.



**АШЫМБАЕВ Канатбек** (1961-ж. т., Аксуу р-ну, Кайырмарык айылы) – журналист, КМУну бүтүргөн (1983), 1983–87-ж. Ысыккөл обл-к «Ысыккөл правдасы» газетасында кабарчы, 1987–89-ж. Түп р-ндук «Коммунисттик эмгек» газетасында редактордун орунбасары, 1989–93-ж. Ысыккөл обл-к телерадио комитетинин башкы редактору, 1993–97-ж. Аксуу р-ндук «Мезгил жарчысы» газетасынын башкы редактору, 1997–98-ж. обл-к «Ысыккөл кабарлары» газетасынын жооптуу катчысы, 2002-жылдан обл-к «Ысыккөл үнү» эркин газетасынын башкы редактору. «Ачкүсөн» аттуу сатиралык аңгемелер жыйнагынын автору.



**АШЫРОВ Шамбет** (1924-ж. т., Аксуу р-ну, Сарыкамыш айылы) – Кырг-н КП БКын алдындагы партиялык мектепти бүтүргөн (1958), 1939–40-ж. айыл советинде катчы, 1942–49-ж. Ата Мекендик ж-а Япония м-н болгон согуштарга катышкан, 1949–50-ж. Аксуу р-ндук соц. камсыздоо бөлүмүндө, 1950–55-ж. Ысыккөл обл-к комитетинде инструктор, 1960–70-ж. Аксуу р-ндагы В. Ленин атн. к-здо парткомдун катчысы. Ата Мекендик согуш, Кызыл Жылдыз ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**АШЫРОВ Дүйшөбек** (1933-ж. т., Аксуу р-ну, Сарыкамыш айылы) – 1949-ж. Новонесеновка р-ндагы РТСте тракторист, Сарыкамыш айылында, Ысыккөл с-зунда комбайнер, Сарыжазда айдоочу. 2 жолу Ленин, 2 жолу Эмгек Кызыл Туу, Октябрь Революциясы ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**АЧАКЕЕВ Курмангалый** (Жетөгүз р-ну, Шалба айылы) – КРнын өнөр жайына эмг. сиң. кызматкер, Москвада Бауман атн. жогорку техн. окуу жайын (1978), Фрунзе политехн. ин-тун бүтүргөн (1983), 1983–86-ж. «Жыргалаң» шахтасында тоо мастери, башкармалыктын начальнигинин орунбасары, начальник, сменанын начальниги, 1986–90-ж. профсоюз комитетинин төрагасы, 1990–2000-ж. «Жыргалаң» шахтасынын директору. Париж Алтын медалы м-н сыйланган.



**АХМЕДОВ Ахмеджан ажы** (1955-ж. т., Аксуу р-ну, Жаңыарык айылы) – Жалалабат ш-ндагы № 1-кесиптик-техникалык окуу жайын (1977), Бишкек ш-ндагы Махемед Сауд-Бин ун-тинин 2 жылдык курсун бүтүргөн (1991), 1974–83-ж. Жалалабат ш-ндагы автоагрегаттык заводдо ширетүүчү, 1983–90-ж. Ысыккөл тажрыйба селекция станциясында ширетүүчү, 1988–90-ж. Караколдогу Дауд ажынын диний таалимин алган, 1990–96-ж. Челпек, Ташкыя, Бурмасуу айылдарында имам, 1996-жылдан Имам-Хатиб болуп кызмат өтөйт.



**АХМЕДОВ Махмут** (1930-ж. т., Челпек айылы) – мугалим. КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Каракол пед. окуу жайын (1948), Пржевальск мугалимдер ин-тун бүтүргөн (1957). 1957-ж. Ош обл-дагы Ноокат р-нун «Кыркол» толук эмес орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы, директор, 1957–75-ж. Пржевальскидеги Т.Сатылганов атн. мектеп-интернатта мугалим, тарбиячы, 1975–92-ж. Аксуудагы балдар үйүндө мугалим, тарбиячы.

**АХМЕДШАРИПОВ Абдыкадыр** (1911-ж. т., Челпек айылы – 1992-ж. ошол эле жерде) – мугалим, СССР эл агартуусунун отличниги, Тажик ССРине эмг. сиң. мугалим, Ленинград ш-ндагы Түндүк Совет элдеринин аз улуттары үчүн мугалим-



дер ин-тун бүткөн. 1936–43-ж. Алай р-ну, Гүлчө айылында мугалим, 1943–80-ж. Тажикстандагы, Тоолуу Бадахшан автономиялык обл-нын Мургаб р-ндагы Мургаб ш-ндагы № 1-орто мектепте директор. Ушул мектепке кийин Ахмедшарипов Абдыкадырдын ысымы берилген. Тажикстандагы кыргыздардын билимин өстүрүүгө, тилин, каада-салтын сактап калууга көп күч-аракет жумшаган.



**АЮПОВ Анварбек** (1955-ж. т., Фрунзе ш.) – мугалим, тарых ил. кандидаты. КМУну бүткөн (1977). 1978-ж. Мамл. борбордук архивде, 1982-ж. Стат. башкармачылыгында ага экономист, 1991-ж. КМУда мугалим, 1993-ж. Кыргыз спорт камсыздандыруу башкармачылыгында начальниктин орун-басары, 1990-жылдан жеке ишкер. Сууга сүзүү б-ча спорттун мастерлигине кандидат.



**АЮПОВ Асылбек** (1950-ж. т., Пржевальск ш.) – профессор, КМУну бүтүргөн (1972). 1972–90-ж. Кыргыз ССРинин госпланында экономист ж-а математикалык экономиканын пландаштыруу методикасынын ил. изил. ин-да ил. кызматкер, 1990–92-ж. Кыргыз ССРинин Совет Министринин төрагасынын орунбасарынын жардамчысы, экономика реформасынын мамл. комиссиясынын төрөгасы, 1992–94-ж. КРнын Президентинин ишкерлер кеңешинин аткаруу бюросунун директору, 1994–98-ж. Чүй акционердик «Аларча» чарба финансылык кооперациясынын генералдык директору, 1998–2000-ж. биргелешкен «ЭВИ-автоцентр» кыргыз-герман-югославия-казак экономикалык суроолор боюнча президенттин кеңешчиси. 2000-жылдан Кыргыз-Россия-Славян ун-де (КРСУ) дүйнөлүк экономикалык кафедрасынын доценти, «Регионалдык экономика» кафедрасынын башчысы.



**АЮПОВА Калима** (1918-ж.т., Ташкыя айылы) – мугалим, КРнын эмг. сиң. мугалими, Ташкент ш-дагы Орто Азия пахтачылык ин-тун алдындагы жумушчу факультетин, Кыргыз мамл. пед. ин-тун бүткөн (1941), Балыкчы ш-ндагы Толстой атн. толук эмес орто мектепте мугалим болуп иштеген. 1941-ж. Фрунзедеги А.С. Пушкин атн. № 5-кыргыз мектебинде мугалим болуп өмүрүнүн акырына чейин эмгектенген.



**БАЙСЕИТОВ Абыл** (1933-ж. т., Аксуу р-ну, Керегеташ айылы – 1996-ж. ошол эле жерде) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги (1972). Пржевальск ш-ндагы мамл. пед. ин-ту (1951), КМУну бүткөн (1967), 1951–52-ж. Керегеташ жети жылдык мектебинде мугалим, 1952–54-ж. Сов. Армиянын катарында, 1954–56-ж. Керегеташ айылындагы академик Ж. Алышбаев атн. орто мектебинде мугалим, 1964–80-ж. жогоруда аталган мектепте окуу-тарбия иштери б-ча директордун орунбасары, директор, 1980-жылдан ушул эле мектепте директордун орунбасары, 1980–93-ж. Керегеташ айыл кеңешинин аткаруу комитетинин төрагасы. Медалдар м-н сыйланган.



**БАЙСЕИТОВ Жолдошбек** (1957-ж. т., Аксуу р-ну, Керегеташ айылы) – экономист, КМУну бүтүргөн (1979), 1979–81-ж. Кыргыз а. ч. министрлигинин эмгекти ил. уюштуруу Борборунун башкы экономисти, 1981–88-ж. с-здор б-ча Ысыккөл трестинин ага экономисти, Аксуу р-ндагы «Путь Ильича» с-зунун башкы экономисти, ошол эле с-здун профсоюз комитетинин төрагасы, 1989–90-ж. партиянын Аксуу р-мунун уюштуруу бөлүмүнүн инструктору, 1990–93-ж. мамл. салык инспекциясынын Аксуу р-ну б-ча начальниги, 1993–97-ж. «Ысыккөл» с-зунун директору, «Кыдыр аке» кооперативинин төрагасы, Керегеташ айыл башчысы, 1997–2000-ж. Аксуу р-ндук мам. администрация баш-

чысынын орунбасары, айыл ж-а суу чарба департаментинин директору, 2000–2003-ж. Аксуу райшаар кеңешинин төрагасы, 2003–2004-ж. Жогорку Кеңештин депутатынын жардамчысы, 2005-жылдан Ысыккөл обл-к агрардык өнүгүү департаментинин генералдык директору.



**БАЙЖИЕВ Ташым** (1909-ж. т., Аксуу р-ну, Тепке айылы – 1952-ж. ошол эле жерде) – кыргыз адабиятчысы, фольклорчу, котормочу ж-а жазуучу. Фрунзедеги пед. техн-мду бүтүп, 1930–31-ж. Гүлчөдөгү Алай р-ндук балдар үйүнүн директору, Жалалабаттагы пед. техн-мдун бөлүм башчысы болуп иштеген. Фрунзедеги мамл. пед. ин-тун орус тили ж-а адабияты факультетин бүтүргөн (1940). 1942-ж. өз ыктыяры м-н согушка кетип, 1944-ж. жарадар болуп кайтат. 1940–42-ж. ж-а 1944–49-ж. СССР ИАнын Кыргыз филиалында фольклор ж-а «Манас» секторунда ил. кызматкер, сектор башчысы. Чыгармачылыгы 1927–28-ж. башталган. «Сен кимсиң?», «Досум», «Кытмыр өлдү», «Күрөө», «Төрсууда», «Суу боюнда» ж. б. чакан повесть, аңгемелери чыккан. «Жигиттер» аттуу пьесасы 1944-ж. жаралган. И. Тургенев, Л. Толстой, Д. Фурмановдун чыгармаларын, А. Греневдун «Любовь Яроваясын», А. Островскийдин «Сепсиз кызын» кыргыз тилине которгон. Окуу китептеринен «Эне тили» (1933; З. Бектенов м-н бирге), «Биздин адабият» (5, 8-класс үчүн, 1941, 1949; З. Бектенов м-н бирге) ж. б., «Манас», «Семетей» эпостору ж-дө, анын тили б-ча ондогон ил. ж-а сын макалаларды жазган. 1950-ж. ак жеринен репрессияланып, 1955-ж. акталган.



**БАЙЖИЕВ Мар** (1935-ж.т., Фрунзе ш.) – жазуучу-драматург, киносценарист, Эл жазуучусу, Кыргызстандын мад. эмгек сиңирген ишмер. КМУну, Мосвадагы сценаристтердин жогорку курсун бүтүргөн. «Кара курт», «Чыйы», «Бөтөн бакыт», «Кайтуу», «Менин алтын балалыгым», «Алда качан бир күнү» «Күзгү жамгырлар» аттуу китептери, бир нече киносценарийлери, «Төрт адам», «Кыз-күйөө», «Ар бир үйдө майрам», «Байыркы жомок», «Биз эркектер», «Алыскы сапардагы поезд» ж.б драмалардын автору. Пьесалары 200дөн ашык дүйнөлүк театр сахналарында коюлган.



**БАЙСЕРКЕЕВ Аскарбек** (1956-ж. т., Аксуу р-ну, Акбулак айылы) – мугалим, КРнын эмг. сиң. мугалими, Пржевальск мамл. пед. ин-ту бүтүргөн (1978), 1978–85-ж. Аксуу, Лейлек р-ндорундагы мектептерде мугалим, 1985–2001-ж. Аксуу р-нун Ичке-жергез, Кайырмарык орто мектептеринде, Каракол ш-ндагы Т. Сатылганов атн. мектеп-лицейде директор, 2001–2003-ж. КРнын ЖКнин жооптуу кызматкери, 2003–2006-ж. Ысыккөл обл-к билим берүү бөлүмүнүн башчысы, 2006-жылдан К. Тыныстанов атн. Ысыккөл мамл. ун-нде окутуучу.



**БАЙСАЛОВА Бүкен** (1938-ж. т., Атбашы р-ну, Акжар айылы) – 1955–63-ж. Аксуу р-ндагы Маман айылындагы к-здо күжүр-мөндүүлүк м-н эмгектенген. 1963-ж. дарылык апийим өсүмдүгүнөн жогорку түшүм алууга жетишкендиги үчүн Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты ж-а Президиумунун мүчөсү болгон.



**БАЗАРБАЕВ Орозакун** (1922-ж. т., Аксуу р-ну, Тегизчил айылы – 2002-ж. ошол эле жерде) – мугалим. Кыргыз мамл. пед. ин-ту бүтүргөн (1958). Улуу Ата Мекендик согуштун 1-топтогу майыбы. 1946–47-ж. Аксуу р-дагы Каражал жети жылдык мектепте мугалим, 1947–50-ж. р-дук билим берүү бөлүмүндө инспектор, ошол эле мектепте директор, (1951–73-ж.), окуу бөлүмүнүн башчысы, мугалим болуп эмгектенген. 1973–77-ж. Каражал айыл кеңешинин төрагасы. 1977–88-ж. Каражал орто мектебинде мугалим. Ата Мекендик согуш ордени, медалдар м-н сыйланган.

**БАКАЛОВ Өктөш** (1932-ж. т., Аксуу р-ну, Маман айылы – 1994-ж. ошол эле жерде) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, Караколдогу мугалимдер ин-тун (1958), Ош



мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1964), 1958–60-ж. Ош обл-к Фрунзе р-ндагы Калинин атн. жети жылдык мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы, 1960–92-ж. Аксуу р-ндагы Маман ж-а Ж. Ашубаев атн. орто мектептерде мугалим.



**БАКАШОВА** Жылдыз (1960-ж. т., Аксуу р-ну, Акбулуң айылы) – КМУну (1982), Алматыдагы Аль-Фараби атн. мамл. ун-тинин докторантурасын бүтүргөн (1998), КРнын 1-класстагы мамл. кеңешчиси, 1988–92-ж. КМУнун журналистика кафедрасынын окутуучусу, 1992–2000-ж. респ-нын ЖКнин улук консультанты, 2000–2003-ж. КМУнун кафедра башчысы, декан, 2003–2005-ж. КРнын ички иштер министрлигинин дипломатиялык академиясынын проректору, 2005-ж. Кыргыз Улуттук китепканасынын директору, КРнын Администрациясынын мамл. сыйлыктар комиссиясынын эксперти.



**БАКАШОВА** Жыпар (1962-ж. т., Пржевальск ш.) – мугалим, КРнын билим берүү отличниги, КМУну бүтүргөн (1983), 1986-жылдан Бозучук айылындагы М. Жусупов атн. орто мектепте мугалим.



**БАКЕЕВ** Казбек (1910-ж. т., Челпек айылы – 1981-ж. ошол эле жерде) – окумуштуу, СССР эл агартуусунун отличниги, фил. ил. кандидаты, Ташкент ш-дагы В. И. Ленин атн. САГУну бүткөн (1933). 1927–28-ж. сабатсыздыкты жоюуда мугалим, 1928–29-ж. «Бирликчерик» (азыркы Черик) айылында башталгыч мектептин башчысы, 1933–34-ж. мугалим ж-а Фрунзе ш-дагы жазуу б-ча ИИМде ага ил. кызматкери, 1938–40-ж. СССР ИАнын СССР элдеринин тил ж-а жазуу ин-да аспирант, ошол эле учурда Москвадагы

ГИТИСте кыргыз тили, адабияты б-ча мугалим, 1944-ж. Ысыккөл р-ндагы Темир орто мектебинде директор, 1967-ж. Кыргызстан КП БКнын эки жылдык парт. мектебинде мугалим ж-а кафедра башчысы, 1958-ж. ИИМ ин-тун ага ил. кызматкер, 1958–1978-ж. В. В. Маяковский атн. кыз-келиндер ин-тун кыргыз тили ж-а адабияты кафедрасынын башчысы, мугалим болуп иштеген. Биринчи жолу 1934-ж. жарыкка чыккан «Эне тил» китеби 1940-ж. чейин башталгыч мектептерде ж-а сабатсыздыкты жоюуда кеңири колдонулуп келген. 1937-ж. 1, 2-класстар үчүн «Кыргыз тили» китеби чыгып, ал 1961-ж. чейин бир нече жолу кайрадан басылган. «Кыргыз тилинин грамматикасы» 1-бөлүк, «Кыргыз тилинин грамматикасы» 2-бөлүк, «Орто мектептер үчүн кыргыз тилинин фонетика жана морфологиясы», «Орто мектептер үчүн кыргыз тилинин орфографиясы» ж. б. 50дөн ашык ил. методикалык ж-а окуу китептеринин автору.



**БАКЕЕВ Элгез** (1935-ж. т., Фрунзе ш.) – инженер, КРнын эмг. сиң. куруучусу, Москва ш-ндагы Суу чарба инженердик ин-тун бүтүргөн (1958). 1960–64-ж. Үчкоргон ГЭСинин курулушунда бригаданын мастери, №1 Кыргызэлектронун башкармалыгында электромонтажниктердин бригадасынын бригадири, 1964-ж. НИИ ОНТПда, курулушка техникалык жардамды уюштуруу ил. изил. ин-нда бөлүм башчысы, 1964–72-ж. «Кыргызкурулуштун» техн. бөлүмүндө башкы инженер, а. ч. башкармалыгында начальник, 1972–84-ж. Ош курулуш трестинин башкаруучусу, Кыргыз курулуш министринин биринчи орунбасары, аталган министрликтин банкында башкы инженер, 1984–94-ж. Промстройбанктын төрагасынын биринчи орунбасары, 1996-ж. Энергобанктын төрагасы. Эмгек Кызыл Туу, «Ардак белгиси» ордендери м-н сыйланган.

**БАКЕЕВА Созулкан** (1951-ж. т., Фрунзе ш.) – КМУну, (1973), Москвадагы Н. Д. Зелинский атн. органикалык химия ин-да аспирантурасын бүтүргөн (1980), химия ил. кандадиты, 1973–98-ж. КРнын ИАнын органикалык химия ин-тунда кичи ага ил. кызматкер, ин-тун окумуштуу-



катчысы, 1998–2000-ж. КРнын билим берүү ж-а маданият министрлигинде жогорку мектептердин проблемаларын маалыматкамсыздоо ин-да бөлүм башчысы. 2001-ж. «Кыргызпатенттин» экспертиза борборунда башкы адис.



**БАКЕЕВА Зарылкан** (1948-ж. т., Аксуу р-ну, Совет айылы) – 1954–64-ж. Ысыккөл тажрыйба селекциялык станциясында саанчы болуп иштеген. Эмгектеги жетишкендиктери үчүн «Ардак белгиси» ордени, медалдар, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**БАКЕЕВ Эмил** (1975-ж. т., Фрунзе ш.) – Курулуш архитектура ин-тун (1996), Будапешт ш-ндагы Борбордук-Европа ун-тинин магистратурасын (1997), Великобританиядагы Нюкастла ун-тинин докторантурасын бүткөн ж-а ошол жерде иштеген. 2003-ж. «Суу м-н камсыздандыруунун эффекттүүлүгүнө геометрялык флонтациянын установкасынын таасири» темасында докторлук диссертациясын жактаган.



**БАКИРОВА Күсөркан** (1939-ж. т., Тоң р-ну, Төрткүл айылы) – соода кызматкери, Сов. соода кызматынын отличниги, КМУну бүтүргөн (1960), 1960–65-ж. Теплоключенка керек-жарак коомунда бухгалтер, 1965–76-ж. универсалдык дүкөндүн башчысы, 1976–80-ж. Керегеташ айылындагы чоң дүкөндө сатуучу, 1980–97-ж. Аксуудагы универсалдык дүкөндүн башчысы. Медалдар м-н сыйланган.



**БАКЫБАЕВ Токторбай** (1945-ж. т., Аксуу р-ну, Шапак айылы) – Пржевальск пед. ин-тун (1973), Алматыдагы Жогорку партиялык мектепти бүтүргөн (1983), 1973–76-ж. Аксуу р-ндук «Коммунисттик эмгек» газетасында бөлүм башчы, жооптуу катчы, редактордун орунбасары, 1977–80-ж. партиянын Аксуу райкомунда инструктор, 1984–88-ж. партиянын Аксуу райкомунун уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, 1988–90-ж. Ысыккөл обл-к «Ысыккөл правдасы» газетасында редактордун орунбасары, 1990–92-ж. Аксуу р-ндук Советтин уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, 1992–95-ж. Аксуу райшаар администрациясында акимдин орунбасары, 1995–96-ж. «1-Май» к-зунун башкармасы, 1996–98-ж. Аксуу р-ндук мамл. администрация башчысынын орунбасары, 1998-жылдан Аксуу р-ндук мергенчилик инспекциясынын башчысы. Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**БАКЧИЕВ Бакытбек** (1960-ж. т., Түп р-ну, Светлый Мыс айылы) – мугалим, КМУну (1984), Москвадагы комсомолдук кызматкерлердин курсун (1986), Санкт-Петербург ш-ндагы кесиптик-тех. билим берүү жетекчилеринин курсун, Кыргыз мамл. ул. магистратураны бүтүргөн (2000), 1984–85-ж. № 46-орто мектепте мугалим, 1985–89-ж. Фрунзедеги авиациалык-техникалык окуу жайында окутуучу, 1989–95-ж. № 3-кесиптик-техн. окуу жайында окуу-тарбия иштери б-ча директордун орунбасары, 1995–99-ж. Эларалык чыгыш күрөшү борборунун директорунун орунбасары, 1999–2001-ж. Эларалык тоо ин-тунун бөлүм башчысы, 2001–2003-ж. Эларалык тоо жылын өткөрүү улуттук фондунда, 2003–2005-ж. КРнын тоо аймагын өнүктүрүү фондунун директору, 2005–2006-ж. КРнын мад-т министрлигинин аппарат жетекчиси, уюштуруу ж-а укуктук иштер башкармалыгынын начальниги.

**БАКЧИЕВ Таланталы** (1971-ж. т., Маман айылы) – манасчы, Кыргыз Улуттук филармониясынын алдындагы студиянын «Манас» бөлүмүн (1991), К. Тыныстанов атн.



Ысыккөл мамл. ун-тин бүтүргөн (1995), филол. ил. кандидаты, ал орто мектепти орусча бүткөнү м-н жомокчу, санжырачы таятасы Көбөгөндүн тарбиясында жүрүп, «Манасты» 6–7 жашынан айта баштайт. 1988-ж. Бишкекте жаш манасчылардын конкурсуна, 1989-ж. Азербайжандын Гянжа ш-нда өткөн Бүткүлсоюздук конкурска катышып, лауреат болгон. 1995–97-ж. ошол эле ун-те мугалим, 1997-жылдан Кыргыз-Америка ун-тинин ага окутуучусу. «Алмамбеттин жомогу» (1995), «Манас тааным» (2003) ж-а «Жомокчунун жолу» (2003) аттуу китептери жарык көргөн.



**БАЯЧОРОВ Жумадыл** (1900-ж. Аксуу р-ну, Зындан айылы – 1976-ж. ошол эле жерде) – саяпкер. 1956-ж. Фрунзеде Орто Азия боюнча өткөрүлгөн ат оюндары спартакиадасында ал таптаган Карагер аттуу күлүгү биринчиликти камсыз кылган. 1958-ж. Москва ш-нда өткөн ат оюну б-ча спартакиадасында беш союздук респ-дын күлүктөрүнүн ичинен биринчи орунга чыккан. Ат оюнундагы мындай ийгилиги үчүн ал СССР Жогорку Советинин Президиумунун ж-а Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамоталары м-н сыйланган.



**БАРЫКТАБАСОВ Асанкан** (1934-ж. т., Аксуу р-ну, Маман айылы) – дарыгер, КРнын эмг. сиң. дарыгери (1978), Кыргыз мамл. мед. ин-тун бүткөн (1959), 1959–62-ж. Ош обл-дагы Каракулжа р-ндук, 1966–68-ж. Каракол, 1968–71-ж. Аксуу р-ндагы Эңилчек ооруканаларында дарыгер, 1971–98-ж. ошол эле р-ндогу борбордук оорукананын терапия бөлүмүнүн башчысы, 1998–2005-ж. психо-неврологиялык жатак үйүнүн дарыгери.

**БАТЫРКАНОВ Калкаш** (1934-ж. т., Түп р-ну, Талдысуу айылы) – гидротехник, КРнын илим-техника жагынан мамл. сыйлыктын лауреаты, КРнын эмг. сиң. куруучусу, Кыргыз а. ч. ин-тун бүтүргөн (1958), 1958–59-ж. Жетөгүз р-ндагы



к-здордо гидротехник, суу инженери, мастер, 1959–60-ж. Ысыккөл машина-экскаватор куруу башкармалыгында ПТОнун төрагасы, 1960–62-ж. Балыкчы суу чарбасында башкы инженер, 1962–63-ж. Ысыккөл СМУсунда башкы инженер, 1963–66-ж. Баткен р-ндогу Төрткүл СМУсунун башкы инженери, 1966–71-ж. ошол эле СМУнун начальниги, 1971–79-ж. Кыргыз ССРинин Курулуш министринин орунбасары, 1979–87-ж. Кыргыз ССРинин Мелиорация ж-а Суу чарба министри, 1988–89-ж. «Кыргызсууиндустрия» бирикмесинин директору, 1989–92-ж. Йемен Респ-нын Аден ш-нда контракттын жетекчиси, 1992-жылдан «Арал деңизин сактоо» фондунда эксперт. Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.



**БАТЫРКАНОВ Жээнбек** (1939-ж. т., Аксуу р-ну, Үчкайнар айылы) – окумуштуу, КРнын эмг. сиң. экономисти, экономика ил. доктору, профессор, КМУну бүтүргөн (1964), 1957–59-ж. Аксуу р-ндагы «Кызылтуу» к-зунда тракторчу-комбайнер, 1964–67-ж. Жданов атн. к-здун башкы экономисти, 1967–68-ж. Акталаа р-нун пландоо-эсеп-кысап бөлүмүнүн башчысы, 1968–74-ж. Кыргыз ССР а. ч. министрлигинин эмгекти ил. уюштуруу борборунда бөлүм башчы, 1974–92-ж. Кыргыз а. ч. ин-тунда доцент, кафедра башчысы, сырттан окуу б-ча проректор, 1992–96-ж. аталган министрликте ил. иштер ж-а окуу жайлар б-ча башкы башкармалыктын башчысы, 1996–98-ж. Кыргыз Россия-Славян ун-тинин кафедра башчысы, 1998-жылдан Мамл. курулуш, транспорт ж-а архитектура ун-тинин кафедра башчысы. 60тан ашык ил. эмгектери жарыяланган.

**БЕГАЛИЕВ Кыдыралы** (1947-ж. т., Аксуу р-ну, Акбулак айылы) – мугалим. КРнын билим берүүсүнүн отличниги. Фрунзе ш-ндагы мамл. дене тарбия ин-тун бүткөн (1984), 1965–75-ж. «Түргөн» совхозунда айдоочу, 1975–89-ж. Акбулак орто мектебинде дене тарбия мугалими, окуу-тарбия б-ча директордун орунбасары.





**БЕКБОЕВ Аскарбек** (1956-ж. т., Аксуу р-ну, Керегеташ айылы) – философ, философия ил. доктору, илим ж-а техника б-ча Кырг-н Ленин комсомолу, И. Ахунбаев атн. мамл. сыйлыктардын лауреаты, КМУну бүтүргөн (1978), 1978–83-ж. Кыргыз ИАнын философия ж-а укук ин-тунда кенже ил. кызматкер, 1986–95-ж. ошол эле ин-та кенже ил, кызматкер, ил. кызматкер, ил. катчы, бөлүм башчы, 1995–2002-ж. Бишкек гуманитардык ун-тинде биринчи проректор, 2002-жылдан Кыргыз ИАнын философия ж-а укук ин-тунун бөлүм башчысы, ошол эле учурда И. Арабаев атн. Кыргыз мамл. пед. ун-тинин философия кафедрасынын башчысы, ректору.



**БЕКБОЛОТОВ Ишен** (1936-ж. т., Аксуу р-ну, Сарыкамыш айылы) – инженер-гидротехник, КРнын эмг. сиң. куруучусу (1976), Кыргыз а. ч. ин-тун бүткөн (1959), 1961–71-ж. Тяньшань р-ндагы СМУда прораб, инженер, 1971–73-ж. ошол эле р-ндо «Суутүтүкайылкурулуш» мекемесинин, 1973–76-ж. Ысыккөл ПМКсынын, 1982–85-ж. Тоң р-ндагы курулуш участкасынын, 1985–95-ж. Аксуу р-ндук суу чарбасынын начальниги.



**БЕККУЛИЕВ Мукаш** (1937-ж. т., Аксуу р-ну, Зындан айылы) – мугалим. КРнын эл агартуусунун отличниги. Пржевальск ш-дагы пед. окуу жайын бүткөн (1957). 1957–60-ж. Тажик ССРинин Мургаб р-дагы Киров атн. мектепте мугалим, 1960–65-ж. Ош об-нын Алай р-дагы «Кыргызстан» сегиз жылдык ж-а 1965–68-ж. Ноокат р-дагы «Көкжар» орто мектебинде мугалим, 1969–97-ж. Аксуу р-дагы Зындан айылындагы А. Сыдыкбеков атн. мектепте мугалим болуп иштеген.

**БЕКТУРОВ Жапарбек** (1957-ж. т., Аксуу р-ну, Керегеташ айылы) – дарыгер. КРнын эмг. сиң. дарыгери. Кыргыз мамл. мед. ин-тун бүткөн (1980). Медицина ил. доктору



(2002), проф. (2003), 1980–86-ж. Фрунзе ш-дык № 2-клиникалык бириккен ооруакананын бир жылдык интернатурасында окуп, ошол эле оорукананын хирургиялык бөлүмүндө врач-хирург, өт жолдору хирургия бөлүмүнүн башчысы, 1986–89-ж. хирургия б-ча Кыргыз мамл. мед. ин-тунун аспирантурасында, 1989–95-ж. госпиталдык хирургия кафедрасынын ага окутуучусу, доценти. 1995–2003-ж. Улуттук хирургия борборунун директорунун ил. ж-а дарылоо багыттары б-ча орунбасары. 90дон ашык ил. эмгектин автору.



**БЕКТЕМИРОВ** Жумабай (1928-ж. т., Челпек айылы – 2003-ж. ошол эле жерде) – биринчи класстагы мал чарбачылыгынын мастери, 1942-ж. жылкычы болгон. «Кызылчелпек», «Ильич» к-здорунда жумушчу, кийин ИОССто жылкычы болуп иштеп, 1994-ж. эс алууга чыккан. Эмгек Кызыл Туу, «Ардак белгиси» ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**БЕКТЕМИРОВ Кубанычбек** (1953-ж. т., Челпек айылы) – СССР кинематографиясынын отличниги, Алматы ш-ндагы кинотехникумду (1978), Пржевальск мамл. пед. ин-ту бүтүргөн, 1967–71-ж. өз айылында киномеханиктин жардамчысы. 1973-ж. Сов. Армияда аскердик милдетин аткарган, 1978–81-ж. Челпек айылында киномеханик, 1981–93-ж. Ысыккөл обл-к маданият башкармалыгында автоклубдун башчысы, Аксуу р-нун киноустановкаларынын директору, 1993–2001-ж. Ысыккөл обл-к саясий агартуу Үйүндө техкабинет башчысы, Каракол ш-дагы «Мир» кинотеатрынын директору, обл-т б-ча киновидео ж-а киноустановкалардын регионалдык инспекциясынын начальниги. КРнын Президентинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**БЕЙШЕМБАЕВ Абакир** (1913-ж. т., Аксуу р-ну, Шапак айылы) – 1946–53-ж. Шапак айылында кой чарба бригадири, 1955–60-ж. Эңилчек айылында парторг, 1962–69-ж. Отрадное айылында чабан болуп эмгектенген. Мал чарбасында сиңирген эмгеги үчүн Отрадное айылынын борбордук көчөсүнө анын ысымы берилген. Кызыл Жылдыз ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

**БЕЙШЕНОВ Дүйшөбай** (1961-ж. т., Түп р-ну, Николаевка айылы – 1981-ж. ошол эле жерде) – 1978–80-ж. Каракол с-зунда жумушчу. 1980-ж. Советтик Армиянын катарына кызмат өтөөгө чакырылган. Кызмат өтөө мезгилинде Афган жергесинде интернационалдык милдетин аткарууда курман болгон. Мында көрсөткөн эрдиги үчүн Кызыл Жылдыз ордени м-н сыйланган. Ал окуган «Жылдыз» сегиз жылдык мектебине анын аты коюлган.



**БЕЙШЕНБИЕВ Дүйшөбек** 1936-ж. т., Аксуу р-ну, Маман айылы) – инженер-механик. Фрунзедеги К. Скрябин атн. а. ч. ин-тун бүткөн (1959). 1959–62-ж. «Жаңыжылдыз» к-зунда мастерской башчысы, башкы инженер болуп иштеген. 1962–64-ж. жогоруда аталган ин-та мугалим, 1964–68-ж. Рыбачье ш-ндагы Ысыккөл р-дук а. ч. башкармасында башкы инженер-механик; «Кыргызайылчарбахимия» бирикмесинде башкаруучу, 1968–71-ж. Ош об-тык «Кыргызайылтехника» бирикмесинде башкаруучунун орун басары, партиянын ошол эле обл-тык комитетинин а. ч. бөлүмүнүн башчысынын орунбасары, 1971–73-ж. Аксуу р-дагы «Жаңыжылдыз» к-зунун башкармасынын төрагасы. 1973–82-ж. «Кыргызайылчарбатехника» Ысыккөл ПМКсынын начальниги, 1982–86-ж. Аксуу р-ндук а. ч. башкармалыгынын төрагасынын биринчи орунбасары, 1986–93-ж. Аксуу кооперативдик «Агротехсервис» бирикмесинин төрагасы, 1993–95-ж. «Арашан» с-зунун директорунун орунбасары, башкы инженер, ал эми 1996–98-ж. Октябрь айыл кеңешинин төрагасы, айыл өкмөтүнүн башчысы, 1998-жылдан Маман айылында аксакалдар кеңешинин төрагасы.



**БЕЙШЕМБИЕВ Ондош** (1948-ж. т., Аксуу р-ну, Акбулак айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, Фрунзедеги С. Чуйков атн. сүрөт окуу жайын (1974), КМУну бүтүргөн (1991), 1970–жылдан Сарыкамыш орто мектебинде мугалим.



**БЕЙШЕБАЕВ Төрөбай** (1935-ж.) – 1955–57-ж. Сов. Армиянын катарында кызмат өтөгөн, 1958-жылдан к-здо иштеген. Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.



**БЕРДИБАЕВ Жеңиш** (1945-ж. т., Аксуу р-ну, Челпек айылы) – мугалим, Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1974), 1974–77-ж. Каракол № 2-сегиз жылдык мектепте мугалим, 1977–82-ж. ошол эл мектепте окуу-тарбия иштери б-ча директордун орунбасары, 1982–92-ж. аталган мектептин директору, 1992-жылдан бери мугалим.



**БЕРДИБАЕВ Темирбек** (1955-ж. т., Каракол ш.) – обончу, КРнын мад-тына эмг. сиң. ишмер, Б. Бейшеналиева атн. искусство ин-тун бүтүргөн, 1981-жылы Аксуу р-ндагы «Боз салкын» ыр-бий ансамблинин элдик оркестр бөлүмүн иштеп чыгып, профессионалдык нукка салган. Респ-лык кароо-сынактардын лауреаты, анын ырлары Кыргыз телерадиосунун фондусуна кабыл алынган. Азыркы убакта Каракол ш-ндагы Ы. Туманов атн. мамл. муз. окуу жайынын директору.

**БЕРДИБАЕВ Акмат** (1926-ж.т., Аксуу р-ну, Ичкежергез айылы – 1989, Каракол ш.) – артист. КРнын искусствого эмг. сиң. ишмери (1979), 1944–62-ж. Ысыккөл драма театрында, 1962–66-ж. Кыргыз академиялык драма театрында, 1966–

83-ж. М. Рыскулов атн. Нарын муз. драма театрында, 1983–89-ж. К. Жантөшев атн. Ысыккөл драма театрында эмгектенген. Ар кыл драма образдардын ички тереңдигине актердук анализ жүргүзүп, чеберчилик м-н аткара билген артист. Аткарган нег. ролдору: Карандышев (А. Н. Островский, «Сепсиз кыз»), Дөдөн хан (К. Жантөшев, «Курманбек»), Басмачы (Ж. Садыков, «Чакмак таш»), Борколдой (З. Сооронбаева, «Эркек колукту»), Дадый (Т. Абдумомунов, «Ашырбай») ж.б.



**БИРЖАНОВА Айгүл** (1953-ж. т., Ош обл-ты, Өзгөн р-ну, Ийрисуу айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, Ош мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1975), 1975–96-ж. Аксуу р-ндагы Акбулуң орто мектебинде мугалим.



**БОКОЕВА Гүлүш** (1939-ж. т., Түп р-ну, Тасма айылы) – экономист, Фрунзедеги кооп. техн-ду, Самарканддагы кооп. ин-ту, КМУну бүткөн, 1964–71-ж. Жетөгүз р-ндагы Покровка айылынын дүкөнүндө товар жүгүртүүчү, инвентаризатор, дүкөн башчысынын орунбасары, 1971–83-ж. ошол эле айылдагы керек-жарак коомунда төраганын орун басары, 1983–97-ж. Аксуу, Чолпоната, Ысыккөл обл-тык, Аксуу керек-жарак союздарында төрайым, начальниктин орунбасары, бөлүм башчы, правлениянын төрайымы. «Ардак белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.



**БОКОЕВ Бээрман** (1942-ж. т., Челпек айылы – 2002-ж. ошол эле жерде) – 1962-ж. Пржевальск драма театрында, Түп маданият үйүндө иштеген, 1963-ж. Фрунзедеги куурчак театрында, 1964–70-ж. Фрунзе ш-ндагы Кыргыз мамл. филармонияда, 1970–76-ж. Жетөгүз, 1976–79-ж. Аксуу, 1980–98-ж. Түп р-ндук маданият бөлүмдөрүнүн автоклубдун башчысы, мад-т үйүнүн директору, 1998–2002-ж. Карабалта ш-ндагы маданият үйүндө эмгектенген.

Эл чыгармачылыгынын төрт жолку лауреаты, Ш. Шеркулов, М. Баетовдун 100 жылдыгына арналган «Талас таңшыйт» эларалык фольклордук муз. телефестивалынын лауреаты. «Жайыл баяны» дастанын жазган.



**БОКОЕВ Мелис** (1950-ж. т., Пржевальск ш.) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, 1973–75-ж. Сов. Армияда кызмат өтөгөн. Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүткөн (1978),1988-ж. Пржевальск мамл. пед. ин-тта мугалим, 1992-ж. Т. Искаков атн. орто мектепте окуу-тарбия иштери б-ча директордун орунбасары, 1992-ж. бери Пржевальскидеги Т. Сатылганов атн. мектеп-лицейинде мугалим.



**БОЛОТОВ Асан** (1911-ж. т., Челпек айылы – 1984-ж. ошол эле жерде) – Караколдогу мугалимдерди даярдоо курсун (1928), САКУну (1935) бүтүргөн. Билим берүү бөлүмүндө инспектор болуп иштеген, 1935–40-ж. «Бурмасуу» к-зунда башкарма, Жетөгүз районунда эл агартуу бөлүмүндө инспектор, 1941–43-ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1946-ж. к-здо партиялык уюмдун катчысы, 1948–49-ж. Челпек айыл кеңешинде төрага, жооптуу катчы, 1949–53-ж. к-здо ар кайсы жумушта, 1954–55-ж. айыл кеңешинде жооптуу катчы. I, II даражадагы Ата Мекендик согуш ордени, медалдар м-н сыйланган.



**БОТАЛИЕВ Алмазбек** (1968-ж. т., Аксуу р-ну, Каракол айылы – 2006-ж. ошол эле жерде) – полковник, Тамбов ш-ндагы жогорку аскер окуу жайын (1989), Москвадагы аскер Академиясын бүтүргөн (1998), 1989–90-ж. Ленинград аскер округунда взводдун командири, 1990–92-ж. Германиядагы сов. аскер группасында взводдун командири, 1992–94-ж. Краснодар крайында УПРдин начальниги, 1994–95-ж. КРнын куралдуу күчтөрүндө штабдын начальниги, 1998–2006-ж. КРнын коргоо министрлигинде химиялык коргонуу башкармалыгынын начальниги.



**БОЛБУРОВ Садык** (1918-ж. т., Аксуу р-ну, Шапак айылы) – 1935–39-ж. Жайылма к-зунда эсепчи, 1939–46-ж. Ата Мекендик согушка катышкан. 1946-49-ж. Отрадный, 1949–53-ж. Темир айылдарындагы балдар үйүндө башкы бухгалтер, 1953-жылдан Шапак ж-а 1-Май айылдарында ар кандай жумуштарда иштеген. 1-даражадагы Ата Мекендик согуш ордени, медалдар м-н сыйланган.



**БУКАНБАЕВ Сабаш** (1922-ж. т., Аксуу р-ну, Жаңыарык айылы) – 1942–47-ж. Сов. Армиянын катарында, Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. II даражадагы Ата Мекендик согуш ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.



**БУКАРБАЕВ Түгөлбай** (1972-ж. т., Аксуу р-ну, Шапак айылы – 2000-ж. ошол эле жерде) – 1999-ж. КРнын улуттук гвардиясынын «Илбирс» бөлүмүнүн командири. 2000-ж. Баткен аймагында болгон кандуу кагылышууда баатырларча курман болгон. Мекенди коргоодо көрсөткөн каармандыгы үчүн курман болгондон кийин «Эрдик» медалы м-н сыйланган.



**БУКАРБАЕВ Асанбай** (1935-ж. т., Аксуу р-ну, Шапак айылы) – айыл чарбасынын эпкиндүүсү. 1958–84-ж. 1-Май к-зунда жумушчу. Чарба өндүрүшүн жогорулатууда сиңирген эмгеги үчүн Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган. Отрадное айылында бир көчөгө ысымы берилген.



**БӨРҮБАЕВ Асек** (1931-ж. т., Аксуу р-ну, Пионер айылы – 1985-ж. ошол эле жерде) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, КМУну бүтүргөн (1952), 1952–73-ж. Аксуу р-ндагы Ичкежергез орто мектебинде мугалим, 1973–76-ж. Аксуу р-ндагы фильмотеканын башчысы, 1976–85-ж. «Октябрдын 60 жылдыгы» атн. мектепте мугалим.



**БӨДӨНОВ Асан** (1924-ж. т., Аксуу р-ну, Шапак айылы) – мугалим. Каракол пед. окуу жайын бүткөн (1939). Эмгек жолун 1940-ж. Нарын ш-дагы орто мектепте мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1942–46-ж. Сов. Армиянын катарында аскердик милдетин өтөгөн. Япон интервенциясына каршы болгон согуштук аракеттерге катышкан. 1946-ж. Шапак, 1948-ж. Чоңжергез мектептеринде мугалим, 1951-ж. 1-Май к-зунда дүкөнчү, 1956–94-ж. кырман башчысы, эсепчи, сугатчы болуп иштейт. II даражадагы Ата Мекендик согуш ордени, медалдар м-н сыйланган.



**БӨГӨМБАЕВА Лидия** (1937-ж. т., Жетөгүз р-ну, Актерек айылы) – дарыгер. Кыргыз мамл. мед. ин-тун бүткөн (1963), 1963–65-ж. Базаркоргон р-дук ооруканада акушер-гинеколог, 1965–92-ж. Аксуу р-дагы Нововознесеновка ооруканасында дарыгер-терапевт. «Ардак белгиси», Октябрь революциясы ордендери, медалдар, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**БҮРГӨЕВ Жолдошбай** (1951-ж. т., Аксуу р-ну, Жаңыарык айылы – 1996-ж. ошол жерде) – Фрунзе политехникалык ин-тун бүтүргөн (1968). 1968–75-ж. Рязань, Суздаль, Москва ш-нын өнөр жайларында иштеген. 1986-ж. «Вега» комплексинде эмгектенген. 1975–96-ж. КИЯнын өзгөчө конструктордук бюросунда конструктор, космос корабл-деринин, аэростат, чыңалуу стаблизаторун жасап чыгарууга катышкан. Бул жылдардын аралыгында космосту изилдөө б-ча бир катар жаңылыктарды киргизүүгө жетишкен. «Лима-Д», «ИСАВ-СЕ» приборлорун иштеп чыгууга ж-а аны өндүрүшкө киргизүүгө катышкан. Анын эмгектери жөнүндө маалымат окумуштуулар тарабынан жогору бааланып, «Фобос» ж-а «Венера-Галлей» эларалык китепке киргизилген. Медалдар м-н сыйланган.



**ВЕРШАДСКИЙ Василий Васильевич** (1920-ж. т., Аксуу р-ну, Теплоключенка айылы) – радист, электрик. III даражадагы «Даңк» ордени, медалдар м-н сыйланган.



**ГАБАЕВ Мукаш** (1949-ж. т., Ташкыя айылы) – 1956–57-ж. Ысыккөл тажрыйба селекциялык станциясында, мал чарба, талаачылык ж.б. ар кайсы жумуштарда иштеген. 1996-жылдан «Челпек» АКда эмгектенет. «Ардак белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.



**ГАПАРОВ Эркинбек** (1932-ж. т., Аксуу р-ну, Бөрүбаш айылы – 1991-ж. ошол жерде) – мугалим. КРнын эмг. сиң. мугалими. КМУну бүткөн (1954). 1954–58-ж. Оргочор ж-а Саруу орто мектептеринде мугалим, 1958–67-ж. Актерек орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы, Ырдык орто мектебинин директору, 1967–72-ж. Барскоон мектеп-интернатынын директору, 1972–91-ж. Жетөгүз р-дук билим берүү бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. Медалдар м-н сыйланган.



**ДАБАЕВА Айнура** (1957-ж. т., Аксуу р-ну, Челпек айылы) – сүрөтчү, КРнын сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү, КРнын эл агартуусунун отличниги, Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1979), 1979-жылдан К. Тыныстанов атн. Ысыккөл мамл. ун-тинин сүрөт-искусство моделдөө факультетинин, сүрөт ж-а живопись кафедрасынын улук мугалими.

**ДААБАЕВ Нуркалый** (1942-ж. т., Аксуу р-ну, Акбулуң айылы) – мугалим. КРнын эл агартуусунун отличниги. Пржевальск ш-ндагы мамл. пед. ин-ту бүткөн (1964). 1964–79-ж.



Чүй об-нын Алабука орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы, директор, 1979–84-ж. Түп р-дагы Каркыра орто мектебинде директор, 1984–96-ж Аксуу р-дагы Ы. Туманов атн. орто мектепте директордун жардамчысы, 1996-жылдан Акбулуң айылындагы Аксакалдар сотунун төрагасы.



**ДАБАЕВ Токтобай** (1893-ж. т., Челпек айылы – 1971-ж. ошол жерде) – 1926–29-ж. Жетөгүз токой чарбасында токойчу, 1929–32-ж. Барскоон токойчулугунда корукчу, Жетөгүз токой чарбасында директор, 1935–43-ж. Пржевальск токой чарбасында директордун орунбасары, Аксуу токой чарбасынын Жергез, Жыргалаң участкаларынын башчысы, 1943–46-ж. Пржевальск токой чарбасында директор, 1947–48-ж. Челпек айылдык кеңешинин аткаруу комитетинин төрагасы, 1954-ж. Жетөгүз токой чарбасында участканын төрагасы, Пржевальск токой чарбасында директор.



**ДАБАЕВ Мукай** (1927-ж. т., Челпек айылы – 1988-ж. ошол жерде) – токой чарба кызматкери, СССР токой өндүрүшүнүн отличниги, Москвадагы токой чарбасынын директорлорун даярдоо курсун (1943), Москвадагы токой-техникалык ин-тун бүтүргөн (1949). 1943–52-ж. Жетөгүз токой чарбасында директордун орунбасары, 1949–52-ж. Пржевальск токой чарбасында башкы инженер, 1952–77-ж. обл-к ж-а Пржевальск токой чарбасында директор, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак белгиси» ордендери, медалдар м-н сыйланган. Кара кол токойчулугуна М. Дабаевдин ысымы ыйгарылган.

**ДАБАЕВ Кыргызбай** (1954-ж.т., Ташкыя айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, фил. ил. доктору (1987), проф., Мосвадагы В. И. Ленин атн. мамл. пед. ун-тин бүтүргөн (1980), 1980–85-ж. Пржевальск мамл. пед. ин-нда, 1985–97-ж. К. Тыныстанов атн. Ысыккөл мамл. ун-нде кафедра



башчысы, 1997–2001-ж. фил. факультетинин деканы, 2001–2003-ж. КМУнун ИППК окуу методикалык башкармасынын начальниги, окуу б-ча директордун орунбасары, 2003–2004-ж. Кыргыз мамл. юридикалык академиясында окуу-инспекция башкармасынын начальниги, 2004-жылдан Бишкектеги стратегиялык маалымат технологиясы ин-тунда окуу б-ча проректор.



**ДАВЛЕТОВ Асан** (1933-ж. т., Аксуу р-ну, Бурмасуу айылы) – курулушчу, КРнын эмг. сиң. куруучусу, Фрунзедеги политехникалык ин-ту бүткөн (1962), 1955–62-ж. «Фрунзешааркуруу» трестинде, турак жай комм. конторасында жумушчу, техник-куруучу, мастер, прораб, парткомдун катчысынын орунбасары, 1964–66-ж. «Фрунзепромстрой» трестинде башкы инженердин орунбасары, 1966–73-ж. «Чүйкурулуш» трестинин Кочкор ПМКсында башкы инженер, 1973–82-ж. «Кыргызсельстрой» трестинде башкы техник, Ново-Павловск ПМКсында начальник, 1982–85-ж. Фрунзе бут-кийим ишкана бирикмесинин генералдык директорунун орунбасары, 1985–99-ж. «Кыргызкоопстрой» трестинде башкы инженер, башкаруучу, 1990–91-ж. «Главкыргызагропромстрой» бирикмеси башкармачылыгынын начальниги, «Агрострой» бирикмесинин начальнигинин орунбасары. «Ардак белгиси» ордени м-н сыйланган.



**ДЕРКЕНБАЕВА Мария** (1945-ж. т., Аксуу р-ну, Отрадное айылы) – дарыгер, КРнын саламаттык сактоосунун отличниги, Кыргыз мамл. мед. ин-тун бүтүргөн (1970), 1970–74-ж. Аксуу р-ндагы Нововознесеновка айылындагы ооруканада дарыгер-педиатр, 1974–94-ж. ошол эле ооруканада дарыгер-педиатр, 1994-жылдан ЦСМда дарыгер.

**ДЕРКЕМБАЕВА Азия** (1933-ж. т., Аксуу р-ну, Жолколот айылы) – соода кызматкери, Сов. сооданын отличниги, Фрунзе ш-дагы кооп. техн-мун бүткөн. 1952–53-ж. р-дук соода



бөлүмүнүн башчысы. 1953–54-ж. Ысыккөл об-тык керек-жарак союзунун товароведи. 1954–95-ж. аралыгында дүкөн башчысы, экономист, р-дук керек-жарак коомунун жетекчиси болуп эмгектенген. Медалдар, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**ДЕРКИМБАЕВА Батыгүл** (1952-ж. т., Аксуу р-ну, Отрадное айылы) – экономист, КРнын финансы-экономикалык иштеринин отличниги, Фрунзе финансы-экономикалык техн. (1970), КМУну бүтүргөн (1977), 1970–74-ж. Аксуу р-ндагы 1-Май к-зунда бухгалтер, 1974–81-ж. Кыргыз а. ч. министрлигинде бухгалтер, экономист, 1981–86-ж. КРнын жашылча-жемиш министрлигинин Чүй өндүрүштүк агрофирмасынын финансы бөлүмүнүн начальниги, 1986–91-ж. Госагропромдун башкы адиси, 1991–2000-ж. Чүй а. ч. башкармалыгынын финансы-эсеп бөлүмүнүн начальниги, 2000-жылдан КРнын Финансы министрлигинин алдындагы мамл. өнүгүү Фондунун Чүй обл-к бөлүмүнүн башкы адиси. Кыргыз Өкмөтүнүн Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**ДЕРКИМБАЕВ Адырбек** (1955-ж. т., Аксуу р-ну, Отрадное айылы) – аскер кызматкери, СССР коопсуздук кызматынын отличниги, полковник, КМУну (1982), Минск ш-ндагы жогорку аскер окуу жайын (1986) бүтүргөн, 1982–84-ж. Аксуу р-ндагы Соколовка айылында комсорг, 1986–2004-ж. коопсуздук кызматында иштеген.



**ДЖЕКСЕМБИЕВ Имамбек** (1911-ж. т., Алматы обл., Ассага) – 1939–41-ж. Аксуу р-ндагы Дзержинский атн. к-здо малчы, 43-ж. Ата Мекендик согушка катышкан, 1945–60-ж. Дзержинский атн. с-здо малчы, жумушчу, 1960–75-ж. Пржевальск ш-ндагы эт даярдоо конторасында дирек-

тордун орунбасары, 1975-жылдан Соколовка айылында жумушчу. II даражадагы Ата Мекендик согуш ордени, медалдар м-н сыйланган.



**ДОВГАЛЬ Татьяна Андреевна** (1937-ж. т., Аксуу р-ну, Орлиный айылы) – саанчы, Соц. Эмг. Баатыры (1981). 1953–55-ж. чочко баккан. 1956-жылдан Аксуу р-нундагы 1-Май к-зунда саанчы, 1980-ж. ар бир уйдан 5400 кг. сүт саап алып, музоосун аман асыраган. 1985-ж. өзүнө бекитилген 23 уйдун ар биринен 5290 кгдан сүт саап алган. Үч жолу Ленин, Октябрь революциясы ордендери, ВДНХнын алтын медалы ж-а Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамоталары м-н бир нече жолу сыйланган. СССР Жогорку Кеңешинин сегизинчи, тогузунчу чакырылышынын депутаты болгон.



**ДОСАЛИЕВА Тамара** (1952-ж. т., Аксуу р-ну, Отузуул айылы) – эсеп кызматкери, КРнын Социалдык фондусунун отличниги (2004), Каракол ш-ндагы бухгалтерлик мектепти бүткөн (1971), 1971–2006-ж. Аксуу р-ндук социалдык камсыздоо бөлүмүндө улук эсепчи, бухгалтер-контролер, пособиелер б-ча инспектор, ошол эле р-ндогу социалдык фонддун кызматкери, башкы адиси болуп иштеген.



**ДОСМАМБЕТОВА Канымгүл** (1935-ж. т., Аксуу р-ну, Түргөн айылы – 1978-ж. Нарын ш.) – ырчы, обончу, актёр. Д-нын ырчылык шыгы айылдагы мектепте окуп жүргөндө эле башталган. 1951-ж. Караколдо об-тун драма театрында, 1953-жылдан кыргыз мамл. филармониясында, 1958–78-ж. Нарындагы М. Рыскулов атн. муз. драма театрында иштеген. Д-нын негизги чыгармачылыгы ырчылык м-н обончулук болгон; театрда коюлган пьесаларда чакан ролдорду аткарган. Анын ырлары обондуулугу, элдүүлү-

гү, назиктиги, лирикалуулугу м-н айырмаланат. «Алатоолук чабанга», «Билгин жигит», «Кызыл өрүк», «Кыйылып турам», «Калкысам да кайыгында», «Унутпадым», «Замандашыма» ж. б. ырларга оригиналдуу мукам обондорду жараткан. Анын ырлары аспаптар, симфониялык оркестрлер үчүн иштелип чыккан. Обондорунун көпчүлүгү атайын жыйнактарга чыккан.



**ДУБАНБАЕВ Сартбай** (1933-ж. т., Аксуу р-ну, Кайырмарык айылы) – мугалим, КРнын билим берүү отличниги, Пржевальск пед. окуу жайын (1953), Ош мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1958). 1953–54-ж. Өзгөн р-ндагы «Жаңыталап» мектебинде мугалим, 1958–59-ж. Акталаа р-ндагы Ленин атн., 1959–62-ж. Аксуу р-ндагы Сарыкамыш орто, Кайырмарык сегиз жылдык мектептеринде мугалим, 1964–78-ж. директор, 1979–83-ж. «Ысыккөл» с-зунун жумушчулар комитетинин төрагасы, 1983–92-ж. Кайырмарык орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы.



**ДҮЙШӨКЕЕВ Асанбек** (1940-ж. т., Аксуу р-ну, Чолпон айылы) – агроном, КРнын а. ч. эмг. сиң. кызматкер. Кыргыз а. ч. ин-тун бүткөн (1967), 1967–77-ж. Казарман р-ндагы Кызыл жылдыз к-зунда башкы агроном, Кемин р-ндагы Быстровка айылында агроном, Кичикемин к-зунда башкы агроном, К. Маркс атн. к-здун партиялык комитетинин катчысы, 1977–81-ж. Түп р-ндагы Маяк с-зунда башкы агроном, 1981–87-ж. Жыргалаң с-зунун директору, 1987–90-ж. Аксуу РАПОдо директордун орунбасары, 1990–92-ж. Түп р-ндагы Маяк с-зунда башкы агроном, 1992–93-ж. Ысыккөл а. ч. башкармасында төраганын орунбасары, 1993–2006-жылдары Аксуу ГСИСинин директору. «Ардак белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.

**ДҮЙШЕЕВА Шарипа** (1951-ж. т., Түп р-ну, Кайнар айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, В. Маяковский атн. Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-тун бү-

түргөн (1976), 1971–72-ж. Нарын р-ндагы Миңкуш орто мектебинде, 1976–79-ж. Пржевальск пед. окуу жайында мугалим болуп эмгектенген. 1979–99-ж. Аксуу р-ндагы Чолпон ж-а Н. Островский атн. орто мектептерде. 1999-жылдан социалдык маселер б-ча жетектөөчү адис.

**ДҮЙШЕМБИЕВА Күмүш** (1942-ж. Аксуу р-ну, Новознесеновка айылы) – илимпоз, искусствотаануу ил. кандидаты, Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-тун бүткөн (1964), КРнын илимине эмг. сиң. ишмер, 1965–68-ж. Ж. Бөкөнбаев атн. орто мектепте мугалим, 1968–79-ж. В. Маяковский атн. кыз-келиндер ин-нда окутуучу, 1979–2000-ж. И. Арабаев атн. мамл. ун-те окутуучу, профессор. Көптөгөн монографиялардын ж-а жогорку окуу жайлары үчүн окуу китептеринин автору.



**ДҮЙШӨМБИЕВА Күлүйпа** (1932-ж. т., Аксуу р-ну, Ичкежергез айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги. Каракол мамл. пед. ин-ту бүткөн (1954). 1954–55-ж. Ош обл-дагы Каракулжа р-ндук Беделбай орто мектебинде, 1955–92-ж. Аксуу р-дагы М. Чөкүев атн. орто мектепте үзгүлтүксүз, жемиштүү иштеген. Медалдар м-н сыйланган.



**ДУНГАНАЕВ Абдыкалык** (1960-ж. т., Аксуу р-ну, Каракыз айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги (2004), филолог. ил. кандидаты (1998), К. Тыныстанов атн. Ысыккөл мамл. ун-тинин филология факультетинин деканы.

**ДУНГАНАЕВ Токтогул** (1928-ж. т., Аксуу р-ну, Каракыз айылы) – мугалим. КРнын эл агартуусунун отличниги. Пржевальск ш-ндагы пед. ин-ту бүткөн (1949). 1951–88-ж. Аксуу р-дагы Ичкежергез, Кайырмарык, Новоконстантиновка орто мектептеринде мугалим болуп эмгектенген. Медалдар м-н сыйланган.

**ДЫЙКАНОВА Эркингүл** (1960-ж. т., Ысыккөл р-ну, Чоңөрүктү айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, КМУну бүтүргөн, 1982–83-ж. Тоң р-ндагы Кызылтуу



орто мектебинде мугалим, 1983–85-ж. Украин ССРи, Кривой Рог ш-ндагы балдар бакчасында тарбиячы, 1985–91-ж. Тоң р-ндагы К. Маркс атн. орто мектепте мугалим, 1992–95-ж. Аксуу балдар санаториясында тарбиячы, 1995–2006-ж. ошол эле р-ндогу Чолпон орто мектебинде мугалим, окуу-тарбия иштери б-ча директордун орунбасары.



**ДӨКӨНБАЕВ Дүйшөке** (1938-ж. т., Аксуу р-ну, Курбу айылы) – Кырг-н Жазуучулар союзунун мүчөсү, Пржевальскидеги пед. окуу жайын (1957), К. Скрябин атн. Кыргыз а. ч. ин-тун бүтүргөн (1962), 1962–64-ж. Алай р-ндагы Ленин атн. с-здо инженер, 1964–71-ж. Түп р-ндагы «Санташ» с-зунда механик, башкы инженер, 1971–73-ж. Ысыккөл обл-к а. ч. башкармалыгында башкы инженер, 1973–78-ж. Ысыккөл р-ндагы «Кыргызайылчарбатехника» бирикмесинде, 1978–89-ж. Аксуу р-ндук малды бордоп семиртүү комплексинде директор, 1989–92-ж. ошол эле р-ндо элдик көзөмөл комитетинин төрагасы, р-ндун аткаруу комитетинин төрагасынын орунбасары, 1992–96-ж. малды бордоп семиртүү комплексинин директору, 1996–2003-ж. «Алтынарашан» ОсООсунун директору. «Кумайык» ж. б. китептердин автору. «Ардак белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.

**ЖАБАЕВ Жапар** (1915-ж. т., Аксуу р-ну, Жаңыарык айылы – 1942-ж. Белоруссия, Могилёв обл-ты, Лельчицы ш.) – 1942-ж. Сов. Армиянын катарына чакырылган. Ошол эле жылы Путиловский партизандык отрядда кызмат өтөйт. Немецтик фашисттер м-н болгон Курскдагы согушта 5 немец аскерин колго түшүрүп келген. Душманды көздөй коюлган чабуулдардын биринде фашисттик ДЗОТту жок кылган. Ал Сумск обл-нын партизан отрядынын бирикмесинин командири С. А. Ковпак м-н кезигип, анын ишенимдүү жоокеринен болгон. Легендарлуу командир м-н катарлаш жүрүп, көп кармаштарда бирге согушкан. 1942-ж. 28-ноябрында Могилёв обл-ндагы Лельчицы ш-н немецтик-фашисттик аскерлерден бошотуу операциясы учурунда өзгөчө каармандыгын көрсөткөн, ушул кармашта ал жети душман аскерин жок кылган. Жакындап

калган гитлетчилерге гранатасын ыргытып калууга үлгүргөн. Жарылуудан дагы бир нече душман өлгөн. Бирок ошол кармашта өзү да душмандын огунан каза болгон.



**ЖАЗЫБАЕВ Бейшеке** (1925-ж. т., Аксуу р-ну, Жаңыарык айылы) – эсепчи, 1940–43-ж. к-здо жумушчу, 1943–47-ж. Сов. Армияда, совет-япон согушуна катышкан, 1950–55-ж. Талдысуу р-ндагы мамл. банкта текшерүүчү, бухгалтер, 1955–60-ж. Түп р-нун финансы бөлүмүндө салык б-ча бухгалтер, ошол эле р-ндун басмаканасында бухгалтер, 1960-85-ж. Аксуу р-ндагы «Жаңыжылдыз» к-зунда механизация б-ча бухгалтер. II даражадагы Ата Мекендик согуш ордени, медалдар м-н сыйланган.



**ЖАИЛОВА Айгүл** (1950-ж. т., Ысыккөл р-ну, Чолпоната шаары) – мугалим. КРнын билим берүүсүнүн отличниги. Пржевальск ш-дагы пед. окуу жайын бүткөн (1975). 1976–2006-ж. Аксуу р-дагы Жаңыарык орто мектебинде мугалим болуп иштеген.



**ЖАЙЛОБАЕВА Айгүл** (1957-ж. т., Жетөгүз р-ну, Оргочор айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, В. Маяковский атн. кыз-келиндер пед. ин-тун бүтүргөн (1979), 1979–81-ж. Аксуу р-ндагы Кайырмарык, 1981–88-ж. Ы. Туманов атн., 1988-жылдан Соколовка орто мектептеринде мугалим.



**ЖАЙЛОБАЕВА Зияш** (1936-ж. т., Жетөгүз р-ну, Саруу айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, В. Маяковский атн. кыз-келиндер. пед. ин-тун бүтүргөн (1959), 1959–67-ж. Түп р-ндагы Ичкежергез, 1967–87-ж. Аксуу р-ндагы О. Элебаев атн. орто мектептерде мугалим.



**ЖАЙНАКОВ Абдыш** (1930-ж. т., Аксуу р-ну, Бозучук айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Каракол мамл. пед. ин-тун бүткөн (1951). Эмгек жолун 1948–49-ж. Аксуу р-дук эл сотунда катчы болуп иштөө м-н баштаган. 1949–51-ж. Тяньшань р-дагы Куртка айылындагы Тоголок Молдо атн. орто мектепте иштеген. 1955–56-ж. Бозучук сегиз жылдык мектебинде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы. 1977–89-ж. аталган мектепте директор. Жаш муундарга билим берүү тармагында узакка ж-а үзүрлүү эмгектенгендиги үчүн «Ардак белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.



**ЖАЙНАКОВ Бекжан** (1959-ж. т., Аксуу р-ну, Энчилеш айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1982), 1982–85-ж. Жергетал р-ндагы Н. К. Крупская атн. орто мектепте мугалим, 1985–86-ж. Аксуу р-ндагы Дзержинский атн. орто мектепте окуу-тарбия иштери б-ча директордун орунбасары, 1986–90-ж. Эңилчек орто мектебинде директор, 1992–2004-ж. Бозучук айылындагы Дзержинский атн. орто мектепте директор, 2004–2006-ж. обл-к билим берүү бөлүмүндө жетектөөчү адис, 2006-жылдан М. Жусупов атн. орто мектепте мугалим.



**ЖАЙЫЛКАНОВА Гүлбара** (1952-ж. т., Аксуу р-ну, Бозучук айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, Пржевальскидеги пед. окуу жайын (1971), ошол эле ш-дагы мамл. пед. ин-тту бүтүргөн (1984), 1971–2004-ж. Аксуу р-ндагы Ичкежергез орто мектебинде башталгыч класстардын мугалими.

**ЖАЙЫКОВ Кастай** (1933-ж. т., Аксуу р-ну, Маман айылы) – мугалим. КРнын билим берүүсүнүн отличниги. Дмитров атн. мугалимдер ин-тун (1952), Каракол пед. ин-тун (1954), Ош пед. ин-тту бүткөн (1965), 1954–55-ж. Ош об-нун Кадамжай



р-дагы орто мектепте мугалим, 1955–58-ж. Сов. Армиянын катарында, 1958–65-ж. аталган мектепте мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, 1965–77-ж. Аксуу р-дагы Мичурин атн. орто мектепте мугалим, окуу иштери б-ча директордун орунбасары, 1977–81-ж. Октябрь орто мектебинде директору, 1981–93-ж. ошол эле мектепте мугалим.



**ЖАКЕЕВ Ыкыш** (1925-ж.т., Аксуу р-ну, Акбулак айылы) – 1943–45-ж. Ата Мекендик согушка катышкан. 1-даражадагы Ата Мекендик согуш ордени, медалдар м-н сыйланган.



**ЖАКЫПОВ Рахатбек** (1966-ж. т., Кочкор р-ну, Мантыш айылы) – Каракол ш-ндагы К. Тыныстанов атн. мамл. ун-тин бүтүргөн (1991), 1991–2004-ж. Ички иштер бөлүмүндө кызмат өтөгөн, 2004–2005-ж. Жыргалаң ш-часында инспектор, 2005-жылдан ошол эле ш-чада айыл өкмөтүнүн башчысы. Милициянын майору.



**ЖАКЫПОВ Төлөн** (1946-ж. т., Аксуу р-ну, Жолколот айылы) – ветеринар. Фрунзе ш-дагы К. Скрябин атн. а. ч. ин-тун бүтүргөн (1973). 1963–68-ж. «Жаңыжылдыз» к-зунда иштеген. 1973–75-ж. ошол эле к-здо вет. санитар ж-а вет. дарыгер. 1975–84-ж. Арашан с-зунда башкы вет. дарыгер, ал эми 1984–93-ж. ушул эле с-здун директору. 1993–99-ж. Ысыккөл обл-тык дары-дармек конторасында директор, 1999-жылдан Каракол ш-дык ветеринария башкармасынын төрагасы. 1990-ж. КРнын ЖКнин депутаты болуп шайланган.

**ЖАКЫПОВ Өмүрбек** (1951-ж. т., Аксуу р-ну, Ичкежергез айылы) – Фрунзедеги кооператив техн-мун бүтүргөн, Нововозне- сеновка айылындагы керек-жарак коомунда айдоочу,



«Эдельвейс» комсомолдук-жаштар бригадасынын жетекчиси, 1985–87-ж. Аксуу райпосунда товаровед, 1987–89-ж. ошол эле мекемеде директордун орунбасары, 1989–91-ж. Нововознесеновка керек-жарак коомунда төрага, 1991–92-ж. Ысыккөл обл-к керек-жарак союзунун төрагасынын орунбасары, 1992–2005-ж. «Бозучук» соода-өндүрүштүк фирмасынын директору, 2005-жылдан «Алтай» дыйкан чарбасынын төрагасы.



**ЖАКШЫЛЫКОВ Талгар** (1964-ж. т.) – ырчы, Б. Бейшеналиева атн. искусство ин-тун бүтүргөн, 1992-ж. Кыргыз опера ж-а балет театрында солист, үнүнүн диапозонунун кеңирилиги, кооздугу, аткаруу чеберчилиги м-н айырмаланат. Италиянын Кальи ш-ндагы Марьо Дель Монако академиясында дүйнө жүзүнө белгилүү мугалим вокалист Марьо Меланиден таалим алышы чоң сабак болгон. Италияда Ж. Вердинин «Дон Карлос» операсында король Филиптин партиясын даярдап чыккан. Кыргыз операсынын азыркы убактагы башкы солисти катары 40тан ашык партияны жогорку деңгээлде аткарат. 2001-жылдан бери Казак Респ-нын опера ж-а балет театры м-н чыгармачылык байланышта.



**ЖАЛИЕВА Жаңыл** (1963-ж. т., Аксуу р-ну, Челпек айылы) – КМУну бүткөн (1986), тарых ил. кандидаты, 1986–97-ж. Кыргыз мамл. архивде илимий кызматкер, 1997-жылдан Кыргыз эл аралык ун-нде эмгектенет. КР УИАнын тарых институтунун аспирантурасын бүткөн. Көптөгөн илимий эмгектери жарык көргөн.

**ЖАНАЛИЕВ Сулайман** (1916-ж. т., Аксуу р-ну, Сарыкамыш айылы – 1957-ж. ошол жерде) – мугалим, Пржевальскидеги мугалимдер курсун бүтүргөн (1935), 1935–41-ж. Сарыкамыш, Отрадное, Акбулуң мектептеринде мугалим,



1941–47-ж. Ата Мекендик согушка катышкан, 1948–55-ж. Сарыкамыш айыл Советинин төрагасы, «Ортоарык» ж-а Молотов атн. к-здордо башкарма. Кырг-н БКнын мүчөсү болгон.



**ЖАМАНБАЕВ Апыла** (1922-ж. т., Аксуу р-ну, Бозучук айылы – 1979-ж. ошол жерде) – соода кызматкери, Пржевальскидеги бухгалтердик курсту бүтүргөн (1941), 1941–46-ж. Сов. Армиянын катарында болуп, Ата Мекендик согушка катышкан, 1947–54-ж. Нововознесеновка р-ндук банкта кызматкер, 1954–66-ж. Түп р-ндук керек-жарак коомунда дүкөнчү, 1966–79-ж. Аксуу р-ндагы «Путь Ильича» с-зунда эмгектенген. Ата Мекендик согуш, Кызыл Жылдыз ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**ЖАМАНБАЕВ Асылбек** (1943-ж. т., Аксуу р-ну, Бозучук айылы) – механизатор. Сухой-Хребеттеги механизация окуу жайын бүткөн (1960), «Путь Ильича» к-зунда механизатор болуп иштеген. 1962–66-ж. Советтик Армиянын катарында, 1966–95-ж. с-здо механизатор, 1995-жылдан фермердик чарбанын жетекчиси. Айыл чарбасында көп жылдар бою үзүрлүү эмгектенгендиги үчүн «Ардак белгиси», Элдердин Достугу ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**ЖАМАНКЕЕВ Абдырашид** (1969-ж. т., Аксуу р-ну, Бөрүбаш айылы) – полковник, Ярославлдеги аскердик жогорку окуу жайын (1990), КРнын Президентинин алдындагы башкаруу Академиясын (2002), Кыргыз мамл. юридикалык Академияны бүтүргөн (2005), 1990–91-ж. Казак Респ-нын Актөбө ш-ндагы аскер бөлүгүндө финансы кызма-

тынын начальниги, 1991–92-ж. КРнын ички иштер министрлигинде ага оперуполномоченный, 1992–97-ж. Балыкчыдагы 48410 аскер бөлүгүндө финансы бөлүмүнүн начальниги, 1997–2003-ж. КРнын Коргоо министрлигинде финансы инспекциясынын начальниги, 2003-жылдан КРнын Аскер прокуратурасында бөлүмдүн начальниги, башкы адис.

**ЖАМАНСАРИЕВ Асанбай** (1904-ж.т., Каракол уезди, Түпкүрмөнтү болушу, Теңизбай айылы (азыркы Аксуу р-ну, Тепке айылы) – 1938, Бишкек ш.) – партиялык ж-а мамл. ишмер. 1915-ж. Кызылсуу (Жетөгүз р-ну) орус жергиликтүү мектебин бүтүргөн. 11 жашынан Караколдогу орус, татар, дуңган көпөстөрүнүн кушканасында, тегирменинде, тери заводунда жумушчу болуп иштеген. 1921-ж. Алматыдагы батрачкомдордун 6 айлык курсун бүтүрүп, Кыргыз-казак агартуу ин-тунда 1923-жылга чейин окуган. 1923-ж.Ташкендеги Орто Азия Комуниверситетине (САКУ) которулуп, аны 1926-ж. бүтүргөн. Ошол эле жылы Нарын контордук комсомол комитетине катчы (1927-ж. келте м-н ооруп айылына келген) болуп иштеген.1927-ж. большевиктер партиясынын катарына өткөн. 1928-жылдан Каракол контордук аткаруу комитетинин уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, төраганын орунбасары, 1930-жылдан Талас конторунун Рыков (азыркы Карабуура) райкомунун 1-катчысы, 1933-ж. 27-апрелде Республиканын Эл комиссарлар Советинин иш башкаруучусу болуп дайындалган. 1934-ж. февралдан СССР Борбордук Аткаруу Комитетинин алдындагы КРнын туруктуу элчиси (Москва). Ошол кызматта турганда 1939-ж. Москвада өткөрүлө турган Кыргыз искусствосу м-н адабиятынын декадасына даярдануу ишине чоң эмгек сиңирген. Профессионал кыргыз маданият ишмерлерин даярдоого кыйла салым кошкон. 1937-ж. май айында Кыргыз АССР искусство комитетинин төрагалыгына дайындалган. 1930–37-жылдары Кыргыз АССР Аткаруу Комитетинин мүчөсү. 1937-ж. 20-ноябрда «эл душманы» деген жалган жалаа м-н камалып, 1938-ж. атылган. 1956-ж. толук акталган. Сөөгү 1991-ж. «Атабейит» көрүстөнүнө кайра коюлган.

**ЖАНАМАНОВА Турган** (1935-ж. т., Аксуу р-ну, Сарыкамыш айылы) – мугалим, СССР Эл агартуусунун отличниги, КРнын эмг. сиң. мугалими, КРнын эл агартуусунун



отличниги, Фрунзе ш-ндагы В. Маяковский атн. Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-тун бүткөн (1958), 1958–72-ж. Аксуу р-ндагы Бөрүбаш, Совет р-ндагы Каракулжа айылынын Сталин, Аксуу р-ндагы Мичурин атн. орто мектептерде мугалим, 1972-жылдан М. Мамакеев атн. мектепте мугалим. Медалдар м-н сыйланган. Аксуу айылынын «Ардактуу атуулу» наамы берилген.



**ЖАМАНКЕЕВ Абдыбек** (1935-ж. т., Каракол р-ну, Бөрүбаш айылы – 1997-ж. ошол жерде) – чарба жетекчиси. Пржевальск ш-ндагы а. ч. тех-мун (1965), Фрунзе ш-ндагы К. Скрябин атн. а. ч. ин-тун бүткөн (1971). 1965–71-ж. Аксуу р-дагы Каракол с-зунда агроном, 1971–83-ж. «Түргөн» совхозунда башкы агроном, Пржевальск ш-дагы зоопаркта директор, «Айылчарбахимия» бирикмесинде директор. 1983–91-ж. Бөрүбаш айыл кеңешинин төрагасы, 1991–95-ж. ошол эле айылда үрөнчүлүк б-ча агроном. Медаль м-н сыйланган.



**ЖАНБОЛОТОВ Бактыбек** (1960-ж. т., Аксуу р-ну, Зындан айылы) – Пржевальскидеги шофердук курсту (1978), Пржевальск мамл. музыкалык окуу жайын бүтүргөн (1985), 1978–80-ж. № 11-ДЭУда айдоочу болуп иштеген, 1983–85-ж. Ысыккөл обл-к драма театрында аккомпониатор, «Картайбачы апакем», «Балалык», «Ата сагынычына кездешүү», «Каркыралар», «Өмүрлөшкө» сыяктуу 30га жакын обондору бар. Ы. Туманов ат. Каракол мам. муз-к окуу жайында мугалим.

**ЖАНГАЗИЕВ Ишен** (1956-ж. Аксуу р-ну, Чоңжергез айылы) – Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1982), 1976–78-ж. Пржевальск ш-дык байланыш түйүнүндө, 1982–85-ж. Фрунзедеги № 1-техникалык окуу жайында окутуучу, окуу-тарбия иштери б-ча директордун орунбасары, 1985–87-ж. Ысыката р-ндук билим берүү бөлүмүндө инспектор, 1987–93-ж.



ошол эле р-ндо мамл. коргонуу штабынын начальниги, 1993–99-ж. Ысыккөл обл-к мамл. коргонуу штабынын начальниги, 1999–2001-ж. ошол эле обл-к мамл. коргонуу башкармалыгынын начальнигинин орунбасары, 2001-жылдан Ысыккөл обл-к өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Ысыккөл обл. башкармалыгынын начальниги. Полковник. Медалдар м-н сыйланган.



**ЖАНГАЗИЕВ Шакир** (1957-ж. т., Аксуу р-ну, Новоконстантиновка) – инженер, Рига ш-ндагы Граждандык авиациянын техн. окуу жайын (1980), Граждандык авиация Академиясын (1987), Граждандык авиациянын Киевдеги инженердик ин-тун бүтүргөн (1994), 1973–75-ж. «Ысыккөл», «Кеңеш» с-здорунда жумушчу, 1977–78-ж. Фрунзедеги айнек заводунда пирометрист, 1980–85-ж. Каракол аэропортунда авиадиспетчер, УВД б-ча улук авиадиспетчер, 1985–94-ж. аэропорттун начальнигинин орунбасары, 1994–96-ж. «Кыргызстан аба жолдору» улуттук авиакомпаниясында коммерциялык кызмат бөлүмүнүн начальниги, 1996–97-ж. аталган авиакомпаниянын Индия, Пакистандагы аймак өкүлү, 1998–2000-ж. Сауд Аравия, Великобританиядагы өкүлү, 2001–2004-ж. компаниянын вице-президенти, 2004–2005-ж. компаниянын Президентинин чет өлкөлөрдөгү өкүлчүлүктөрдүн иштери б-ча кеңешчиси, «Манас» эларалык аэропортунда коммерциялык директор, 2005-жылдан «Кыргызаэронавигация» мамл. ишканасынын генералдык директору.



**ЖАНТЕМИРОВ Асанбек** (1908-ж. т., Аксуу р-ну, Тепке айылы – 1990-ж. ошол жерде) – артист, режиссёр ж-а обончу. Кыргыз ССРинин эмг. сиң. артисти (1947). Каракол ш-ндагы зоовет. техникумун (1924), Москвадагы Луначарский атн. театр ин-тун бүтүргөн (1937). Адегенде Караколдогу колхоз-совхоз театрында артист

(1937–40), 1940–52-ж. Өзгөн элдик театрында режиссёр, 1953–64-ж. Тоң р-ндагы «Төрткүл» к-зунун мад-т үйүндө көркөм жетекчи болуп иштеген. Бул жылдардын ичинде К. Жантөшевдин «Ким кантти», Р. Шүкүрбековдун «Жапалак Жатпасов» аттуу комедияларын, ж. б. ондогон спектаклдерди койгон. Обончу катары «Гүлдөп ал», «Үлгү ырлары», «Күлүп кой», «Күлүмкан», «Талаанын гүлү селкиге», «Батмажан», «Эмне кызык», «Күттүм сени», «Күкүк», «Сыргажан», «Көл жээгинде» ж. б. обондору мукамдуулугу, жаркындыгы, көркөм каражаттарынын оригиналдуулугу м-н айырмаланат.



**ЖАНТӨШЕВ Касымалы** (1904-ж. т., Аксуу р-ну, Тепке айылы – 1968-ж. Бишкек ш.) – жазуучу, драматург, КРнын Эл жазуучусу (1968). КРнын иск-вого эмг. сиң. ишмери (1946). Кыргыз профессионал ад-тын негиздегендердин бири. Кыргыз пед. тех-мун бүтүргөн (1930). 1930–31-ж. пед. техн-да мугалим, 1931–33-ж. Кыргыз ССРинин Эл агартуу комиссариатында методист, Өзгөн р-нда эл агартуу бөлүмүнүн башчысы, 1934–48-ж. Кыргыз драма театрында актёр, режиссёр-коюучу, 1948–49-ж. Кыргызмамбаста редактор, 1949–51-ж. Кыргыз ССР Эл агартуу комиссариатында иск-во б-ча башкармалык начальниги, 1964–68-ж. КРнын Маданият министрлигинин репертуардык-редакциялык коллегиясынын башкы редактору. Чыгармачылыгы пед. техн-мда окуп жүргөндө ыр, аңгеме жазуудан башталган. Тунгуч пьесалары: «Койчулар», «Биз – комсомол», «Айылда», «Карачач» ж. б. (1926–28). Кийинки пьесалары: «Алым менен Мария», «Дардаш», «Ким кантти». Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде ж-а андан кийин жазган драмалык чыгармалары – «Өч», «Эл ырчысы», «Азоого чалма», «Каныбек», «Курманбек» ж. б. Алгачкы көлөмдүү прозалык чыгармасы – «Эки жаш» (1938) повести. 1930-жылдары роман жанрына алгачкылардан болуп кайрылып «Каныбекти» (1-китеби 1939-ж., 2-китеби 1941-ж., 3-китеби 1948-ж. чыккан; 2-редакциясы 1957–58-ж. жарык көргөн) жазган. Өмүрүнүн акыркы жылдарында «Хантеңирлик чабан» (1963), «Биздин секретарь» (1964), «Менин тагдырым» (1967) деген

роман, повесттерин жараткан. Көптөгөн аңгемелердин («Адыл мерген», «Чолпонбай» ж. б.), «Тилек», «Ашуу ашкан суу» ил. фантастикалык повесттердин автору. Котормочу катары да белгилүү. Н. Островскийдин «Болот кантип курчуду» романын, М. Лермонтовдун «Ашык-Керибин» ж. б. кыргыз тилине которгон. Кыргыз жазуучуларынан кино-драматургия жанрын баштоочулардын бири. Айрым чыгармалары («Каныбек» романы ж. б.) экрандаштырылган. «Каныбек» романы ж. б. чыгармалары орус ж. б. тилдерге которулган. Респ-дагы айрым мектептерге, китепканаларга, көчөлөргө ж-а Каракол ш-ндагы Ысыккөл обл. драма театрына анын ысмы коюлган. Бюсту Аксуу р-ндагы Тепке айылына 1974-ж. тургузулган. Жазуучунун элеси түшүрүлгөн бюст жез м-н капталган. Айкелчиси А. В. Шестопал. Эмгек Кызыл Туу, «Ардак белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

**ЖАНУЗАКОВ Кыдырмыш** (1936-ж. т., Түп р-ну, Тасма айылы – 1977-ж. ошол жерде) – механизатор, «Каракол» с-зунун (2-фермасында) Жылдыз айылында тракторист болуп иштеген. Ленин ордени, медалдар м-н сыйланган.



**ЖАНЫБЕКОВ Аскар** (1964-ж. т., Аксуу р-ну, Сарыкамыш айылы) – агроном, Фрунзедеги Кыргыз а. ч. ин-тун бүтүргөн (1986), 1986–89-ж. Аксуу р-ндагы «Ысыккөл» с-зунда агроном, башкы гидротехник, 1989–96-ж. «Жыргалаң» с-зунда башкы агроном, 1996–2003-ж. р-ндук суу чарба башкармалыгында директор, 2003–2005-ж. Ысыккөл обл-к мамл. администрация башчысынын орунбасары, 2005-жылдан Ысыккөл канаттуулар фабрикасынын директору.



**ЖАНЫБЕКОВА Дамира** (1959-ж. т., Аксуу р-ну, Чолпон айылы) – сов. кызматкер. КРнын эл агартуусунун отличниги. Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1981). 1976–82-ж. Сарыкамыш орто мектебинде улуу пионер вожатый. 1982–89-ж. партиянын Аксуу р-дук комитетинин III катчысы, райком комсомолдун 1-катчысы.

1989–91-ж. партиянын Аксуу р-дук комитетинин идеология бөлүмүнүн башчысы. 1991–92-ж. р-дук билим берүү бөлүмүнүн усулчу-текскөөчүсү. 1992–2000-ж. р-дук Кеңештин төрайымы. 2000–2001-ж. соц. фонддун башкаруучусунун орунбасары. 2003-жылдан Аксуу р-дук Кеңештин төрайымы. «Манас–1000» эстелик медалы, КРнын Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**ЖАНЫБЕКОВ Сапарбек** (1936-ж. т., Пржевальск р-ну, Каракол айылы) – Фрунзедеги индустриалдык техн. (1955), Алматыдагы партиялык Жогорку мектепти бүтүргөн (1970), 1955–59-ж. Пржевальск СМУсунда прораб, 1959–66-ж. Түп р-ндагы «Каракол» үрөнчүлүк чарбасында прораб, 1970–73-ж. Түп МСОсунда төрага, 1973–84-ж. «Ысыккөл» с-зунун директору, 1984–86-ж. Теплоключенка ПМКсынын, андан кийин МСОнун начальниги. «Ардак белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.

**ЖАРКЫНБАЕВ Абдыш** (1913-ж.т.,, Аксуу р-ну, Керегеташ айылы – 1986-ж. Бишкек ш.) – мамл. ишмер. 1930-ж. Бишкек колхоз техникумунда окуган. 1931–35-ж. соода чарбалык иштерде. 1937-ж. Каракол шаардык эл депутаттар кеңешинин аткаруу комитетинде инструктор, 1937–39-ж. Ош облусунун Совет р-ндук финансы бөлүмүнүн башчысы, 1939–43-ж. Кырг-н КПнын Совет райкомунда ж-а Ош обкомунда кадрлар бөлүмүнүн башчысынын орунбасары, 1943-жылдан Кырг-н КПнын Ош обкомунда мал чарбасы б-ча катчы, 1945–47-ж. Кырг-н обкомунун 1-катчысы. 1947–50-ж. КПСС БКнын алдындагы Жогорку партиялык мектепте окуган. 1950–54-ж. Кырг-н КПнын Талас обкомунун 1-катчысы, 1954-жылдан СССР даярдоо министрлигинде Кырг-н б-ча уполномочен, 1955-жылдан Бишкек шаардык эл депутаттар кеңешинин аткаруу комитетине төрага, 1959-ж. бут кийим ф-сында директор, 1961–75-ж. Москва р-нундагы Крупская атн. Шарап совхоз комбинатында директор, 1947–59-ж. Кыргыз ССР Жогорку Кеңешинин депутаты. Биринчи даражадагы Ата Мекендик согуш ордени, Кызыл Жылдыз, 2 Эмгек Кызыл Туу ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

**ЖЕКСЕМБАЕВ Мухамеди** (1952-ж. т., Түп р-ну, Талдыкаранар айылы) – механик, Алматыдагы а. ч. ин-тун бүтүргөн (1975), 1975–76-ж. Аксуу р-ндук «Кыргызайылчарбатехника» бирикмесинде инженер-контролер, 1976–78-ж. ремонт бөлүмүнүн башчысы, 1978–80-ж. башкы инженер, 1980–82-ж. аталган ишканада башкаруучу, 1988–90-ж. электроцехтин начальниги, 1990–94-ж. мастерскойдун башчысы, 1994–96-ж. башкы инженер, 1996–2001-ж. ошол эле ишкананын «Агротехсервисинде» төрага, 2004-жылдан бери Аксуу р-ндук агрардык өнүгүү департаментинде эмгектенген.



**ЖЕКШЕБАЕВ Турдубек** (1940-ж. Аксуу р-ну, Бөрүбаш айылы – 2004-ж. ошол жерде) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1964), 1964–70-ж. Түп р-ндук Жаңыарык сегиз жылдык мектепте мугалим, 1970-жылдан Аксуу р-нун Бөрүбаш айылындагы К. Токоев атн. орто мектепте директор, окуу иштери б-ча директордун орунбасары, мугалим.



**ЖЕТИБАЕВА Илимбүбү** (1949-ж. т., Тоң р-ну, Оттук айылы) – мугалим. КРнын билим берүүсүнүн отличниги. Каракол пед. окуу жайын (1968), Каракол мамл. пед. ин-ту бүткөн (1985). 1969–96-ж. Аксуу р-дагы Чолпон орто мектебинде мугалим.



**ЖИЙДЕЕВА Клара** (1939-ж. т., Жетөгүз р-ну, Барскоон айылы) – окумуштуу, филолог. ил. доктору (2000), проф. (2002), Кыргыз ИАнын Академиги, КРнын эл агартуусунун эмг. сиң. кызматкери, Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүткөн (1962). 1962–2000-ж. Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-нда кафедра башчысы, доцент, филология факультетинде декан, 2000-жылдан И. Арабаев атн. Кыргыз мамл. пед. ун-тинде кыргыз адабияты ж-а маданияты кафедрасынын профессору. Кырктан ашуун ил. эмгектин, андан сырткары монографиялардын ж-а окуу китептеринин автору.



**ЖИЙДЕЕВ Хусейин** (1913-ж. т., Челпек айылы – 1989-ж. ошол жерде) – мугалим, СССРдин ж-а Кыргыз ССРинин эл агартуусунун отличниги, Каракол ш-ндагы пед. окуу жайын бүткөн, 1939-ж. Жетөгүз айылында, 1945–50-ж. Каракол шаарындагы пед. окуу жайда мугалим, бир жыл Ысыккөл обкомунда инструктор. 1951-ж. Темировка, 1952-ж. Барскоон орто мектебинде директор. 1962-ж. Каракол ш-ндагы Жданов атн. орто мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы, 1964–72-ж. Аксуу р-дагы Акбулуң, Жолколот, Челпек айылындагы «Ленин жолу» орто мектептеринде директор.

**ЖОЛДОШЕВА Гүлнара** (1965-ж. т., Аксуу р-ну, Теплоключенка айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1987), 1987–90-ж. Аксуу р-нун Тепке айылындагы К. Жантөшев атн. орто мектепте лаборант, 1990–2001-ж. Жылдыз айылындагы Д. Бейшенов атн. орто мектепте мугалим, 2001–2006-ж. ошол эле мектепте директор.



**ЖОЛДОШЕВ Токтосун** (1923-ж. т., Челпек айылы – 1993-ж. ошол жерде). Пржевальск мугалимдер ин-тун бүткөн (1942), 1942–44-ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан, 1983-ж. «Ильич» к-зунда, ИОССто эмгектенген. III, II даражадагы Эмгек Даңкы, II даражадагы Ата Мекендик согуш ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**ЖОЛДОШЕВА Турдухан** (1929-ж. т., Челпек айылы – 1995-ж. ошол жерде). 1979-ж. «Ташкыя», «Ильич» к-зунда, ИОССто талаачылык жумуштарда иштеген. III даражадагы Эмгек Даңкы ордени, медалы м-н сыйланган.

**ЖОЛДОШЕВ Токтобек** (1939-ж. т., Аксуу р-ну, Ташкыя айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1961), Тоң р-нун



Бөкөнбаев айылындагы Горький атн. орто мектепте мугалим, 1962–67-ж. ошол эле р-ндогу билим берүү бөлүмүндө иштеген, 1967–80-ж. Челпек орто мектебинде мугалим. 1980–83-ж. ИОССто жумушчулар комитетинин төрагасы, 1983–90-ж. Челпек айылындагы «Ленин жолу» орто мектебинде окуу-тарбия бөлүмүнүн башчысы, 1990–93-ж. Челпек айылындагы Т. Искаков атн., 1993–97-ж. «Ленин жолу» орто мектептеринде директор.



**ЖОЛДОШЕВ Акылбек** (1966-ж. т., Тоң р-ну, Бөкөнбаев айылы – 2002-ж. ошол жерде) – Пржевальскидеги муз. мектепти (1983), Б. Бейшеналиева атн. мамл. искуство ин-тун бүткөн (1988), төрт жашынан муз-га кызыгып, аккордеондо өз алдынча ойноп, 6 жашында биринчи жолу сахнада «Ак гүлдөр» деген ырды аткарып, «Советтик Кыргызстан» газетасына сүрөтү м-н чыккан, 1988–2002-ж. «Ленин жолу», Т. Искаков атн. орто мектептерде, Пржевальск пед. ин-тунда, Кыргыз-Түрк лицейинде мугалим ж-а өздүк көркөм чыгармачылыгына жетекчи болуп иштеген. «Жылдызым», «Досума», «Энеме», «Жаштар маршы», «Энем менен атама», «Үмүт өчпөсүн», «Алгачкы сүйүү» сыяктуу көп ырлардын автору, аталган ырлардын көпчүлүгүнө обон жараткан. «Бүткүлсоюздук эл чыгармачылыгынын» I, II фестивалдарынын лауреаты.



**ЖОЛДОШЕВ Токтахун** (1926-ж. т., Ташкыя айылы) – ички иштер кызматкери, Коомдук жайдын бейпилдигин сактоо кызматынын отличниги, Алматыдагы СССР ИИМдин Жогорку мектебин бүтүргөн (1967), 1952–53-ж. Ош обл-тынын Алабука РИИБде инспектор, 1956-ж. Сузак РИИБде атайын Комендатуранын начальниги. 1956–64-ж. Ташкөмүр ички иштер бөлүмүндө начальниктин орунбасары, 1964–66-ж. Тоң, 1966–70-ж. Жетөгүз, 1970–73-ж. Түп, 1973–82-ж. Аксуу р-ндорунун ички иштер бөлүмдөрүнүн ж-а 1984-ж. Ысыккөл обл-к ички иштеринин 5-бөлүмүнүн начальниги. «Жоро» кыргыз фильмине тартылган. Космонавт Ю. Гагарин м-н кезигип маектешкен. Медалдар м-н сыйланган.



**ЖОРТУЧИЕВА Азипа** (1940-ж. т., Аксуу р-ну, Маман айылы) – 1959–90-ж. Каракол с-зунда саанчы. «Даңк» ордени, медалдар м-н сыйланган.



**ЖУСАЕВ** *Жолдош* (1934-ж. т., Аксуу р-ну, Тепке айылы – 2000-ж. ошол жерде) – филолог, филология илимдеринин кандидаты (1984), проф. (1994). КМУнун чет тилдер факультетин бүтүргөн (1959). 1949–53-ж. Каракол пед. окуу жайында мугалим, 1959–64-ж. Ош пед. ин-тунда англис тил мугалими, 1964–67-ж. кафедра башчысы, 1967–72-ж. КМУда англис тили кафедрасынын башчысы, 1972–76-ж. чет тилдер факультетинин деканы, 1976–80-ж. КМУнун парткомунун катчысы, 1980–81-ж. аспирант, 1981–82-ж. КМУда улук окутуучу, 1982–87-ж. Кырг-н КП БКда чет элдик байланыштар секторунун башчысы, 1987–88-ж. Кыргыз кыз-келиндер ин-тунда окуу иштери б-ча проректор, 1988–91-ж. КМУнун Караколдогу филиалынын директору, 1991–93-ж. Ысыккөл мамл. пед. ин-тунун ректору, 1993-жылдан К. Тыныстанов атн. Ысыккөл мамл. ун-нин ректору, мугалим. 73 илимий ж-а педгогикалык эмгектердин, а. и. англис тилин мектептерде ж-а жог. окуу жайларында окутуу методикасы б-ча 10 окуу китебинин ж-а 1 монографиянын автору. Медалдар м-н сыйланган.



**ЖУСУПОВ Саламат** (1962-ж. т., Аксуу р-ну, Бозучук айылы) – ички иштер кызматкери, КРнын милициясынын отличниги, Фрунзедеги милиция кызматкерлеринин атайын орто мектебин (1985), Россия Федерациясынын ички иштер министрлигинин Жогорку мектебин бүтүргөн (1994), 1979–80-ж. «Путь Ильича» с-зунда машинист, токарь, 1980–82-ж. Сов. Армияда, 1982–83-ж. аталган с-здо комбайнер, 1985–90-ж. Каракол ш-дык ички иштер бөлүмүнүн начальниги, 1990–93-ж. Ысыккөл р-ндук ички

иштер бөлүмүнүн ОУР начальниги, 1993–99-ж. Балыкчы ш-дык ички иштер бөлүмүнүн начальнигинин орунбасары, начальниги, 1999-жылдан Ысыккөл обл-к ички иштер башкармалыгынын кылмыш издөө бөлүмүнүн начальниги. Медалдар м-н сыйланган.



**ЖУСУПОВ Муса** (1929-ж. т., Аксуу р-ну) – мугалим, Пржевальск пед. ин-тун (1948), Алматы ш-ндагы партиялык Жогорку мектепти бүтүргөн (1958), 1948–88-ж. Сов. Армияда, Аксуу р-ндагы Ичкежергез орто мектебинде мугалим, райком комсомолдо катчы, партиялык комитеттин катчысы, к-з башкармасы, Ф. Дзержинский атн. орто мектептин мугалими.



**ЖУСУПОВ Ишенбай** (1933-ж. т., Аксуу р-ну, Бозучук айылы – 1987-ж. ошол жерде) – мугалим, КМУну бүтүргөн (1954), 1954–60-ж. Жетөгүз р-ндагы Дархан, Саруу, Аксуу р-ндагы Сарыкамыш, Ичкежергез орто мектептеринде мугалим, 1960–62-ж. Ичкежергез орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы, 1962–63-ж. Үчкайнар 8 жылдык мектебинин директору, 1963–73-ж. Бозучук 8 жылдык мектебинин директору, 1973–80-ж. Ичкежергез орто мектебинин директору.



**ЖУМАГОЖОЕВ Калык** (1937-ж. т., Аксуу р-ну, Сарыкамыш айылы) – 1959–66-ж. Сарыкамыш айылдык клубдун башчысы, ошол эле айылдагы мектепте мугалим, 1966–67-ж. к-здо жыгач уста, 1967–73-ж. к-здун бригадири, бригадирдин жардамчысы, 1973–75-ж. чоң бригадирдин орунбасары, 1976–93-ж. жыгаччылык б-ча мастер, звеньевой. Нарын ж-а Ысыккөл обл-рынын көргөзмөсүндө 1-орунду алган. Ж. чыгармачылык м-н да алектенип, келет. «Аксуу кайрыктары», «Тулпарташ» аттуу ыр китептердин автору.



**ЖУМАДЫЛОВ** Советбек (1932-ж. т., Аксуу р-ну, Тепке айылы – 2003-ж. Бишкек ш.) – актёр. КРнын Эл артисти (1977), эмг. сиң. артист, 1975), М. Рыскулов атн. сыйлыктын лауреаты. Ташкендеги А. Н. Островский атн. сүрөт ж-а театр ин-тунун актёрдук факультетин бүтүргөн (1953). 1953-жылдан Кыргыз мамл. акад. драма театрында иштейт. Ж. каармандардын ички сырын, социалдык маңызын ачып, жекече мүнөз таба билген актёр. Ар кыл тематикадагы көркөм образдарды аткарып, алардагы таасирдүү тереңдиктерди таап, жөнөкөй, жеткиликтүү бере билген. Аткарган негизги ролдору: Ашырбай, Солтобай, Мухтар, Омор (Т. Абдумомунов «Ашырбай», «Тар капчыгай», «Абийир кечирбейт»), Мырзакул, Мамбет, Эдигей, Танабай (Ч. Айтматов «Бетме-бет», «Фудзиямадагы кадыр түн», «Кылым карытар бир күн», «Танабай Бакасов»), Кызылчок, Маке чал (Б. Жакиев «Алтын аяк»), Боромбай (А. Токомбаев «Өлбөстүн үрөнү»), Тазабеков (Э. Турсунов «Замандаш»), Дайыр Мусаевич (М. Байжиев «Ар бир үйдө майрам»), Омар Хайям (К. Мамбетакунов «Омар Хайямдын махабаты»), Ажы (Н. Байтемиров «Уркуя»), Семетей, Коңурбай (Ж. Садыков «Сейтек», «Айкөл Манас»); орус ж-а дүйн. классиктерден: Лопахин, Войнцкий (А. Чехов «Алчалуу бак», «Ваня таяке»), Вронский (Л. Толстой «Анна Каренина»), Куудул, Ричард, Отелло (У. Шекспир «Король Лир», «Ричард Ш», «Отелло»), Доктор (Н. Хикмет «Унутулган адам»), Эзоп (Г. Фигейредо «Эзоп») ж. б. Ж. кинодо да көптөгөн ролдорду аткарган: Шараф (реж. А. Бергункер, «Жоро»), Болотбек (М. Убукеев, «Тайгак кечүү»), Токтогул (Б. Каипов, «Алымкан»), Жарасбай (Б. Шамшиев, «Караш-караш окуясы»), Баяке (М. Убукеев, «Ак Мөөр»), Байзак (Б. Шамшиев, «Касиеттүү Ысыккөл»), Директор (Ж. Сооданбек, «Дилетант»), Рабфак (А. Нарымбетов, «Сузактан чыккан Гамлет») ж. б. Медалдар м-н сыйланган.



**ЖУМАЛИЕВА** Турсун (1949-ж. т., Аксуу р-ну, Курбу айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги (1998), Пржевальск ш-ндагы пед. окуу жайын бүткөн (1969), 1971-жылдан Аксуу р-ндагы Мамакеев атн. орто мектептин башталгыч класстарынын мугалими.



**ЖУМАКЕЕВ Алмаз** (1970-ж. т., Пржевальск ш.) – «КРнын Компартиясынын 60 жылдыгы» атн. аскердик мектеп-интернатын (1988), Рязандагы эки Кызыл Туулуу аба десант жогорку жетектөөчүлөр окуу жайын аяктаган (1992). 1993–2001-ж. Казак Респнын аскер аба-десанттык бөлүгүнүн начальниги. 2003-жылдан Талдыкургандагы Аэромобил согуш күчтөрүнүн десанттык чалгындоо бригадасынын командири. II даражадагы «Айдын» ордени, 5 медаль м-н сыйланган. Спорттун мастерлигине кандидат, аскердик спорт оюндарынын инструктору. Гвардиянын подполковниги.



**ЖУМАКЕЕВА Жаңылкан** (1940-ж. т., Аксуу р-ну, Керегеташ айылы) – 1960–65-ж. Энчилеш айылында китепканачы, 1965–72-ж. саанчы, 1972–90-ж. уй ферма башчысы, чабандын жардамчысы. ВЛКСМдин XVI ж-а ЛКСМдин XVIII съездине делегат болгон.



**ЖУМАКЕЕВ Тынычбек** (1960-ж. т., Аксуу р-ну, Ташкыя айылы) – Пржевальскидеги муз-к окуу жайын бүткөн (1985), 1985–90-ж. ошол эле ш-дагы балдар муз-к мектебинде, 1990–94-ж. Пржевальск Пристанындагы «Ильич» атн., 1994–96-ж. А. Чехов атн. орто мектепте мугалим, 1996-ж. К. Жантөшев атн. Ысыккөл муз-к драма театрында артист. Бир нече муз. аспаптарда аткаруу чеберчилиги элдин жүрөгүнөн орун тапкан.



**ЖУМАКЕЕВ Жеңиш** (1943-ж. т., Челпек айылы) – Пржевальск кооперативдик окуу жайын (1961), Москвадагы Жогорку Кызыл Туулуу жетектөөчүлөрдүн чек ара окуу жайын бүтүргөн (1972). 1963-ж. Пржевальск бут кийим тигүү фабрикасында мастер болуп иштеген. 1963–68-ж. Сов. Армияда Москвадагы абадагы каршылык-

тан коргонуу округунда жоокер, кыймылдагы химиялык ремонт мастерскоюнун начальниги, 1968–84-ж. СССР КГБнын чек ара күчтөрүнүн Пржевальскидеги чек ара бөлүгүндө кызмат өтөгөн, 1984–90-ж. Ысыккөл обл-к эл депутаттар кеңешинде өзгөчө тапшырмалуу резервдик полктун штабынын начальниги, 1990–93-ж. Каракол ш-дагы граждандык коргонуу штабынын начальниги, 1994–99-ж. КРнын Коргоо министрлигинин башкы штабынын чалгындоо башкармалыгында, 2000–2003-ж. Каракол чек ара отрядында чалгындоо бөлүмүнүн начальниги, 1980–83-ж. Афган согушуна катышкан. Медалдар м-н сыйланган. Аскер чини – полковник.



**ЖУНКЕЕВ Теңизбай** (1943-ж. т., Аксуу р-ну, Челпек айылы) – Бишкектеги Скрябин атн. а. ч. ин-тун бүтүргөн (1965), 1965–70-ж. Кант р-ндагы Алатоо винс-зунда жумушчу, № 2-бөлүмүндө башкаруучу, 1974-ж. Москва р-ндагы Крупская винс-зунун Мураке бөлүмүндө, 1977-ж. Пржевальск плодовин с-з комбинатында башкы агроном. 1988-ж. Балыкчы ш-ндагы винс-здо директор. 1996-ж. Ысыккөл тажрыйба селекция станциясында, «Челпек» агрофирмасында, «Челпек» акционердик коомунда директор. 1997-жылдан «Жемиш» акционердик коомунда директор. «Ардак белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.



**ЖУНУШАЛИЕВ Нурбай** (1935-ж. т., Түп р-ну, Арал айылы) – экономист, КМУну бүтүргөн (1959), 1959–62-ж. Ош обл-дагы Чаткал с-зунда улук экономист, 1962–66-ж. Түп р-ндагы Каракол с-зунда эмгек б-ча инженер, «Заря» к-зунда башкы экономист, 1966–72-ж. Пржевальск ш-ндагы «Жашылчажемишвинс-зунда» пландоо бөлүмүнүн башчысы, 1972–73-ж. «Заря» к-зунда бригадир, 1973–77-ж. а. ч. башкармалыгында бөлүмдүн начальниги, 1977–85-ж. «Заря коммунизма» к-зунда парткомдун катчысы, 1985-ж. р-ндук профсоюздар комитетинин төрагасы. Медалдар м-н сыйланган.



**ЖУНУШЕВ Керимберди** (1925-ж. т., Аксуу р-ну, Керегеташ айылы) – экономист, экономика ил. доктору (1971), профессор (1972), Кырг-н КП БКнын алдындагы партиялык мектепти (1956), КПСС БКнын алдындагы Жогорку партиялык мектепти бүтүргөн (1959), 1941–45-ж. Ата Мекендик согушка катышкан, 1951–53-ж. Кырг-н КП Жалалабат, 1956–58-ж. Ысыккөл обкомдорунун жооптуу кызматкери, 1959–67-ж. Кыргыз ИАнын экономика ин-тунун кенже ж-а ага ил. кызматкери, 1967–73-ж. Фрунзе политехн. ин-тунун доценти, профессору, 1973-жылдан КМУнун профессору. 15 ил. эмгеги жарык көргөн.



**ЖУНУШОВ Асанакун** (1912-ж. т., Зындан айылы – 1986-ж. ошол жерде) – к-з курулушунун активдүү катышуучусу, 1941–45-ж. Ата Мекендик согушка катышкан, 1946–72-ж. Зындан айылында кой ферма башчысы, бригадир болуп эмгектенген. Даңк ордени, медалдар м-н сыйланган.



**ЖУНУШОВА Турган** (1947-ж. т., Аксуу р-ну, Керегеташ айылы) – мугалим, КРнын билим берүү отличниги (1989), КМУну бүткөн (1974), 1970–76-ж. Ош обл-дагы Каракөл ш-ндагы № 12, Москва р-ндагы К. Маркс ж-а Будённый атн., 1976–77-ж. Аксуу р-ндагы Кайырмарык, 1977-жылдан М. Мамакеев атн. орто мектептерде мугалим.



**ЖҮРСҮНОВА Токтокан** (1953-ж. т., Түп р-ну, «Маяк» с-зу) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, Пржевальск ш-ндагы № 2 кесиптик-техникалык окуу жайын (1972), ошол эле ш-дагы пед. окуу жайын бүтүргөн (1976), 1976-жылдан Аксуу р-ндагы Дзержинский атн. орто мектебинде мугалим, профсоюз комитетинин төрайымы.



**ЖУСУПОВА Шарика** (1951-ж. т., Аксуу р-ну, Нововознесеновка айылы) – Фрунзедеги политех. ин-тун бүткөн (1975), 1975–89-ж. Ысыккөл об-тык пландоо комиссиясынын ага экономисти, эркин пландоо бөлүмүнүн башчысы, 1989–97-ж. Каракол ш-дык комитетинде баа көзөмөлү б-ча бюронун башчысы, Каракол ш-дык мамл. адм. экономика ж-а финансы бөлүмүнүн башчысынын орунбасары, 1997–2005-ж. Пржевальск нан заводунун ж-а Каракол элди иш м-н камсыздоо борборунун директору, 2006-жылдан аймактар аралык миграция комитетинин Каракол ш-ры ж-а Аксуу р-ну б-ча төрайымы.



**ЖЫЛКЫБАЕВА Жамиля** (1957-ж. т., Аксуу р-ну, Шапак айылы) – журналист, КМУну бүтүргөн (1979), 1979–81-ж. «Ленинчил жаш», 1981–87-ж. «Ысыккөл правдасы» газеталарында кабарчы, 1987–95-ж. Аксуу р-ндук «Эмгек Туусу» газетасында бөлүм башчы, 1995–2000-ж. Ысыккөл обл-к мамадминистрациясында пресс-катчы, 2000–2003-ж. К. Тыныстанов атн. Ысыккөл мамл. ун-тинде окутуучу, 2003–2006-ж. «Журналисттер үйүндө» журналист, лектор. «Шапак баатыр баяны», «Кыдыр аке», «Тарыхый инсандар таржымалары» китептеринин автору. Кыргызстан Журналисттер союзунун мүчөсү.



**ЖЫРГАЛОВ Осмон** (1908-ж. т., Челпек айылы – 1987-ж. ошол жерде) – айыл ичинде к-здор түзүлгөндөн баштап, талаачылык жумуштарда иштеген. 1942–43-ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1943–70-ж. к-здордо, ИОССто, дыйканчылыкта эмгектенген. Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

**ЖЭЭНТАЕВ Рахимжан** (1914-ж. т., Аксуу р-ну, Тепке айылы – 1963-ж. ошол жерде) – КРнын эмг. сиң. зоотехниги. Каракол-догу орус-тузем мектебин (1932), Ашхабад ш-ндагы М. Калинин атн. Түркмөн а. ч. ин-тун бүткөн (1937), 1939–41-ж. КРнын



а. ч. министринин орунбасары, 1941–45-ж. Чолпоната ш-ндагы жылкы заводунун директору, 1945–47-ж. Нарын об-тык а. ч. башкармасынын начальниги, 1947–49-ж. ошол эле обкомдун а. ч-сы б-ча секретарь, 1949–56-ж. Жумгал р-ндук ветеринария башкармасынын начальниги, 1956–63-ж. Аксуу р-ндагы Каракол с-зунда башкы зоотехник, зоотехник.



**ЗАКИРЯЕВ** Эсей (1940-ж. т., Аксуу р-ну, Шапак айылы) – мугалим, Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1963), 1963–68-ж. Кочкор районундагы Фрунзе атн. орто мектепте мугалим, 1968–69-ж. Кочкор р-ндук «Эмгек Туусу» газетасында адабий кызматкер, 1969–70-ж. ошол эле р-ндук «Билим» коомунда жоопту катчы, «Эмгек Туусу» газетасында ага адабий кызматкер, 1970–79-ж. Кочкор р-ндагы Соңкөл орто мектебинде мугалим, 1979–81-ж. «Эмгек Туусу» газетасында бөлүм башчы, 1981–93-ж. Аксуу р-ндагы Шапак орто мектебинде директор, мугалим, 1993–98-ж. окуу бөлүмүнүн башчысы, 1998–2002-ж. ошол эле мектепте мугалим. «Дилдеги сыр» ырлар жыйнагынын автору. ВЛКСМ БКнын Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**ЗВЯГИН Дмитрий Васильевич** (1946-ж. т., Аксуу р-ну, Теплоключенка айылы) – 1965–68-ж. Сов. Армияда, 1969–94-ж. «Заря коммунизма» к-зунда айдоочу, 1995-жылдан «Заря» кооперативинде айдоочу. «Ардак белгиси», III даражадагы Даңк ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**ИБРАЕВ** Адыл (1925-ж. т., Аксуу р-ну, Тепке айылы) – мугалим, Каракол ш-ндагы пед. окуу жайын бүтүргөн (1942), ошол эле жылы Түп р-ндагы Темир айылындагы мектепте мугалим болуп иштеген, 1942–45-ж. Ата Мекендик согушка катышкан. Ата Мекендик согуш ордени, медалдар м-н сыйланган.



**ИБРАЕВ Анарбек** (1951-ж. т., Аксуу р-ну, Тепке айылы) – ырчы. КРнын эмг. сиң. артисти (1992), Кырг-н Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты (1985). Т. Сатылганов атн. мамл. сыйлыгынын ээси (2004), Т. Сатылганов атн. филармониянын алдындагы эки жылдык студияны, Б. Бейшеналиева атн. иск-во ин-тунун ырдоо бөлүмүн бүтүргөн. Чыгармачылыгы 1970-жылдан башталган. Адегенде Ч. Кожомжаров жетектеген биринчи кыргыз эстрадасында, андан кийин К. Орозов атн. эл аспаптар оркестринде солист болуп иштейт. И-дин үнүнүн диапозону кенен; элдик, лирикалык ж-а дүйнөлүк классикалык ырларды аткарат. Жаштардын ж-а студенттердин Москвада өткөн Бүткүл дүйнөлүк фестивалынын дипломанты (1985), Италия, Франция, Тунис, Румыния ж. б. өлкөлөрдө гастролдо болгон.



**ИБРАЕВ Курманбек** (1957-ж. т., Аксуу р-ну, Тепке айылы) – Ысыккөл а. ч. техн. (1973), 1975–77-ж. Сов. Армияда, 1977–80-ж. Түп автобазасында айдоочу, 1980–83-ж. Түп р-ндагы «Кыргызайылчарбахимия» бирикмесинде айдоочу, 1984–91-ж. Аксуу р-ндагы Тепке айылында айдоочу. Даңк ордени м-н сыйланган.

**Ибрагимов Кайбылда** (1901-ж.т., Тепке айылы, азыркы (Аксуу р-ну), Каракол уезди – 1961, Каракол ш.) – Ысыккөл өрөөнүндө Кеңеш бийлигин чыңдоо үчүн күрөшкөндөрдөн. 1919-жылдан КПСС мүчөсү. 1919-ж. Каракол ш-ндагы жергиликтүү кулактар м-н ак гвардиячыларга каршы күрөшкөн. 1920-жылдан сот ж-а прокуратура органында иштеген, кыргыз кедей кембагалдарын партияга, комсомолго, «Кошчу» союзуна тартууга көп күч жумшаган. Кыргызстандын түндүгүндө жер-суу реформасын жүргүзүүгө, мад-т иштерин куруууга катышкан.



**ИЛЯЗОВ Махмед** (1919-ж. т., Челпек айылы – 2000-ж. ошол жерде) – мугалим, Пржевальск пед. окуу жайын бүтүргөн. Жетөгүз р-дагы Дархан айылында мугалим,

1939–44-ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан, 1945–76-ж. Челпек орто мектебинде мугалим. I даражадагы Кызыл Жылдыз ордени, медалдар м-н сыйланган.



**ИЛЯЗОВ Данил** (1949-ж. т., Челпек айылы) – ырчы, КРнын эл агартуусунун отличниги, Кыргыз мамл. Академиялык опера ж-а балет театрынын алдындагы 2 жылдык студиясын (1968), Москвадагы эки Ленин ордендүү мамл. П. И. Чайковский атн. консерваториянын 4-курсун (1972), Фрунзедеги Б. Бейшеналиева атн. Кыргыз мамл. искусство ин-тун бүтүргөн (1974), 1974–76-ж. Кыргыз мамл. Академиялык опера ж-а балет театрында операнын солисти, 1976–2006-ж. Караколдогу мамл. муз-к окуу жайында мугалим, 1986-жылдан Каракол ш-ндагы согуштун ж-а эмгектин ардагерлеринин элдик хорунун башкы солисти. Ысыккөл мам. К. Тыныстанов атн. университетинде мугалим. Репертуарында 100гө жакын кыргыз, орус, татар, калмак, неополитан романстары, ырлары ж-а ариялар бар. 1973-жылы Минск ш-нда өткөрүлгөн Бүткүлсоюздук профессионалдык ырчылардын конкурсунун дипломанты. 20дан ашык ырлары «Алтын фондго» жаздырылган. Медалдар м-н сыйланган.



**ИМАЕВ Кожобек** (1939-ж. т., Аксуу р-ну,) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, СССР ички иштер министрлигинин отличник пропагандисти, КМУну (1961), Москвадагы Жогорку партиялык мектепти бүтүргөн (1972), 1961–64-ж. Тажик ССРинин Мургаб р-ндагы сегиз жылдык мектептин директору, билим берүү бөлүмүнүн инспектору, 1964–66-ж. партиянын Мургаб р-ндук комитетинин инструктору, 1966–70-ж. Кырг-н КП Ош обл-к ж-а ш-дык комитетинин инструктору, 1972–79-ж. Кырг-н КП Ысыккөл обл-к комитетинин саясий агартуу үйүнүн инструктору, 1979–84-ж. Аксуу р-ндук аткаруу комитетинин төрагасынын орунбасары, 1984–93-ж. Ысыккөл обл-к ж-а Аксуу р-ндук ички иштер бөлүмүнүн начальнигинин орунбасары. Милициянын подполковниги. Медалдар м-н сыйланган.



**ИМАЗАЛИЕВ Шаршеке** (1934-ж. т., Түп р-ну, Тасма айылы) – 1954–94-ж. «Каракол» с-зунда чабан. Эмгек Кызыл Туу ордени, «Ардак белгиси» ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**ИМАКЕЕВА Мария** (1939-ж. т., Аксуу р-ну, Теплоключенка айылы) – а. ч. кызматкери, 1966–94-ж. «Заря коммунизма» к-зунда тракторист болуп иштеген. П. Н. Ангелина атн. сыйлыктын лауреаты, «Механизатор-аялдар» клубунун ардактуу мүчөсү, медалдар ж-а «МТЗ-80» трактору м-н сыйланган.



**ИМАНАКУНОВ Бейшен** (1930-ж. т., Аксуу р-ну, Сарыкамыш айылы) – илимпоз, химия ил. доктору (1972), проф. (1974), Кыргызстан ИАнын корр. мүчөсү (1977), КМУну бүткөн (1953). 1956–68-ж. Кырг-н ИАнын Органикалык эмес ж-а физикалык химия ин-тунда ил. кызматкер ж-а лаборатория башчысы (1971–75). 1975–89-ж. ошол ин-ттун директору. 1989-жылдан Асыл металлдар химиясы ж-а технологиясы лабораториясынын башчысы. И. туздар м-н аминдердин өз ара аракеттенүү реакцияларын изилдеп, алар кислоталар ж-а негиздер теориясынын закончênеми м-н түшүндүрүлөрүн аныктаган. 200дөн ашык жаңы бирикме алып, аларга физ.-химиялык мүнөздөмө берген. Ал синтездеген бирикмелердин бир катары жог. биологиялык активдүүлүккө ээ болуп, техникалык өсүмдүктордүн өсүүсүн ж-а өрчүшүн тездетет. Кээ бир препараттары медицинада кан пайда кылуучу шишикке каршы, гипотензивдүү каражаттар катары пайдаланылат. 200дөн ашык ил. эмгектин (а. и. 5 монография, 14 авторлук күбөлүк ж. б.) автору. Медалдар м-н сыйланган.



**ИМАНАЛИЕВ Асанкул** (1927-ж. т., Аксуу р-ну, Акбулак айылы) – 1942–48-ж. «Красный Октябрь» МТСинде тракторист, 1950–57-ж. чабан, 1957–71-ж. зоотехник. Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.



**ИМАНБЕКОВА Нуржума** (1953-ж. т., Түп р-ну, Акбулак айылы) – мугалим, В. Маяковский атн. Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-тун бүткөн (1977), КРнын билим берүүсүнүн отличниги, 1977–79-ж. Ош обл-нын Өзгөн ш-ндагы А. Навои атн., 1979–80-ж. Аксуу р-ндагы Чолпон орто мектебинде, 1980-жылдан К. Токоев атн. орто мектепте мугалим.



**ИМАНБЕТОВ Жеңиш** (1945-ж. т., Аксуу р-ну, Тегизчил айылы) – 1965–68-ж. Сов. Армияда, 1968–78-ж. Пржевальск жүк ташуучу автобазада айдоочу, 1978–84-ж. Пржевальск ш-дык ички иштер бөлүмүнүн чарба бөлүмүндө бөлүм башчы, 1984–98-ж. нефтебазанын АЗСинде мастер, 1999-жылдан «Жеңиш» жеке чарбасынын жетекчиси. ВЦСПСтин Президиумунун Ардак грамотасы, 2002-ж. «Жылдын мыкты ишкери» медалы м-н сыйланган.



**ИСАБАЕВ Жыргалбек** (1959-ж. т., Аксуу р-ну, Бозбулуң айылы) – юрист, СССРдин ички иштер кызматынын отличниги, СССР ички иштер министрлигинин алдындагы милициялык мектепти (1984), Москвадагы ички иштер ин-тун бүтүргөн (2006), 1980–82-ж. Ысыккөл обл-к ички иштер бөлүмүндө милиция кызматкери, 1984–85-ж. Пржевальск ш-дык ички иштер бөлүмүндө инспектор, 1985–95-ж. участкалык инспектор, 1995–98-ж. нөөмөт инспектору, 1998–2006-ж. паспорт столунун начальниги, 2006-жылдан улук кызматкер. Милициянын майору. Медалдар м-н сыйланган.



**ИСАБЕКОВ Рахмат** (1900-ж. т., Аксуу р-ну, Отузуул айылы – 1954-ж. ошол жерде) – Сов. өкмөтүн чындоого активдүү катышкан, Самара ш-ндагы партиялык Жогорку мектепти бүтүргөн (1935), 1929-ж. Карачий айылында к-з уюштуруп, анын төрагасы болгон. Кийин ал «Тегизчил» к-зу деп аталган, 1935-ж. партиянын Алай райкомунун катчысы, 1937-ж. репрессияга кабылып, кийин акталып чыккан, 1953-жылга чейин «Тегизчил» к-зунун төрагасы болуп иштеген. Тегизчил айылынын борбордук көчөсүнө ысымы коюлган.



**ИСАБЕКОВ Асангазы** (1923-ж. т., Аксуу р-ну, Жергез айылы) – 1941–45-ж. Ата Мекендик согушка катышкан. Ата Мекендик согуш ордени, медалдар м-н сыйланган.



**ИСАБЕКОВ Бектурсун** (1940-ж. т., Челпек айылы) – 1960-ж. Сов. Армияда, 1963–95-ж. Ысыккөл тажрыйба селекциялык станцияда чабан. Эмгек Кызыл Туу ордени, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**ИСАБЕКОВ Муса** (1911-ж. т., Челпек айылы – 1995-ж. ошол жерде) – 1940-ж. Ош обл-нын Ленин жолу р-ндагы Сакалды сельпо башкармалыгынын төрагасы, 1940-ж. Ош обл-нын партиянын Ленин райкомунда жалпы бөлүмдүн башчысы, 1940–59-ж. Ички иштер бөлүмүндө начальник, опер кызматкер, участковый, 1959–73-ж. Тамчы айыл кеңешинин аткаруу комитетинин төрагасы, 1973–91-ж. Тамчы орто мектебинин директордун чарба боюнча орунбасары. Эки жолу Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы, медалдар м-н сыйланган. Милициянын отличниги.



**ИСАБЕКОВ Мелис** (1940-ж. т., Ош облты, Ленин р-ну – 1981-ж. Тамчы айылы) – КМУну (1965) ж-а анын аспирантурасын бүтүргөн (1971), филолог. ил. кандидаты, доцент. 1958–59-ж. Тамчы с-зунда жумушчу болуп иштеген, 1977–80-ж. КМУнун чет тилдер факультетинде француз тили мугалими, 1980–81-ж. Хакасиядагы Абакан пед. ин-тунда француз тили б-ча кафедрасынын башчысы, 1981-жылдан Тува автономиялык Респ-нын Тува пед. ин-тунда француз тили кафедрасынын башчысы. Докторантурада сырттан окуп жүрүп кайтыш болуп калган.



**ИСАБЕКОВ Токтобай** (1944-ж. т., Кочкората айылы) – Пржевальск курулуш окуу жайын бүтүргөн (1963), 1961–73-ж. Тамчы с-зунда жумушчу, курулуш бөлүмүнүн мастери. 1973–84-ж. Токтогул ГЭСинин курулушунда комсомол уюмунун секретары. 1984–87-ж. Ысыккөл облсовпрофтун ВОИРде төрагасы, 1987–96-ж. 301-ПМКда начальниктин орунбасары, К. Жантөшов атн. Ысыккөл Кыргыз драма театрында инженер, 1996-жылдан «Академтран-сервис» бирикмесинде директордун орунбасары. ВЛКСМ БКнын Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**ИСАБЕКОВА Шайырбүбү** (1950-ж. т., Жетөгүз р-ну, Ичкебулуң айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, Караколдогу мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1972), 1972-жылдан Аксуу р-ндагы Энчилеш айылындагы орто мектепте мугалим. Кесиптик жогорку категорияга ээ.



**ИСАЕВ Исмагул** (1917-ж. т., Челпек айылы – 2003-ж. Бишкек ш.) – журналист, Ленинграддагы аз улуттардын ин-тун бүтүргөн (1936), 1936–37-ж. Маман орто мектебинде мугалим, Кыргыз ЛКСМ р-ндук комитетинин пионер, комсомолдук уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, 1937-ж. Тогуз-

торо р-нда сабатсыздыкты жоюу б-ча мектеп уюштурган, 1937–41-ж. «Ленинчил жаш» газетасында бөлүм башчы, жооптуу катчы, 1941–44-ж. Кыргызстан КПсынын 1-Май райкомунда инструктор, р-ндук «Кызыл эгинчил» газетасынын жооптуу редактору, 1944–45-ж. партиянын р-ндук комитетинин үгүт-насаат бөлүмүнүн башчысы, 1945–46-ж. райкомпартиянын экинчи катчысы, 1947–49-ж. Токмок ш-к кеңешинин төрагасынын орунбасары, 1949–52-ж. Беловодск р-ндор аралык даярдоо конторасынын башкаруучусу, 1952–78-ж. «Советтик Кыргызстан» газетасында ага кабарчы, бөлүм башчы, редактордун орунбасары, жооптуу катчы, 1978–91-ж. Кыргыз ССРинин Мамкиносунун «Экран» журналынын редактору. СССРдин Журналисттер союзунун мүчөсү.



**ИСАЕВ Каныбек** (1959-ж. т., Аксуу р-ну, Энчилеш айылы) – маданият кызматкери, маданият отличниги, 1981-жылдан Аксуу р-ндук мад-т үйүндө эмгектенет, ошол эле учурда «Боз салкын» ыр-бий ансамблинин хормейстери. Москва ш-нда өткөн жаштардын ж-а студенттердин Бүткүлдүйнөлүк фестивалынын дипломанты.



**ИСАЕВ Кеңеш** (1935-ж. т., Пржевальск ш.) – дарыгер, КРнын саламаттыкты сактоосунун отличниги. Кыргыз мамл. мед. ин-ту бүткөн (1958), Кыргыз ИАнын аспиранты (1969), 1958–67-ж. Пржевальск ш-дык ооруканада дарыгер-терапевт, рентгенолог, ошол эле ш-дагы пед. ин-та улук окутуучу, 1967–76-ж. «Көгүлтүр Ысыккөл» санаториясында башкы дарыгердин орунбасары, башкы дарыгер, кардиологиялык бөлүмдүн башчысы, 1976–78-ж. Тоң р-ндук борбордук ооруканада физиотерапевт, рентгенолог, 1979-ж. Аксуу р-ндук борбордук оорукананын башкы дарыгери.

**ИСАЕВ Эсен** (1940-ж. т., Аксуу р-ну, Сарыкамыш айылы) – дарыгер, СССР граждандык коргоонун отличниги, Кыргыз мед. ин-тун бүтүргөн (1963), 1963–68-ж. Нарын обл-дагы



Тяньшань р-ндук ооруканада дарыгер-эпидиомолог, 1968–71-ж. ошол эле оорукананын башкы дарыгеринин орунбасары, башкы дарыгер, 1971–75-ж. Түп р-ндук санэпидстанцияда бөлүм башчы, Аксуу р-ндук санэпидстанциянын санитардык бөлүмүнүн башчысы, р-ндук көзөмөл комитетинин саламаттык сактоо б-ча штаттан тышкаркы бөлүм башчы.

**ИСАКОВА Гүлай** (1962-ж. т., Аксуу р-ну, Сарыкамыш айылы) – экономист, КМУну бүтүргөн (1983), 1983-ж. Ысыккөл өндүрүштүк-техникалык башкармалыгында бухгалтер, 1983–85-ж. Пржевальск ЭТУСунда башкы бухгалтер, 1985–91-ж. Пржевальск ИЛТУСта экономист, 1991–94-ж. Каракол өндүрүштүк бирикмесинде ж-а 1994–97-ж. Ысыккөл обл-к Телекомдо башкы бухгалтер, 1997–99-ж. Каракол ГТСинин дректору, 1999-жылдан «Кыргызтелекомдун» Аксуу р-ндук бөлүмүнүн директору.





**ИСАКОВА Зейне** (1928-ж. т., Түп р-ну, Долон айылы) – мугалим, Ош мамл. пед. ин-тун бүткөн (1969), 1946–49-ж. Талдысуу р-дагы Долон жети жылдык мектепте мугалим, 1949–72-ж. Тажик Респ-нын Саят орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы, 1972–85-ж. Аксуу р-дагы Бозучук орто мектебинде мугалим болуп эмгектенген. Билим берүү тармагында көп жылдар үзүрлүү эмгектенгендиги үчүн «Ардак белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.

**ИСАХУНОВ Турсун** (1912-ж. т., Бөрүбаш айылы – 1981-ж. ошол жерде) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, Каракол ш-ндагы пед. окуу жайын сырттан окуп бүтүргөн (1939), 1937–41-ж. Зындан мектебинде мугалим. 1941–45-ж. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу, 1962–72-ж. Ташкыя мектебинде мугалим. Медалдар м-н сыйланган.





**ИСАХУНОВ Мелис** (1954-ж. т., Ташкыя айылы) – Кырг-н сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү, Фрунзе ш-ндагы көркөм окуу жайын бүтүргөн. 1976-ж. Пржевальск көркөм өндүрүштүк өнөрканасында сүрөтчү. Обл-к, респ-к сүрөт көргөзмөлөрүнүн катышуучусу.



**ИСКАКОВ Кубанычбек** (1961-ж. Аксуу р-ну, Жолколот айылы) – малчы, 1978-жылдан «Арашан» с-зунда чабан. 1984–95-ж. үй-бүлөлүк чабандык бригаданын жетекчиси, СССР Жогорку Советинин депутаты болгон.



**ИСКАКОВ Турдукожо** (1906-ж. т., Каракол р-нун Ташкыя айылы – 1959-ж. ошол жерде) – Бишкектеги Жогорку партиялык мектепти (1928), Москва ш-нда Тимирязев атн. а. ч. академиясын бүтүргөн (1943). 1931-ж. рай. к-здун төрагасы, р-ндук жер бөлүмүнүн башчысы, эл депутаттарынын р-ндук аткаруу комитетинин төрагасы, 1936-ж. дыйканчылык эл комиссариатынын башкармасынын начальниги, 1941–43-ж. Кыргыз ССРинин дыйканчылык эл комиссарынын орунбасары, андан соң Кыргызстан КП БКнын бөлүм башчысы, 1943–53-ж. Кыргыз ССР Министрлер Советинин председателинин орунбасары, 1953–59-ж. Кыргыз ССРинин а. ч. министри болуп эмгектенген. Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин экинчи, үчүнчү ж-а төртүнчү чакырылыштарынын депутаты болуп шайланган. Кырг-н КП БКнын мүчөсү, Кыргыз ССР Министрлер Советинин бюро мүчөсү болгон. Эки жолу Ленин, Эмгек Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз ордендери, медалдар м-н сыйланган. Ысымы Челпек орто мектебине, айыл өкмөтүнө берилген.

**ИСКАКОВ Болот** (1931-ж. т., Челпек айылы) – Кыргыз мамл. пед. ин-тун (1958), СССРдин тышкы иштер министрлигинин жогорку дипломаттык мектебин (1964), СССР тышкы иштер министрлигинин алдындагы жетекчи дипломаттарды



даярдоочу жогорку курсун бүтүргөн (1977), 1961-ж. Кыргызстан ЛКСМ БКда бөлүм башчы, 1964–68-ж. СССРдин элчилигинде үчүнчү катчы, маданий тармагы б-ча атташе (Тунис ш-ры), 1968–70-ж. СССРдин тышкы иштер министрлигинде, 1971–76-ж. Гвинея Респ-ндагы СССРдин элчилигинде экинчи, биринчи катчы (Конакри ш-нда), 1978–81-ж. Алжир Элдик Демократиялык Респ-дагы СССР элчилигинин кеңешчиси (Оран ш-ры), 1981–86-ж. СССР тышкы иштер министрлигинин консулдук башкармалыгынын кеңешчиси, башкы эксперти, 1986–91-ж. Алжир Элдик Демократиялык Респ-нда (Оран ш-ры) СССРдин генералдык консулу, 1996–97-ж. КРнын Президентинин алдындагы стратегиялык из. интунда кеңешчи, КРнын тышкы иштер министрлигинин дипломаттык Академиясынын ректорунун кеңешчиси. «КРнын таможнялык кызматынын тарыхынан», «Искаков Турдуходжа» деген китептери жарыкка чыккан. СССР өзгөчө кырдаалдар б-ча атайын ыйгарымдуулуктун генерал-полковниги. Челпек айылынын ардактуу атуулу.



**ИСКАКОВ Салават** (1941-ж. т., Москва ш.) – Москвадагы электро-техникалык ж-а байланыш ин-тун (1963), КПСС БКнын Коомдук Академиясын (1982), СССРдин тышкы соода жогорку коммерциялык мектеп Академиясын бүтүргөн (1991), 1963–68-ж. телеграф-телефон станциясында инженер, ага инженер, башкы инженер болуп иштеген. 1968–71-ж. Фрунзе ш-нын телефон тармагынын начальниги, 1976–81-ж. КРнын байланыш министринин орунбасары, 1981–83-ж. Вьетнам Респ-нын байланыш министринин кеңешчиси, 1983–84-ж. КРнын Өкмөтүнүн иш башкаруучусу, 1984–88-ж. Фрунзе ш-рдык аткаруу комитетинин төрагасы, 1988–91-ж. «Кыргыз тышкы сооданын» генералдык директору, 1991–93-ж. КРнын Туризм б-ча министри, 1993–94-ж. «Ак кеме» АКсынын вице-президенти, 1994–96-ж. «ЕЛСАС компаниясынын» генералдык директору, 1996-жылдан кыргыз-америкалык биргелешкен «КАТЕЛ» ишканасынын генералдык директору. Кыргыз ССР Жогорку Советинин эки жолку ча-

кырылышына депутат болуп шайланган. «Ардак белгиси», 1 даражадагы Улуу Петр ордени, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамотасы, медалдар м-н сыйланган.



**ИСКАКОВ Марат** (1951-ж. т., Фрунзе ш.) – энергетик, Москва ш-ндагы Энергетикалык ин-тун бүтүргөн (1973). 1973–75-ж. Сов. Армияда, 1975–2002-ж. Кыргыз энерго тармагында, Ош ш-ндагы ТЭСтин, Фрунзедеги № 2 ТЭСтин директору. Бүткүлдүйнөлүк банктын Кырг-ндагы энергетика тармагы б-ча кеңешчисинин милдетин аткарган. Азыркы учурда Вашингтон ш-нда Бүткүл дүйнөлүк банкта иштейт.



**ИСКАТОВ Тукаш** (1950-ж. т., КЭР, Чекирти айылы) – зооинженер, К. Скрябин атн. кыргыз а. ч. ин-тун сырттан окуп бүтүргөн (1977), 1966–70-ж. Аксуу р-ндагы Дзержинский атн. к-здо жылкы фермасынын башчысы, 1970–72-ж. Сов. Армияда, 1972–77-ж. Дзержинский атн. с-здо айдоочу, 1977–83-ж. ошол эле с-здо зоотехник, 1983–90-ж. № 2-бөлүмдүн башчысы, 1990–91-ж. Соколовка айыл кеңешинин төрагасы, 1991–95-ж. «Кызылжар» с-зунда башкы зоотехник, 1995–96-ж. Акчий айыл кеңешинин төрагасы, 1996–99-ж. «Качыбек» дыйкан чарбасынын төрагасы, 1999–2001-ж. Акчий айыл башчысы, 2001–2004-ж. «Качыбек» дыйкан чарбасынын төрагасы, 2002–2006-ж. Аксуу р-ндук мамл. администрация башчысынын орун басары, 2006-жылдан Ысыккөл обл-к жайыттар башкармасынын начальниги.



**ИСКАТОВ Улан** (1975-ж. т., Аксуу р-ну, Соколовка айылы) – Каракол кооператив окуу жайын (1993), К. Скрябин атн. а. ч. ин-тун бүтүргөн (1997), 1997–98-ж. керектөөчүлөрдүн укугун коргоо ж-а соода департаментинин инспектору, 1998–2001-ж. Каракол мамл. салык инспекциясында ага инспектор,

2001–2003-ж. мамл. статистиканын Каракол-Аксуу башкармалыгынын начальниги, 2003-жылдан Аксуу р-ндук мамл. статистика бөлүмүнүн начальниги.



**ИСЛАМ уулу Исраил** (1894-ж. т., Ташкыя айылы – 1978-ж. ошол жерде) – мугалим, Кыргыз ССРинин билим берүүсүнө эмг. сиң. мугалим, медреседе, Каракол ш-ндагы мугалимдердин билимин өркүндөтүү курсунда окуган, Кыргыз мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1939), 1914–20-ж. Каракол ш-ндагы Хамза, Салик деген татар байлардын жумушун жасап оокат кылуу м-н бирге медреседен билим алган, Сов. бийлиги орногон кезде элдин сабатсыздыгын жоюуга активдүү катышкан, 1920–33-ж. «Майбулак», «Ташкыя» мектептеринде жетекчи мугалим, 1933–34-ж. Чүй обл-нын Калинин р-ндагы Сарыбулак толук эмес мектебинде бөлүм башчы, 1938–41-ж. Таластагы Буденный р-ндагы Көкарык, 1941–44-ж. ошол эле р-ндун элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы, 1944–45-ж. Нарындагы Токтогул атн. орто мектебинде директор, 1945–46-ж. Жетөгүз р-дагы Аңөстөн орто метебинин окуу бөлүмүнүн башчысы, 1946–60-ж. Аксуу р-дагы Сарыкамыш мектебинде мугалим. Ленин, Эмгек Кызыл Туу ордендери, медалдар м-н сыйланган. Ташкыя айылынын бир көчөсүнө аты коюлган.



**ИСМАИЛОВ Курманбай** (1954-ж. т., Аксуу р-ну, Маман айылы) – архитектор, Фрунзедеги курулуш техн. (1978), Москвадагы Госстройдун алдындагы жетекчи кызматкерлердин ж-а адистердин курсун бүтүргөн (1986), 1978–80-ж. Пржевальск шааркомунун алдындагы архитектура бөлүмүндө архитектор, 1980–82-ж. Ысык-көл обл-к курулуш ж-а архитектура бөлүмүндө инженер, 1982–84-ж. башкы инженер, инспектор, 1984–90-ж. Түп р-ндук аткаруу комитетинин алдындагы архитектор бөлүмүндө башкаруучу, 1990–93-ж. башкы архитектор, 1993–99-ж. Аксуу р-нун башкы архиктектору, 1999-жылдан Ысыккөл обл-к АПЦта инженер.



**ИСРАИЛОВ Акылбек** (1966-ж. т., Аксуу р-ну, Ичкежергез айылы) – Ысыккөл а. ч. техн. (1985), К. Скрябин атн. Кыргыз а. ч. ин-тун бүтүргөн (1993), 1985–87-ж. Сов. Армияда, 1987–88-ж. Фрунзедеги Ленин атн. станок куруу заводунда токарь, 1993–96-ж. Аксуу р-ндагы «1-Май» к-зунда лаборант, мал чарба фермасынын башкаруучусу, 1996–98-ж. «Ислам» фермердик чарбанын төрагасы, 1998–2004-ж. Аксуу ЦЗНде инспектор, соц. жардам бөлүмүндө кызматкер, 2004-жылдан Отрадное айыл башчысы.



**ИСРАИЛОВ Эмил** (1942-ж. т., Талас облты, Буденный р-ну – 2004-ж. Ташкыя а.) – Пржевальск а.ч. техн-мун бүтүргөн. 1963-ж. Жетөгүз р-ндагы Покровка госплодопитомникте бригадир-агроном, 1967-ж. Сов. Армияда, 1984-ж. Ысыккөл плодовинсзкомбинатында бригадир, 1992-ж. Пржевальскидеги электротехникалык заводунда кампа башчысы, «Ташкыя» жеке менчик фирмасынын генералдык директору. Эки жолу КРнын Президенти тарабынан Ардак грамота м-н сыйланган.



**ИСРАИЛОВ Шамил** (1944-ж. т., Нарын ш.) – Фрунзе политехникалык ин-тун бүткөн (1963), 1966-ж. Советтик Армияда аскердик милдетин өтөгөн. 1991-ж. Ош обком комсомолунда пропоганда-агитация бөлүмүндө бөлүм башчы, 1992-ж. Сарыжаз шахтапроходчик башкармасында материалдык-техникалык жабдуу бөлүмүнүн башчысы, 1996-ж. «Актилек» чарбалык коммерциялык фирмасында ага брокер. 1999-ж. Каракол электротехникалык заводунда транспорт-техника гаражынын башчысы, 1999-жылдан жеке ишкер. Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамоталары м-н сыйланган.

**ИСТАМБЕКОВА *Жийдеш*** (1923-ж. т., Аксуу р-ну, Шапак айылы) – терапевт, мед. ил. доктору, СССР саламаттык сактоосунун отличниги, Кыргыз ССРинин эмг. сиң. дарыгери,

Кыргыз мамл. мед. ин-тун бүтүргөн (1946), 1946–53-ж. Ысыккөл, Жалалабат, Талас обл-нда дарыгер, бөлүм башчы, 1956–93-ж. Кыргыз мамл. мед. ин-тунун терапия кафедрасында ассистент, доцент, кафедра башчысы, 1993-жылдан Казакстан мамл. дарыгерлердин билимин жогорулатуу ин-тунун директору. 100дөн ашык ил. эмгектин (а. и. 1 монография) автору. Медалдар м-н сыйланган.



**ИМАНОВА Клавдия** (1942-ж. т., Челпек айылы) – 1962-ж. Фрунзе ш-ндагы мед-к окуу жайын бүтүргөн (1962), 1965–75-ж. Калинин р-ндагы №10 аптекада дары сатуу бөлүмүнүн башчысы, Фрунзе ш-ндагы ар кайсы аптекада бөлүм башчы, 1975-жылдан Каракол шаарында менчик аптекаларда жеке ишкер. Челпек айыл кеңешинин төрайымы.



**ИМАШЕВ Дүйшөмбү** (1947-ж. т., Челпек айылы – 2002-ж. ошол жерде) – КРнын милициясынын отличниги, Фрунзедеги милициянын орто окуу жайын бүтүргөн (1971). 1968-ж. Советтик Армияда кызмат өтөгөн. 1991-ж. Ысыккөл обл-к ички иштер бөлүмдөрүндө иштеген. Милициянын майору. «Коомдук тартипти коргоодогу эң жакшы кызматы үчүн» медалдары м-н сыйланган.



**ИСЛАМОВА Айткан** (1936-ж. т., Аксуу р-ну, Бөрүбаш айылы) – мугалим. КРнын билим берүүсүнүн отличниги. 1961–64-ж. Пржевальск р-дагы Бөрүбаш жети жылдык мектепте мугалим. 1964–76-ж. Түп р-дагы мектепте улуу пионер вожатый, мугалим, 1976–89-ж. Бөрүбаш сегиз жылдык мектепте мугалим.

**ИСМАИЛОВ Кубанычбек** (1941-ж. т., Аксуу р-ну, Акбулуң айылы) – агроном, КРнын а. ч-сына эмг. сиң. кызматкер (2000), КРнын а. ч-сынын отличниги (2005), Кыргыз а. ч. ин-



тун бүтүргөн (1971), 1971–77-ж. Аксуу р-ндагы «Заря коммунизма» к-зунда агроном, Ысыккөл обл-к мамл. даярдоо конторасында инспектор, 1977–85-ж. Пржевальск ш-ндагы кайрадан иштетип даярдоо базасынын директору, Аксуу р-ндук а. ч. башкармалыгынын начальнигинин биринчи орунбасары, 1985-жылдан Бишкектеги жашылча-жемиш даярдоо бирикмесинин директору.



**ИСМАИЛОВ Осмон** (1945-ж. т., Аксуу р-ну, Үчкайнар айылы) – токойчу, Ташкенттеги а. ч. ин-тунун токой чарба факультетин бүтүргөн (1971), 1962–73-ж. Алабука р-ндагы токой чарбасында инспектор, Сов. Армияда, 1973–86-ж. Ысыккөл, Жетөгүз, Жумгал токой чарбаларында инженер, директор, башчы, 1986–98-ж. Ысыккөл обл-к жаратылышты коргоо комитетинин бөлүм башчысы, балык коргоо, мергенчилик инспекциясынын башчысы, токой башкармалыгынын башчысынын орунбасары, 1998-жылдан Аксуу тажрыйба токой чарбасынын башчысы.



**ИСТАМБЕКОВ Аден** (1903-ж., Аксуу р-ну, Ичкежергез айылы – 1937-ж. Бишкек ш.) – Каракол пед. окуу жайын (1918), Ташкент аскердик окуу жайындагы командирлерди даярдоочу атайын курсту (1921), Москвадагы Аскер пед. жог. мектепти (1927), кийин САГУнун тарых факультетин (сырттан), Ленинграддагы аскер тактикасын окутуучуларынын курсун бүткөн, мамл. ж-а коомдук ишмер, подполковник, аскердик профессионал жетекчи, респ-нын алгачкы аскер комиссары. 1924-жылдан КПССтин мүчөсү. 1922–24-ж. 813 (өзгөчө) ротанын командиринин жардамчысы, 1924–31-ж. Ташкендеги В. И. Ленин атн. жог. аскер мектебинде взводдун командири, инструктор, согуш тактикасын үйрөтүү б-ча начальниктин жардамчысы, парткомдун жоoптуу катчысы, О. Азия Аскер округунун атчандар мектебинин окуу бөлүмүнүн начальнигинин жардамчысы (1931–32),

жооптуу катчы (1932–33), казак атчандар полкунун командиринин саясий иштер б-ча жардамчысы (1933–36), 53-кыргыз атчандар полкунун тунгуч аскер комиссары (1937, март – сент.), Ферганадагы тоо атчандар дивизиясынын саясий бөлүмүнүн башчысы (1937) болуп иштеген. 1936-ж. батальондук комиссар наамы ыйгарылган. Кырг-н КП(б) БКнын мүчөлүгүнө шайланган. 1937-ж. «буржуазиялык улутчул» деген жалаа м-н репрессияланып, 1937-ж. түрмөдө өлгөн. 1958-ж. толугу м-н акталган.



**ИШЕНБАЕВА Бүбүш** (1937-ж. т., Аксуу р-ну, 8-Март айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, Нарын пед. окуу жайын бүтүргөн (1957), 1957–95-ж. Жаңыарык орто мектебинде мугалим.



**ИШМУХАМЕДОВ Фахритдин** (1894-ж. Каракол ш. – 1984-ж. ошол жерде) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, Каракол мугалимдердин билимин өркүндөтүү курсун, пед. техн. бүтүргөн, элдин сабатсыздыгын жоюуга активдүү катышкан, 1938-жылга чейин Челпектеги ШКМда мугалим, 1938–56-ж. Аксуу р-ндагы Сарыкамыш орто мектебинде мугалим, директор болуп иштеген. Ленин, Эмгек Кызыл Туу ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**ИЯЗОВА Асел** (1956-ж. т., Ысыккөл р-ну, Бает айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Пржевальск пед. окуу жайын бүтүргөн (1975), 1975–81-ж. Аксуу р-ндагы Ы. Туманов атн., 1981-жылдан Соколовка орто мектебинде мугалим.

**КАДЫРБАЕВ Мурат** (1961-ж. т., Аксуу р-ну, Шапак айылы) – милиция кызматкери, КРнын милициясынын отличниги, Бишкек милиция окуу жайын бүткөн (1981).

1978–80-ж. 1-Май к-зунда бухгалтер, 1981–85-ж. Түп айылында, 1985–91-ж. Талдысуу айылдарында участкалык инспектор, 1991–2004-ж. Түп р-нун ички иштер бөлүмүнүн ага тергөөчүсү. Милициянын майору.



**КАДЫРОВА Бүкөн** (1938-ж. т., Жетөгүз р-ну, Мундуз айылы) – 1963–97-ж. Аксуу р-ндагы «Заря коммунизма» к-зунда саанчы болуп иштеген. Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.



**КАДЫРОВ Касым** (1925-ж.т., Аксуу р-ну, Ичкежергез айылы – 1994, Каракол ш.) – машина айдоочу. Соц. Эмг. Баатыры (1966). Эмгек жолун 1941-жылдан баштаган. 1941–43-ж. Аксуу р-нунун Бозучук айылында тракторчу болуп иштеген. 1943–50-ж. армияда болуп, Ата Мекендик согушка катышкан. 1950-ж. Караколдогу автоайдоочулардын мектебин бүтүргөн. 1950-жылдан Каракол жүк автобазасынын, Ысыккөл өндүрүштүк автотрестинин 2916-автоколоннасынын айдоочусу. Жети жылдык планды тоннаж б-ча 120%, тонна-километраж б-ча 113% орундатып, 11 миң литр күйүүчү, майлоочу майды, 830 сомдук запас бөлүктөрүн үнөмдөгөн, капиталдык ремонтсуз 600 миң км жүргөн. Ленин, Октябрь революциясы, II ж-а III даражадагы Эмгек Даңкы ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.



**КАДЫРКАНОВ Догдурбай** (1938-ж. т., Челпек айылы) – 1957–85-ж. «Ильич» к-зунда, ИОССто механизатор-тракторист. Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.

**КАЙБЫЛДАЕВ Асан** (1929-ж. т., Аксуу р-ну, Бозучук айылы) – мугалим, Пржевальск мугалимдер ин-тун бүтүргөн (1946), 1949–51-ж. Тогузторо р-ндагы Казарман орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы, 1953–59-ж. Сов. Армияда,



1959–82-ж. ар кайсы мектептерде окуу бөлүмүнүн башчысы, директор, ил. кызматкер. 1982–84-ж. Аксуу р-ндук мад-т бөлүмүнүн башчысы, «Боз салкын» ыр-бий ансамблинин негиздөөчүлөрүнөн, 1984–89-ж. Кыргыз ИАнын педагогика илим-изилдөө ин-тунда ил. кызматкер, 1989–97-ж. Кыргыз мамл. телерадио комитетинде музыкалык ага редактор. 8–9-класстар үчүн «Кыргыз тили» окуу китебинин авторлорунан. «Күү баяны» китебинин 1-тому жарык көргөн, калган эки томдугу да чыгуу алдында турат.



**КАЙНАЗАРОВА Калыйча** (1925-ж. т., Аксуу р-ну, Шапак айылы) – мугалим. Кыргыз ССРинин эмг. сиң. мугалими, КРнын эл агартуусунун отличниги. Каракол мамл. пед. ин-ту бүткөн (1971). 1943–44-ж. Жетөгүз р-дагы Жетөгүз, 1944–45-ж. Аксуу р-дагы Ичкежергез, 1954–73-ж. ошол эле р-догу Акбулуң орто мектептеринде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, 1973–85-ж. Акбулак орто мектебинин директору. Медалдар м-н сыйланган. Аксуу р-нунун ардактуу атуулу.



**КАЗАЕВА Токтобүбү** (1953-ж. т., Аксуу р-ну, Бөрүбаш айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги (2000), Пржевальскидеги мамл. пед. ин-ту бүткөн (1976), 1976–85-ж. Атбашы р-ндагы Акмоюн айылындагы Кызылдыйкан орто мектебинде мугалим, тарбия иштери б-ча директордун орунбасары, 1986-жылдан Аксуу р-ндагы Бөрүбаш айылындагы К. Токоев атн. орто мектепте мугалим.



**КАЗАКБАЕВА Зайра** (1942-ж. т., Түп р-ну, Михайловка айылы) – 1958–60-ж. «Каракол» с-зунда жумушчу, 1960–81-ж. ошол эле с-здун № 4-бөлүмүндө комбайнер, 1981-жылдан «Жыргалаң» с-зунун № 1-бөлүмүндө комбайнер. Медалдар м-н сыйланган.



**КАЗАКБАЕВ Тынычбек** (1954-ж. т., Аксуу р-ну, Бөрүбаш айылы) – гидролог, КРнын гидромелиорациясынын отличниги, Фрунзедеги политехн. ин-ту бүткөн (1980), 1980–82-ж. ошол эле ин-тун комсомол комитетинин катчысынын орунбасары, 1982–2001-ж. Ысыккөл обл-тык а. ч. башкармасында ага инженер, бөлүмдүн башчысы, башкы гидролог, суу пайдалануучу ассоциацияларды колдоо бөлүмдүн башчысы.



**КАЗАКБАЕВА Шайыргүл** (1953-ж. т., Түп р-ну, Жылуубулак айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги (1992), Пржевальск мамл. пед. ин-ту бүткөн (1974), 1974–75-ж. Ош обл-нын Ленин р-ндагы №12 Ж. Турусбеков атн., 1975–80-ж. Чүй р-ндагы Алчалуу ж-а Октябрь атн. орто мектептерде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, 1980–2003-жылдан бери Ысыккөл обл-тык мугалимдердин билимин өркүндөтүү ин-тунда методист, табигый математикалык лабораториянын башчысы, директордун орунбасары.



**КАЗАКБАЕВ Шарипбай** (1919-ж. т., Аксуу р-ну, Бөрүбаш айылы) – мугалим. КРнын билим берүүсүнүн отличниги. 1936–40-ж. Аксуу р-дагы Каражал жети жылдык мектебинде мугалим, директор. 1941–44-ж. Ата Мекендик согушка катышкан. 1945–46-ж. Ысыккөл обл-тык билим берүү бөлүмүндө инспектор, 1946–49-ж. Сузак р-дагы Крупская атн. орто мектепте директор, андан кийин Аксуу р-дагы Бөрүбаш айылында жетекчи кызматтарда өмүрүнүн акырына чейин иштеген. Медалдар м-н сыйланган.



**КАЗАКБАЕВА Фатима** (1920-ж. т., Челпек айылы – 1998-ж. ошол жерде) – Советтик керек-жарак кооперациясынын отличниги, 1935-жылдан 1974-жылга чейин айылдагы дүкөндө сатуучу. Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйлынган.



**КАЛИЕВ Акен** (1921-ж. т., Аксуу р-ну, Шапак айылы – 2006-ж. ошол жерде) – мугалим. Каракол пед. окуу жайын бүткөн (1940). КРнын эл агартуусунун отличниги. Ошол эле жылы Жетөгүз р-нундагы Актерек орто мектебинде мугалим. 1941–44-ж. Ата Мекендик согушка катышкан. 1945–47-ж. Отрадное айылындагы балдар үйүндө мугалим, 1947–49-ж. Бозучук айылындагы жети жылдык мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы, 1949–58-ж. Жыргалаң, Шапак, Отрадное, Каракол, Раздольное орто мектептеринде мугалим. 1959–78-ж. Шапак орто мектебинде мугалим болуп иштеген. 1-даражадагы Ата Мекендик согуш ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.



**КАЛИЕВА Нарынбүбү** (1951-ж. т., Нарын ш.) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, КМУну бүтүргөн (1973), 1973–80-ж. Аксуу р-ндагы Вознесеновка орто мектебинде мугалим, 1980–2001-ж. Каракол мамл. пед. ин-нда лаборант, Киров атн. ж-а № 6-орто мектептерде мугалим, 2004-жылдан Аксуу р-ндагы М. Чөкүев атн. орто мектепте мугалим.



**КАЛИЕВ Болоткан** (1970-ж. т., Аксуу р-ну, Тегизчил айылы) – милициянын полковниги, Кыргыз а. ч. ин-тун (1993), КМУну бүтүргөн (1996), 1993–95-ж. Панфилов р-ндагы «Букара» дыйкан чарбасында вет. дарыгер, 1995–96-ж. «Сый» коммерциялык фирмасынын директору, 1996–97-ж. Свердловск р-ндук ички иштер бөлүмүндө участкалык инспектор, 1997–2000-ж. Аламүдүн ички иштер бөлүмүнүн эконом. кылмыш ж-а коррупция м-н күрөшүү бөлүмүндө оперуполномоченный, 2005–2006-ж. КРнын ички иштер министрлигинин УБЭПК башкармалыгында оперуполномоченный, 2006-жылдан Шериктеш мамл. аймагында уюшкан ж-а башка коркунучтуу кылмыштуулукка каршы күрөшүү б-ча координация бюросунда ага инспектор.



**КАЛИЕВ Мурат** (1947-ж. т., Аксуу р-ну, Шапак айылы) – илимий кызматкер. Ленинград Так механика жана оптика ин-тун бүткөн (1969), 1969ж. КМУнун математикалык эсептөө кафедрасында инженер, 1972–77-ж. Ленинграддагы Киров атн. текстиль жана жеңил өнөр жай ин-нун ил. изилдөө секторунун башкы инженери, 1977–83-ж. Благовещенский (Амур областы) Технология ин-нун жогорку математика кафедрасынын улук окутуучусу, 1983–91-ж. Кыргыз ССРинин айыл чарба министрлигинин эсептөө борборунда бөлүм башчы, 1991-ж. «Булак» илимий өндүрүштүк борбордун директору. 1996-ж. Кыргыз-Германиялык «Траумфлюг» биргелешкен ишканасын уюштурат. 2000–2005-ж. «Буурул түн» коомдук фондунун Президенти.



**КАЛИЕВ Ракымберди** (1939-ж. т., Аксуу р-ну, Акбулуң айылы) – 1956–95-ж. «Түргөн» совхозунда жумушчу, бригадир, агроном болуп эмгектенген. А. ч. өндүрүшүн өнүктүрүүдө кошкон бараандуу салымы үчүн Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.

**КАЛИЕВ Үтүр** (1932-ж. т., Аксуу р-ну, Чолпон айылы) – дарыгер, Пржевальск ш-ндагы мед. окуу жайын, Кыргыз мед. ин-нун хирургия факультетин бүткөн. Медицина ил. кандидаты, доцент. 1955–65-ж. Түп р-ндук ооруканасында дарыгер, башкы дарыгердин орунбасары болуп иштеген. 1965–78-ж. Кыргыз мед. ин-тунун жалпы хирургия кафедрасынын ассистенти. 1978–93-ж. ошол эле ин-тун дарыгерлердин кесиптик деңгээлин жогорулатуу факультетинин кафедра башчысы. Ардактуу эс алууга чыккандан кийин Аксуу р-ндук ооруканада хирург болуп иштеген.



**КАЛИНИН Иван Семенович** (1919-ж. т., Түркмөн ССРи, Ашхабад ш.) – Ташкент ш-ндагы а. ч. ин-тун бүткөн (1950), 1941–44-ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан, 1950–58-ж. Аксуу р-ндук ММКда устат, директор, 1958–69-ж. ошол

эле р-ндук техникалык станциянын башчысы, 1975–89-ж. «Заря коммунизма» к-зунун башкы инженери. 1-даражадагы Ата Мекендик согуш, «Ардак белгиси» ордендери, медалдар м-н сыйланган.

**КАЛКАЕВА Минаш** (1950-ж. т., Аксуу р-ну, Карой айылы) – мугалим. КРнын билим берүүсүнүн отличниги. Пржевальск мамл. пед. ин-ту бүткөн (1975). 1975–86-ж. Аксуу р-дагы Каражал орто мектебинде мугалим, 1986–87-ж. ошол эле мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы, 1996–97-ж. аталган мектептин директору. 2000–2003-ж. мектепте мугалим, 2003-жылдан Аялдар кеңешинин төрайымы. 2003-ж. Бишкекте өткөн аялдардын 1-съездине делегат болуп катышкан.



**КАЛЫГУЛОВА Жаңыл** (1955-ж. т., Жетөгүз р-ну, Кичижаргылчак айылы) – мугалим. КРнын эл агартуусунун отличниги, КМУну бүтүргөн (1978), 1978–79-ж. Кичижаргылчак орто мектебинде мугалим, 1979-жылдан Аксуу р-ндагы «Ленин жолу» орто мектебинде пионер вожатый, мугалим.



**КАЛЫКОВА Гүлжамал** (1956-ж. т., Аксуу р-ну, Комсомол айылы) – мугалим. КРнын эл агартуусунун отличниги, Пржевальск ш-ндагы мамл. пед. ин-ту бүткөн (1977). 1977–81-ж. Аксуу р-дагы Ы. Туманов атн. орто мектепте физика мугалими, 1981-жылдан Акбулак орто мектебинде китепканачы ж-а мугалим.



**КАМБАРОВА Айнагүл** (1946-ж. т., Аксуу р-ну, Каракол айылы) – мугалим. КРнын билим берүүсүнүн отличниги, 1968-ж. Каракол мамл. пед. ин-ту бүткөн (1968). 1968-жылдан А. Айтбаев атн. орто мектепте мугалим. Медалдар м-н сыйланган.

**КАМБАРОВА Зинагүл** (1948-ж. т., Аксуу р-ну, Каракол айылы) – КРнын мад-на эмг. сиң. ишмер, Каракол пед. окуу жайын бүтүргөн (1967), Каракол с-зунун № 2-фермасындагы



сегиз жылдык мектепте башталгыч класстардын мугалими болуп эмгек жолун баштаган. 1970–71-ж. Ананьево орто мектебинде мугалим, 1971–80-ж. р-дук ж-а обл-к комсомол комитеттеринин катчысы. 1974-ж. КМУну сырттан окуп бүткөн. 1980–91-ж. Аксуу р-дук партия комитетинин катчысы, 1991-ж. биринчи катчысы, 1991–2000-ж. Ысыккөл обл-тык маданият башкармалыгынын начальниги, 2000–2003-ж. обл-тык маданиятты ж-а иск-вону өнүктүрүү б-ча дирекциянын директору, 2003-жылдан обл-тык маданият башкармалыгынын начальниги.



Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты «Боз салкын» ыр-бий элдик ансамбли.



**КАМБАРОВ Орозгазы** (1913-ж. т., Аксуу р-ну, Тепке айылы – 1988-ж. ошол жерде) – 1938-ж. Саратов ш-дагы бухгалтердик мектепти бүтүп келип, ошол эле жылы Ысыккөл р-дук сактык кассанын башчысы болуп иштеген. 1939-ж. Сов. Армиянын катарына чакырылып, орус-фин согушуна катышкан. 1940–42-ж. Каракол с-зунда парторг, бухгалтер. 1942–45-ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1945–77-ж. Тепке к-зунда бухгалтер. 1-даражадагы Ата Мекендик согуш ордени м-н сыйланган.



**КАНАЕВ Таалайбек** (1965-ж. т., Аксуу р-ну, Бөрүбаш айылы) – КРнын милициясынын отличниги, 1982–83-ж. Бөрүбаш үрөнчүлүк чарбасында механизатор, 1983–84-ж. Фрунзе политехника ин-да лаборант, 1984–86-ж. Сов. Армияда, 1986–87-ж. Бөрүбаш үрөнчүлүк тажрыйба чарбасында механик, 1987-жылдан ички иштер тармагында. Медалдар м-н сыйланган.



**КАНГЕЛДИЕВ Абылкасым** (1924-ж.т., Аксуу р-ну, Ичкежергез айылы) – журналист, Кыргыз ССРинин мад-тына эмг. сиң. ишмер, Пржевальск мугалимдер ин-тун (1940), Кырг-н КП БКнын алдындагы партиялык мектепти бүтүргөн (1952), 1942–44-ж. Ата Мекендик согушка катышкан, 1944–45-ж. Аксуу р-ндагы Ичкежергез орто мектебинде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, 1945–46-ж. Акбулуң орто мектебинде директор, 1946–48-ж. Нововозне-сеновка райкомунда парткабинеттин башчысы, 1948–50-ж. пропаганда ж-а агитация бөлүмүнүн башчысы, 1952–61-ж. Марксизм-Ленинизм ин-тунун кыргыз филиалында ага илимий кызматкер, 1961–62-ж. «Кыргызстан коммунисти» журналынын редакциясында бөлүм башчы, 1962–92-ж. СССР Жогорку Советинде Кыргыз группасынын актыларды жарыялоо бөлүмүнүн башчысы. Көптөгөн чыгармаларды кыргыз тилине которгон. Медалдар м-н сыйланган.



**КАНГЕЛДИЕВ Касым** (1926-ж. т., Аксуу р-ну, Ичкежергез айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги (1966), Кыргыз ССРинин эмг. сиң. мугалими, СССРдин эл агартуусунун отличниги (1973), Пржевальскидеги М. Горький атн. пед. окуу жайын бүтүргөн, 1934–44-ж. Ысыккөл обл-к драма театрында режиссёрдун жардамчысы, мектепте пионер вожатый, мугалим болуп эмгектенген.

**КАПТАГАЕВ Сапин** (1951-ж. т., Аксуу р-ну, Тегизчил айылы) – соода кызматкери, Пржевальскидеги бухгалтерлер мектебин (1977), Самарканддагы Куйбышев атн. копертив



ин-тун бүтүргөн (1990), 1994-жылдан Жаңыарык айылында дүкөн башчысы, «Дан» кооперативин, «Заман» дыйкан чарбасын жетектеген, «Доор XXI» а. ч. керектөө кооперативинин жетекчиси. КРнын «Даңк» медалы м-н сыйланган.



**КАРАБУКАЕВ Кадыркул** (1957-ж. т., Аксуу р-ну, Маман айылы) – илимпоз химия ил. кандидаты, доцент, Бүткүлдүйнөлүк окумуштуулар Федерациясынын мүчөсү, Пржевальск мамл. пед. ин-тун (1981), Кыргыз ИАнын физика ин-тунун аспирантурасын бүтүргөн (1985), 1985–98-ж. Кыргыз ИАнын физика ин-тунда ага инженер, ил. кызматкер, ага ил. кызматкер, 1998-жылдан Кыргыз Улуттук ИАнын Президиумунда кадрлар ж-а аспиранттар бөлүмүнүн начальниги.



**КАРЫБАЕВ Жакыпбек ажы** (1967-ж. т., Аксуу р-ну, Жаңыарык айылы) – Караколдогу № 14-кесипчилик окуу жайын (1984), Каракол ш-ндагы Ислам медресесин (1994), Кыргыз агрардык Академиясынын Ысыккөлдөгү а. ч. техн. (1998), Пакистан Ислам респ-ндагы Имамдык курсту бүтүргөн (2004), 1985–87-ж. Сов. Армияда, 1988–91-ж. Жаңыарык кооперативинде жумушчу, 1994–96-ж. Каракол «Дан азык» комбинатында жумушчу, 1999–2002-ж. Каражал айыл өкмөтүндө имам, 2002–2004-ж. Аксуу р-нун Баш имам Хатиби, Кырг-н мусулмандар дин башкармасынын Уламалар Кеңешинин мүчөсү, 2005-жылдан Ысыккөл обл-к казысынын орунбасары.



**КАСАБОЛОТОВ Төлөн** (1949-ж. т., Аксуу р-ну, Акбулуң айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, Бишкектеги Б. Бейшеналиева атн. искусство ин-тун бүтүргөн (1975), 1975-жылдан маданият тармагында, 1983-жылдан Каракол мамл. музыкалык окуу жайында мугалим.



**КАСЕНОВ Алмазбек** (1961-ж. т., Аксуу р-ну, Жаңыарык айылы) – спортсмен, КРнын чемпиону, КРнын эмг. сиң. тренери, Кыргыз мамл. дене тарбия ин-тун бүтүргөн (1984), 1984–86-ж. Сов. Армияда, 1987–98-ж. грек-рим күрөшү б-ча тренер-окутуучу, 1998–2000-ж. Бишкектеги Биринчи май р-ндук балдар-спорт мектебинин директору, 2000–2002-ж. КРнын дене тарбия ж-а спорт б-ча мамл. комитетинин начальниги, 2002–2005-ж. Бишкектеги Биринчи май ж-а Свердловск р-ндорундагы балдар-спорт мектептеринин директору, 2005-жылдан Бишкек ш-дык комитетинин дене тарбия, спорт ж-а туризм б-ча комитеттин төрагасы.



**КАСИЕВ Сапаш** (1932-ж. т., Аксуу р-ну, Маман айылы) – илимпоз, биол. ил. доктору, проф., КРнын УИАнын корр. мүчөсү, КРнын илимге эмг. сиң. ишмери, Каракол пед. окуу жайын (1949), КМУну бүтүргөн (1957), 1949–57-ж. Аксуу р-нда, Нарын ш-нда мугалим, 1957–84-ж. Кыргыз ИАнын Биология ин-тунда кенже, улук ил. кызматкер, 1984-жылдан Баласагын атн. КМУУда кафедра башчы. 120дан ашык (а. и. 4 монография) ил. эмгектин автору. Медалдар м-н сыйланган.



**КАСЫМБЕКОВ Жүргөнбек** (1960-ж. т., Аксуу р-ну, Сарыкамыш айылы) – 1977–81-ж. Ысыккөл с-зунда механизатор, 1981–83-ж. Сов. Армияда, 1983–85-ж. Ысыккөл с-зунда айдоочу, 1985–90-ж. ошол эле с-здун май куюу станциясынын жетекчиси, 1990–96-ж. аталган с-здо комбайнер, 1996-жылдан жеке ишкер, «Медер» дүкөнүнүн жетекчиси. Кыргыз. ССРинин Министрлер Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.

**КАЧИЕВ Атжайлоо** (1941-ж. т., Аксуу р-ну, Эңилчек айылы) – эмгек жолун 1956-ж. 1-Май к-зунда иштөө менен баштаган. 1999-ж. Отрадный айыл өкмөтүнүн алдындагы



Аксакалдар сотунун жардамчысы, кийинчерээк Аксакалдар сотунун төрагасы, ал эми 2004-жылдан Айылдык кеңештин төрагасы. КРнын ЖКнин Ардак грамотасы м-н үч жолу ж-а медаль м-н сыйланган.



**КАЧЫКЕЕВ Кадыркул** (1905-ж. т., Аксуу р-ну, Керегеташ айылы) – мамл. коомдук ишмер. Москвадагы ЦК ВК(б)нын алдындагы жогорку партиялык мектепти (1943), Орто Азия коммунисттик ун-тин бүткөн (1953). 1917–27-ж. Совет өкмөтүн куруууга салымын кошкон, дыйкан чарбачылыкта иштеген. 1927–30-ж. Кызыл Армиянын катарында, 1934–41-ж. Атбашы р-да, Талас ж-а Балыкчы ш-нда прокурор, 1941–43-ж. Ысыккөл обкомунун 2-катчысы, 1945–50-ж. Ош об-тык аткаруу комитетинин төрагасы, 1950–52-ж. КРнын пахтачылык министри, 1952–70-ж. Москвадагы Кыргызстандын элчиси, 1970–75-ж. Кыргызстандын дары-дармек министри. 1975–80-ж. Кыргызстандын жаратылышты коргоо комитетинин төрагасы. Төрт жолу Эмгек Кызыл Туу, эки жолу «Ардак белгиси», III даражадагы «Манас» ордендери м-н сыйланган.

**КАЧЫБЕК Шералы уулу** (XVIII к. аягы – XIX к. 60-жылдары) – Ысыккөлдөгү бугу уруусунан чыккан айтылуу элчи. Бугу уруусунун белек уругунан; Шапактын небиреси, Шералы бийдин уулу. Россияга 1-элчилигинен кийин ал капитан чинин алган ж-а алоо кызыл тасмага тагылган алтын медаль м-н сыйланган. К. 1854-ж. 26-сентябрда элчи катары Омскиге кайра келип, бул жерде 1855-ж. 17-январда бугулуктардын атынан Россияга өтүү антын кармаган. 1858-ж. бугу уруусунун ага манабы болуп дайындалган. Майор чинин алган. Өмүрүнүн акырына чейин ал Россия м-н достук байланышты чыңдоого аракеттенген.

**КЕКЕЕВ Балий** (1919-ж. т., Челпек айылы – 1991-ж. ошол жерде) – мугалим, Пржевальск пед. окуу жайын (1939), Фрунзедеги Жогорку партиялык мектепти бүтүргөн (1948), 1939–



42-ж. Сарыкамыш орто мектебинде мугалим, 1942–46-ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан, 1949–50-ж. Жалалабат обкомунда мектептер секторунун бөлүм башчысы, 1950–53-ж. партиянын Караван р-ндук комитетинин катчысы, 1953–56-ж. Үчтерек р-ндук аткаруу комитетинин төрагасы. 1956–58-ж. партиянын Токтогул р-ндук комитетинин катчысы, 1958–65-ж. «Түргөн» с-зунда парторг, зоотехник. 1969–73-жылдан Бөрүбаш МЖСинде башкы бухгалтер, 1973–80-ж. Пржевальск трестинде, 1980–89-ж. ДРСУда кадрлар бөлүмүнүн башчысы.



**КЕКИЛОВА** *Жибек* (1955-ж. т., Аксуу р-ну, Чолпон айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1983), 1978-жылдан Чолпон орто мектебинде мугалим.



**КЕНЕСАРОВ** *Бактыбек* (1962-ж. т., Аксуу р-ну, Жыргалаң кыштагы) – Кызылкыя ш-ндагы кесиптик-техникалык окуу жайын (1980), Фрунзе пед. ин-тун (1982), КМУну бүтүргөн (1995), 1989–98-ж. «Жыргалаң» шахтасында тоо инженери, шахта башкармалыгынын төрагасы, 1998–2006-ж. көмүр казып алуучу «Көкбел көмүр» ишканасынын директору.



**КЕМБАЕВА** *Батима* (1941-ж. т., Аксуу р-ну, Жылдыз айылы) – саанчы, Аксуу р-ндагы «Жыргалаң» с-зунда 36 жыл саанчылык кесипти үзүрлүү аркалап келген. КПССтин XXVI съездинин делегаты, СССР Жогорку Советинин депутаты, Ленин, Эмгек Кызыл Туу, Октябрь революциясы ордендери, медалдар, СССР ж-а Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумдарынын Ардак грамоталары м-н сыйланган.



**КЕРИМЖАНОВА Бүбү** (1920-ж. т., Аксуу р-ну, Бөрүбаш айылы) – окумуштуу, СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү, Кыргыз мамл. пед. ин-тун (1941), СССР ИАнын аспирантурасын (1947), КПСС БКнын алдындагы коомдук Академияны бүтүргөн (1950), филолог. ил. кандидаты (1950), Кыргыз ИАнын мүчө-корреспонденти (1958), 1951–76-ж. Кыргыз ИАнын совет адабияты ин-тунун кыргыз бөлүмүнүн башчысы. Көптөгөн адабий-сын макалалардан турган жыйнактары жарык көргөн. Алардын арасында «Кыргыз элинин макал-лакаптары», 10-класстар үчүн «Адабият» окуу китептери, «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы б-ча очерктер» китептери бар. «Ардак белгиси», Эмгек Кызыл Туу ордендери, медалдар м-н сыйланган.

**КЕРИМКУЛОВ Курмангалый** (1924-ж. т., Аксуу р-ну, Челпек айылы) – Пржевальск ш-ндагы пед. окуу жайын бүтүргөн (1942), 1942–44-ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан, 1946–61-ж. Ташкыя башталгыч мектепте мугалим, 1951–56-ж. Челпек айылында экспедитор, 1956–60-ж. Челпек айыл кеңешинде финагент, 1960–65-ж. Черик айылында дүкөнчү, Пржевальск ш-ндагы базада кампачы болуп иштеген. Ата Мекендик согуш ордени, медалдар м-н сыйланган.



**КЕРИМОВА Айна** (1945-ж. т., Челпек айылы – 1987-ж. ошол жерде) – 1963–87-ж. Ысыккөл тажрыйба селекциялык станциясында саанчы. Кыргыз ССР Жогорку Советинин 8-чакырылышына депутат болгон.



**КЕРИМКУЛОВ Жеңишбек** (1955-ж. т., Пржевальск ш.) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, 1978-ж. КМУну (1978), Москва мамл. пед. ин-тун аспирантурасын бүтүргөн (1988), философия ил. кандидаты. 1988-жылдан К. Тыныстанов

атн. Ысыккөл мамл. ун-тинин «Бардык жалпы тарых» кафедрасынын окутуучу. Бир нече ил. методикалык пособиелердин ж-а китептердин автору.



**КЕЧИБАЕВА Дыйкан** (1928-ж. т., Аксуу р-ну, Каракол айылы) – 1953-жылдан Каракол айылында саанчы. Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.

**КОЖОБЕКОВ Айдар** (1998-ж. т., Тоң р-ну Көксай айылы – 1993, Аксуу р-ну, Кайырма айылы) – артист. КРнын эмг. сиң. артисти (1947). 1937–62-ж. Нарын, Ысыккөл драма театрларында артист. Каармандардын образын, кулк-мүнөзүн жеткиликтүү даражада түзгөн.Аткарган нег. ролдорду: Кыяз (К. Маликов, «Сейтек»), Корун (К. Жантөшев, «Курманбек»), Коробай (Г. Мусрепов, «Козу Көрпөш, Баян сулуу») ж.б. «Ардак белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.



**КОЖОБЕКОВА Асылкан** (1924-ж. т., Аксуу р-ну, Акбулуң айылы) – мугалим, КРнын (1965), СССР билим берүүсүнүн отличниги (1974), Пржевальскидеги пед. окуу жайын бүткөн, 1941–79-ж. Акбулуң орто мектебинде пионер вожатый, башталгыч класстардын мугалими. Медалдар м-н сыйланган.



**КОЖОБЕКОВА Шааркан** (1953-ж. т., Аксуу р-ну, Керегеташ айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, Каракол мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1982), 2006-ж. Акбулуң айылындагы Ы. Туманов атн. орто мектепте мугалим.

**КОЖОМБЕРДИЕВ Мелис** (1946-ж. т., Аксуу р-ну, Бөрүбаш айылы) – Фрунзедеги советтик соода техн-мун бүтүргөн (1967), 1970–72-ж. Кырг-н ЛКСМ БКнын жаштар бөлүмүнүн



интруктору, 1972–73-ж. Кырг-н ЛКСМ Ош обкомунун уюштуруу бөлүмүнүн башчысынын орунбасары, 1973–75-ж. Сов. Армияда, 1975–76-ж. Кырг-н ЛКСМ Ош обкомунун комсомолдук иштер кабинетинин башчысы, 1976–80-ж. Кыргыз керек-жарак союзунда ага инструктор, башкармалыктын начальнигинин орунбасары, 1980–86-ж. Жетөгүз, 1986–91-ж. Түп р-ндук керек-жарак коомдорунун төрагасы, 1991–99-ж. коммерциялык фирманын директору, 1999–2002-ж. «Кыргызалко» мамл. АКнын Ысыккөл обл-к бөлүмүнүн директору, 2002-жылдан Аксуу р-ндук соц. коргоо башкармалыгынын начальниги. Кырг-н ж-а Өзбек-н ЛКСМ БКнын Ардак грамоталары м-н сыйланган.



**КОЖОМБЕРДИЕВ Токтахун** (1912-ж. Аксуу р-ну, Бөрүбаш айылы – 1985-ж. ошол жерде) – Фрунзе ш-ндагы чарбалык адистерди даярдоо курсун (1935), Пржевальск мамл. пед. ин-ту бүткөн. 1938–40-ж. партиянын Үчтерек р-дук комитетинин сектор башчысы, 1940–42-ж. Ош об-нын Жалалабат р-нун кадрлар бөлүмүнүн башчысы. 1942–47-ж. райком комитетинин секретары, 1947–51-ж. Теплоключенка МТСда директор болуп эмгектенген. 1951–53-ж. Жыргаланда (машина-мал чарбасы) жооптуу кызматкер, 1953–57-ж. «Кызыл Октябрь» МТСинде жетекчи, 1957–61-ж. Пржевальск р-нунун. Жданов атн., «Ильич» атн. к-здорунда башкарма, 1961–68-ж. Түргөн с-зунда директор, 1968–72-ж. Бөрүбаш айылында директор. «Ардак белгиси», Ата Мекендик согуш ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**КОЖОКМАТОВ Сатынды** (1935-ж. т., Аксуу р-ну, Маман айылы) – медицина ил. доктору (1993), профессор (1994), СССР Саламаттык сактоосунун отличниги, КРнын эмг. сиң. дарыгери (1995), академик И. Ахунбаев атн. сыйлыктын лауреаты (1999), КРнын илимине эмг. сиң. ишмер (2006), Кыргыз мамл. мед. ин-тун бүтүргөн (1959),

1959–75-ж. Сүлүктү ш-дык ооруканада хирург-ординатор, хирургия бөлүмүнүн башчысы, 1975–77-ж. Кыргыз мамл. мед. ин-ттун травматология бөлүмүнүн башчысы, 1977–81-ж. ассистент, 1981–90-ж. доцент, 1990–2003-ж. травматология, ортопедия ж-а экстремалдык хирургия кафедрасынын профессору, 2003-жылдан КРнын травматолог ж-а ортопеддердин ассоциациясынын Президенти. 146 ил. эмгектин, анын ичинен 6 монография, 11 методикалык көрсөтмөлөр, 15 автордук күбөлүктүн автору. Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган. Маман айылынын бир көчөсүнө ысымы коюлган.



**КОЖОМКУЛОВ Дамир** (1953-ж. т., Аксуу р-ну, Сарыкамыш айылы) – дарыгер, КРнын саламаттык сактоосунун отличниги, Кыргыз мамл. мед. ин-тун бүтүргөн (1977), 1977–84-ж. Түп р-ндук ооруканада дарыгер, 1984-жылдан Аксуу р-ндук борбордук ооруканада дарыгер.



**КОЗУКЕЕВ Саяк** (1937-ж. т., Жетөгүз р-ну, Дархан айылы) – 1956–89-ж. Аксуу р-ндагы «Заря коммунизма» к-зунда № 3-бригаданын бригадири. Кыргыз КП БКнын Ардак грамотасы менен сыйланган.



**КОЗУКЕЕВА Гүлшара** (1956-ж. т., Аксуу р-ну, Теплоключенка айылы) КРнын билим берүүсүнүн отличниги (1999), В. Маяковский атн. Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-тун бүткөн (1978), 1978–79-ж. Кыргыз мамл. ун-тинде ага лаборант, 1979-жылдан Аксуу р-ндагы К. Токоев атн. орто мектепте мугалим.



**КОЗУКЕЕВ Төлөн** (1949-ж. т., Аксуу р-ну, Теплоключенка айылы) – 1949–51-ж. «Заря коммунизма» к-зунда жумушчу, 1951–94-ж. ошол эле к-здо чабан. Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.



**КОЙГЕЛДИЕВА Дүйшөкан** (1960-ж. т., Аксуу р-ну, Теплоключенка айылы) КРнын билим берүүсүнүн отличниги, КМУну (1983), К. Тыныстанов атн. Ысыккөл мамл. ун-тин бүтүргөн (2002), 1977–78-ж. Октябрдын 60 жылдыгы атн. сегиз жылдык мектепте пионер вожатый, 1983–89-ж. Тоң р-ндук билим берүү бөлүмүндө,1989–90-ж. Аксуу р-ндук балдар бакчасында башчы, 1990–92-ж. «Келечек» балдар бакчасынын башчысы, 1992–93-ж. Аксуу санаториясында мугалим, 1993–2002-ж. Аксуу р-ндук соц. коргоо башкармалыгында башкы адис, башчынын орунбасары, башкы бухгалтер.



**КОЙГЕЛДИЕВА Разган** (1920-ж. т., Аксуу р-ну, «Каракол» с-зу) – 1939–72-ж. Санташ совхозунда саанчы болуп эмгектенген. Медалдар, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**КОНОЕВА Гүлнара** (1962-ж. т., Аксуу р-ну, Бөрүбаш айылы) – ишкер, Пржевальск ш-дагы Ы. Туманов атн. музыкалык окуу жайын бүтүргөн (1981), 1981–83-ж. Кемин р-ндагы Быстровка орто мектебинде мугалим, 1983–93-ж. Талас р-ндук маданият бөлүмүндө башкы инспектор, кадрлар бөлүмүнүн башчысы, уюштуруу иштери б-ча жетекчи, 1993–94-ж. Аксуу р-ндагы «Боз салкын» ыр-бий ансамблинин солисти, 1994-жылдан жеке ишкер, 1998-жылы Теплоключенка айылында «Айчолпон» кафесин ачып, анын директору болгон, 2002-ж. ушул эле айылда «Медер» дүкөнүн ачып, анын жетекчиси болуп эмгектенет.

**КОНОЕВ Кудайберген** (1949-ж. т., Аксуу р-ну, Тегизчил айылы) – Фрунзедеги № 1-кесиптик-техн. окуу жайын, Кыргыз мамл. ун-тин бүтүргөн (1976), 1976–81-ж. Тажик Респ-нын Т. Шевченко атн. ин-тунда окутуучу, 1981–82-ж.



Аксуу р-ндагы Каражал орто мектебинде мугалим, 1982–94-ж. Каражал айыл кеңешинин аткаруу комитетинин катчысы, 1994–2001-ж. ошол эле айылдык кеңештин төрагасы, айыл өкмөтүнүн башчысы. Медалдар м-н сыйланган.



**КОРОБАЕВА Зоя** (1958-ж. т., Аксуу р-ну, Теплоключенка айылы) – КРнын саламаттык сактоосунун отличниги, Кыргыз мамл. мед. ин-тун бүтүргөн (1981), 1981–87-ж. Акбулуң айылында дарыгер-терапевт, 1987–90-ж. ОФВДе дарыгер-функционалист, 1990-жылдан Ысыккөл обл-к ооруканада терапевт.



**КОРОБАЕВ Алымбек** (1949-ж. т., Аксуу р-ну, Сарыкамыш айылы) – композитор, обончу, ырчы, КРнын эл агартуусунун отличниги, Каракол ш-ндагы пед. окуу жайын (1969), Б. Бейшеналиева атн. искусство ин-тун бүтүргөн (1976), «Ак чардак», «Тумарым», «Алтын шакек», «Аппагым», «Гитара» ж. б. ырлары, романстары м-н элге таанылган. Мындан тышкары «Кыргызстан урааны», «Көл шоокуму» аттуу поэмалык контаталар, сюиталар ж-а сонаталары бар.



**КОҢУРБАЕВ Чынтемир** (1918-ж. т., Аксуу р-ну, Сарыкамыш айылы – 1987-ж. ошол жерде) – мугалим, Пржевальск ш-ндагы мугалимдер ин-тун бүткөн (1938). 1938–41-ж. Пржевальск ш-ндагы пед. окуу жайында ж-а Жаңыарык орто мектебинде мугалим. 1941–44-ж. Ата Мекендик согушка катышкан. 1944–57-ж. Түп р-дагы Тасма, Аксуу р-дагы Арал орто мектептеринде директор, ошол эле р-догу Фрунзе атн. ж-а Жаңыарык к-здорунун төрагасы, 1957–75-ж. Ысыккөл с-зунун директору, Сарыкамыш, Керегеташ айыл кеңештеринин төрагасы. «Ардак белгиси», I даражадагы Ата Мекендик согуш ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**КӨЛБАЕВ Мукай** (1922-ж. т., Челпек айылы – 1986-ж. Бишкек ш.) Советтик сооданын отличниги, Москвадагы Борбордук Комитеттин алдындагы Жогорку кооперативдик мектепти бүтүргөн (1950), 1941–45-ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан, 1947–48-ж. Ысыккөл обл-к аткаруу комитетинин маданият бөлүмүнүн инспектору, соода бөлүмүндө текшерүүчү, 1954–86-ж. СССР Министрлер Советинин алдындагы Кыргыз ССРинин постпредствосунун кеңешчиси, Москва ш-ндагы «Кыргызстан» дүкөнүнүн директору, 1986-жылдан «Кыргызчарбасоода» дүң базасынын башкаруучусу. II даражадагы Ата Мекендик согуш ордени, СССРдин Соода министрлигинин Ардак грамотасы, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н үч жолу сыйланган.



**КӨЛБАЕВА Орсхан** (1918-ж. т., Челпек айылы – 1991-ж. ошол жерде) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, Пржевальск мугалимдер ин-тун бүтүргөн (1938). 1949–53-ж. Челпек толук эмес, Теплоключенка айылындагы Киров атн. мектебинде мугалим, 1953–54-ж. Фрунзе ш-ндагы № 5-мектеп-интернатында тарбиячы, 1945–55-ж. Балыкчы р-дагы Көкмойнок мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы, 1955–59-ж. Пржевальск р-ндагы Челпек орто мектебинде мугалим, 1960–76-ж. Фрунзе ш-ндагы № 3-жатак мектепте (кийин М. Абдраев атн. муз. мектеби деп аталган) тарбиячы. Медалдар м-н сыйланган.



**КӨЛБАЕВ Мырзабек** (1964-ж. т., Кочкор р-ну, Чолпон айылы) – зоотехник, Кыргыз мамл К. И. Скрябин атн. а. ч. ин-тун бүтүргөн (1986), 1986–95-ж. Ысыккөл тажрыйба селекция станциясында зоотехник-селекционер, ферма башчысы. 1995–98-ж. дыйкан чарбасында, 1998–2005-ж. Челпек айыл өкмөтүндө жетектөөчү адис, 2005-жылдан Челпек айыл өкмөтүнүн башчысы.



**КӨКБАЕВ Касый** (1926-ж. т., Бурмасуу айылы – 2002-ж. ошол жерде) – кыска мөөнөттөгү механизаторлор курсун бүткөн, 1954–86-ж. «Ильич» к-зунда, Ысыккөл тажрыйба селекциялык станциясында жумушчу, механизатор. III даражадагы Эмгек Даңкы ордени, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**КӨКӨЕВА Рахат** (1957-ж. т., Коңурөлөң айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, КМУну бүтүргөн (1979), 1987–98-ж. Кайырмарык, Челпек айылындагы Т. Искаков атн. орто мектебинде мугалим, тарбиялык иштер, 2003-жылдан окуу иштери б-ча директордун орунбасары, мугалим.



**КӨКӨЖАНОВ Хамра** (1920-ж. т., Бурмасуу айылы – 1986-ж. ошол жерде) – СССРдин а. ч. эмг. сиң. кызматкери, Кыргыз ССРинин эмг. сиң. ветеринары. Каракол ш-ндагы а. ч. тех-ун бүтүргөн (1937). 1937–40-ж. Бурмасуу к-зунда зоотехник, вет. дарыгер, 1940–46-ж. Акбулуң айыл кеңешинин төрагасы, 1947–54-ж. «Шаты», 1954–60-ж. «Победа», 1960–66-ж. «Дружба», 1966–78-ж. «Ысыккөл» к-здорунда башкарма. 1978–84-ж. Ысыккөл облисполкомунда бөлүм башчы. Эмгек Кызыл Туу, «Ардак белгиси» ордендери, СССР ж-а Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамоталары, медалдар м-н сыйланган.



**КӨКӨЕВ Сары** (1915-ж. т., Аксуу р-ну, Кайырмарык айылы) – Кайырмарык а. мектебин (1933), Кырг-н КП БКнын алдындагы партиялык мектепти (1948), Ысыккөл а. ч. техн. бүтүргөн (1959). 1933–36-ж. Кайырмарык, Пржевальск мектептеринде мугалим, 1936–72-ж. райкомдо инспектор, парткомдун катчысы, Ысыккөл облисполкомдун төрагасынын орунбасары, зоотехник. «Ардак белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.



**КӨКӨЕВА Шааркан** (1952-ж. т., Аксуу р-ну, Бозучук айылы) – соода кызматкери, Советтик соода кооперациясынын отличниги, Каракол кооператив окуу жайын бүтүп, р-дук соода тармагында дүкөн башчысы, сатуучу болуп иштеген. 1970–74-ж. Новововознесеновка орто мектебинин ашканасында башкаруучу, ошол эле айылда чарбалык дүкөндүн башкаруучусу болуп иштеген. 1974–89-ж. аталган айылдын чоң дүкөнүндө башкаруучу, 1989–96-ж. ошол эле дүкөндө товаровед. III даражадагы Эмгек Даңкы ордени, медалдар м-н сыйланган.

**КРИВЕНКО Федор** (1921-ж. т., Аксуу р-ну, Акчий айылы) – Ата Мекендик согушка катышкан, Кызыл Жылдыз ордени, медалдар м-н сыйланган.



**КУБАЕВ Жеңиш** (1945-ж. т., Челпек айылы) – 1986–98ж. ИОССто чабан, 1998-жылдан дыйкан чарбада эмгектенет. Эл чарбасын өнүктүрүүдөгү жетишкендиктери үчүн Эмгек Кызыл Туу ордени, СССРдин ВДНХсынын алтын, күмүш, коло ж.б. медалдары менен сыйланган.



**КУДАБАЕВ Элдияр** (1974-ж. т. Аксуу р-ну, Керегеташ айылы) – Америкадагы Техас штатынын аскердик окуу жайын бүтүргөн (2004), 1997–98-ж. КРнын Аскер кызматынын МЧС бөлүмүндө, 1998–2001-ж. Баткендеги коогалаңга катышкан, 2004-жылдан КРнын куралдуу күчтөрүнүн Ош МЧС бөлүгүндө ротанын командири. Капитан. «Эрдик» медалы м-н сыйланган.



**КУДРИН Борис Фёдорович** (1937-ж. т., Аксуу р-ну, Совет айылы) – а. ч. өндүрүшүн көтөрүүгө зор салым кошкон. 1953–70-ж. Дзержинский совхозунда механизатор болуп иштеген. Жараткан эмгектик ийгиликтери, жогорку көрсөткүчтөрү үчүн Эл достугу, Эмгек Кызыл Туу ордендери, бир нече медалдар м-н сыйланган.



**КУЛАНБАЕВ Мадий** (1908-ж. т., Аксуу р-ну, Керегеташ айылы – 1972-ж. ошол жерде) – Фин, Ата Мекендик согушка катышкан, 1947–52-ж. Аксуу р-ндагы «Кызыл Туу», 1952–54-ж. Керегеташ к-здорунун төрагасы, 1955–62-ж. Керегеташ айылдык советтин төрагасы болгон.



**КУЛАТАЕВ Муса** (1909-ж. т., Аксуу р-ну, Бозучук айылы) – чарба жетекчиси, «Кыргыз ССРинин жер иштетүүсүнүн устаты», 1917–26-ж. Фрунзе кавалерия дивизиясында кызмат өтөгөн. 1928–29-ж. Караколдо комсомолдун р-дук комитетинде үгүтчү. 1929–30-ж. Жетөгүз р-дагы мектепте бөлүм башчы, ошол эле айылдык кеңештин катчысы. 1931–32-ж. Бозучук керек-жарак коомунда сатуучу, 1932–34-ж. Каракол (азыркы Аксуу) р-дагы «Кызылтуу» к-зунун башкармасы. 1943–36-ж. Ичке-жергез айыл кеңешинин төрагасы. 1936–37-ж. р-дук партия комитетинде үгүтчү, ошол эле учурда Кыргызстан БК(б)нын алдындагы үгүтчүлөр курсун бүткөн. 1937–38-ж. Тоң р-дук аткаруу комитетинин төрагасы. 1938–40-ж. Аксуу р-дагы Челпек айыл Кеңешинин төрагасы, 1940–42-ж. ошол эле р-догу «Эл коргоо» колхозунун башкармасы. 1942–45-ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1945–46-ж. Аксуу р-дук аткаруу комитетинин төрагасынын орунбасары. 1946–59-ж. ошол эле р-догу «Жданов», 1959–73-ж. «Путь Ильича» к-здорунун башкармасы. Эки жолу Ардак белгиси, эки жолу Эмгек Кызыл Туу, о. э. III даражадагы Даңк ордендери, медалдар ж-а Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**КУЛБОЛДИЕВА Жамыйла** (1936-ж. т., Аксуу р-ну, Тепке айылы) – мугалим, КРнын элге билим берүүсүнүн отличниги, Ош мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1958), 1958–59-ж. Акталаа р-ндагы Ленин атн. орто мектепте мугалим, 1959–62-ж. Аксуу

р-ндагы Сарыкамыш орто мектебинде мугалим, 1962–91-ж. Кайырмарык орто мектебинде мугалим. Медалдар м-н сыйланган.



**КУЛЕТОВА Сүйүндүк** (1947-ж. т., Аксуу р-ну, Тегизчил айылы) – мугалим. КРнын билим берүүсүнүн отличниги. Пржевальск мамл. пед ин-ту бүткөн (1970). 1971-ж. Түп р-дагы Санташ орто мектебинде, 1971–78-ж. Аксуу р-дагы Каражал орто мектебинде мугалим. 1985–89-ж. Бозбулуң орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы.

**КУЛМАТОВ Сейит** (1908-ж. т., Ысыккөл р-ну, Темир айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, Фрунзедеги а. ч. техн-нун пед. бөлүмүн бүтүргөн (1929), 1929–35-ж. Пржевальск ш-ндагы Ленин атн. орто мектепте мугалим, 1935–57-ж. Түп р-ндагы Жаңыарык орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы, 1957–68-ж. мектептерде мугалим болуп иштеген. «Ардак белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.



**КУЛЧУНОВА Ишимкан** (1940-ж. т., Түп р-ну, Арал айылы) – Пржевальск а. ч. техн. (1959), Кыргыз а. ч. ин-тун бүтүргөн (1970), 1960–62-ж. «Жаңыжылдыз» к-зунда агроном, 1962–65-ж. Пржевальскидеги ЗОСВИЛАРда биохимия бөлүмүнүн лаборанты, 1965–76-ж. тажрыйба-селекциялык станцияда ил. кызматкер, 1976–81-ж. Ысыккөл обл-к элдик көзөмөл комитетинде а. ч. б-ча инспектор, 1981–83-ж. облсовпрофтун катчысы, 1983–84-ж. а. ч. кызматкерлеринин обл-к профсоюздун төрайымы, 1986–92-ж. обл-к ичкиликке каршы күрөшүү советинин төрайымы. Медалдар м-н сыйланган.



**КУПЕШЕВ Асек** (1923-ж. т., Түп р-ну, Соколовка айылы – 1987-ж. ошол жерде) – 1941–45-ж. Ата Мекендик согушка катышкан, 1945–77-ж. Аксуу р-ндагы Дзержинский атн. с-здо талаачылык иштеринде, 1977–80-ж. айыл-

дык кеңештин салык инспекциясында инспектор, кассир, кампачы, 1980–87-ж. күзөтчү. 1-даражадагы Ата Мекендик согуш, «Даңк» ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**КУРАСОВА Нина Дмитриевна** (1938-ж. т., Аксуу р-ну, Бозучук айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, 1959–2003-ж. Отрадный орто мектебинде мугалим болуп эмгектенген. Медаль м-н сыйланган.



**КУРМАНКАЛИЕВ Өмүрбек** (1947-ж. т., Аксуу р-ну, Бозучук айылы) – Фрунзедеги политехн. ин-тун (1971), 2002-ж. Москва ишкердүүлүк ж-а укук ин-тунун экономика факультетинин финансы жана кредит адистигин бүтүргөн. 1971–75-ж. Бишкек ш-ндагы № 6-жүк ташуучу автобазасынын механиги, мастери, эксплуатация начальниги, 1975–92-ж. Фрунзедеги автожолдор тех-нда окутуучу, методист, сырттан окуу ж-а автомобиль бөлүмдөрүнүн башчысы, 1992–98-ж. Ысыккөл обл-к тарнспорт-өндүрүштүк бирикмесинин генералдык директору, 1998–2000-ж. Москва ишкердүүлүк ж-а укук ин-тунун Караколдогу филиалынын окуу иштери б-ча проректору, 2000–2004-ж. КМУнун Ысыккөлдөгү ИППКК борборунун директору, 2004-жылдан Ысыккөл ИРЦО ИСИТОсунун директору. КРнын билим берүүсүнүн отличниги, экономика илиминин кандидаты.



**КҮРӨНКЕЕВА Жумакан** (1957-ж. т., Аксуу р-ну, Керегеташ айылы) – мугалим. 1979-ж. КРнын билим берүүсүнүн отличниги (1979), Пржевальск мам-к. пед. ин-тун бүтүргөн, 1979–82-ж. Вознесеновка орто мектепте мугалим, 1982–85-ж. Акбулуң айылындагы Ы. Туманов атн. орто мектепте директордун окуу-тарбия б-ча орунбасары, 1985-жылдан Отрадный орто мектебинде мугалим.



**КҮРӨНКЕЕВА Гүлсада** (1954-ж. т., Кемин р-ну, Кызыл Октябрь айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги (1998), Пржевальскидеги мамл. пед. ин-ту бүткөн (1976), 1976-жылдан Бөрүбаш орто мектебинде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, К. Токоев атн. орто мектептин мугалими.

**КЫДЫКЕЕВ Сатынбай** (1955-ж. т., Аксуу р-ну, Жергез айылы) – полковник, Пржевальскидеги № 14-кесипчилик-техн. окуу жайын (1972), Донецк ш-ндагы Аскер окуу жайын бүтүргөн (1980), 1972–73-ж. «Ысыккөл» с-зунда токарь, 1973–80-ж. Сов. Армияда, 1980–83-ж. ротанын командиринин саясий орунбасары, 1983–86-ж. батальондун командиринин орунбасары, 1986–90-ж. Токтогул р-ндук аскер комиссарынын орунбасары, 1990–92-ж. Ош обл-к Фрунзе р-ндук аскер комиссарынын орунбасары, 1992–95-ж. Чолпоната ш-нын аскер комиссары, 1995–99-ж. Нарын обл-к аскер комиссары, 1999–2000-ж. Жалалабат обл-к аскер комиссары.



**КЫДЫКМАНОВ Сагындык** (1926-ж. т., Аксуу р-ну, Энчилеш айылы) – 1942–45-ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1946–56-ж. Энчилеш колхозунда ар кандай чарбачылык жумуштарда иштеген. 1956–64-ж. Нововознесеновка айылында кампа башчысы болуп эмгектенген. Ата Мекендик согуш ордени, медалдары м-н сыйланган. 18 баланын атасы.



**КЫДЫКОВ Шаршемби** (1914-ж. т., – 1986-ж.) – 1941–46-ж. Ата Мекендик согушка катышкан, 1946–51-ж. «Эл коргоо» к-зунда кампачы, 1951–74-ж. бригадир, «Түргөн» к-зунда башкарманын орунбасары, мал чарба фермасынын башчысы, бригадир болуп иштеген. Даңк ордени, медалдар м-н сыйланган.



**КЫДЫРБАЕВ Асанбай** (1932-ж. т., Аксуу р-ну, Шапак айылы – 1998-ж. ошол жерде) – милиция кызматкери. Милициянын полковниги, КРнын милициясынын отличниги, Каракол пед. окуу жайын бүткөн (1950). 1952–54-ж. Шапак орто мектебинде мугалим, 1960–68-ж. Түп р-дук ички иштер бөлүмүндө милиционер. 1968–72-ж. Тоң р-дук ички иштер бөлүмүндө тергөөчү. 1972–80-ж. ушул бөлүмдө начальник. 1980-жылдан Ысыккөл областтык ички иштер бөлүмүндө иштеген.



**КЫДЫРГАНОВ Жеңиш** (1945-ж. т., Аксуу р-ну, Ичкежергез айылы – 2001-ж. ошол жерде) – спортсмен, Кыргыз мамл. физкультура ин-тун бүткөн (1983). КРнын элге билим берүүсүнүн отличниги, СССР спортунун мастери (1967), СССР спортунун ардактуу мастери (1975), КРнын классикалык күрөш б-ча 10 жолку чемпиону (1966–76), улуттук категориядагы судья (1990). 1964–65-ж. Бишкектеги 1-автобазада слесарь, 1965–76-ж. КРнын «Эмгек резервдери» ыктыярдуу спорт коомунун машыктыргыч-окутуучу, 1976–79-ж. Бишкектеги Н. К. Крупская атн. спорттук жатак мектепте (азыркы олимпиадалык) машыктыргыч-окутуучу, 1979–84-ж. Ысыккөл облспорткомитетин төрагасынын орунбасары, 1984–90-ж. Ысыккөл обл-к спорт мектебинин директору, 1990-жылдан Ысыккөл облустук балдар-өспүрүмдөр мектебинин улук усулчусу. Эларалык турнирлердин көп жолку (Швеция, 1972; Иран, 1973; Египет, 1974; Түркия, 1975), Прибалтика кубогунун (1973), СССР элдеринин (1967; 1971; 1975) спартакиадасынын катышуучусу ж-а жеңүүчүсү.



**КЫДЫРБАЕВА Гүлзипа** (1954-ж. т., Челпек айылы) – КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Фрунзедеги В. В. Маяковский атн. Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-тун бүтүргөн (1975), 1977–79-ж. Аксуу р-дагы борборлоштурулган китепканасында методист, директор, 1979-жылдан Ленин жолу орто мектебинде китепкана башчысы.



**КЫДЫРГЫЧЕВ Асан** (1946-ж. т.,) – Ысыккөл с-з техн. (1967), Кыргыз а. ч. ин-тун бүтүргөн (1975), 1969–75-ж. Аксуу р-ндагы № 4-бригадада веттехник, 1975–80-ж. «Путь Ильича» к-зунда башкы вет. дарыгердин орунбасары, башкы вет. дарыгер, 1980–92-ж. «Каракол» с-зунда башкы вет. дарыгер, директор, 1992–95-ж. Аксуу р-ндук мамл. администрация башчысы, 1995–96-ж. Ысык-көл обл-к азык-түлүк ж-а а. ч. башкармалыгынын директору, 1996–98-ж. Ысыккөл обл-к мамл. администрация башчысынын 1-орунбасары, 1998–2000-ж. Аксуу р-ндук мамл. администрация башчысы, 2000–2004-ж. обл-к мамл. ветеринария башкармалыгынын начальниги, 2004-жылдан РЦВДнин директорунун орунбасары.



**КЫДЫРГЫЧЕВ Жумаш** (1941-ж. т., Аксуу р-ну, Чоңжергез айылы) – мугалим. КРнын эл агартуусунун отличниги, КРнын калкты тейлөө чөйрөсүнүн эмг. сиң. кызматкери. Пржевальск ш-ндагы пед. ин-ту бүткөн (1963). 1963–73-ж. Тоң р-нун Горький атн. орто мектептин мугалими. 1973–86-ж. Аксуу р-дук билим берүү бөлүмүндө инспектор, Новоконстантиновка орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы, директор. 1986-ж. аталган р-догу нерв оорулар жатак үйүнүн директору. «Ардак белгиси» ордени м-н сыйланган.



**КЫДЫРБАЕВ Турганбек** (1955-ж. т., Бурмасуу айылы) – 1972–91-ж. Ысыккөл тажрыйба селекциялык станциясында тракторист, талаачылык бригадири, тракористтердин эсепчиси, директордун орунбасары, прораб, кырманда кампа башчысы, прораб, 1991-жылдан Аксуудагы асфальт-бетон заводунун начальниги.

**КЫДЫРОВ Дүйшөнбек** (1959-ж. т., Аксуу р-ну, Керегеташ айылы) – аскер кызматкери. Полковник, финансы кызматынын отличниги, Фрунзедеги политехн. ин-тту (1986), КМУну



бүтүргөн (1991), 1983–93-ж. Кыргыз ССРинин ички иштер министрлигинде инспектор, ага инспектор, бөлүм башчы, 1993-жылдан Финансы министрлигинин алдындагы киреше комитетинин Бажы тармагында инспектор, ага инспектор, бөлүм башчы, Бажы кызматынын төрагасы, кадр башкармасынын биринчи орунбасары.



**КЫДЫРОВА *Жумакан*** (1955-ж. т., Аксуу р-ну, Керегеташ айылы) – маданият кызматынын отличниги, Токмоктогу маданий-агартуу окуу жайын (1977), Фрунзедеги В. В. Маяковский атн. мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1987), 1973–76-ж. Сарыжаз өрөөнүндөгү Көөлү мад-т үйүндө китепканачы, 1976-ж. Керегеташ айылдык китепканасынын башчысы.



**КЫДЫРМЫШЕВ *Эсен*** (1936-ж. т., Аксуу р-ну, Бозучук айылы – 1996-ж. ошол жерде) – илимпоз, химия ил. кандидаты, доцент. КМУну, ж-а аспирантурасын бүткөн (1961), 1961–96-ж. КМУда мугалим, улук окутуучу, органикалык эмес химия кафедрасынын башчысы, декандын орунбасары болуп иштеген. 1957-ж. жаштардын Бүткүл дүйнөлүк 1-фестивалына катышкан. Химия илими б-ча бир нече китептин автору.



**КЫДЫР уулу *Акимкан*** (1877-ж. т., Каракол у., Керегеташ айылы – 1918-ж. ошол жерде) – Каракол ш-нда жаңы ачылган окуу жайынан, андан кийин орус-тузем мектебинен окуган. Беш тилде эркин сүйлөгөн (кыргыз, орус, татар, уйгур, өзбек). 1916-жылкы Үркүндө атасы Кыдыр аке м-н Кытай жерине барып, Кеген аймагынын Тоочелек айылында жашап турган. Тарыхта белгилүү болгондой, 1918-ж. 27-февралда кедей-кембагалдардын, большевиктердин I съезди Верный ш-нда өткөрүлгөн. Ага А. да

чакырылып, М. В. Фрунзенин соратниги, ошол кездеги Верный ш-дык партиялык комитеттин 1-төрагасы Рудольф Павлович Маречек м-н жолугушуп, анын кабыл алуусунда болгон. Анын билимдүү, зирек адам экенин сезе билген Р. П. Маречек аны Тоочелек айылынын «Кедейлер комитетинин төрагасы» кылып дайындаган. Ал жөнүндө кыргыз бийликтерине билдирерин айткан. Тилекке каршы, ошол жыйындан ооруп келип, үч күндөн кийин кайтыш болгон.



**КЫДЫР Байсары уулу**, Кыдыр аке (1843-ж. т., азыркы Аксуу р-ну, Сарыжаз өрөөнү, Кайыңдынын Байыш жайлоосу – 1926-ж. Аксуу р-ну, Керегеташ айылы) – бугу уруусунун арык уругунан чыккан манап, таанымал элчи. Калмак м-н кыргыздардын ортосунда элчи катары белгилүү болгон Олжобай бийдин небиреси. Орус м-н кыргыз элдеринин ортосундагы байланышты чыңдоого жигердүү катышкан. Романовдор династиясынын 300 жылдык салтанаттуу маарекесине Каракол уездинен кадырман өкүл катары чакырылган. Ал Россия империясынын алыскы губернияларынын биринин ишенимдүү адамы катары сенатка мүчө, мамл. 4-думага депутат болуп шайланган. Эки элдин ортосундагы байланышта көрсөткөн элчилик ишмердиги үчүн ага алтын медаль ж-а подполковник чини ыйгарылган. Калыстыгын, акылмандыгын эл баалап, аны 6 жолу (18 жыл катары м-н) болуш шайлашкан. 1916-жылкы улуу үркүндө өз болушундагы элди кыргындан, ачкалыктан сактап калган. Анын «Кыдырдын арман күүсү» (башкача аталышы «Төгөчү күү») деп аталган күүсү элге кеңири белгилүү; ал атактуу комузчу Ыбрай Тумановдун туура жолду тандап алуусуна кеңеш берген. 1993-ж. анын 150 жылдыгы белгиленип, Керегеташ айылынын четине бийиктиги 16 м. келген күмбөз тургузулган.



1993-ж. курулган
Кыдыр акенин күмбөзү.



**КЫРГЫЗБАЕВ Төлөндү** (1951-ж. т., Аксуу р-ну, Бөрүбаш айылы) – дарыгер. КРнын саламаттык сактоосунун отличниги. Кыргыз мамл. мед. ин-ту бүткөн (1974). 1974–80-ж. Ош об-дагы Араван р-дук борбордук ооруканасынын кургак учук бөлүмүнүн башчысы, андан соң Ош ш-дык кургак учук диспансеринин физиатр-дарыгери. 1980–91-ж. Ысыккөл об-тык балдар ооруканасынын башкы дарыгери, Ысыккөл ж-а Жетөгүз р-дагы борбордук ооруканалардын башкы дарыгери. 1992-ж. Ысыккөл об-тык саламаттык сактоо башкармасынын начальниги, 1995-жылдан Респ-лык медициналык милдеттүү камсыздандыруу фондунун Ысыккөл территориалдык башкармасынын төрагасы.



**ЛЕСНЫХ Вера Михайловна** (1948-ж. т., Аксуу р-ну, Каракол айылы) – мугалим. КРнын билим берүүсүнүн отличниги. Каракол мамл. пед. ин-ту бүткөн. 1967–69-ж. Совет орто мектебинде мугалим болуп иштөө м-н эмгек жолун баштаган. 1969–78-ж. Островский атн. орто мектепте мугалим, 1978–82-ж. Каракол айылындагы орто мектепте директор, 1982–87-ж. Каракол айыл кеңешинин төрайымы. Ал эми 1987-жылдан А. Айтбаев атн. орто мектепте мугалим.



**МАКЕЕВ Жыргалбек** (1966-ж. т., Аксуу р-ну, Жыргалаң айылы) – аскер кызматкери, офицер, 2-рангадагы капитан, Томск ш-ндагы политех-к ин-ту (1988), Санкт-Петербург ш-ндагы Фрунзе атн. Аскер-Деңиз жогорку окуу жайын (1993), ошол эле окуу жайдын Академиясын бүткөн (2006), 1998-жылдан Россиянын Аскер-Деңиз флотунда кызмат өтөйт.

**МАКЕЕВ Кеңеш** (1942-ж. т., Каракол шаары) – Москвадагы «Станко-инструментальный» ин-тун (1967), Москвадагы КПСС БКнын Жогорку партиялык мектебин бүтүргөн (1977), милициянын отставкадагы полковниги, 1967-ж. Фрунзе политехн. ин-тунда мугалим, 1967–70-ж. Фрунзедеги «Авто-



сборочный» заводунун комсомол комитетинин секретары, 1970–71-ж. Фрунзе ш-ндагы Свердлов р-ндук, 1971–75-ж. Ысыккөл обл-к комсомол комитетинин катчысы, 1978–80-ж. партиянын Ысыккөл обл-к комитетинин бөлүм башчысынын орун басары, 1980–83-ж. Ысыккөл обл-нын ички иштер башкармалыгынын саясий бөлүмүнүн башчысы, 1983–89-ж. КРнын ички иштер министрлигинин саясий бөлүмүнүн башчысы, 1989–91-ж. аталган министрликтин ОМОН командиринин орунбасары, 1993–97-ж. ошол эле министрликтин бөлүм башчысы, башкармасынын орунбасары.



**МАКЕЕВ Мукаш** (1914-ж. т., Челпек айылы – 2003-ж. ошол жерде) – 16 жашынан тартып өз айылында айыл кеңешинин катчысы болуп эмгек жолун баштаган, Ташкент ш-ндагы Индустриялдык ин-ту (1936), Фрунзедеги Жогорку партиялык мектепти бүтүргөн (1949), 1941–45-ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1949–54-ж. Жалалабат облисполкомунун орунбасары, 1950–54-ж. Каракол ш-нда Ысыккөл облпрофсоюзунун директору, 1954–57-ж. Талдысуу райисполкомунда маданий-социалдык тармагын тейлеген, 1956–58-ж. Челпек айыл кеңешинин төрагасы.



**МАКЕЕВ Хасен** (1928-ж. т., Челпек айылы – 1985-ж. ошол жерде) – Кыргыз а.ч. ин-тун бүтүргөн (1953). 1953–58-ж. Талдысуу машина-трактордук станциясында башкы зоотехник, 1958–63-ж. Түп р-нун мамл. инспекциясынын башчысы, 1963–65-ж. «Каракол» с-зунда, 1965–67-ж. «Карл Маркс» к-зунда, 1967–68-ж. Түп р-ндук а. ч. башкармалыгында, 1968–72-ж. «Карл Маркс» к-зунда башкы зоотехник, 1972–78-ж. Түп р-ндук а. ч. башкармалыгынын башчысынын орунбасары, 1978–84-ж. Ысыккөл тажрыйба селекциялык станциясында парткомдун катчысы, 1984–85-ж. Ысыккөл обл-к мамл. инспекциясынын башчысынын орунба-

сары. Кырг-н компартиясынын 17-съездинин делегаты болуп шайланган. Медалдар, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**МАКСҮТОВ Укай** (1925-ж. т., Түп р-ну, Кеңсуу айылы – 2004-ж. ошол жерде) – 1942–45-ж. Ата Мекендик согушка катышкан, 1949–50-ж. Аксуу р-ндагы Жыргалаң шахтасында, Пржевальск пристанында жумушчу, 1950–70-ж. Дзержинский атн. с-здо жылкычы болгон. Ата Мекендик согуш, Кызыл Жылдыз ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**МАЛАЕВ Сталбек** (1936-ж. т., Аксуу р-ну, Сарыкамыш айылы – 2004-ж. ошол жерде) – мугалим, физика-математика ил. кандидаты, КМУну (1961), Томскидеги политехн. ин-тун бүтүргөн (1971), 1961–63-ж. Алай р-ндагы Дароот-коргон мектебинде мугалим, 1963–67-ж. Фрунзе политехн. ин-ттун физика кафедрасында окутуучу, 1971–94-ж. Томскидеги политехн. ин-та ага окутуучу, доцент, декандын орунбасары, даярдоо бөлүмүнүн башчысы, 1994-жылдан К. Тыныстанов атн. Ысыккөл мамл. ун-тинин даярдоо бөлүмүнүн директору.



**МАМАЖАНОВ Балий** (1923-ж. т., Челпек айылы – 1998-ж. ошол жерде) – мугалим. Пржевальск мугалимдер ин-тун бүтүргөн (1949). Тяньшань обл-нын Тогузторо р-дагы Казарман орто мектебинде мугалим, 1951–53-ж. «Арал» орто мектебинде директор, 1952–53-ж. Тогузторо райисполкомдун төрагасынын орунбасары, 1957–70-ж. ошол эле р-догу «Карл Маркс» атн. к-здо башкарма, 1971–76-ж. ИОССто жумушчулар комитетинин төрагасы, 1976–87-ж. Челпек айыл кеңешинин төрагасы. «Ардак белгиси» ордени, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**МАМАЛЖАНОВА** **Латый** (1925-ж. т., Жетөгүз р-ну, Чычкан айылы – 1987-ж. ошол жерде) – 1958-ж. «Ильич» к-зунда, Ысыккөл тажрыйба селекциялык станциясында саанчы. 1980-ж. ардактуу эс алууга чыккан. Эки Эмгек Кызыл Туу, «Ардак белгиси» ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**МАМАКЕЕВ Мамбет** (1927-ж. т., Аксуу р-ну, Керегеташ айылы) – хирург. Мед. ил. доктору (1970), проф. (1972). Кырг-н УИАнын акад. (1993), корр.-мүчө (1989). КРнын илимге эмг. сиң. ишмери (1989). Кыргыз мамл. мед. ин-тун бүткөн (1952). 1952–55-ж. КММИнин госпиталдык хирургия кафедрасында ординатор, 1955–58-ж. аспирант, 1958–72-ж. ошол кафедрада ассистент, доцент, 1972-ж. кафедра башчысы. 120дан ашык ил. эмгектин (а. и. 8 монография) автору. Нег. ил. эмгектери өттүн таш оорусун хирургиялык жол м-н дарылоо, о. э. оорулууларга хирургиялык шашылыш жардам көрсөтүүгө арналган. Анын «Катуу кармаган холециститти хирургиялык дарылоо», «Уйку безинин сезгениши» ж. б. эмгектеринин мааниси чоң. КРнын эмг. сиң. врачы (1973). Респ-лык хирургдар коомунун төрагасы (1980). 1975-жылдан КРнын ЖКнын саламаттык сактоо б-ча туруктуу комиссиясынын мүчөсү. Октябрь революциясы, Эмгек Кызыл Туу, Эл Достугу ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. КРнын ЖКнын бир нече чакырылышына депутат болуп шайланган. КРнын Эл Баатыры.



**МАМАЛЖАНОВ Мусабек** (1954-ж. т., Челпек айылы) – чабан, Бүткүлсоюздук Ленин комсомолу сыйлыгынын ж-а кой өстүрүү б-ча М. Тынаев атн. сыйлыктын лауреаты, Фрунзедеги Скрябин атн. а. ч. ин-тун сырттан бүтүргөн (1987). 1972–73-ж. ИОССто жардамчы чабан, 1973–75-ж. Сов. Армияда кызмат өтөгөн, 1975–89-ж. ИОССто чабан болуп эмгектенген, 1980-ж. Кыргыз

ССР Жогорку Советине депутат болуп шайланган. Азыркы учурда дыйкан чарбачылык м-н эмгектенет. «Ардак белгиси» ордени м-н сыйланган.

**МАМАТОВ Мадынчы** (1907-ж. т., Аксуу р-ну, Теңизбай айылы – 1958-ж. ошол жерде) – Ташкендеги Марксизм-ленинизм ин-тун (1938), Фрунзе ш-ндагы пед. ин-ту сырттан окуп бүтүргөн (1957). «Кызыл Кыргызстан» газетасынын редактору, Кырг-н КП обкомунун секретары, Кыргыз ССРинин главлитинин башчысы, тышкы иштер министрлигинде, Кырг-н КП БКнын аппаратында иштеген. 1950-ж. Кырг-н мамл. басмасында иштеген. Медалдар м-н сыйланган.



**МАМБЕТАКУНОВ Бороончу** (1940-ж. т., Түп р-ну, Курбу айылы – 1994-ж. ошол жерде) – 1954–59-ж. «Үлгү» к-зунда тракторист болуп иштеп, эмгек жолун баштаган. 1959–62-ж. Сов. Армиянын катарында, 1962-жылдан өмүрүнүн акырына чейин «Каракол» с-зунда механик болуп эмгектенген. III даражадагы Эмгек Даңкы ордени, медалдар м-н сыйланган.



**МАМБЕТАЛИЕВА Орозган** (1946-ж. т., Аксуу р-ну, Керегеташ айылы) – сүрөтчү. Бишкектеги С. А. Чуйков атн. сүрөт окуу жайын (1969), Москвадагы Искусствонун элдик ун-тин сырттан окуп бүткөн (1988). Кырг-н сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү (1992). 1967-ж. бир кыйла ө. ж. ишканаларында сүрөтчү-жасалгалоочу болуп иштеген. 1993-ж. «Кыргыз сүрөтчү жана искусство таануу б-ча аялдар Ассоциациясы» деген өкмөттүк эмес коомдук уюм түзүп, анын төрайымы болгон. Медаль м-н сыйланган.

**МАМЫРКАНОВ Казакбай** (1963-ж. т., Аксуу р-ну, Раздольное айылы) – экономист, КРнын финансылык көзөмөл иштеринин отличниги, Фрунзедеги кооператив техн. (1986), Карагандадагы кооператив ин-тун (1994), КМУну бүтүргөн (2003), 1981–85-ж. Аксуу р-ндагы Дзержинский атн.



с-здо жумушчу, 1985–92-ж. р-ндук керек-жарак коомунда, 1992–93-ж. Социалдык фонддо, мамл. салык инспекциясында инспектор, 1993–98-ж. Ысыккөл обл-к мамл. салык инспекциясында башкы инспектор, бюджеттик мекемелерди текшерүү бөлүмүнүн начальниги, 1998-жылдан КРнын эсептөө палатасынын эксперти.



**МАМЫРБАЕВ Адентур** (1926-ж. т., Аксуу р-ну, Ичкежергез айылы) – юрист, СССР ички иштер министрлигинин Ташкенттеги милициялык атайын орто мектебин бүтүргөн, 1951–56-ж. ички иштер бөлүмдөрүндө иштеген, 1957–88-ж. Ичкежергез айылындагы дүкөндө сатуучу. «Ардак белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.

**МАМЫТКАНОВА Гүлзия** (1933-ж. т., Жетөгүз р-ну, Сүттүбулак айылы – 1976-ж. Жаңыарык айылы) – мугалим, Пржевальск пед. окуу жайын бүтүргөн (1950), 1950–51-ж. Тяньшань р-нунда мугалим, 1951–52-ж. Талдысуу р-ндагы Миңбулак орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы, 1952-жылдан Жаңыарык орто мектебинде башталгыч класстардын мугалими, окуу-тарбия иштери б-ча директордун орунбасары болуп иштеген. Конкурстарга, кароолорго активдүү катышып, сыйлыктарга ээ болгон. Жаңыарык орто мектебине ысымы берилген.



**МАМЫТОВ Жеңиш** (1945-ж. т., Аксуу р-ну, Акбулак айылы) – чарба кызматкери. Алматы ш-ндагы Казак КП БКнын алдындагы жогорку партиялык мектепти бүткөн (1980). 1962–64-ж. «Түргөн» совхозунда жумушчу, 1964–67-ж. Сов. Армиянын катарында, 1967–87-ж. «Түргөн» совхозунда айдоочу, талаачылык боюнча бригадир, ферма башчысы, партиялык комитеттин катчысы. 1987–99-ж. Акбулуң айыл кеңешинин төрагасы, 1999-ж. Акбулуң айыл өкмөтүнүн башчысы. «Ардак белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.



**МАМЫШЕВА Рая** (1949-ж. т., Түп р-ну, Санташ айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1973), 1974-жылдан Каракол ш-дагы мектепте мугалим.

**МАНАКЕ олуя** (Болжолу 1811-ж. т., 1907-ж.) Өз доорунда «Эсепчи аке» деген ат менен кыргыз элине кеңири таанымал Манаке олуя табият сырын терең билген адам болгон. Келерки жаздын, айдын, күздүн, кыштын кандай болоорун так айта алган, жылдыздардын тогошконун эсептеп, аба ырайы жөнүндөгү маалыматтарды алдын ала айтып турган. Ал түгүл бир күндө себилген таруунун түшкө чейинкиси бышып, түштөн кийинкиси бышпай калаарын билгени эл оозунда эмдигиче айтылып келет. Жыл эсепчи жаратылыш кубулуштарын аалам мейкиндигиндеги планеталардын кыймылы м-н бирдикте караган. М. астраномия илиминен кабарсыз болсо да, асман телолорунун кыймылына байкоо жүргүзгөн. Кыргыздан биринчи болуп лупаны пайдаланган.



**МААНАЕВ Токтобай** (1960-ж. т., Аксуу р-ну, Каракол айылы) – дарыгер, КРнын саламаттык сактоосунун отличниги. Кыргыз мамл. мед. ин-ту (1984), Ленинград ш-ндагы ГИДУВ аспирантурасын бүткөн (1990). 1982–84-ж. Фрунзе ш-дагы ооруканада мед. кызматкер, 1984–85-ж. Фрунзедеги инфекциялык ооруканада дарыгер, 1985–88-ж. Аксуу р-ндук борбордук ооруканада инфекция бөлүмүнүн башчысы, 1988–92-ж. Ленинград ш-ндагы ГИДУВда ординатор, аспирант, 1992-жылдан Аксуу р-ндук борбордук ооруканада башкы дарыгердин орунбасары, башкы дарыгер. Мед. ил. кандидаты.



**МАНДЫЛКАЕВ Эдил** (1963-ж. т., Аксуу р-ну, Бөрүбаш айылы) – ветеринар, Түптөгү с-з техн. (1987), Москвадагы ветеринария Академиясын бүтүргөн (1993), 1993–95-ж. Бөрүбаш чарбасында вет. дарыгер, 1995–96-ж. жаштар комитетинин жетекчиси, 1996–2000-ж. Каракол мамл. ветеринардык бор-

бордо вет. дарыгер, лабораторияда дарыгер, башкы эпизоотолог, 2000–2001-ж. «Эдил» аттуу ветеринардык сервистин директору, 2001–2006-ж. Ысыккөл обл-к мамл. ветеринария башкармалыгында инспектор, 2006-жылдан Аксуу р-ндук ветеринария башкармалыгынын башчысы.



**МАСИМОВ Махиди** (1952-ж. т., Челпек айылы – 1992-ж. ошол жерде) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1974). 1975-ж. Чүй обл-нын Күрпүлдөк айылында, 1975-жылдан «Ленин жолу» орто мектептерде мугалим, ушул мектепте толук автоматташтырылган физика кабинетин обл-та биринчи жолу уюштурган.

**МАСТАЛИЕВ Асаналы** (1886-ж. т., Аксуу р-ну, Керегеташ айылы, өл. ж-а коюлган жери белгисиз) – мугалим. Татар мектебинен билим алган. Караколдогу мугалимдерди даярдоочу 6 айлык курсту бүткөн (1921). 1908–16-ж. Керегеташ айылында бала окута баштаган. 1921–27-ж. ошол эле мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы, 1928–38-ж. Сарыкамыш, Зындан, Керегеташ мектептеринде окуу бөлүмүнүн башчысы, директор, мугалим болуп иштеген.



**МАСЫЛБЕКОВ Жекшен** (1938-ж. т., Аксуу р-ну, Керегеташ айылы) – чарба жумушчусу. 1950–2000-ж. аталган р-догу Ысыккөл совхозунда сугатчы болуп иштеген. Эки жолу Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.



**МАХМЕЕВ Зарлык** (1949-ж. т., Челпек айылы – 1997-ж. ошол жерде) – 1968-ж. ИОССто механизатор, 1970-ж. Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн, 1970–97-ж. Ысыккөл тажрыйба селекция станциясында механизатор, III даражадагы Эмгек Даңкы ордени, медалдар, Кыргызстан КП БКнын, Кыргыз ССР Министрлер Советинин, Кыргыз совпрофтун Ардак грамоталары м-н сыйланган.

**МЕДЕРБЕКОВ Бектурсун** (1965-ж. т., Аксуу р-ну, Жылдыз айылы) – аскер кызматкери. А. ч. техн-мун (1983), 1983–88-ж. Алматыдагы жог. аскер окуу жайын бүткөн. 1988–91-ж. Беларусь Респ-нын борбору Минск ш-нда иштеген. 1991-жылдан КРнын президентти коргоо үчүн түзүлгөн сакчылар бөлүмүнүн начальниги. Полковник наамы бар.



**МИЩЕНКО Владимир Константинович** (1930-ж. т., Аксуу р-ну, Теплоключенка айылы) – агроном, Кыргыз ССРинин а. ч-басынын отличниги, а. ч. ил. кандидаты, а. ч. техн. (1956), Фрунзедеги а. ч. ин-тун бүтүргөн (1963), 1944–49-ж. «Сталин» атн. к-здо комбайнер, 1958–82-ж. Үрөн сыноо тажрыйба участогунда агроном, 1982-жылдан фермер. Медалдар м-н сыйланган.



**МИЩЕНКО Дмитрий Константинович** (1924-ж. т., Аксуу р-ну, Теплоключенка айылы) – Кыргыз ССРинин а. ч-басынын отличниги, 1941–58-ж. «Сталин» атн. к-здо комбайнер, 1958–84-ж. «Заря коммунизма» к-зунда комбайнер. Медалдар м-н сыйланган.



**МОЙНОКОВА Аманкан** (1953-ж. т., Жетөгүз р-ну, Чоңкызылсуу айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги. Пржевальскидеги пед. окуу жайын (1972), Фрунзедеги В. Маяковский атн. Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-ту бүткөн (1989), 1972–73-ж. Ош ш-дагы Кызыл Туу орто мектебинде мугалим, 1973–2006-ж. Аксуу р-ндагы балдар үйүндө тарбиячы.



**МОРОЗОВ Николай Петрович** (1947-ж. т., Аксуу р-ну, Новоконстантиновка айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, КРнын билим берүүсүнө эмг. сиң. кызматкер, Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1969), 1969–70-ж. Түп р-ндагы Маяк орто мектебинде мугалим, 1970–

74-ж. Аксуу р-ндагы Новоконстантиновка сегиз жылдык мектебинде мугалим, окуу-тарбия иштери б-ча директордун орунбасары, 1974–76-ж. Пржевальск пед. окуу жайында мугалим, 1976-ж. ошол эле окуу жайында окуу-өндүрүш иштери б-ча директордун орунбасары, 1987-жылдан бери директор.



**МОЛДКУНОВА Гүлкайыр** (1947-ж. т., Аксуу р-ну, Ичкежергез айылы) – дарыгер, КРнын саламаттык сактоосунун отличниги. Кыргыз мамл. мед. ин-ту бүткөн (1972), 1972–95-ж. Нововознесеновка ооруканасында участкалык терапевт, терапия бөлүмүнүн башчысы, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун жетекчиси, 1995–2006-ж. Аксуу р-ндук үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун жетекчиси.



**МОЛДАКУНОВ Касым** (1911-ж. т., Аксуу р-ну Ичкежергез айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Каракол пед. окуу жайын бүткөн. 1927–33-ж. Ичкежергез мектебинде мугалим. 1933–39-ж. ошол эле мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы, директор. 1941–46-ж. Ата Мекендик согушка катышкан. 1946–57-ж. Ичкежергез орто мектебинде директор, 1957–59-ж. Киров атн. к-здун башкармасы, анан р-дук билим берүү бөлүмүнүн башчысы, 1959–73-ж. Нововознесеновка айыл кеңешинин төрагасы. Билим берүү, чарбалык ж-а советтик кызматтарда үзүрлүү иштегендиги үчүн «Ардак белгиси», Октябрь революциясы ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**МОЛДОБАЕВ Акылбек** (1959-ж. т., Аксуу р-ну, Новоконстантиновка айылы) – ички иштер кызматкери, милициянын полковниги, Фрунзе ш-ндагы Политех. ин-тун (1981), Рига ш-ндагы милициянын атайын мектебин (1984), КМУну бүтүргөн (1995), 1981–83-ж. Сов. Армияда, 1983–85-ж. Ысыккөл обл-к ички иштер бөлүмүнүн

ОБХССинде оперуполномоченный, 1985–87-ж. Түп р-ндук ички иштер бөлүмүнүн ОБХССтин начальниги, 1991–92-ж. Түп р-ндук ички иштер бөлүмүнүн начальнигинин орунбасары, 1992–93-ж. Ысыккөл обл-к ички иштер башкармалыгынын ОБЭПКнын, андан соң 1993–94-ж. ОУРдун начальнигинин орунбасары, 1994–95-ж. Каракол ш-дык ички иштер бөлүмүнүн оперативдик иштер б-ча начальниктин орунбасары, 1995–99-ж. Нарын обл-дагы Нарын р-ндук ички иштер бөлүмүнүн начальниги, 1999–2000-ж. Түп ички иштер бөлүмүнүн начальниги, 2000–2001-ж. Ысыккөл ички иштер башкармалыгында иштеген, 2001-жылдан ошол эле башкармалыктын штаб начальниги. Медалдар м-н сыйланган.



**МОЛДОБАЕВ Табылды** (1951-ж. т., Аксуу р-ну, Жергез айылы) – Аскер кызматкери, генерал-майор, КМУну (1969), Алматыдагы жалпы аскердик командалык Жогорку окуу жайын (1976), Москвадагы М. Фрунзе атн. Аскер Академиясын бүтүргөн (1987). Генерал-майор, 1973–83-ж. Каз-н ж-а Кырг-н Респ-ларында ар кайсы кызматтарда иштеген, 1983–88-ж. Пржевальск ш-нда ж-а 1988–90-ж. Фрунзе ш-ндагы Свердлов р-нда Аскер комиссары, 1991–92-ж. КРнын Аскер комиссарынын орунбасары, 1992–93-ж. КРнын Аскер комиссары, уюштуруу-мобилизация башкармалыгынын начальниги, КРнын коргонуу иштери б-ча мамл. комитетинин төрагасынын орунбасары, 1994–95-ж. КРнын Коргоо министринин орунбасары, 1995–96-ж. Коргоо министрлигинин башкы штабынын начальнигинин орунбасары, 1996–2000-ж. Коргоо министринин орунбасары, 2000–2006-ж. КРнын Куралдуу күчтөрүнүн Жогорку аскер окуу жайынын начальниги, 2006-жылдан Коргоо министрлигинин башкы штабынын начальнигинин орунбасары. Медалдар м-н сыйланган.



**МОЛДОБЕКОВ Амантур** (1933-ж. т., КЭР, Текес айылы) – 1962-жылдан Аксуу р-ндагы «Заря коммунизма» к-зунда чабан болуп иштеген. «Ардак белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.



**МОЛДОТАШЕВ Бакир** (1932-ж. т., Аксуу р-ну, Кайырмарык айылы – 1998-ж. ошол жерде) – дарыгер, мед. ил. кандидаты (1962), Кыргыз мамл. мед. ин-тун (1954), ошол эле ин-ттун аспирантурасын бүтүргөн (1959), 1954–57-ж. Тогузторо р-ндук ооруканада башкы дарыгер, 1957–62-ж. Кыргыз ИАнын крайлык ин-нда ил. кызматкер, борбордук радиобиология лабораториясынын кафедра башчысы, 1962–66-ж. аталган ин-тун таза физиология кафедрасынын ассистенти, 1966-жылдан ошол эле кафедранын доценти. СССР, Кыргыз ССР саламаттык сактоо министрликтеринин Ардак грамоталары м-н сыйланган



**МОЛДОТАШЕВ Докдурбай** (1962-ж. т., Аксуу р-ну, Кайырмарык айылы) – дарыгер, КРнын саламаттык сактоосунун отличниги, Кыргыз мамл. мед. ин-тун бүтүргөн (1985), 1985–90-ж. обл-к балдар ооруканасында анестезиолог-реанимация дарыгери, реанимация бөлүмүнүн башчысы, 1990–95-ж. Аксуу р-ндук борбордук ооруканада балдар хирургу, хирургия бөлүмүнүн башчысы, 1995–2004-ж. обл-к ооруканада ординатор-дарыгер, 2004–2005-ж. «Эндомед-универсал» жеке клиникасынын директору, 2005-жылдан ошол эле клиникада ординатор-дарыгер.



**МОЛДОТАШЕВ Ишенбай** (1953-ж. т., Аксуу р-ну, Кайырмарык айылы) – дарыгер, коомдук ишмер. КРна эмг. сиң. дарыгер (2002). Кыргыз мамл. мед. ин-ту бүткөн. Мед. ил. доктору (1989), проф. (1997). Кырг-н Ленин комсомолу, Илим ж-а техника багытындагы Токтогул атн. мамл. сыйлыгынын ээси (1984). 1981–84-ж. Саламаттык сактоо министрлигинин штаттан тышкаркы башкы кардиологу, 1989–95-ж. ошол эле министрликтин функционалдык диагностика боюнча башкы адис, 1995–97-ж. Улуттук кардиология ж-а терапия борборунун бөлүм башчысы, 1997–99-ж. КМШ өлкөлөрүнүн кардиологдор ассоциа-

циясынын генералдык катчысы, 1998–2000-ж. Медициналык техникалар департаментинин башкармасынын төрагасы. 2000–2005-ж. КРнын ЖКнин Мыйзам чыгаруу жыйынын депутаты, аталган жыйындын ден соолукту сактоо комитетинин төрагасы, 2006-жылдан курортология ж-а калыбына келтирүү илим-изилдөө ин-тунун директору.

**МОЛДОТАШЕВ Сапар** (1933-ж. т., Аксуу р-ну, Кайырмарык айылы) – тоо инженери, II даражадагы чегара аскерлеринин отличниги, КМУну бүтүргөн (1956), 1956-ж. Ош обл-нын Кичалай р-ндагы уран ж-а ртуть разрезинде геолог, Акташ, Окторкой, Керегеташ, Бешекин, Түкбешин, Кемин, Ташкоргон геологиялык чалгындоо партияларында 20 жылдан ашык начальник болуп иштеген. «Ардак белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.



**МОЛДОТАШЕВА Шарый** (1958-ж. т., Аксуу р-ну, Кайырмарык айылы) – дарыгер, КРнын саламаттык сактоосунун отличниги (2004), Кыргыз мамл. мед. ин-тун бүтүргөн (1982), 1982–2000-ж. Каракол ш-ндагы поликлиникада көз дарыгери болуп иштеген, 2000-жылдан медико-социалдык полиативдик терапия мекемесинин директору.

**МОМУНОВА Батыйкүл** (1950-ж. т., Аксуу р-ну, Акбулак айылы) – КРнын билим берүүсүнүн отличниги. Пржевальск мамл. пед. ин-ту бүткөн (1971). 1971-жылдан Ы. Туманов атн. ж-а Акбулак орто мектебинде мугалим.





**МОМУНКУЛОВА Саадат** (1950-ж. т., Кочкор р-ну, Карасаз айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, КМУну бүтүргөн (1985), 1969–71-ж. Кочкор р-ндагы Калинин атн. орто мектепте пионер вожатый, 1971–79-ж. Соңкөл жатак-мектебинде тарбиячы, 1979–80-ж. Кочкор

айылындагы борбордук китепканада китепканачы, методист, 1980–2002-ж. Аксуу р-ндагы Шапак орто мектебинде тарбиячы, мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, 2002–2004-ж. Шапак орто мектебинде мугалим.

**МОМУШЕВА Гүлмайрам** (1948-ж. т., Аксуу р-ну, Сарыкамыш айылы) – ырчы, КРнын эмг. сиң. артисти (1968). 1966–85-ж. Т. Сатылганов атн. Кыргыз мамл. филармониясында К. Орозов атн. кыргыз эл аспаптар оркестринин солисти. Ал элдик ырлардан башка орус, түрк, белорус ж. б. элдердин ырларын чебер аткарган. Шериктеш ж-а Сирия, Дания, Түркия ж. б. чет өлкөлөрдө гастролдордо болгон.

**МОСКАЛЕВ Владимир Михайлович** (1949-ж. т., Аксуу р-ну, Отрадный айылы) – артист, КРнын эмг. сиң. артист (1986). 1971-ж. Бишкектеги Н. Крупская атн. мамл. театрдын алдындагы студияны бүткөн. Ошол жылдан ушул театрдын артисти. Ал бардык жанрдагы ролдорду ачып бере алган актёр. Анын аткарган негизги ролдорду: Абуталип (Ч. Айтматов, «Кылымга тете бир күн»), Пикеринг (Б. Шоу, «Пигмалион»), Лев Шабельников (В. Арро, «Ким келгенин караңыз»), Иисус Назарянин (Ч. Айтматов, «Кыямат»), Петруччо (В. Шекспир, «Азоого чалма»), Вершинин (А. Чехов, «Эже-сиңдилер»), Чернышов (И. Дворецский, «Колыма») ж.б.



**МОЧОЕВ Абдула** (1916-ж. т., Каракол ш. – 1984-ж. ошол жерде) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, Пржевальск пед. техн-мун бүтүргөн (1937), 1937–38-ж. Пржевальскидеги Киров атн. орто мектепте, 1939-ж. пед. окуу жайында мугалим, 1939–40-ж. Жетөгүз р-ндагы Киров атн. орто мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы, мугалим, 1940–41-ж. Ысыккөл обл-к билим берүү бөлүмүндө инспектор, Жетөгүз р-ндук билим берүү бөлүмүнүн башчысы, 1941–43-ж. партиянын Ысыккөл обл-к комитетинде инструктор, 1943–44-ж. партиянын Талдысуу р-ндук комитетинде катчы, 1944–47–ж. Түп р-ндук аткаруу комитетинин төрагасынын орунбасары, Пржевальск ж-а Жалалабат пед.

окуу жайларынын директору, 1947–49-ж. Ысыккөл р-ндук билим берүү бөлүмүнүн башчысы, 1949–54-ж. Пржевальск пед. окуу жайынын директору, 1955–61-ж. Пржевальск р-ндук билим берүү бөлүмүнүн башчысы, 1962–72-ж. Аксуу р-ндук Челпек ж-а Октябрь орто мектептеринде директор, 1972–80-ж. обл-к жаш натуралисттер коомунун директору. Медалдар м-н сыйланган.



**МОЧОЕВ Жеңишбек** (1944-ж. т., Түп р-ну, Талдысуу айылы) – экономист, экономика ил. кандидаты, профессор, Фрунзедеги политехн. ин-тун (1966), Бүткүлсоюздук тышкы соода ж-а тышкы экономикалык байланыш Академиясын бүтүргөн (1981), 1966–78-ж. Респ-нын аймагында инженердик-техникалык кызматтарда иштеген, 1981–84-ж. Йемен Элдик Демократиялык Респ-нда соода өкүлчүлүгүндө, 1984–86-ж. СССР тышкы соода министрлигинде, 1986–88-ж. КРнын тышкы соода министри, 1988–91-ж. Кырг-н КП БКнын аппаратынын соода-өндүрүш группасынын жетекчиси. Медалдар м-н сыйланган.



**МУКАЛАЕВ Абдыкадыр** (1931-ж. т., Аксуу р-ну, Тегизчил айылы) – инженер, КРнын элге билим берүүсүнүн отличниги, Фрунзедеги политехн. жогорку окуу жайын бүтүргөн (1976), 1976–2005-ж. Аксуу р-ндук ПМКада мастер, директор. 2005-жылдан жеке ишкер.

**МУКАМБАЕВ Усуп** (1941-ж. т., Аксуу р-ну, Жолколот айылы) – мамлекеттик ишмер. КРнын эмг. сиң. юристи. КМУну бүтүргөн (1968). Эмгек жолун «Жаңы Жылдыз» к-зунда чабандын жардамчысы катары иштөө м-н баштаган, кийин Каракол автобазасында айдоочу, кыш заводунда слесарь болуп иштеген. 1968–91-ж. Кыргыз мамл. коопсуздук комитетинин оперуполномочени, улуу оперуполномочени, бөлүмчөнүн начальниги, партиялык комитеттин катчысы, Ош обл-тык башкармасынын начальнигинин орунбасары, Комитеттин төрагасынын орунбасары, биринчи орунбасары.

1991–93-ж. КРнын Юстиция министри. 1996-ж. КРнын ЖКнин Мыйзам чыгаруу жыйынынын төрагасы. КРнын ЖКнин XI–XII чакырылыштарында депутаттыкка шайланган (1985–1995). Кызыл Жылдыз ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.



**МУКАНБЕТОВА Бейшекан** (1952-ж. т., КЭР, Кулжа ш.) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1977), 1976–78-ж. Түп р-ндагы Тасма айылынын А. Сопиев атн. орто мектепте мугалим, 1978–2006-ж. Аксуу р-ндагы Чолпон орто мектебинде мугалим, окуу-тарбия иштери б-ча директордун орунбасары, мугалим.



**МУКАНБЕТОВА Клара** (1964-ж. т., Аксуу р-ну, Токтогул айылы) – мугалим. КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Пржевальск ш-ндагы пед. окуу жайын бүткөн (1984). 1979–83-ж. Ош об-дагы Фрунзе р-нун А. Орозбеков атн. орто мектепте башталгыч класстардын мугалими, 1983–87-ж. «Түргөн» с-зундагы балдар бакчасында тарбиячы, Акбулак орто мектебинин башталгыч класстардын мугалими.



**МУКАНБЕТОВ Рамил** (1964-ж. т., Челпек айылы) – Токмоктогу а. ч. техн-мун бүтүргөн (1986), 1987–92-ж. Жетөгүз р-нда а. ч. энерго-инженер, 1992–2002-ж. ИПЭСтин Аксуу РЭСинде инженер, башкы инженер, 2002-жылдан АО «Востокэлектро-нун» Аксуу РЭСинде начальник.

**МУКАНБЕТОВ Садырбек** (1939-ж. т., Аксуу р-ну, Энчилеш айылы) – мугалим. Каракол мамл. пед. ин-ту бүткөн (1967). 1960–62-ж. «Путь Ильича» к-зунда чабан болуп иштеген. 1967–68-ж. Тогузторо р-дагы Четбулак орто мектебинде, 1967–75-ж. Нововознесеновка орто мектебинде



мугалим. 1975–98-ж. механикалаштырылган Каракол токой чарбасында токойчу. 1999-жылдан Бозучук айылындагы аксакалдар сотунун төрагасы. «Атажурт» ырлар жыйнагы чыккан, бир нече прозалары, сатиралары респ-лык, обл-к газеттерге басылган.



**МУКАНБЕТОВ Турдукожо** (1946-ж. т., Аксуу р-ну, Кайырмарык айылы) – инженер-механик, Фрунзедеги политехн. ин-тун бүтүргөн (1969), 1969–77-ж. Фрунзе ш-ндагы М. В. Фрунзе атн. а. ч. машиналарын куруу заводунда инженер-конструктор, 1977–91-ж. Респ-лык «Кыргызвторцветмет» өндүрүштүк-даярдоо башкармалыгында башкы инженер, начальник, 1991–96-ж. Респ-лык «Кыргызвтормет» өндүрүштүк бирикмесинин генералдык директору, 1996-жылдан «Втормет» АКнын, андан соң «Регстан» ОсООсунун директору. «Даңк» ж-а Париж Алтын медалдары, СССР түстүү ж-а кара металлургия министрлигинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**МУКАНБЕТОВА Турсун** (1942-ж. т., Аксуу р-ну, Шапак айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги (1986). Фрунзе ш-ндагы В. Маяковский атн. Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-тун бүткөн (1964), 1964–97-ж. Аксуу р-дагы Сарыкамыш орто мектебинде мугалим болуп эмгектенген. Медалдар м-н сыйланган.



**МУКАНБЕТОВ Укан** (1933-ж. т., Аксуу р-ну, Жаңыарык айылы) – Ысыккөл а. ч. техн-мун (1955), Алматы ш-ндагы Жогорку партиялык мектепти бүткөн (1963), 1955–57-ж. Бозучук р-ндук комсомол комитетинин инструктору, 1957–59-ж. Пржевальск р-ндук комсомол комитетинин биринчи катчысы,

1963–67-ж. Каракол с-зунун төрагасы, 1985–90-ж. Аксуу р-ндук кесиптик кеңештин төрагасы, 1990–95-ж. Аксуу р-ндук а. ч. башкармасынын адиси. Медалдар м-н сыйланган.



**МУКАНОВ Табылды** (1946-ж. т., Аксуу р-ну, Энчилеш айылы – 1986-ж. ошол жерде) – акын, Кырг-н Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты (1986), КМУну бүтүргөн (1970), 1970-ж. «Советтик Кыргызстан», «Мугалимдер газетасы», «Ленинчил жаш» гзеталарында иштеген. «Шуру жоготкон кыз», «Каректеги жер», «Жүрөктүн кагышы», «Жандүйнө» ж-а «Арчадай жашыл элем...» аттуу поэтикалык китептери жарык көргөн.



**МУКАШЕВ Жеңиш** (1945-ж. т., Аксуу р-ну, Жолколот айылы) – 1960-ж. Каракол ш-дагы С. М. Киров атн. а. ч. техн-мун, 1964–67-ж. Сов. Армиянын катарында, 1967–69-ж. Каракол үрөнчүлүк чарбасында ветврач, 1969–81-ж. «Жаңы Жылдыз» к-зунда, андан кийин «Арашан» с-зунда веттехник, ферма башчысы, бөлүмдүн башкаруучусу, 1981–85-ж. Жыргалаң с-зунда башкы зоотехник, парторг, 1985–87-ж. Жетөгүз р-дагы Барскоон с-зунда директор болуп иштеген. 1987–89-ж. Караколдогу р-дор аралык а. ч. химиясы мекемесинде төраганын орунбасары, 1989–94-ж. Аксуу р-дагы мамл. атайын чарбада башкы зоотехник, 1994–98-ж. Ысыккөл обл-к жаратылышты коргоо комитетинде эмгектенген, 1998–2005-ж. Октябрь айыл өкмөтүнүн Жолколот айыл башчысы. Ал эми 2005-жылдан Каракол ш-дык мэриясынын алдындагы муниципалдык мүлктү башкаруу департаментинин башчысы. Медалдар м-н сыйланган.



**МУКАШЕВ Туртемир** (1941-ж. т., Аксуу р-ну, Бозучук айылы) – механизатор, Новвознесеновкадагы механизаторлордун 6 айлык курсун бүткөн (1962), 1959–62-ж. к-здо ар кандай жумуштарда, 1963-жылдан трактористтик кесипте иштеген. «Ардак белгиси», III, II даражадагы Эмгек Даңкы ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**МУКАШЕВА Шаршекан** (1931-ж. т., Аксуу р-ну, Бозучук айылы – 2006-ж. ошол эле жерде) – мугалим. Кыргыз ССРинин эмг. сиң. мугалими, 1948-ж. Каракол пед. окуу жайын, андан соң Ош пед. ин-тун бүткөн. Ичкежергез орто мектебинин баштапкы партиялык уюмдун жетекчиси болуп иштеген. 1967–80-ж. Бозучук орто мектебинде тарбиялык иштер б-ча директордун орунбасары. Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.



**МУКАШЕВ Эрик** (1969-ж. т., Пржевальск ш.) – Фрунзе политехн. ин-тун (1989), Кыргыз Архитектура-курулуш ин-тун бүтүргөн (1993), 1993–94-ж. Бишкек ш-ндагы «Арча» ОсООсунда брокер, 1994–96-ж. «Акбаш» ОсООсунун директору, 1996–2003-ж. Аксуу р-ндук Жолколот айылындагы «Төлөгөн» дыйкан чарбасында башкаруучу, 2003–2006-жылдан Октябрь МСУнун башчысы. 2006-жылдан бери АРИСтин эксперти.



**МУКАШЕВ Бейшембек** (1940-ж. т., Аксуу р-ну, Энчилеш айылы) – геолог, КРнын геология кызматынын эмг. сиң. кызматкери, Фрунзе политехникалык ин-тун бүтүргөн (1963), 1963–68-ж. Түркмөн геология башкармалыгында техник, геолог, ага геолог, геологиялык партиянын начальниги, 1968-ж. Кырг-н геология башкармалыгында геология-чалгындоо экспедициясынын начальниги.



**МУРАТАЛИЕВА Клара** (1954-ж. т., Балыкчы р-ну, Көкмойнок айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Ош мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1977), 1977–79-ж. Ноокат р-ндагы Фрунзе атн. орто мектепте мугалим, 1979–96-ж.

Аксуу р-ндагы Чолпон орто мектебинде, Н. Островский атн. орто мектепте мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, директор, 1999-жылдан бери аталган мектепте мугалим.



**МУРАТАЛИЕВ Ысак** (1894-ж. т., Аксуу р-ну, Үчкайнар айылы – 1986-ж. ошол жерде) – Теплоключенка айылындагы орус-тузем мектебин бүтүргөн (1915), 1919-ж. Кайнар айылында алгачкы комсомол ячейкасын уюштурган, 1930-ж. «Үчкайнар» к-зун уюштурууга катышкан, айыл кеңешинин төрагасы, аталган к-здун төрагасы болуп 30 жылдан ашуун эмгектенген. Ордендер, медалдар м-н сыйланган.



**МУРАТОВ Алибек** (1930-ж. т., Аксуу р-ну, Жаңыарык айылы) – мугалим. КМУну бүткөн (1957). 1946–82-ж. Каражал, Чолпон, Бөрүбаш, Үчкайнар, Жолколот, Октябрь Долон, Кичиөрүктү, Жаңарык мектептеринде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, директор болуп иштеген. Медалдар м-н сыйланган.



**МУРАТОВ Гибайдулла** (1920-ж. т., Россия, Оренбург ш.) – 1960-жылдан Аксуу р-ну, Каракол с-зунда тракторист, механик, комбайнер болуп иштеген. А. ч. иштериндеги күжүрмөн эмгеги үчүн Кызыл Жылдыз ордени м-н сыйланган.



**МУРАТОВ Исабек** (1956-ж. т., Аксуу р-ну, Жаңыарык айылы) – музыкант, КРнын эмг. сиң. артисти, Фрунзедеги М. Абдраев атн. муз. мектепти (1974), Б. Бейшеналиева атн. искусство ин-тун бүтүргөн (1979), 1979-жылдан Кыргыз Улуттук филармониясында эмгектенип келүүдө. Көптөгөн ырлары, обондору бар.



**МУРЗАКМАТОВ Кеңеш** (1937-ж. т., Аксуу р-ну, Шапак айылы – 1981-ж. ошол жерде) – мугалим. Каракол пед. ин-тун бүткөн (1960), 1960–65-ж. Ош обл-ндагы Алабука орто мектебинде мугалим. 1965–71-ж. Шапак орто мектебинде директор. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**МУРЗАКМАТОВ Мукай** (1940-ж. т., Аксуу р-ну, Шапак айылы) – физика-математика ил. доктору, профессор. Каракол пед. ин-тун (1961), Кыргыз ИАнын аспирантурасын бүтүргөн (1972), КРнын билим берүүсүнүн отличниги, 1961–62-ж. Соколовка, 1962–1964-ж. Отрадное орто мектептеринде, 1964–1969-ж. Каракол пед. ин-нда мугалим, 1981–84-ж. ВНИИКА мелиорацияда ил. кызматкер, Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-нда кафедра башчысы, 1984–1994-ж. Ысыккөл мамл. ун-нде кафедра башчысы болуп иштеген. 150 илимий эмгектин автору.



**МУРЗАКМАТОВ Усуп** (1909-ж. т., Аксуу р-ну, Шапак айылы – 1980-ж. ошол жерде) – мугалим. Каракол пед. окуу жайын бүткөн (1930). 1930–36-ж. Шапак, 1936–38-ж. Каракол айылындагы орто мектепте мугалим, 1938–41-ж. Бозучук ж-а Шапак орто мектептерде директор, 1942–44-ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1949–69-ж. Бозучук орто ж-а Шапак айылындагы жети жылдык мектептерде мугалим. Медалдар м-н сыйланган.



**МУРЗАКУЛОВ Асанбек** (1925-ж. т., Аксуу р-ну, Шапак айылы – 2005-ж. ошол жерде) – Ата Мекендик согуштун катышуучусу. 1946-ж. кыска мөөнөттүү зооветеринардык курсту бүткөн. 1946–55-ж. Каражал ж-а Жайылма айылдарында зоотехник. I даражадагы Ата Мекендик согуш ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.



**МУСАБЫРОВА Үмүткан** (1945-ж. т., Жетөгүз р-ну, Акшыйрак айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги. КМУну бүткөн (1970), 1970–75-ж. Ош ш-ндагы В. Терешкова атн. мектеп-интернатта, Шамалдысай аймагында № 2-мектепте мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы. 1975–76-ж. Каракол ш-ндагы «Айылсуучарбажабдуу» бирикмесинде инженер, 1976–2001-ж. Аксуу р-ну Керегеташ айылындагы Ж. Алышбаев атн. орто мектебинде мугалим. КРнын ЖКнин Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**МУСАЕВА Айгүл** (1964-ж. т., Кочкор р-ну, Карамойнок айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1986), 1986–93-ж. Ош обл-к Карасуу р-ндагы Кызылтуу, 1993–2006-ж. Аксуу р-ндагы Раздольное, 2006-жылдан Качыбек орто мектебинде мугалим.



**МУСАЕВ Асанбай** (1942-ж. т., Аксуу р-ну, Сарыкамыш айылы) – СССРдин Ички иштер кызматынын отличниги (1979), КМУну бүткөн (1971), 1965–75-ж. Фрунзе ш-ндагы 1-Май р-ндук ички иштер бөлүмүндө милиционер, кылмышкерлерди издөө б-ча инспектор, ага тергөөчү, 1975–83-ж. КРнын ички иштер министрлигинде ага тергөөчү, 1983–91-ж. Талас обл-ндагы Талас, Ленинполь р-ндук ички иштер бөлүмүнүн начальниги, 1991–99-ж. Ысыккөл обл-тык ички иштер башкармалыгында, Аксуу р-ндук прокурордун ага жардамчысы, 1999–2002-ж. Аксуудагы психо-неврологиялык жатак үйдүн директору, 2003-жылдан р-ндук юридикалык консультацияда адвокат. Кызыл Жылдыз ордени, медалдар м-н сыйланган.



**МУСАЕВ Бактыбек** (1956-ж. т., Аксуу р-ну, Маман айылы) – сүрөтчү, СССР сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү, 1980–85-ж. сүрөт-өндүрүштүк өнөрканада сүрөтчү, 1985–88-ж. профсоюз комитетинин төрагасы, 1992–96-ж. Караколдогу сүрөт-өндүрүштүк

өнөркананын директору, 1996–2000-ж. Ысыккөл обл-к сүрөтчүлөр союзунун төрагасы. Чет элдик сүрөт көргөзмөлөрүнө катышкан.



**МУСАКОЖОЕВА Сейде** (1924-ж. т., Пржевальск р-ну, Керегеташ айылы) – мал чарба кызматкери. 1934–42-ж. «1-Май» колхозунда жумушчу, 1942–80-ж. «XX партсъезд» колхозунда саанчы болуп иштеген. Мал чарбасындагы жетишкен көрсөткүчтөрү үчүн үч жолу «Ардак белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган. Кыргыз ССР Жогорку Советине 2 жолу депутат болуп шайланган.



**МУСАКУЛОВ Абдракман** (1936-ж. т., Аксуу р-ну, Бөрүбаш айылы) – Түп р-дагы Сухой-Хребет а. ч. окуу жайын (1957), Ташкент ш-ндагы индустриалдык-пед. техн-ду бүткөн (1962). 1956–57-ж. Аксуу РТСинде комбайнер болуп иштөө м-н эмгек жолун баштаган. 1962–1990-ж. Сухой-Хребет (азыркы Маяк с-зу) айылындагы № 12 а. ч. окуу жайында мастер, окутуучу болуп иштеген. «Ардак белгиси», Эмгек Кызыл Туу ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**МУХЛАЕВА Шайыргүл** (1949-ж. т., Аксуу р-ну, Челпек айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1973), 1973–90-ж. Тяньшань р-ндагы «Кеңеш» сегиз жылдык, 1990-жылдан Аксуу р-ндагы «Ленин жолу» орто мектебинде мугалим.



**МЫДЫКОВА Мария** (1946-ж. т., Аксуу р-ну, Бозучук айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Пржевальск пед. окуу жайын бүтүргөн (1967), 1967-жылдан Бозучук орто мектебинде үзгүлтүксүз 37 жыл мугалимдик кесипте эмгектенген.



**МЫДЫКОВА Элмира** (1966-ж. т., Аксуу р-ну, Бозучук айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Каракол мамл. пед. ин-тун бүтүп (1984), ошол эле жылы Дзержинский (азыркы Жусупов атн.) орто мектебинде мугалим, 1990–94-ж. Акбулак орто мектебинде мугалим, 1994–96-ж. Ысыккөл обл-тык мугалимдердин билимин өркүндөтүү ин-нан билим алып, кыргыз тили ж-а адабияты кошумча кесибине ээ болгон. 1996-жылдан Акбулуң айылындагы Ы. Туманов атн. орто мектепте мугалим.



**НАЗАРАЛИЕВ Орозалы** (1898-ж. т., Аксуу р-ну, Теңизбай айылы – 1957-ж. ошол жерде) – 1920–27-ж. Теңизбай мектебинде мугалим, 1927–29-ж. Пржевальск ш-ндагы кант. союзработпростун төрагасы, 1929–34-ж. партиянын Кольцовка райкомунун катчысы, Аксуу р-ндагы Тепке колхозунда эсепчи, Каракол совхозундагы керек-жарак союзунун директору, 1934–42-ж. Тепке к-зунун төрагасы, Ош обл-тынын Эски Ноокат райфосунда башкаруучу, Эски Ноокат р-ндук комитетинин инструктору, Түп р-ндук МТСтин саясий бөлүмүнүн башчысы. 1942–57-ж. Кырг-н БКнын Пржевальск ш-дык комитетинде инструктор, партиянын Жетөгүз р-дук комитетинин инструктору, партиянын Каракол р-дук комитетинин катчысы, Тасмакаранар айыл кеңешинин төрагасы, Каракол с-зунун жумушчу керек-жарак коомунун төрагасы. КРнын ЖКнин грамтосы м-н сыйланган.

**НАЗАР Болот уулу** (1835-ж, Ысыккөл р-ну, азыркы Сарыкамыш айылы – 1893, ошол жерде) – манасчы, «Семетей» айткан. Замандаштарынын айтуусуна караганда үнү уккулуктуу, бийик болгон. Анын варианты жазылып калган эмес, бирок А. Маргуландын божомолдоосунда Ч. Валиханов тарабынан жазылып алынган «Манас» эпосундагы «Көкөтайдын ашы» Назарга тиешелүү.

**НАМАЗБЕКОВ Абдыкерим** (1949-ж. т., Түп р-ну, Тасма айылы) – экономист, Кыргыз а. ч. ин-тун (1973), Ташкенттеги Жогорку партиялык мектепти (1988), Бишкек финансы-



экономикалык техн. (1991), КМУУну бүтүргөн (1995), 1973–83-ж. Ысыккөл обл-к пландоо комиссиясында экономист, ага экономист, бөлүмдүн начальниги, төраганын орунбасары, 1983–86-ж. партиянын обл-к комитетинде инструктор, 1986–90-ж. Жетөгүз р-ндагы Тамга с-зунда директор, 1990–93-ж. ошол эле р-ндо мамл. салык инспекциясынын начальниги, 1993–99-ж. Ысыккөл обл-к мамл. финансы инспекциясынын начальниги, 1999–2000-ж. Кыргыз Өкмөтүнүн алдындагы ГИФКнын Жалалабат обл-ты б-ча начальниги, 2000-жылдан КРнын Эсептөө палатасынын башкы инспектору.

**НАМАЗБЕКОВА Күлсүнкан** (1947-ж. т., Аксуу р-ну, Чолпон айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги. Пржевальск ш-ндагы мамл. пед. ин-ту бүткөн (1969), 1969-жылдан Чолпон орто мектебинде мугалим.





**НАСЫМБАТОВА Гүлина** (1954-ж. т., Челпек айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, КМУну бүтүргөн (1976), 1976–82-ж. Бозучук айылындагы Ф. Дзержинский атн., 1982–86-ж. Челпек айлындагы «Ленин жолу», 1988-жылдан Т. Искаков атн. орто мектептерде мугалим.

**НАРЫНБАЕВ Карыбай** (1940-ж., т., Жетөгүз р-ну, Акдөбө айылы) – КРнын статистика кызматынын отличниги. 1971–73-ж. р-ндук статистикалык мекемеде экономист, улук инспектор болуп иштеген, 1973–98-ж. Социалдык камсыздоо министрлигинде бухгалтер-ревизор, Аксуу р-ндук мамл. статистика комитетинде начальник.





**НИЧВОЛОД Николай Васильевич** (1920-ж. т., Жетөгүз р-ну, Липенка айылы) – 1938–40-ж. Атбашы р-ндагы Каракуюн жети жылдык мектебинде мугалим, 1940–44-ж. Сов. Армиянын катарында согушка катышкан, 1944–47-ж. Белоруссия респ-да иштеген, 1947–54-ж. Нововознесеновка р-нда ж-а Пржевальск ш-нда партиялык, советтик кызматтарда, 1954–61-ж. Нововознесеновка р-ндук аткаруу комитетинин төрагасы, 1961–85-ж. Ысыккөл р-ндагы Калинин атн. ж-а Аксуу р-ндагы «Заря коммунизма» к-здорунун төрагасы. Ленин, I, II даражадагы Ата Мекендик согуш, Октябрь революциясы ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**НИЯЗОВА Жеңишгүл** (1967-ж. т., Аксуу р-ну, Маман айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги. Пржевальск ш-ндагы мамл. ун-ти бүткөн (1989), 1989–96-ж. Баткен р-ндагы «Бужум» орто мектебинде, ошол эле р-ндогу № 57-кесипчилик-техникалык окуу жайында мугалим, 1996–2003-ж. Аксуу р-ндук билим берүү бөлүмүндө методист, Акбулуң орто мектебинин, ал эми 2003-жылдан Аксуу жетим балдар үйүнүн директору.



**НИЯЗОВ Турсунгалий** (1929-ж. т., Челпек айылы – 1976-ж. ошол жерде) – мугалим, Пржевальскидеги пед. окуу жайын бүтүргөн (1948). 1948–50-ж. Рыбачье р-ндагы Сарыкамыш орто мектебинде мугалим, 1950–58-ж. Челпек айылында клуб башчысы, мугалим. 1959–70-ж. Челпек айыл кеңешинин жооптуу катчысы, 1970–76-ж. Челпек айыл кеңешинин төрагасы.

**НОСИНОВ Марат** (1946-ж. т., Нарын ш. – 2004-ж. Челпек айылы) – Пржевальск ш-ндагы а. ч. тех-кумун (1964), Фрунзедеги К. Скрябин атн. мамл. а. ч. ин-тун бүтүргөн (1971), 1965-ж. Түп р-ндагы В. И. Ленин атн. колхоздо



селекционер зоотехник. 1973-ж. Советтик Армияда аскердик милдетин өтөгөн. 1973–77-ж. Кант р-дагы Карл Маркс к-зунда зоотехник-селекционер, башкы зоотехник, 1977–85-ж. Аксуу р-ндагы Каракол с-зунда директор, 1985–86-ж. «Заря коммунизма» к-зунда башкы зоотехник, 1986–92-ж. Аксуу РАПОсунда жетектөөчү адис, төраганын орунбасары, 1992–98-ж. Ысыккөл «Петро» АКнын директору, 1998–2002-ж. Челпек айыл өкмөтүнүн төрагасы, 2002–2004-ж. «ЭТЗ» АКда аппарат башчы, 1999–2004-ж. Челпек айыл кеңешинин төрагасынын милдетин аткарган. Аксуу р-нун ардактуу атуулу. Каракол айылындагы мад-т үйүнө ысымы берилген.



**НОСИНОВ Мелис** (1939-ж. т., Атбашы айылы) – СССРдин ойлоп табуучусу, Станкостроениянын отличниги, Кооперативдик башкаруунун бүткүл дүйнөлүк академиясынын Академиги, Москвадагы Н. Э. Бауман атн. жогорку тех. окуу жайын бүтүргөн (1961). 1976-ж. Москвадагы А.И. Ефремов атн. «Красный пролетарий» станок куруучу заводунда инженер-конструктор, башкы конструктордун орунбасары, башкы технолог. 1977–82-ж. СССРдин Минстанкопромунун башкы техникалык башкармалыгында жаңы техника бөлүмүнүн начальниги, 1982–91-ж. СССР Министрлер Советинин башкармалык иштеринин ил.-техникалык прогресс бөлүмүнүн ага референти, 1991–99-ж. РФ Өкмөтүнүн башкармалык иштеринин ил. техникалык прогресс маселелери б-ча референтуранын башчысы, 1999–2001-ж. РФ Өкмөтүнүн алдындагы Пенза обл-нын Өкмөтү б-ча жетекчиси, 2001–2003-ж. РФнын Федерация кеңешинин Федералдык жыйынында аппарат башчысынын жардамчысы, 2003-жылдан Совет Федерациясынын аппарат башчысы. I даражадагы Святого Князя Александра Невского, Элдердин Достугу, Россиянын «Ардак», «Ардак белгиси» ордендери, СССР ВДНХсынын 3 алтын ж. б. медалдар м-н сыйланган.



**НОСИНОВ Марс** (1941-ж. т., Тогузторо р-ну, Казарман айылы) – КРнын архитектура жана курулуш Академиясынын академиги, Москвадагы В. В. Куйбышев атн. курулуш-инженердик ин-тун (1964), КПСС БКнын алдындагы коомдук илимдер Академиясын бүтүргөн, 1964–66-ж. Кыргыз ССРинин айыл курулуш министрлигинин СМУсунун Пржевальск участогунда мастер, ага мастер, прораб, начальник, 1966–69-ж. комсомолдун Пржевальск ш-дык комитетинин биринчи катчысы, 1969–72-ж. Пржевальск темир-бетон жасалгалар комбинатынын начальниги, 1972–79-ж. Кыргыз а. ч. министрлигинин курулуш башкы башкармалыгында начальник, 1979–86-ж. Ош облисполкомунун төрагасынын бирнчи орунбасары, 1986-ж. Кыргыз ССРинин Госстроюнун төрагасы, 1986–93-ж. Кыргыз ССРинин Курулуш материалдар өнөр жай министри, 1993–94-ж. «Кыргыз курулуш материалдары» мамл. концерндин төрагасы, 1994-жылдан «Кыргыз курулуш материалы» АКсынын Президенти. Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин депутаты болгон. Элдердин Достугу ордени, медалдар м-н сыйланган.



**НОСИНОВ Өмүралы** (1912-ж. т., Челпек айылы – 1964-ж. ошол жерде) – к-здук-кооперативдик техн-мун бүтүргөн (1931), КРнын саламаттык сактоосунун отличниги, 1931–37-ж. партиянын Балыкчы райкомунда инструктор, райкомсомолдун бөлүм башчысы, биринчи катчысы, 1937–38-ж. Жумгал р-ндук токой чарбасынын директору, Тяньшань аймактык аткаруу комитетинин төрагасынын орунбасары, 1939–45-ж. партиянын Атбашы, Тогузторо, Нарын, Кочкор р-ндук комитеттеринде ар кайсы убактарда биринчи катчы, 1945–46-ж. Тяньшань обл-к аткаруу комитетинин төрагасы, 1946–53-ж. Ысыккөл обл-к аткаруу комитетинин төрагасынын орунбасары, 1953–61-ж. партиянын Покровка, Жетөгүз р-ндук комитетинин биринчи катчысы, 1961–64-ж. Каракол кийим тигүү фабрикасынын директору. Эки жолу КРнын ЖКне депутат болуп шайланган.

Ленин, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак белгиси», II даражадагы Ата Мекендик согуш ордендери, медалдар, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамоталары м-н сыйланган.



**НОСИНОВ Кубат** (1952-ж. т., Пржевальский ш.) – Пржевалский ш-дагы В. И. Ленин ат. орто мектепти (1969), Фрунзедеги политех. инс-тун (1974-ж.) бүтүргөн. 1974–1980-ж. Фрузне ш. №2 жүргүнчүлөрдүн автоунаа ишканасында көзөмөл механик, инженер, автоунаа эксплуатациясынын башчысы. 1980–81-ж. киши ташуу түндүк ишканасынын автотрестинде башкарманын орунбасары, 1981–83-ж. Кыр. ССРинин автоунаа жана жол министрлигинде жүргүнчүлөрдү ташуу бөлүмүнүн башкы адиси, 1983–87-ж. Фрунзе автотранспорттук №4 ишканасында автокалоннанын башкармасы. 1987-92-ж «Фрунзетранс. агенстводо» бөлүм башчы, башкы инженер, 1992–92-ж «КНОТ» кичи ишканада директор, 1996–98-ж. «Куш» Кыргыз–Россия ЗАОдо ген. директор, 1998–2000-ж. «Азия-Фрахтрансаг» Кыргыз-Өзбек ОсООдо ген. директор. 2000-ж. бери «Мунайзат-Центр» ОсООдо ген. директордун орунбасары. Кыргыз Өкмөтүнүн ардак грамотасы м-н сыйланган.



**ОЛЖОВАТОВ Галий** (1900-ж. т., Ташкыя айылы) – артел, к-з уюштуруу иштерине активдүү катышкан, 1943–47-ж. Каракол финансы бөлүмүнүн башчысы, 1948–50-ж. «Ташкыя» к-зунун төрагасы, 1958–67-ж. Челпек айыл кеңешинин төрагасы.



**ОМЕЛЬЧЕНКО Владимир Ильич** (1927-ж. т., Аксуу р-ну, Орлиный айылы) – мугалим. Каракол пед. ин-тун бүтүргөн (1952), КРнын билим берүүсүнүн отличниги. Эмгек жолун 1945-ж. Орлиный жети жылдык мектебинде мугалим болуу м-н баштаган. 1950–52-ж. Раздольный орто мектебинде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, 1952–72-ж. Жылдыз,

Раздольный жети жылдык мектептердин директору болуп иштеген. 1961-ж. КМУнун филология факультетин бүтүргөн. 1973–75-ж. областтык маданият бөлүмүнүн башчысынын орун-басары, 1975–80-ж. Отрадное айылдык кеңештин төрагасы, ал эми 1980–98-ж. Каракол жана Орлиный орто мектептеринде мугалим болуп иштеген. СССР Маданият министрлигинин «Эң жакшы иштегендиги үчүн» медалы ж-а ВЛКСМ БКнын, Кыргыз ССРинин Өкмөтүнүн Ардак грамоталары м-н сыйланган.

**ОМОРОВ Исалы** (1912-ж. т., Аксуу р-ну, Чолпон айылы) – мугалим, Челпек айылындагы жаштар мектебин (1933), Пржевальск ш-ндагы Дмитриев атн. мугалимдер ин-тун бүткөн. 1937–40-ж. Аксуу р-ндагы Чолпон орто мектебинде мугалим, 1940–44-ж. Сов. Армиянын катарында согушка катышкан. 1944–48-ж. Аксуу р-ндагы Чолпон орто мектебинде директор, 1948–51-ж. Нововознесеновка р-ндагы Каракол совхозунун жети жылдык, Талдысуу р-нун Жылуу-булак, Тепке орто мектептеринде мугалим, 1952–53-ж. Чолпон жети жылдык мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы, директор болуп иштеген.



**ОМОРОВ Ибрахим** (1928-ж. т., Ташкыя айылы – 1996-ж. ошол жерде) – 1948–68-ж. Кажысай көмүр кенинде, 1968–72-ж. Ысык-көл ТЭЦинде иштеген. 1972–86-ж. Ысыккөл тажрыйба селекциялык станциясында эмгек-тенген. Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.



**ОМОРОВ Керим** (1920-ж. т., Челпек айылы – 1999-ж. ошол жерде) – 1940-ж. Бурмасуу к-зунда иштеген. 1945-ж. Ата Мекендик ж-а Япон согушуна катышкан. 1946–80-ж. Челпек айылында (к-здо, мектеп-те, ИОССто) эмгектенген. Кызыл Жылдыз, III даражадагы Даңк, II даражадагы Ата Мекендик согуш ордендери, көптөгөн медал-дар м-н сыйланган. СССРдин башкы командачысы И.В. Сталин-дин ыраазычылык билдирген баракчасын 6 жолу алган.



**ОМОРОВ Рамазан** (1924-ж. т., Ташкыя айылы – 1997-ж. ошол жерде) – Фрунзедеги жөө-аскерлер окуу жайын бүткөн (1943). 1943–45-ж. Ата Мекендик согушка катышкан. 1946–49-ж. Пржевальск өрт көзөмөлүндө, 1949–58-ж. СИЗОнун күзөт бөлүмүнүн башчысы, 1958–86-ж. ш-к өрт көзөмөлүндөгү күзөтчүлөрдүн башчысы. II даражадагы Ата Мекендик согуш, III даражадагы Даңк ордендери, «Өрт өчүрүүдөгү каармандыгы үчүн» ж. б. медалдары м-н сыйланган.

**ОРОЗАЛИЕВ Асангазы** (1908-ж. т., Пржевальск р-ну, Октябрь айылы) – Ташкент ш-ндагы САКУну бүтүргөн (1931), 1931–39-ж. Пржевальск райком комсомолдо иштеген, 1939–42-ж. Ысыккөл обл-к маслопром ишканасында, 1942–45-ж. Сов. Армиянын катарында, Ата Мекендик согушка катышкан, 1946–47-ж. Пржевальскидеги жылкы заводунун директору, 1947–48-ж. Рыбачье р-ндагы «Тамчы» с-зунун директорунун орунбасары, 1948–52-ж. Нововознесеновка р-ндук керек-жарак союзунун төрагасы, «Сухой-Хребет» с-зунда кооперациянын төрагасы, 1952–63-ж. Нарын ш-ндагы № 5-жылкы заводунун жумушчулар комитетинин төрагасы, ферма башчысы, 1964–69-ж. Покровка р-ндук маслопром ишканасынын директору, 1969–73-ж. мал чарбачылыгында иштеген.



**ОРОЗАЛИЕВ Мусапар ажы** (1952-ж. т., Аксуу р-ну, Керегеташ айылы) – инженер, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, физика-математ. ил. кандидаты, проф., Новосибирск мамл. ун-тин (1974), Фрунзедеги политехн. ин-тунун аспирантурасын бүтүргөн (1976), 1974–76-ж. Кыргыз ИАнын физика ин-нда инженер, 1988–94-ж. Фрунзедеги политехн. ин-нун окутуучу, ага окутуучусу, физика кафедрасынын башчысы, 1994–98-ж. Кыргыз архитектура-курулуш ин-тунун ЦППсынын директору, 1998-жылдан Кыргыз мамл. ун-тинин транспорт курулушу ж-а архитектура ил.-изил. ин-тунун директору. КРнын ЖКнин Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**ОРОЗБАЕВ Темпи** (1933-ж. т., Аксуу р-ну, Жолколот айылы – 1997-ж. ошол жерде) – окумуштуу агроном. 1955-ж. Фрунзедеги К. И. Скрябин атн. а. ч. ин-тун, Кыргыз ССР ИАнын аспирантурасын (1960) бүткөн. Айыл чарба ил. кандидаты. 1955–56-ж. Аксуу р-дагы Теплоключенка МТСинде участкалык агроном болуп иштеген. 1956–57-ж. дары ж-а аптекалык чөптөр б-ча Бүткүл союздук ин-тун Каракол зоналык тажрыйба станциясында улук ил. кызматкер. 1960–63-ж. КРнын ИАсынын кыртыштаануу бөлүмүндө ил. кызматкер. 1963–64-ж. Чүй р-дук тажрыйба-селекция станциясынын директорунун илим б-ча орунбасары, 1964–68-ж. Кыргыз дыйканчылык ил. из-дөө ин-тунун Ысыккөл тажрыйба-селекция станциясынын (Челпек айылында) директору болуп дайындалган. 1968–73-ж. ошол эле ин-тун кант кызылчасы б-ча Сокулук р-дагы тажрыйба-селекция станциясында директор, 1973–77-ж. Аксуу р-дук аткаруу комитетинин төрагасы, 1977–79-ж. Кыргыз ССР а. ч. министрлигинин с-здор башкы башкармасынын начальниги, 1979–91-ж. аталган министрликте министрдин орунбасары, ошол эле учурда республикалык «Кыргызайылчарбахимия» ил. өн-штүк бирикмесинин төрагасы, 1991–93-ж. Ысыккөл обл-к кеңештин төрагасы, өмүрүнүн акырында 1993–97-ж. республикалык «Кыргызайылчарбахимия» ил. өн-штүк бирикмелер ассоциациясынын президенти. Эки жолу «Ардак белгиси» ордени, медалдар, Кыргыз ССР Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы м-н үч жолу сыйланган.



**ОРОЗБАЕВ Дүйшө** (1898-ж. т., Аксуу р-ну Жолколот айылы – 1945-ж.) – 1926–29-ж. Кырг-ндын ички иштер органдарында кызмат кылган. 1929–31-ж. уезддик аткаруу комитетинин төрагасы, Кыргыз турмуш-тиричилик союз башкармасынын төрагасы, 1931–33-ж. ВКП(б)нын Кочкор р-дук комитетинин, ал эми 1934-ж. Кызылжар р-дук комитетинин катчысы, 1934–36-ж. Кыргыз ССР живтрестте директордун орунбасары, 1937–38-ж. Фрунзе тери заводунун директору. 1938-ж. репрессиянын капшабы м-н 10 жылга кесилип, түрмөдө каза болгон. 1957-жылы толук акталган.



**ОРОЗГАЗИЕВА Гүлайым** (1946-ж. т., Жетөгүз р-ну, Шалба айылы) – медицина кызматкери. Каракол мед. окуу жайын бүткөн (1967). 1967-ж. Аксуу балдар санаториясында медсестра, 1967–68-ж. Шапак айылындагы ФАПта акушер, 1968-ж. Каракол ооруканасында медсестра, 1981–2005-ж. Отрадное айыл кеңешинин жооптуу катчысы. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин өркүндөтүүгө сиңирген эмгеги үчүн КРнын Өкмөтүнүн Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**ОРОЗГОНОВ Турумбай** (1946-ж. т., Аксуу р-ну, Бозучук айылы) – 1961–65-ж. Аксуу р-ндагы «Путь Ильича» к-зунда тракторист, 1965–91-ж. ушул эле к-здо чабан болуп иштеген. Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.



**ОРОЗБЕКОВ Кубат** (1947-ж. т., Аксуу р-ну, Жолколот айылы) – Фрунзедеги автотранспорттук техн. (1982), Россия мамстандарт ж-а сертификаттоо академиясынын курсун бүтүргөн (2004), 1968–71-ж. Фрунзе ш-ндагы физприбор заводунун жаштар бригадасынын жетекчиси, 1971–82-ж. Караколдогу 2916-жүк ташуу автобазасында айдоочу, 1982–93-ж. КСХТ автобазаларында автоколоннанын начальниги, 1993–99-ж. Каракол ш-дык муниципиалдык жүргүнчүлөр ташуу автобазасында өндүрүштүн төрагасы, башкы инженери, 1999–2003-ж. ошол эле автобазанын директору.



**ОРОЗБЕКОВ Эрмек** (1957-ж. т., Аксуу р-ну, Жолколот айылы) – ветеринар, К. И. Скрябин атн. Кыргыз а. ч. ин-тун бүтүргөн (1979), 1979–80-ж. Ысыккөл обл-к ветеринардык лабораторияда паразитология бөлүмүндө вет. дарыгер, 1980–84-ж. Жетөгүз р-ндагы Дружба к-зунда вет. дарыгер, Ысыккөл обл-к ветлабораториянын бөлүм башчысы, 1984–87-ж. жугуштуу оорулар б-ча өзгөчө бөлүмдүн башчысы, 1987-жылдан аталган мекеменин жетекчиси.



**ОТОРОВ Иса** (1891-ж. т. Каракол уезди, Отузуул айылы – 1958-ж. ошол жерде) – Советтик партиялык кызматкер, Фрунзедеги Советтик партиялык мектепти (1931), Караколдогу 6 айлык даярдоо курсун (1933), Кырг-н БКнын алдындагы партиялык мектепти бүтүргөн. 1920-ж. Отузуул айыл кеңешинин төрагасы болуп шайланган. 1932–25-ж. Кошчу союзунун жооптуу кызматкери, 1925–26-ж. Каракол кантонунун Отузуул айыл кеңешинин төрагасы, 1926–28-ж. ошол эле айылда парт. ячейканын ж-а өз ара жардам бөлүмүнүн катчысы, 1928–29-ж. Маман айылындагы а. ч. товарлары б-ча шериктештик уюмунун төрагасы. 1934-ж. ВКП(б)нын 17-съездине делегат болуп катышкан, ал эми 1936-ж. Кыргыз ССР Жогорку Советинин биринчи чакырылышынын депутаты болгон. Кыргыз ССРинин соода министрлигинин орунбасары. 1938-ж. Жетөгүз р-дагы Чоңжаргылчак айыл кеңешинин төрагасы болуп турган учурда жалган жалаа менен репрессиянын капшабына кабылган, түрмөдө 11 ай отурган. Кийин акталып чыккандан кийин Октябрь а/ө кеңешинин төрагасы болуп иштеген.



**ОРУЗБАЕВ Асангалый** (1930-ж. т., Аксуу р-ну, Чолпон айылы) – экономика илимд. доктору (1976), проф. (1977), Кырг-н ИАнын корр. мүчөсү (1989), Россия а. ч. академиясынын корр. мүчөсү (1990). КРнын илимге эмг. сиң. ишмери (1990), Кырг-н а. ч. ин-тун бүтүргөн (1950), 1953–55-ж. Кырг-н ИАнын Экономика ин-тунда улук ил. кызматкер, 1958–65-ж. социализм саясий экономиясы секторунун башчысы, 1965–69-ж. Кырг-н КПнын БКи м-н Кыргыз ССР Министрлер Советине караштуу партиялык-мамл. контролдун айыл ж-а суу чарба бөлүмүнүн башчысы, 1969-жылдан Кырг-н ИАнын Президиумуна караштуу Респ-нын ил. иштерин координациялоо советинин төрагасынын орунбасары. 1974-жылдан Кырг-н ИАнын Экономика ин-тунда агрардык-ө. ж. комплекси секторунун башчысы, 1980-жылдан КРнын Агрардык ишкер экон. ин-тунун (мурдагы Мамл. агрардык ө. ж. комитетинин Экон. ил.-из. ин-ту) директору. О-дин ил.

изилдөөлөрү агрардык ө. ж-дын экономикасына арналган. 150дөн ашык ил. эмгектин (а. и. 19 монография; көбү авторлош) автору. Медалдар м-н сыйланган.



**ОРУЗБАЕВА Бүбүйна** (1924-ж. т., Аксуу р-ну, Чолпон айылы) – тилчи, филология ил. доктору (1966), проф. (1967), Кырг-н ИАнын акад. (1979), корр.-мүчө, (1974), КРнын илимге эмг. сиң. ишмери (1993), КРнын мамл. сыйлыгынын лауреаты (1984), 1945-ж. Кыргыз мамл. пед. ин-тун бүтүргөн. 1951–54-ж. Кыргыз ССР ИАнын тил, ад-т ин-тунун кенже, улук ил. кызматкери, 1954–56-ж. директордун ил. иштер б-ча орунбасары, 1956–59-ж. грамматика секторуна башчы, 1959–62-ж. директор, 1962–76-ж. ошол ин-тун түркология ж-а терминология секторлоруна башчы, 1976–87-ж. Кыргыз энциклопедиясынын башкы редактору, 1984-жылдан КРнын ИАнын тил, ад-т ин-тунда бөлүм башчы, 1984-жылдан КРнын ИАнын Президиумунун мүчөсү. Анын ил. эмгектери кыргыз грамматикасына, лексикологияга ж-а лексикографияга, кыргыз тилинин тарыхына, кыргыз терминологиясына, тил аралык байланышка, тил илиминин ж-а айрым түркологиянын проблемаларына арналган. 200дөн ашык ил. эмгектин (а.и. 21 монография, сөздүктөр: анын 10 авторлош) автору. Алгачкы монографияларынын бири «Өткөн чактын формалары» (1953) деген эмгегинде кыргыз тилиндеги өткөн чакты берүүчү морфемдер ж-а алардын грамматикалык касиеттери изилденген. Ал эми «Кыргыз тилинде сөз жасоо» (1984) аттуу эмгеги кыргыз тилин изилдөөдө маанилүү болгон. Ал бир нече жолу эларалык түркологиялык конгресстерге катышкан. Түркия лингвистикалык коомунун (Түркия, Анкара ш.) мүчөсү. Медалдар м-н сыйланган.



**ОРУЗБАЕВА Гүлай** (1943-ж. т., Аксуу р-ну, Челпек айылы) – КРнын билим берүүсүнүн отличниги. Пржевальск ш-ндагы мамл. пед. ин-ту бүткөн (1964). 1964–73-ж. Тоң р-нун Бөкөнбаев айылындагы Горький атн. орто мектепте мугалим. 1973–92-ж. Аксуу р-дагы Новоконстантиновкадагы орто, «Октябрдын 60 жылдыгы» атн. сегиз жылдык мектептеринде мугалим.



**ОРУЗБАЕВ Султаш** (1905-ж. т., Аксуу р-ну, Жолколот айылы) – Караколдогу кыска мөөнөттөгү окуу курсун бүткөн (1919). 1919–24-ж. Жолколот мектебинде мугалим болуп иштеген. 1924–27-ж. Фрунзе ш-дагы ЦПУда окуган. 1927–31-ж. Каракол ш-дык билим берүү бөлүмүндө инспектор, 1931–36-ж. Жетөгүз р-дук билим берүү бөлүмүнүн башчысы, 1936–40-ж. Чүй райОНОнун башчысы, 1940–42-ж. ошол бөлүмдүн башчысынын орунбасары, 1942–46-ж. Советтик Армиянын катарында кызмат өтөп, Ата Мекендик согушка катышкан. 1946–47-ж. Ысыккөл обл-тык билим берүү бөлүмүнүн башчысы. Кызыл Жылдыз ж-а Александр Невский ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**ОРУСКУЛОВ Рай** (1923-ж. т., Бурмасуу айылы) – мугалим, СССР билим берүүсүнүн отличниги, Каракол пед. окуу жайын (1941), Фрунзе шаарындагы Кыргыз мамл. пед. ин-тун (1948), КМУну бүтүргөн (1968), 1941–47-ж. Сов. Армияда, Ата Мекендик согушка катышкан, 1947–48-ж. И. Сталин атн. орто мектепте мугалим, 1950–51-ж. Акталаа р-ндагы Молотов атн. орто мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы, 1951–59-ж. Осовиахим айылындагы жети жылдык мектепте директор, 1960–87-ж. Кочкор р-ндагы мектептерде мугалим, Каракужур мектеп-интернатында, андан кийин ВЛКСМдын 40 жылдыгы атн. орто мектебинде, р-ндук кечки сырттан окуу мектебинин директору, Кыргызстандын 50 жылдыгы атн. орто мектептин директорунун орунбасары. СССР Эл агартуу министрлигинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**ОСМОНАЛИЕВ Максат** (1987-ж. т., Аксуу р-ну, Жаңарык айылы) – спортсмен. Бишкек дене тарбия ин-тунда окуйт. Дзюдо, самбо күрөштөрү б-ча об-та 19 жолу биринчи, 3 жолу экинчи, 2 жолу үчүнчү орунду жеңип алган. Респ-ка б-ча 4 жолу 1-орунду жеңип алууга жетишкен. Спорттун чебери.



**ОСМОНБАЕВ Жаныш** (1959-ж. т., Аксуу р-ну, Курбу айылы) – Алматыдагы Жогорку партиялык мектепти бүтүргөн (1993), 1976–78-ж. Пржевальскидеги «Рембыттехника» өндүрүштүк бирикмесинде саат адиси, 1978–80-ж. Сов. Армияда, 1980–98-ж. ошол эле бирикмеде саат адиси, 1998-жылдан жеке ишкер. Эмгек Даңкы ордени, медалдар м-н сыйланган.



**ОСМОНКУЛОВА Тунга** (1953-ж. т., Талас обл-ы, Карасуу айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1975), 1974–75-ж. Аксуу р-ндагы «Октябрдын 60 жылдыгы» атн. сегиз жылдык, 1975–79-ж. Ноокат р-ндагы Ж. Бөкөнбаев атн., 1979–80-ж. Аксуу р-ндагы Кайырмарык, 1980-жылдан О. Элебесов атн. орто мектептерде мугалим.



**ОСМОНОВ Анвар** (1941-ж. т., Түп р-ну, – 2005-ж. Бишкек ш.) – илимий кызматкер. Ветеринария ил. доктору, Кыргыз а. ч. ин-тун (1964), аспирантураны бүтүргөн (1970). Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын ИОХунун улук ил. кызматкери. 1993-жылдан К. И. Скрябин атн. Кыргыз Агрардык Академиясынын кафедрасынын доценти. Ветеринария, фармакология, токсикология, биохимия, патофизиология ж-а гельминтология тармактары б-ча белгилүү адис окумуштуу. Ал 70тен ашуун ил. эмгектин, андан сырткары 2 монографиянын, 1 окуу китебинин, 3 ойлоп табуунун автору.



**ОСМОНОВА Айна** (1949-ж. т., Челпек айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, Фрунзедеги В. В. Маяковский атн. Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-тун бүтүргөн (1971), 1977–83-ж. Акталаа р-дагы Жданов атн. орто мектепте мугалим, 1983–

85-ж. Акталаа р-дук аткаруу комитетинде жооптуу катчы, 1985–91-ж. Нарын ш-дык билим берүү бөлүмүндө инспектор. 1991-жылдан Тогузторо мектебинде окуу тарбия иштери б-ча директордун орунбасары, мугалим.



**ОСМОНОВ Амангелди** (1937-ж. т., Кочкор р-ну, Кошдөбө айылы) – мугалим. КРнын билим берүүсүнүн отличниги. 1967-ж. КМУну бүткөн. 1957–61-ж. Аксуу р-дагы Октябрь айылында тракторист болуп иштеген. 1967–72-ж. Бозучук орто мектебинде мугалим. 1972–90-ж. Октябрь орто мектебинде директор. 1990–97-ж. Ж. Ашубаев атн. орто мектепте мугалим. Бүткүлсоюздук географтардын съездине делегат болгон.



**ОСМОНОВА Бермет** (1960-ж. т., Каракол ш.) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, Каракол ш-дагы мамл. пед. ин-тун бүткөн (1985), 1985–97-ж. Фрунзе ш-ндагы мектептерде мугалим, 1997-жылдан ошол эле ш-дагы № 27-мектепте директор.



**ОСМОНОВА Зина** (1938-ж. т., Түп р-ну) – мугалим, СССР билим берүүсүнүн отличниги, Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1963), 1963–64-ж. Тяньшань р-нундагы Жаңыталап орто мектебинде мугалим, 1964–65-ж. Нарын ш-ндагы Токтогул атн. орто мектебинде, 1965-жылдан ошол эле ш-дагы пед. окуу жайында мугалим.



**ОСМОНОВ Мелис** (1952-ж. т., Акбулуң айылы) – Фрунзедеги политех. ин-тун (1974), СССР ИАнын эсептөө борборунун аспирантурасын бүтүргөн (1982), техн. ил. кандидаты, доцент, 1974–78-ж. Кыргыз тамак-аш өнөр жайынын информациялык борборунда ага инженер, бөлүмдүн начальниги, 1982-жылдан КРнын ИАсында прикладдык информатика лабораториясынын башчысы.



**ОСМОНОВА Роза** (1936-ж. т., Челпек айылы) – мугалим, В. Маяковский атн. Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-тун (1958), КПСС БКнын алдындагы Жогорку партиялык мектепти бүтүргөн (1975), 1958–61-ж. 1963–65-ж. Тоң р-дагы Горький атн. мектепте мугалим, 1961–63-ж. Тоң райком комсомолунун биринчи катчысы, 1965–67-ж. Кырг-н Тоң райкомунун уюштуруу бөлүмүндө инструктор, 1967–68-ж. ошол эле р-ндун Бөкөнбаев орто мектебинде директор, 1968–73-ж. партиянын Тоң р-ндук комитетинин катчысы, 1975–78-ж. партиянын Ысыккөл обкомунун саясий-агартуу Үйүнүн кеңешчи-методисти, Кырг-н РК КПнын Пржевальск ш-дык комитетинин катчысы, 1978–87-ж. Ысыккөл обл-к «Билим» коомунун башкармалыгында төраганын орунбасары, 1987–91-ж. Тоң р-ндагы Бөкөнбаев атн. орто мектепте мугалим. Медалдар ж-а СССР аялдар комитетинин Ардак грамоталар м-н сыйланган.



**ОСМОНОВ Сыдыкбек** (1926-ж. т., Челпек айылы – 1990-ж. ошол жерде) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Пржевальск мугалимдер (1944), Кыргыз мамл. пед. ин-ттарын бүтүргөн (1950), 1945-ж. Аңөстөн мектебинде мугалим. 1950–54-ж. Акбулуң орто мектебинде директор, 1954–56-ж. Талдысуу р-ндук билим берүү бөлүмүнүн башчысы, 1956–63-ж. партиянын Тоң райкомунун агитация ж-а пропаганда, Тоң р-ндук билим берүү бөлүмүнүн башчысы, 1963–65-ж. РИУУда метод. кабинетинин башчысы, 1965–69-ж. КРнын билим берүү министрлигинде кадрлар башкармалыгында ага инспектор, 1969–85-ж. Фрунзедеги № 5-орто мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы, 1985–90-ж. Челпек айылындагы «Ленин жолу» орто мектебинде директор. «Ардак белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.



**ОСМОНОВА Нуржамал** (1919-ж. т., Челпек айылы – 1986-ж. ошол жерде) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, Пржевальск пед. окуу жайын бүтүргөн (1938). 1938–74-ж. Сухой-Хребет, Каракол ш-ндагы Киров атн. орто мектептерде, Т. Сатылганов атн. мектеп-интернатта иштеген.



**ОСМОНОВ Сыргак** (1947-ж. т., Челпек айылы – 1978-ж. ошол жерде) – Кыргыз ССРинин сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү, Фрунзедеги көркөм сүрөт окуу жайын бүтүргөн (1968), 1970-ж. Фрунзе, Ош ш-ндагы көркөм ишкана фондунда иштеген. 1968–70-ж. Пржевальск көркөм чыгармалар чарбалык устаканасында иштеген, Челпек айылындагы Ата Мекендик согушта курман болгондордун эстелигинин автору.



**ОСМОНОВ Турдубек** (1941-ж. т., Челпек айылы – 1995-ж. ошол жерде) – Иванов обл-ндагы Д. Фурманов атн. пед. ин-тун бүтүргөн (1969), 1964-ж. Советтик Армияда кызмат өтөгөн. 1969-ж. Перм обл-ндагы Кизел шаарында мугалим. 1969-жылдан Пржевальск мамл. пед. ин-тунда окутуучу, ага окутуучу, декандын орунбасары, декан, партиялык бюронун катчысы, К. Тыныстанов атн. Ысыккөл мамл. ун-де ага окутуучу. Обл-к кеңешке депутат болуп шайланган.



**ОСМОНОВ Туратбек** (1958-ж. т., Челпек айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, 1975–76-ж. Пржевальск соода конторасында жумушчу. 1976–79-ж. Аскер Деңиз Флотунда аскердик милдетин өтөгөн, 1979–93-ж. Аксуу р-дагы балдар спорт мектебинде волейбол б-ча тренер, 1993–95-ж. Аксуу р-ндук балдардын спорт мектебинде директордун орунбасары, 1995–96-ж. Челпек айылынын «Ленин жолу» орто мектебинде, 1999-жылдан балдар спорт мектебинде директордун орунбасары, директору.



**ОСМОНОВ Шарип** (1914-ж. т., Челпек айылы) – Пржевальск ш-ндагы мугалимдер ин-тун бүткөн (1941), 1932–35-ж. Алабука керек-жарак союзунда инспектор. 1935–38-ж. Ош, Пржевальск, Тоң р-ндук аткаруу комитеттеринде иштеген, 1942-ж. «Кызылчелпек», 1950-ж. Пржевальск р-нунун

Жданов атн. к-здордун төрагасы. Сарткалмак элинин санжырасын баяндаган «Азан» аттуу китепченин автору. Ата Мекендик согуш ордени, медалдар м-н сыйланган.



**ОСМОНОВ Эрнис** (1952-ж. Челпек айылы) – жумушчу, СССР мамл. сыйлыгынын лауреаты, «Жогорку класстагы телерадио мастер», Фрунзедеги № 20-кесиптик-техникалык окуу жайын бүтүргөн (1977), 1971-ж. Челпек айылындагы тажрыйба селекциялык станциясында кара жумушчу. 1973-ж. Сов. Армияда кызмат өтөгөн, 1977–87-ж. «Кыргызбытрадиотехника» бирикмесинде ар кайсы разряддагы радиомеханик болуп иштеген. 1987–93-ж. «Тюльпан» радиотелеатьелесинин директору. Учурда бизнес тармагында эмгектенет. СССР Профсоюздар съездине делегат болгон. Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар, Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**ОСМОНОВ Чынтемир** (1923-ж. т., Аксуу р-ну, Курбу айылы – 1987-ж. ошол жерде) – гвардиянын сержанты, Даңк орденинин толук кавалери, 1942-жылдан Сов. Армияда. Воронеж, Степной, 2- ж-а 1-Украина фронтунда салгылашкан. Сандомир плацдармын алуу үчүн урушка катышкан. Днестр д-нын оң жээгиндеги плацдармды алгандыгы үчүн 3-даражадагы, Хальбендорф айылында душмандын контрчабуулунун мизин кайтаргандыгы үчүн 2-даражадагы, Мускау, Бреслау ш-ларын бошотуудагы каармандыгы үчүн 1-даражадагы Даңк орденине татыктуу болгон. Согуштан кийин өзүнүн к-зунда иштеген.



**ОСМОНОВ Асанбай** (1938-ж. т., Аксуу р-ну, Маман айылы) – ички иштер кызматкери, КРнын милициясынын отличниги, КМУну бүтүргөн (1967), 1967–69-ж. Ленин атн. заводдо жумушчу, 1967–92-ж. Фрунзе ш-дык ички иштер бөлүмүндө иштеген.



**ОҢГОЕВ Керим** (1901-ж. т., Челпек айылы – 1961-ж. ошол жерде) – мугалим, Каракол пед. окуу жайын бүтүргөн (1929), 1929–36-ж. Челпек айылында мугалим. 1936–39-ж. Бозбулуң айылындагы мектептин директору, 1936–38-ж. Челпек айыл кеңешинин төрагасы, 1943–50-ж. Челпек айылындагы мектепте директор, окуу бөлүмүнүн башчысы, ошол эле учурда айыл кеңешинин төрагасынын орунбасары, 1955–56-ж. Челпек селолук советтин төрагасы, 1956–60-ж. Бурмасуу башталгыч мектебинде директор. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган. Бурмасуу айылындагы өзү жашап өткөн көчөгө ысымы берилген.



**ӨЗҮБЕКОВА Айгүл** (1960-ж. т., Аксуу р-ну, Акбулуң айылы) – мугалим. КРнын эл агартуусунун отличниги. Пржевальск ш-ндагы мамл. пед. ин-ту бүткөн (1980). 1980–82-ж. Аксуу р-дагы Акбулак, 1982–86-ж. Ош об-нын Жаңыжол р-дагы Кызылтуу, 1986–90-ж. Аксуу р-дагы Ы. Туманов атн. орто мектепте мугалим, 1990–99-ж. ошол эле мектепте тарбиялык иштер б-ча директордун орунбасары, окуу бөлүмүнүн башчысы, 1999–2001-ж. Акбулуң айыл кеңешинде жооптуу катчы, 2001–2004-ж. Ы. Туманов атн. орто мектептин директору, 2004-жылдан Акбулуң айыл өкмөтүнүн башчысы.



**ӨЗҮБЕКОВА Жибек** (1948-ж. т., Нововознесеновка р-ну, Зындан айылы) – мугалим. КРнын эл агартуусунун отличниги, КРнын билимине эмг. сиң. кызматкер. Пржевальск мамл. пед. ин-тту бүткөн (1970), 1970–88-ж. мамл. пед. ин-да окутуучу, 1988–91-ж. Аксуу р-нун Зындан айылындагы А. Сыдыкбеков атн. орто мектебинин директорунун окуу-тарбия иштери б-ча орунбасары, 1991–2001-ж. Каракол ш-ндагы Т. Сатылганов атн. мектеп-лицейдин илимий иштер б-ча директордун орунбасары, 2001-жылдан ошол эле мектеп-лицейдин директору.



**ӨЗҮБЕКОВ Райымбек** (1920-ж. т., Нововознесеновка р-ну, Зындан айылы – 1982-ж. ошол жерде) – Каракол пед. окуу жайын бүткөн (1939). 1939–40-ж. Зындан айыл башчысы. 1941–45-ж. Ата Мекендик согушка катышкан. 1945–50-ж. Зындан орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы, 1950–55-ж. Зындан айыл башчысы, 1955–59-ж. Соколовка ж-а Нововознесеновка айылдарында соода кызматында, 1959–62-ж. Аксуу р-дагы Акбулуң айыл кеңешинин төрагасы.



**ӨМҮКЕЕВ Абдымалик** (1956-ж. т., Аксуу р-ну, Ичкежергез айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Каракол мамл. пед. ин-ту бүтүп (1976), Оштогу Ленин р-дагы Гагарин атн. сегиз жылдык мектепте эмгек жолун баштаган. 1978-ж. Аксуу р-дагы Дзержинский атн. орто мектепте директордун класстан ж-а мектептен тышкаркы тарбиялык иштер б-ча орунбасары, 1979–82-ж. Бозучук сегиз жылдык мектебинде, 1982–85-ж. Нововознесеновка айылындагы Дзержинский атн. жатак мектепте директордун окуу-тарбия иштери б-ча орунбасары, 1985–92-ж. аталган мектепте директор. 1994–98-ж. Караколдогу автотехникалык кызмат көрсөтүү станциясында мастер, автобазардын башкаруучусу, 1998-жылдан Каракол Автосервис станциясынын директору, р-ндук кеңештин төрагасынын орунбасары.



**ӨМҮКЕЕВ Күрөңкөй** (1896-ж. т., Аксуу р-ну, Каракыз айылы – 1984-ж. ошол жерде) – к-з уюшулгандан тартып мал чарба тармагында эмгектенген. Ата Мекендик согуштун катышуучусу, кийин Мирный к-зунда чабан, уйчу болгон. «Ардак белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.

**ӨМҮРАКУНОВ Марат** (1970-ж. т., Аксуу р-ну, Отузуул айылы) – Каракол ш-ндагы бухгалтердик курсту (1990), К. Тыныстанов атн. Ысыккөл мамл. ун-тин бүтүргөн (1999),



1987–89-ж. Аксуу мамл. атайын чарбада жумушчу, 1990–92-ж. Орлиное орто мектебинде мугалим, 1992–94-ж. Аксуу мамл. атайын чарбада эсепчи, 1994–99-ж. «Кызылтуу» чарбасында кассир-бухгалтер, жетекчи, 1999–2000-ж. Октябрь айыл өкмөтүнүн башчысы.



**ӨМҮРАЛИЕВА Анаргүл** (1952-ж. т., Челпек айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1973), 1974–2003-ж. Челпек айылындагы «Ленин жолу» орто мектебинде мугалим.



**ӨМҮРКУЛОВ Айдарбек** (1944-ж. т., Челпек айылы – 2004-ж. ошол жерде) – 1962–93-ж. чабандык кесипте эмгектенген, «Ардак белгиси», III даражадагы Эмгек Даңкы ордендери, медалдар, ВЛКСМ БКнын, Кыргыз Сов. профтун Ардак грамоталары, «Өндүрүштүн жаш алдыңкысы», «Беш жылдыктын жаш күжүрмөнү» ж-а медалдар м-н сыйланган.



**ӨМҮРАЛИЕВ Галий** (1936-ж. ч., Ташкыя айылы – 2003-ж. ошол жерде) – СССР Журналисттер союзунун мүчөсү, Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1961). 1961–64-ж. Жумгал р-нундагы Кайырма, 1964–67-ж. Акбулуң орто мектептеринде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, 1967–69-ж. Кыргызстан КПнын Түп р-идук комитетинде бөлүм башчы, 1969–73-ж. Түп р-ндагы «XX партсъезд» атн. к-здо парткомдун катчысы, 1973–96-ж. басма сөз тармагында бөлүм башчы.

**ӨМҮРАЛИЕВ Качаган** (1918-ж. т., Нарын обл-ы, Каракүнгөй айылы) – Фрунзедеги 1 жылдык партиялык мектепти бүтүргөн (1946), 1939–45-ж. Сов. Армияда, Ата



Мекендик согушка катышкан, 1946–90-ж. «Жаңыжылдыз», андан кийин «Арашан» с-зунда малчы, корукчу болуп иштеген. II ж-а I даражадагы Ата Мекендик согуш ордени, медалдар м-н сыйланган.



**ӨМҮРАЛИЕВ Акынбек** (1950-ж. т., Аксуу р-ну, Челпек айылы) – КМУну бүтүргөн (1973), 1973–82-ж. Фрунзедеги «Промтовары» бирикмесинде товаровед, улуу товаровед, 1982–83-ж. «Минплодовощсовхоздо» бөлүм башчы, 1983–84-ж. дүкөндө директор, 1984–89-ж. жашылча-жемиш базасынын директору, 1989–93-ж. «Чатыркөл» кафесинин директору, 1993-жылдан «Чатыркөл» АКнын генералдык директору.



**ӨМҮРБЕКОВ Рыскул** (1943-ж. т. Аксуу р-ну, Бөрүбаш айылы) – мугалим. Пржевальск ш-ндагы мамл. пед. ин-ту бүткөн (1965). 1965–70-ж. Акталаа р-дагы 1-Май, Жумгал р-дагы А. С. Пушкин атн. орто мектептеринде мугалим. 1970–72-ж. Нарын обнын Миңкуш поселкасындагы Түндүк тоокен башкармасынын комсомол комитетинин катчысы. 1972–2001-ж. Жумгал р-дагы А. С. Пушкин атн., Аксуу р-дагы Бөрүбаш орто мектебинде мугалим, ошол эле айылдагы үрөнчүлүк чарбасында профсоюз комитетинин төрагасы. ВЛКСМ БКнын Ардак грамотасы м-н сыйланган.

**ӨМҮРБЕКОВ Үсөналы** (1962-ж. т., Аксуу р-ну, Челпек айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги (2006), Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1987), 1987–90-ж. Ош обл-нын Ленин р-ндагы мектепте мугалим, 1990–93-ж. Пржевальск мамл. пед. ин-нда окутуучу, 1993-жылдан Караколдогу Т. Сатылганов атн. мектеп-лицейде эмгектенет.

**ӨМҮРЗАКОВ Жумай** (1937-ж. т., Ысыккөл р-ну, Каралдөбө айылында – 2006-ж. Челпек айылы) – Пржевальск а. ч. техн-мун (1956), Фрунзедеги К. Скрябин атн. Кыргыз а. ч.



ин-тун (1961), Алматыдагы партиялык Жогорку мектепти бүтүргөн (1967), 1961–63-ж. Ысыккөл тажрыйба селекциялык станцияда зоотехник, 1963–65-ж. комсомолдун Каракол, 1965–76-ж. Түп р-нун комсомол комитетинин 1 катчысы, 1967–68-ж. Чүй райком партиясынын үгүт-насаат бөлүмүнүн башчысы, 1968–69-ж. Чүй өндүрүштүк башкармалыгынын начальнигининин орунбасары, 1969–76-ж. Чүй р-нундагы Калинин атн. с-здун директору, 1976–80-ж. Ош обл-к түштүк с-здор трестинин директорунун орунбасары, директор, 1980–82-ж. партиянын Ош обл-к комитетинин а. ч. бөлүмүнүн башчысынын биринчи орунбасары, 1982–85-ж. Ош обл-к мамл. үрөнчүлүк станциясынын директору, 1985–90-ж. Ысыккөл обл-к а. ч. башкармалыгынын начальнигинин 1 орунбасары, 1990–92-ж. Пржевальск сүт заводунун директору, 1992–95-ж. «Каракол-2» соода биржа Үйүнүн директору, 1995–98-ж. «ЗООС» фирмасынын башчысы, 1999–2002-ж. Каракол ипподромунун, 2002–2004-ж. Каракол балык заводунун директору. «Ардак белгиси» ордени, медалдар, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**ӨМҮРКУЛОВА Флорида** (1946-ж. т.,) – экономика ил. кандидаты, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Москвадагы советтик соода ин-тун бүтүргөн (1974), 1974–78-ж. Ысыккөл соода башкармалыгынын уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, 1987-ж. бери К. Тыныстанов атн. мамл. ун-тинде мугалим, кафедра башчы. 1 окуу китеби, ондон ашык ил. эмгектердин автору.



**ӨМҮРОВА Бакыт** (1959-ж. т., Караганда обл., Балхаш ш.) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1959), 1981–83-ж. Фрунзедеги Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-тунда лаборант, 1983–2006-ж. Аксуу р-ндагы Кызылкыя орто мектебинде тарбиячы, мугалим.



**ӨМҮРЧИЕВ Матакун** (1926-ж. т., Аксуу р-ну, Ичкежергез айылы) – мугалим, Пржевальск пед. ин-ту бүтүргөн (1981), 1943–46-ж. Ата Мекендик согушка катышкан, 1946–55-ж. Ичкежергез, Түп р-ндагы Күрмөнтү мектептеринде мугалим, 1955–85-ж. Түп р-ндук билим берүү бөлүмүндө инспектор, Тасма орто мектебинде директор, Аксуу р-ндагы Ичкежергез орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы. «Ардак белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.



**ӨСКӨМБАЕВ Абакир** (1923-ж. т., Аксуу р-ну, Жаңарык айылы – 1993-ж. ошол эле жерде) – 1942–45-ж. Ата Мекендик согушка катышкан, «8-Март» к-зунда бухгалтер, к-здун төрагасы болуп иштеген. I даражадагы Ата Мекендик согуш ордени, медалдар м-н сыйланган.



**ӨТӨМБАЕВ Сандыбай** (1947-ж. т., Аксуу р-ну, Кайырмарык айылы) – 1960–96-ж. Аксуу р-дагы Ысыккөл с-зунда чабандык кесипте эмгектенген. Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.



**ӨТӨМБАЕВ Асек** (1931-ж. т., Аксуу р-ну, Каракыз айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, КМУну бүтүргөн (1952), 1952–85-ж. Ичкежергез орто мектебинде мугалим.



**ПОДОРОЖНЫХ Валентина Егоровна** (1950-ж. т., Аксуу р-ну, Отрадный айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Каракол пед. окуу жайын, Каракол мамл. пед. ин-тун бүткөн (1980), 1980–87-ж. Отрадный айылындагы орто

мектепте тарбиячы, мугалим, 1987-жылдан ошол эле мектепте директордун окуу-тарбия иштери б-ча орун басары.



**ПОСМИТНЫЙ Сергей** (1936-ж. т., Кемин р-ну, Быстровка айылы – 2006-ж. Теплоключенка айылы) – чарба кызматкери, КРнын а. ч. эмг. сиң. кызматкер, Фрунзедеги Скрябин атн. а. ч. ин-тун бүтүргөн (1964), 1956–59-ж. Сов. Армияда, 1964–68-ж. Аксуу р-ндагы «Заря коммунизма», 1968–73-ж. Москва р-ндагы «Заветы Ильича», 1973–74-ж. «Заря коммунизма» к-здорунда агроном, 1974–85-ж. Аксуу р-нда башкы агроном, 1985–94-ж. «Заря коммунизма» к-зунун төрагасы, 1994–2005-ж. а. ч. үрөнчүлүк кооперативинин төрагасы. Медалдар, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамоталары м-н сыйланган.

**ПЕЧЕНОВ Владимир** (1934-ж. т., Аксуу р-ну, Раздольный айылы) – биол. ил. доктору, проф., Кырг-н УИАнын корр. мүчөсү, КРнын илимге эмг. сиң. ишмери, КРнын эл агартуусунун отличниги, Кыргыз а. ч. ин-тун бүтүргөн (1958), 1956–59-ж. К. Скрябин атн. а. ч. ин-тунда комсомол комитетинин катчысы, 1959–61-ж. Кант р-нда агроном, 1964–77-ж. КМУнун өсүмдүк физиологиясы кафедрасында окутуучу, улук окутуучу, доцент, профессор, 1977–87-ж. декан, 1990-жылдан кафедра башчысы. 108 ил. эмгектин (а. и. 4 монография) автору.



**РАЕВА Зуурабүбү** (1946-ж. т., Аксуу р-ну, Теплоключенка айылы) – мугалим, КРнын билим беруусүнүн отличниги, Фрунзе ш-ндагы В. Маяковский атн. Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-тун бүтүргөн (1964), 1968–70-ж. Түп р-ндагы Санташ орто мектебинде тарбиячы, Кеңсуу сегиз жылдык мектепте мугалим, 1970–80-ж. Мичурин атн. орто мектепте тарбиячы, мугалим, 1980–99-ж. партиянын Аксуу р-ндук комитетинин методикалык кабинетинде методист, билим берүү бөлүмүнүн методисти, «Солнышко» балдар бакчасынын

башчысы болуп иштеген. Медалдар, КПСС БКнын, СССР Министрлер Советинин, ВЦСПСтин Ардак грамоталары м-н сыйланган.



**РАИМБЕКОВ Абыл** (1918-ж. т., Түп р-ну, Жаңарык айылы – 1979-ж. ошол жерде) – 1939-ж. Сов. Армиянын катарына чакырылып, өзгөчө сапердук бөлүктө кызмат өтөгөн. Ата Мекендик согушка катышкан. 1943–45-ж. бөлүктүн командири. Кызыл Жылдыз, III даражадагы Даңк ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**РАКОВ Токтакун** (1921-ж. т., Аксуу р-ну, Шапак айылы – 1971-ж. ошол жерде) – 1937-ж. Каракол пед. окуу жайын бүткөн. 1937–39-ж. Кемин р-нун окуу бөлүмүндө инспектор болуп иштеген. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1945–48-ж. Бозучук райондук аткаруу комитетинин катчысы, 1948–61-ж. Буденный к-зунун башкармасы, 1961–67-ж. к-здун көзөмөл комитетинин төрагасы, 1967–70-ж. к-здо ар кайсы жумуштарда иштеген. II, I даражадагы Ата Мекендик согуш ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.



**РАКЫМОВ Абдыш** (1933-ж. т., Аксуу р-ну, Зындан айылы) – мугалим. 1952–54-ж. Акталаа р-нунда мугалим. Каракол мамл. пед. ин-ту бүткөн (1958). 1958–62-ж. Аксуу р-нундагы Акбулуң орто мектебинде мугалим. 1971–78-ж. Соколовка орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы, Акбулуң орто мектебинин директору. Кыргыз ССРинин билим берүү министрлигинин көптөгөн Ардак грамоталары м-н сыйланган. «Кыдыр аке» деген китеби жарыкка чыккан.

**РЫСМЕНДИЕВ Ороз ажы** (1933-ж. т., Түп р-ну, Тасма айылы) – дарыгер, КРнын саламаттык сактоонун отличниги (1968), Кыргыз мамл. мед. ин-ту бүткөн (1957), 1957–58-ж. Аксуу р-ндук оорукананын Акбулуң бөлүмүндө башкы



дарыгер, 1958–68-ж. р-ндук ооруукананын башкы дарыгеринин орунбасары, 1968–79-ж. Пржевальск Пристанындагы оорукана-да башкы дарыгер, Пржевальск ш-ндагы респ-лык ооруукананын башкы дарыгеринин уюштуруу иштери б-ча орунбасары, 1979–1994-ж. Аксуу р-ндук борбордук ооруукананын башкы дарыгери. Медалдар м-н сыйланган. 2005-ж. Мекеге ажылык зыяратка барган.

**РЫСКЕЛДИЕВ Бейше** (1932-ж. т., Аксуу р-ндагы Пионер айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, 1950–51-ж. Киров к-зунда уста, 1951–54-ж. Мирный к-зунда иштеген, 1954–88-ж. мугалим, 1988–97-ж. «Ысыккөл» с-зунда иштеген.



**РЫСПЕКОВА Рахима** (1942-ж. т., Челпек айылы) – дарыгер, КРнын саламаттык сактоосунун отличниги, Жогорку категориядагы дарыгер, Кыргыз мамл. мед. ин-тун бүтүргөн (1964). 1970–78-ж. Фрунзе ш-ндагы № 2-ооруканада, 1978–88-ж. башкы башкармалыктын № 4-ооруканасында дарыгер. 1996-жылдан «Радамил Бүбүй» ОсООнун президенти.



**РАХИМБАЕВА Жийдекан** (1958-ж. т., Аксуу р-ну, Челпек айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, КМУну бүтүргөн (1980), 1980-жылдан Аксуу р-ндагы Ичкежергез орто мектебинде мугалим.



**РАХИМДИНОВА Раиса** (1953-ж. т., Балыкчы ш.) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Пржевальск мед. окуу жайын (1972), Оренбург ш-ндагы пед. ин-тун бүтүргөн (1977), 1973-ж. Каракол ш-ндагы обл-к ооруканада иштеген. 1977–78-ж. Акбулуң айылындагы Ы. Туманов

атн. орто мектепте мугалим, 1978–97-ж. Челпек айылындагы «Ленин жолу» мектебинде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, 1997–2003-ж. Т. Искаков атн. орто мектептин директору.



**РАХИМДИНОВ Турсун** (1931-ж. т., Челпек айылы – 2003-ж. ошол жерде) – КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Пржевальск мамл. мугалимдер ин-тун (1952), КМУну (1959), Алматыдагы партиялык Жогорку мектепти бүтүргөн (1970), 1954-ж. Акталаа р-нундагы ж-а Балыкчы ш-ндагы Л. Толстой атн. орто мектепте мугалим, 1959–61-ж. Челпек орто мектебинде мугалим, 1961–63-ж. Жаңарык мектебинде директор. 1963–65-ж. Түп р-ндагы «Жылуубулак» к-зунда парткомдун катчысы, 1970–71-ж. Ысыккөл обл-к «Билим» коомунун жооптуу катчысы, 1973–74-ж. Сарыкамыш орто мектебинде, 1974–78-ж. Аксуудагы жардамчы мектеп-интернатында директор, 1977–94-ж. «Ленин жолу», Т. Искаков атн. мектептерде мугалим. Медалдар м-н сыйланган.



**РАХИМДИНОВ Таший** (1925-ж. т., Челпек айылы – 1992-ж. ошол жерде) ветеринар, Пржевальск а. ч. техн-мун бүтүргөн (1947), 1941–46-ж. Ата Мекендик согушка катышкан. 1947–80-ж. Түп р-ндагы «Түргөн» к-зунда башкы вет. дарыгер, мал дарылоо пунктунун башчысы. 1981–84-ж. Ысыккөл тажрыйба селекциялык станциясында башкы вет. дарыгер. 1-даражадагы Ата Мекендик согуш, Эмгек Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**РАХИМДИНОВ Малик** (1952-ж. т., Аксуу р-ну, Нововознесеновка айылы) – К. Скрябин атн. Кыргыз а. ч. ин-тун бүтүргөн (1974), 1974–82-ж. Аксуу райком партиясында инструктор, 1982–87-ж. бөлүм башчы, 1987–91-ж. Аксуу р-ндагы мамл. малды бордоп семиртүү чарбасында комп-

лекстин начальниги, 1991–93-ж. Аксуу р-ндук дыйкандар бирдигинин президенти, 1993–96-ж. Аксуу р-нун Агроассоциациясынын президенти, 1996–99-ж. «Ысыккөл кабарлары» газетасында кабарчы, 1999-жылдан КРнын Бажы департаментинин бажы техникалык жактан тейлөө инфраструктурасынын бөлүм башчысы.



**РАХИМОВА** Жибек (1961-ж. т., Фрунзе ш.) – Москвадагы В. И. Ленин атн. мамл. пед. ин-тун (1983), СССР пед. илимдер Академиясынын дефектология ин-тунун аспирантурасын бүтүргөн (1988), филология ил. кандидаты (1989), доцент (1996), 1985-ж. Кыргыз НИИПте илимий кызматкер, 1988-жылдан И. Арабаев атн. Кыргыз мамл. пед. ин-тунда декандын орунбасары, декан, пед. практиканын жетекчиси. 21 басма табак көлөмүндөгү ил. эмгеги, анын ичинен 5 методикалык китепчелери жарыкка чыккан.



**РАХИМОВА Изиля** (1938-ж. т., Фрунзе ш.) – дарыгер, медицина ил. кандидаты, Кыргыз мамл. мед. ин-тун бүтүргөн (1962), 1991–99-ж. «Бейиш» элдик медицина борборунда жетектөөчү ил. кызматкер, эпидемиология, микробиология ж-а гигиена Кыргыз илим-изилдөө ин-тунда ага ил. кызматкер, Кыргыз сов. энциклопедиясында ага ил. кызматкер, Кыргыз ССР ИАнын фармакология лабораториясынын ага ил. кызматкери. 1 монографиясы, 200 ил. эмгеги жарык көргөн.



**РАХИМОВА** Магрифа (1929-ж. т., Челпек айылы) – мугалим, КРнын илимине эмг. сиң. ишмер, СССРдин ж-а Кыргыз ССРинин эл агартуусунун отличниги, педагогика ил. доктору (1978), профессор (1982), РФ Эларалык пед. ж-а социалдык илимдер академиясынын Ардактуу академиги, Пржевальск пед. окуу жайын (1946), Кыргыз мамл. пед. ин-тун (1951), В. В. Маяковский атн. Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-тун сырттан окуп бүтүргөн (1967),

1954-ж. КМУнун педагогика кафедрасынын ассистенти, 1981-жылдан И. Арабаев атн. Кыргыз мамл. пед. ун-ттин педагогика ж-а психология кафедрасынын башчысы, И. Арабаев атн. Кыргыз мамл. пед. ин-тун алдында ачылган квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо ин-тунун негиздөөчүсү, И. Арабаев атн. ин-тта педагогика илими б-ча докторлук диссертацияны коргоо б-ча адистештирилген Кеңештин төрагасынын орунбасары, КРнын илим комитетинин гуманитардык илимдер б-ча эксперттик комиссиянын төрайымы, билим берүү министрлигинин мектепке чейинки билим берүү б-ча методикалык кеңештин төрайымы, окуу ил. өндүрүштүк комплексинин төрагасынын орунбасары. «Даңк», «Манас–1000» ж. б. медалдар м-н сыйланган. Челпек айылындагы орто мектепке М.Рахимованын ысымы коюлган.



**РАХИМОВ Калый** (1938-ж. т., Челпек айылы) – Кыргыз ССРине эмг. сиң. энергетик, техника ил. кандидаты (1971), профессор (1999), Инженердик Академиянын Академиги, Фрунзедеги политех. ин-тун (1961), Кыргыз ССРинин энергетика ж-а суу чарба Академиясынын аспирантурасын бүтүргөн (1963). Ошол эле жылы «Кыргыз промпроект» проект ин-тунда иштеген. 1963–92-ж. Фрунзе политех. ин-тунда ага окутуучу, кафедра башчысы, декан, 1992–94-ж. КРнын Инженердик Академиясынын Каракол ш-ндагы бөлүмүндө директор, 1994–2001-ж. Кыргыз техникалык ун-тинин электр станциясы кафедрасында профессор, 2001–2003-ж. «Энергия булагынын жаңыланышы» кафедрасынын башчысы. 135 ил. эмгек жазган, 14 китеби жарык көргөн, 3 ойлоп табуунун автору. КРнын «Даңк» ж. б. медалдар м-н сыйланган.



**РАХИМОВ Төлөн** (1937-ж. т., Украина ССРи, Херсон обл-ты, Скадовский р-ну, Чолбасы айылы) – Фрунзедеги политех. ин-тун бүтүргөн (1960), 1960–77-ж. Бишкек ТЭСинин башкы шит башкармалыгында нөөмөтчү, сменанын начальниги, станциянын нөөмөтчү инженери, ага инженери, электроцехтин начальнигинин орунбасары,

начальниги, 1977–79-ж. КРнын «Кыргыз главэнерго» башкы башкармалыгында электротехника шаймандарын оңдоо кызматынын начальниги, 1979–88-ж. ПРП «Кыргыз энергоремонтто» директор, 1988–91-ж. КРнын «Кыргыз главэнерго» башкы башкармалыгында начальниктин орунбасары, 1991–2003-ж. ПРП «Кыргыз энергоремонтто» директор, 2003-жылдан «Бишкектеплосет» ОАОдо директорлор кеңешинин мүчөсү. Франциянын алтын медалы, Россиянын РАО ЕЭСинин, КРнын Өкмөтүнүн Ардак грамоталары м-н сыйланган. «КРна эмгек сиңирген энергетик», «СССР энер-к ж-а электроф-нын отличниги», «Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигине эмгек сиңирген энергетик».



**САДАМБЕКОВ Алыкул** (1914-ж. т., Аксуу р-ну, Шапак айылы) – Пржевальск пед. окуу жайынан билим алган. КРнын эл агартуусунун отличниги, 1940–1948-ж. Энчилеш орто мектебинде мугалим, 1951–58-ж. Шапак орто мектебинде директор, 1958–76-ж. ушул эле мектепте мугалим болуп иштеген. Медалдар м-н сыйланган.



**СААДАНБЕКОВ Жумагул** (1940-ж. т., Аксуу р-ну, Шапак айылы) – философия илимд. кандидаты. Каракол пед. ин-тун бүткөн (1961). Жетөгүз р-нунда мектепте мугалим, 1964–67-ж. Барскоон орто мектебинде окуу-тарбия иштери б-ча директордун орунбасары, 1967–69-ж. Кырг-н КПнын Жетөгүз райкомунун агитация жана пропаганда бөлүмүндө инструктор, 1969–74-ж. Кырг-н ИАнын Философия жана укук таануу ин-тунда кенже, улук илимий кызматкер, 1974–77-ж. Кыргызстан КПнын Бишкек шааркомунун агитация жана пропаганда бөлүмүнүн башчысы, 1977–81-ж. уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, 1981–83-ж. Кырг-н КПнын Бишкек шааркомунун катчысы, 1983–84-ж. Кырг-н КПнын БКда инспектор, 1984–85-ж. пропаганда жана агитация бөлүмүнүн башчысынын орунбасары, КРнын ЖКнин билим берүү, маданият, тил жана улуттар аралык мамиле, спорт, туризм б-ча туруктуу комиссиясына төрага, КРнын

Президенттик кеңешине мүчө, ошол эле мезгилде КРнын президенттик аппаратынын алдындагы мамл. инспекцияда төрага, СССР ЖКине депутат, КРна шайланган депутаттардын башчысы, СССР ЖКинин Респ-лар палатасынын төрагасынын орунбасары. 1992–1996-ж. Ысыккөл обл-к мамл. администрациясынын башчысы. 1990–99-ж. КРнын ЖКинин эл депутаты. «Ардак белгиси» ордени м-н сыйланган. КРнын Казакстандагы ыйгарымдуу элчиси.



**САДАМБЕКОВ Үмөт** (1908-ж. т., Аксуу р-ну, Шапак айылы – 1988-ж. ошол жерде) – 1939–1941-ж. Тоң р-ндагы мал чарба азык-түлүктөрүн даярдоо мекемесинин директору, 1949–1951-ж. Энчилеш к-зунун төрагасы, 1951–57-ж. Бозучук айыл кеңешинин төрагасы, 1967–80-ж. ДЭУда жол мастери. Медалдар м-н сыйланган.



**САБИРОВ Курманбек** (1953-ж. т., Пржевальск ш.) – 1972-ж. Пржевальск энергосбытта тех-к, 1974–78-ж. Аксуу керек-жарак коомунда, 1978–81-ж. Пржевальск жыгач соода, 1981–85-ж. «Кыр. керек-жарак» уни-дык базасында кызматкер, 1985–91-ж. Бишкек ш-ндагы коомдук тамактануу бирик-де товаровед, 1991-ж. «Кожоюн» кыймылынын төрагасы, «Адис и К» фир-ын президенти, 1992–97-ж. «Байрак» фир-да директор, 2003-ж. Бишкек ш-к кеңеш-н төра-н. кеңешчиси. 2005-ж. бери Бишкек ш. Октябрь мам. райадм-нын баш-нын орунбасары. «Асаба» парт-ын ш-рдык кең-ин төрагасы, КРнын Президентинин Ардак грамотасы ж-а медалдар м-н сыйланган.



**САБУТБАЕВ Турдубек** (1937-ж. т., Бурмасуу – 1993-ж. ошол жерде) – дарыгер, КРнын саламаттык сактоосунун отличниги, Кыргыз мамл. мед. ин-тун бүтүргөн (1966), «Ильич» к-зунда иштеген. 1958-ж. Сов. Армияда, 1971-ж. Пржевальск ш-нда дарыгер-невропсихиатр, 1971-жылдан

Ысыккөл обл-к саламаттыкты сактоо башкармалыгында башкы кесиптик кызматкер, мед. окуу жайында мугалим, аскер комиссариатынын медкомиссиясында дарыгер болуп кызмат өтөгөн.



**САГЫНБАЕВ Абдылда** (1910-ж. т., Пржевальск р-ну, Тегизчил айылы) – мугалим, Пржевальск пед. окуу жайын бүтүргөн (1935), 1936–42-ж. Тоң р-ндагы Көксай жети жылдык мектебинде мугалим, 1942–45-ж. Ата Мекендик согушка катышкан, 1945–53-ж. Пржевальск р-ндагы Каражал орто мектебинде мугалим, ошол эле айыл кеңешинин жооптуу катчысы, 1954–74-ж. Пржевальск р-ндагы Керегеташ жети жылдык мектебинде, Аксуу р-ндагы Каражал орто мектебинде мугалим. 1-даражадагы Ата Мекендик согуш, Кызыл Жылдыз ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**САГЫНБАЕВ Азамат** (1957-ж. т., Аксуу р-ну, Тегизчил айылы) – Бишкектеги К. Скрябин атн. а. ч. ин-тун бүтүргөн (1991), 1976–2006-ж. Сов. Армияда, Аксуу ГКО Живпромунда слесарь-машинист, бригадир, мамл. атайын чарбанын № 2-бөлүмүнүн башкаруучусу, агроном, башкы агроном, Тегизчил айылынын башчысы. 2006-жылдан Каражал а/ө башчысы, Аксуу р-ндук мамл. администрация башчысынын 1-орунбасары.



**САГЫНБАЕВ Саламат** (1953-ж. т., Аксуу р-ну, Керегеташ айылы) – музыкант, КРнын билим берүүсүнүн отличниги. Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты, Пржевальскидеги мамл. муз. окуу жайын (1980), Б. Бейшеналиева атн. Кыргыз мамл. иск. ин-тун бүтүргөн (1994), 1981-жылдан Аксуу р-ндук балдар муз. мектебинин директору, «Боз салкын» элдик ыр-бий ансамблинин хормейстери, балдардын «Аксуу керемети» ыр-бий ансамблинин концертмейстери. Медалдар м-н сыйланган.



**САДАБАЕВ Дүйшө** (1919-ж. т., Аксуу р-ну, Үчкайнар айылы) – аскер кызматкери. Каракол пед. ин-тун (1939), аскер окуу жайын (1942), Фрунзе автожолдор техн-мун (1963), Смоленскидеги артиллериялык окуу жайын (1947), Ленинград офицердик жогорку окуу жайын бүткөн (1950). Чаек орто мектебинде мугалим, 1949–59-ж. Ош ш-да, Жетөгүз р-дагы Покровка ж-а Аксуу р-дагы Вознесеновка аскер комиссариатында эмгектенген. 1959–67-ж. Каракол автобазасынын башчысы, 1967–70-ж. Каракол пароходствосунун начальниги, 1970–76-ж. Караколдогу р-дор аралык айылчарбатехника бирикмесинде инспектор, 1976–86-ж. Ысыккөл обл-тык аткаруу комитетинин алдындагы атайын бөлүмдүн башчысы. II даражадагы Ата Мекендик согуш, Кызыл Жылдыз ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**САДАБАЕВ Кадырбай** (1889-ж. т., – 1938-ж.) – 1926-ж. Зындан айыл кеңешинин төрагасы, 1932–34-ж. Каракол р-ндагы «Жаңарык» айыл кеңешинин төрагасы, 1934–38-ж. ошол эле р-ндогу чарбалар аралык даярдоо конторасынын директору, р-ндук аткаруу комитетинин төрагасы. Жалган жалаа м-н камалып, 1938-ж. атылып кеткен, 1956-ж. СССР Жогорку соту тарабынан толук акталган.



**САДАБАЕВ Эсенгелди** (1957-ж. т., Аксуу р-ну, Зындан айылы) – журналист, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, КРнын билим берүү ж-а илим кызматкерлер профсоюзунун отличниги, КМУнун журналистика факультетин бүтүргөн (1988), 1979–81-ж. обл-к «Ысыккөл правдасы» газетасында кабарчы, 1981–93-ж. Аксуу р-ндук «Мезгил жарчысы» газетасында жооптуу катчы, рекдактордун орунбасары, 1993–94-ж. ш-дык «Каракол» газетасынын редакторунун орунбасары, 1995–2001-ж. Ысыккөл обл-к мугалимдердин билимин өркүндөтүү ин-тунун лаборатория

башчысы, директордун орунбасары, «Билим шамы» газетасынын ж-а «Ысыккөл фермери» басылмасынын башкы редактору, ошол эле учурда билим берүү кызматкерлер профсоюзунун Аксуу р-ндук комитетинин төрагасы, а. ч-сын өнүктүрүү б-ча «Хельветас» кыргыз-швейцариялык биргелешкен долбоорунун маалымат кызматкери, 2006-жылдан респ-лык «Кутбилим» газетасынын Ысыккөл обл-ты б-ча өз кабарчысы.



**САДАБАЕВ Эгемберди** (1960-ж. т., Аксуу р-ну, Зындан айылы) – журналист, Кырг-н Журналисттер союзунун алдындагы журналистиканын Элдик ун-тин (1986), КМУнун журналистика факультетин бүтүргөн (1988), 1978–81-ж. Аксуу р-ндук «Эмгек Туусу» газетасында корректор, Сов. Армияда, 1987–90-ж. Түп р-ндук «Коммунисттик эмгек» газетасында кабарчы, бөлүм башчысы, редактордун орунбасары, 1990–93-ж. респ-к «Мугалимдер газетасында» кабарчы, жооптуу катчы, 1993–96-ж. обл-к «Ысыккөл кабарлары» газетасында редактордун орунбасары, 1996–2000-ж. «Жибек жолу экспресс», «Мезгил жарчысы» газетасында редактор, ошол эле учурда Кыргыз Өкмөтүнүн «Эркинтоо» газетасынын обл. б-ча өз кабарчысы, 2000–2003-ж. обл-к мамл. адм-нын экономикалык саясат ж-а социалдык-маданий өнүктүрүү бөлүмүнүн жетектөөчү адиси, губернатордун басма сөз катчысы, 2005-жылдан, № 73-Аксуу аймактык шайлоо округу б-ча КРнын ЖКнин депутаты С. Урманаевдин референти.



**САДЫКОВ Асек** (1923-ж. т., Аксуу р-ну, Каражал айылы) – 1938–39-ж. Каражал айылында бухгалтер, Ата Мекендик согуштун катышуучусу. 1947–52-ж. Новвознесеновка айылында бухгалтер, 1952-ж. 1-Май к-зунда агроном. III даражадагы «Даңк» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

**САДЫКОВ Клим** (1941-ж. т., Аксуу р-ну, Ичкежергез айылы) – инженер-технолог, Ленинград ш-ндагы так механика ж-а оптика ин-тун бүтүргөн (1965), техн. ил. кандидаты (1983),

1965–74-ж. СССР ИАнын өзгөчө конструктордук бюросунда конструктор, 1974–90-ж. ошол эле бюродо 4-конструктордук бөлүмдүн начальниги. Медалдар м-н сыйланган.



**САДЫРОВА Рашида** (1958-ж. т., Аксуу р-ну, Теплоключенка айылы) – Пржевальск ш-ндагы мамл. пед. ин-ту бүткөн (1979), 1979–81-ж. Аксуу р-ндагы Раздольный сегиз жылдык мектебинде окуу-тарбия иштери б-ча директордун орунбасары, 1981–99-ж. аталган р-ндогу Ломоносов атн. № 10-орто мектептин окуу-тарбия иштери б-ча директордун орунбасары, р-ндук аткаруу комитетинин, райкеңештин инспектору, 1999-жылдан ошол эле кеңештин жооптуу катчысы, маалымат борборунун жетекчиси.



**САДЫРОВ Турдахун** (1914-ж. т., Челпек айылы – 1957-ж. ошол жерде) – ветеринар, Кыргыз ССРинин эмг. сиң. ветеринардык дарыгери (1947), Кыргыз ССРинин а. ч. отличниги, Пржевальск бухгалтердик курсту (1931), Фрунзедеги а. ч. ин-нун ветеринардык факультетин бүтүргөн (1940), 1931–36-ж. Челпек айылында эсепчи. 1940–57-ж. Атбашы, Акталаа р-ндорунда вет. дарыгер. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты болгон. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.



**САКЕЕВА Клара** (1952-ж. т., Тоң р-ну, Төрткүл айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги (2000), Фрунзедеги В. Маяковский атн. Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-тун (1974), Фрунзе ш-ндагы М. Күрөңкөев атн. музыкалык окуу жайын бүтүргөн (1988), 1974–85-ж. Тоң р-ндук музыкалык мектепте иштеген, 1985-жылдан Аксуу р-ндагы балдар музыкалык мектебинде мугалим.

**САЛАМАТОВ Тимур** (1952-ж. т., Аксуу р-ну, Энчилеш айылы) – А. Малдыбаев атн. сыйлыктын лауреаты. М. Күрөңкөев атн. муз. окуу жайын (1974), Москвадагы



Гнесин атн. музыкалык Академияны бүткөн (1980), КРнын мад-ка эмг. сиң. ишмери, 1973-ж. эмгек жолун Шубин атындагы балдардын музыкалык мектебинде мугалим болуп иштөө м-н баштаган. 1980-ж. Б. Бейшеналиева атн. мамл. иск. ин-тунда окутуучу, кийин Маданият министрлигинде редактор, кыргыз телевидениесинде башкы редактор, ИАсынын тил, адабият ж-а иск-о ин-тунда илимий кызматкер болуп иштеген. СССР композиторлор союзунун мүчөсү (1981). Кыргыз Улуттук консерваториясында илимий-чыгармачылык б-ча проректор ж-а кафедра башчысы, Ы. Туманов атн. Каракол мамл. музыкалык окуу жайынын, 2005-жылдан А. Малдыбаев атн. Академиялык Улуттук опера ж-а балет театрынын директору. «А. Малдыбаев», «Кыргыз композиторлору» аттуу китептердин автору. Кыргыз музыкалык иск-суна көрүнүктүү салым кошкон композитор, музыка изилдөөчү, профессор.



**САМАЕВ Омор** (1930-ж. т., Аксуу р-ну, Жолколот айылы) – агартуу ж-а партиялык кызматкер. Каракол а. ч. тех-мун (1946), Каракол ш-дагы мугалимдер ин-тун бүткөн (1950). Алматыдагы Жогорку партиялык мектептин угуучусу (1961). Ош мамл. пед. ин-тун сырттан окуган (1963). 1946-ж. Тегизчил ж-а Үчкайнар к-здорунда веттехник болуп иштеген. 1950–52-ж. Сарыкамыш, Челпек орто мектептеринде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы. 1952–54-ж. партиянын Пржевальск р-дук комитетинде инструктор. 1954–57-ж. комсомолдун ошол эле р-дук комитетинин 1-катчысы. 1961–67-ж. Челпек, Октябрь орто мектептеринде директор. 1967–70-ж. партиянын Түп р-дук комитетинин уюштуруу бөлүмүнүн башчысы. 1970–71-ж. Ысык обл-тук комитетинин агартуу үйүнүн башчысы, 1971–80-ж. партиянын облтык комитетинин партиялык комиссиясынын төрагасы. 1980–90-ж. об-тык кесиптик-техникалык окуу жайлар бөлүмүнүн башчысы. Медалдар м-н сыйланган.

**САМСАЛИЕВ Бакен** (1942-ж. т., Аксуу р-ну, Акбулуң айылы) – мугалим. КРнын билим берүүсүнүн отличниги. Пржевальск ш-ндагы мамл. пед. ин-ту (1964), Кыргыз ССР



ИАнын физика-математика ин-нун аспирантурасын бүткөн (1974). 1964–72-ж. Чүй обл-нын Кемин р-дагы Новороссийка, Карабулак орто мектептеринде мугалим, 1976–87-ж. Аксуу р-ндагы Ы. Туманов атн. орто мектептин профсоюз уюмунун төрагасы, окуу-тарбия иштери б-ча директордун орунбасары, директор болуп иштеген. 1987-жылдан аталган мектепте мугалим. Медаль м-н сыйланган.



**САРИЕВ Эркинбек** (1933-ж. т., Челпек айылы) – Пржевальск пед. окуу жайын бүтүргөн (1950). 1950–57-ж. ар кайсы мектептерде мугалим, 1957–82-ж. «Ильич» атн. к-здо, ИОССто жумушчу. «Ардак белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.

**САРКЕ Ата** – санжыра, уламыштарга караганда Аксуу жергесинде 1640-жылдарда туулган. Санжырада Балтатырдын балбан Саркеси деп айтылат. Анткени ал кыргыз элине, айрыкча көл бугусуна сиңирген эмгеги менен баатыр атанган. Көл бугусу ал мезгилде түш. тараптан ооп келип, Долон, Нарын, Кочкорду жердешсе, Ысыккөлдү жунгарлар ээлеп турган. Ушундан улам алардан атаконушту биротоло бошотуу үчүн Сарке баатыр кол курап, жигит топтоп баскынчыларды көлдөн, тыягы Нарынколго, биягы Сарыжазга чейин сүрүп чыгат. Кыргыздын чек арасын кеңейтип, анын бир белгиси катары Нарынкол кырка тоосуна чек таш койгон, бул советтик мезгилге чейин кыргыз чегарасы катары кабыл алынган. Ал таш учурда казак элине тийиштүү жерде калды. Сарке атанын тогуз уулу көз тийип каза болгон, кийинки балдары – Буларкы, Соно, Кедей. Булар санжырада



2006-жылы Сарке атага тургузулган эстелик.

жалпы «түргөн» эли деп аталат. Буларкы м-н Кедей тукумдары негизинен Акбулуң, Зындан, Акчий, Кызылжар айылдарында жашашат. Ал эми Соно уулунун тукумдары Тегизчил, Жаңыарык, Маман ж-а Жолколот айылдарында. Болжол м-н алганда Сарке атанын укум-тукуму учурда 30 минден ашуун.



**САРТБАЕВА Дамира** (1955-ж. т., Аксуу р-ну, Акбулак айылы) – КМУну (1974), СССР ИАсынын этнография ин-тунун аспирантурасын бүтүргөн, 1983–85-ж. С. Чуйков атн. сүрөт искусство музейинде ил. кызматкер, Сүрөтчүлөр союзунун көркөм фондусунда искусствотаануучу, 1985–88-ж. Кырг-н БКнын коомдук пикирди үйрөнүү борборунун кызматкери, 1988–91-ж. маданий эстеликтерди калыбына келтирүү ин-тунун изил. бөлүмүнүн башчысы, 1990–93-ж. маданий саясаттын Кичи Азия мектебинин директорунун орунбасары, 1996-ж. ПРООНдун Аялдар өнүгүүсү бюросунун жетекчиси, 1999-ж. ЮНИФЕМде гендердик маселелер б-ча кеңешчи, 2002-ж. ошол эле уюмдун регионалдык директору. 30дан ашык ил. эмгектери жарык көргөн.

**САРТОВ Жекшенбай** (1946-ж. т., Аксуу р-ну, Сарыкамыш айылы) – дарыгер, КРнын саламаттык сактоосунун отличниги, Кыргыз мамл. мед. ин-тун бүтүргөн (1971), 1971–73-ж. Жалалабат обл-к кургак учук диспансеринде дарыгер, 1973–82-ж. Ленин р-ндук кургак учук диспансеринин башкы дарыгери, 1982–84-ж. Базаркоргон р-ндор аралык кургак учукка каршы диспансердин башкы дарыгери, 1984–86-ж. Ысыккөл обл-к кургак учукка каршы диспансерде уюштуруу-усулдук кабинетинин башчысы, 1986–93-ж. Түп р-ндагы «Светлый Мыс» санаториясында дарыгер-фтизиатр, бөлүм башчы, 1993–2001-ж. Аксуу балдар санаториясынын башкы дарыгери.



**САРЫБАЕВ Асанбек ажы** (1952-ж. т., Аксуу р-ну, Бозучук айылы) – КРнын 3-класстагы Мамлекеттик кеңешчиси, Кыргыз а. ч. ин-тун бүтүргөн (1978), 1978–84-ж. аталган ин-ттун комсомол комитетинин катчысы, Кырг-н ЛКСМ БКнын инструкторy, Панфилов р-нун комсомол комитетинин 1-катчысы, 1984–87-ж. респ-нын

элралык жаштар, туризм бюросунун төрагасы, 1987–89-ж. партиянын Кемин райкомунун уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, 1989–92-ж. ошол эле р-ндун Ильич атн. асыл тукум мал заводунун директору, 1992–93-ж. ошол эле р-ндун Эл депутаттар Кеңешинин төрагасы, 1993–97-ж. «Уста» коомунун директорунун орунбасары, 1997–2001-ж. КРнын Премьер-министринин аппаратында сектор башчысы, 2001–2004-ж. ошол эле аппараттын соц.-маданий өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы, 2004-жылдан КРнын мад-т министринин орун басары. КРнын Ардак грамотасы м-н сыйланган.

**САРЫМСАКОВ Дүйшөн** (1952-ж. т., Каракол ш.) – спортсмен, СССР спортунун чебери, КРнын эмг. сиң. тренери, Кырг-дын бир нече жолку чемпиону (бокс б-ча), Кыргыз мамл. дене тарбия ин-тун бүтүргөн (1973), 1973-жылдан Ысыккөл обл-к балдар-өспүрүмдөр мектебинде улук тренер.



**САТАЕВ Кудабай** (1918-ж. т., Аксуу р-ну, Акбулак айылы – 1965-ж. ошол жерде) – мугалим. КРнын билим берүүсүнүн отличниги. Пржевальск ш-ндагы мугалимдер ин-тун бүткөн (1938). 1938–41-ж. ошол эле ш-да ж-а 1941–42-ж. Аксуу р-дагы Акбулуң орто мектептеринде мугалим, директор болуп иштеген. 1942–44-ж. Ата Мекендик согушка катышкан. 1944–55-ж. Соколовка, Ичкежергез ж-а Акбулуң орто мектептеринде директор, ал эми 1955–65-ж. Акбулуң орто мектебинде мугалим.



**САТАРОВА Авазхан** (1946-ж. т., Ленин р-ну, Хиле айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1968), 1968–72-ж. Араван р-нун Төөмоюн орто мектебинде мугалим, Крупская атн. орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы, 1972–79-ж. Челпек айылындагы «Ленин жолу» орто мектебинде мугалим, 1979–87-ж. Челпек айыл Советинин жооптуу катчысы, 1987–92-ж. «Ленин жолу» орто мектебинде мугалим, 1992–94-ж. Челпек айыл Советинде кайрадан жооптуу катчы, 1994–98-ж. «Ленин жолу» орто мектебинде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы.



**САТИЕВ Алым** (1942-ж. т., Аксуу р-ну, Маман айылы) – КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Москвадагы Жогорку партиялык мектепти бүткөн (1975). Эмгек жолун 1959-ж. «Жаңы Жылдыз» к-зунда тракторист болуп иштөө м-н баштаган. 1961–62-ж. ошол эле к-здо айдоочу. 1962–65-ж. Сов. Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1965–67-ж. к-здо айдоочу, 1967–70-ж. ошол эле к-здо комсомол уюмунун катчысы, 1970–84-ж. Дзержинский к-зунда, кийин «Арашан» с-зунда партиялык комитеттин катчысы. 1984–2006-ж. Ж. Ашубаев атн. орто мектепте директордун тарбиялык иштер б-ча орунбасары. Медалдар м-н сыйланган.



**САТКЫНОВА Фатима** (1953-ж. т., Түп р-ну, Кошдөбө айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги (2003), Пржевальск ш-ндагы мамл. пед. ин-ту бүткөн (1975), 1975–76-ж. Жумгал р-ндагы «Көкой» мектебинде мугалим, 1976–81-ж. Каракол ш-ндагы Т. Сатылганов атн. мектеп-интернатта тарбиячы, мугалим, 1981–85-ж. Ысыккөл обл-тык аткаруу комитетинде архив бөлүмүндө улук инспектор, бөлүм башчы, 1985–96-ж. Каракол ш-ндагы Т. Сатылганов атн. лицейде мугалим ж-а тарбиячы, 1996-жылдан Аксуу балдар үйүндө тарбиячы.



**САТЫБАЛДИЕВ Имансарт** (1909-ж. т., Аксуу р-ну, Жолколот айылы – 1975-ж. ошол жерде) – Караколдогу бухгалтерлик мектепти бүтүргөн (1930), 1930–39-ж. Молотов атн. к-здо бухгалтер, 1939–68-ж. ошол эле к-здо башкарма, 1968-жылдан «Жаңы Жылдыз» к-зунун төрагасы. Медалдар м-н сыйланган.



**САТЫБАЛДИЕВ Калыбай** (1937-ж. т., Аксуу р-ну, Чолпон айылы) – 1953–90-ж. «Каракол» с-зунда чабан. Эмгек Кызыл Туу, Элдердин Достугу ордендери, медалдар м-н сыйланган. Персоналдык пенсионер.



**САТЫБАЛДИЕВ Кожогул** (1925-ж. т., Казак Респ-сы, Жамбул обл-ты, Кордай р-нун Соганды айылы) – Түркстан Жогорку Аскердик окуу жайын, мед. техн-кумду ж-а Кыргыз мамл. мед. ин-ту бүткөн (1961). КРнын саламаттык сактоосунун отличниги, 1948–55-ж. мед. пункта, төрөт үйүндө башкаруучу. 1961–62-ж. Михайловка, 1962–64-ж. Талдысуу ооруканасында, 1964–74-ж. Жыргалаң курортунда башкы дарыгер. 1974–75-ж. Казак Респ-нын Кеген р-дагы борбордук ооруканада иштеген. 1975–85-ж. Аксуу р-дагы Бозучук ооруканасында башкы дарыгер. 1-даражадагы Ата Мекендик согуш ордени, медалдар м-н сыйланган.



**СЕЙДАКМАТОВ Керез** (1946-ж. т., Аксуу р-ну, Жергез айылы) – КРнын эл агартуусунун отличниги, Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1975), 1975–79-ж. Ноокат р-ндагы Ж. Бөкөнбаев атн., 1979–81-ж. Аксуу р-ндагы Ленин атн., «Октябрдын 60 жылдыгы» атн. орто мектептерде мугалим, 1986–2006-ж. О. Элебесов атн. орто мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы, мугалим.



**СЕЙЛИБАЕВ Кадырбай** (1936-ж. т., Аксуу р-ну Ичкежергез айылы – 1989-ж. ошол жерде) – Токмоктогу а. ч. техн-мун (1959), Алматыдагы Жогорку партиялык мектепти бүткөн (1975), 1959–60-ж. Түп р-дагы Сухой-Хребетте мугалим болуп эмгектенген. 1975–78-ж. «Путь Ильича» с-зунда башкы инженер, анан парторг болуп иштеген. 1987–89-ж. директор болгон. Чарбанын экономикалык абалын көтөрүүдө сиңирген эмгеги үчүн Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.

**СЕРКЕБАЕВ Кожон** (1934-ж. т., Аксуу р-ну, Акбулуң айылы) – КРнын эл агартуусунун отличниги, Нарындагы мугалимдер окуу жайын (1956), Кыргыз а. ч. ин-тун сырттан окуп бүтүргөн (1983), 1956–58-ж. Покровка р-ндагы Сүттү-



булак 7 жылдык, Барскоон орто мектептеринде мугалим, 1958–62-ж. комсомолдун Нововознесеновка райкомунда мектептер б-ча инструктор, Акбулуң орто мектебинде мугалим, 1962–67-ж. Түп р-ндагы «Түргөн» к-зунда комсорг, 1967–71-ж. ошол эле к-здун текшерүү комиссиясынын төрагасы, гидротехник, 1971–75-ж. ошол эле к-здо жумушчулар комитетинин төрагасы,1975–79-ж. с-здо директордун чарба б-ча орунбасары, 1979–87-ж. Акбулуң айылында башкаруучу, айыл кеңешинин төрагасы, 1987–88-ж. «Түргөн» с-зунда директордун орунбасары, 1988–89-ж. Ысыккөл обл-к Агропромдо агроном, 1989–95-ж. с-здо директордун орунбасары, тери цехинин башчысы.



**СОЛЁНЫХ Мария Мироновна** (1923-ж. т., Аксуу р-ну, Отрадное айылы) – Социалисттик айыл чарбасынын отличниги. Отрадный к-зунда талаачылыкта, мал чарбасында, жол курулушунда, малга тоют даярдоо тармагында эпкиндүү эмгектенген. 1954-ж. апийим сырьёсун жыйнап алууда кабыл алган милдеттенмесин 200,8% аткарган. 1955-ж. айыл чарбасындагы мындай жогорку көрсөткүчтү камсыз кылгандыгы үчүн Москвада, ВДНХда болгон. Медалдар м-н сыйланган.



**СОЛДАТОВА Жамиля** (1918-ж. т., Челпек айылы – 1995-ж. ошол жерде) – Пржевальскидеги Дмитров атн. мугалимдер ин-тун (1938), Кырг-н КП БК алдындагы партмектепти бүтүргөн (1954), 1938–47-ж. Акбулуң орто, Челпек мектептеринде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, директор, 1947–48-ж. Дмитров атн. мугалимдер ин-тунда мугалим. 1948–52-ж. Чельпек толук эмес орто мектебинде завуч, директор. Пржевальский РКда аялдар арасында иш жүргүзүү бөлүмүнүн башчысы. 1954–56-ж. Кырг-н КПсынын Пржевальск р-ндук комитетинде аялдар арасында иш жүргүзүү бөлүмүнүн башчысы, 1956–58-ж. Нововознесеновка райкомунун 2-катчысы, 1958–59-ж. Тоң р-ндук кеңешинин төрагасынын

орунбасары, 1959–60-ж. Кырг-н КПсынын Тоң райкомунун катчысы, 1961–67-ж. Кырг-н КПнын Түп ж-а 1965–68-ж. Свердлов райкомдорунун инструктору, 1968–77-ж. Свердловск р-ндук соода түйүнүнүн № 160 хозрасчеттук дүкөнүнүн директору. Медалдар, Ардак грамоталар м-н сыйланган.



**СОЛДАТОВ Мухамеджан** (1941-ж. т., Челпек айылы) – Фрунзе политехн. ин-тун бүтүргөн (1964), 1964–73-ж. Фрунзе курулуш бирикмесинин № 1-СМУсунда, 1973-86-ж. «Средазавтоматика» конструктордукдолбоорлоо бюросунда инженер, бөлүм башчы, 1986–88-ж. капиталдык курулушта директордун орунбасары, 1988–92-ж. Фрунзе «Информатика» НПОсунун генералдык директорунун орунбасары, 1992–2000-ж. Фрунзедеги «Средазспецавтоматика» курулуш монтаждоо башкармалыгынын директору. Кыргыз ССРинин баскетбол б-ча курама командасына мүчө болуп, көп оюндарга катышкан. Спорттун чебери.



**СОЛОМАХИНА Нина Дмитриевна** (1938-ж. т., Аксуу р-ну, Бозучук айылы) – мугалим. КРнын билим берүүсүнүн отличниги. Каракол мамл. пед. ин-ту бүткөн (1980). Нововознесеновка орто мектебин бүтүп (1946), Караколдогу № 2-орто мектепке мугалим болуп орношот. Кыргыз класстарына орус тил, адабиятынан сабак берет. 1957–58-ж. Шапак башталгыч мектебинде мугалим. 1958-ж. Новосибирск шаарындагы кранда иштөөчүлөрдүн курсун бүтүп, Сибирдеги а. ч. машиналарын чыгаруучу заводдо эмгектенет. 1959–60-ж. туулган жерине кайтып, Отрадный орто мектебинде улук пионер вожатый, 1975-жылга чейин ушул мектепте башталгыч класстардын мугалими, 1980–87-ж. Отрадный орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы.



**СОЛТОНКУЛОВА Бүбүкан** (1920-ж. т., Түп р-ну, Сарыбулак айылы) – 1938–80-ж. Аксуу р-ндагы «Каракол» с-зунда саанчы. Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.



**СООРОНБАЕВА Зуура** (1924-ж. т., Аксуу р-ну, Жолколот айылы) – жазуучу, акын, драматург. КРнын маданиятка эмг. сиң. ишмери (1992), КРнын Эл жазуучусу, 1943–79-ж. облустук «Ысыккөл правдасы» (азыркы «Ысыккөл кабарлар») гезитинде котормочу, кабарчы болуп иштеген. Облус жоюлган учурда (1959–71-ж.) район аралык «Эмгек туусу» гезитинде эмгектенген. 1979-жылдан пенсияда. Чыгармачылык жолун 1947-ж. «Корея кызына» деген ырын облустук гезитке жарыялоо м-н баштаган. «Менин айлым» ырлар жыйнагы (1960), «Достук» ырлар ж-а поэмалар жыйнагы (1966), «Жетимдер» (1970), «Астра гүлү» (1974, 1984), «Ак чач аял» (1976), «Осенние цветы» (1979), «Андрей» (1974) повесттери, «Эс алчы, апа» балдар үчүн ырлары (1986), «Чоочун киши» романы (1988), «Ленинграддан келген кат» балдар үчүн аңгемелери (1989), «Эркек колукту» (1987), «Сынган мазар» (1989) пьесалары жарык көргөн. Медалдар м-н сыйланган.



**СООРОНБАЕВ Сагындык** (1963-ж. т., Аксуу р-ну, Теплоключенка айылы) – Ысыккөл с-техникумун (1985), Тимирязев атн. Москва а. ч. академиясын (1991), КМУну бүтүргөн, 1985–86-ж. «Заря коммунизма» к-зунда эсепчи, 1991–2002-ж. Пржевальск ш-ндагы мамл. комплекстүү үрөнчүлүк бөлүмүндө агроном, «Заря коммунизма» к-зунун № 2-бригадасында агроном, 2002-ж. Теплоключенка айыл өкмөтүнүн башчысы, 2005-жылы ошол эле кызматка кайрадан шайланган.



**СТАМОВ Дүйшөмбай** (1930-ж. т., Аксуу р-ну, Тепке айылы) – Пржевальск ш-ндагы мамл. пед. ин-ту бүтүргөн (1958). 1949–50-ж. Аксуу р-ндагы Арал орто мектебинде мугалим, 1958–63-ж. Тепке, 1963–65-ж. Ысыккөл р-ндагы Чырпыкты, 1965–73-ж. Аксуу р-ндагы Тепке айылдарындагы орто мектептерде мугалим, 1973–77-ж. ошол эле р-ндогу Тасмакайнар айыл кеңешинин төрагасы, 1977–82-ж. аталган р-ндун К. Жантөшев атн. орто мектептин мугалими,

1983–84-ж. «Жыргалаң» с-зунун директорунун орунбасары. КРнын Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**СТАРЧЕНКО Лидия Степановна** (1919-ж. т., Белгород обл-ты, Борисовский р-ну, Борисовка айылы) – Ташкент ш-ндагы мед. ин-ту бүткөн (1941), 1941–45-ж. Аскердик дарыгер, 1946–49-ж. Аксуу курортунда терапевт-дарыгер, Пржевальск ш-ндагы обл-тык бириккен ооруканада бөлүмдүк дарыгер, 1949–53-ж. Сүлүктү ш-ндагы бириккен поликлиникада терапевт-дарыгер, 1954–57-ж. Свердлов ш-ндагы аскердик ооруканада дарыгер, 1957–75-ж. ошол эле ш-дагы профилактикалык санаторияда терапевт-дарыгер. Кызыл Жылдыз, II даражадагы Ата Мекендик Согуш ордендери, медалдар м-н сыйланган.

**СУБАНБЕКОВ Жүрсүн** (1930-ж, Аксуу р-ну, Сарыкамыш айылы –1974, Бишкек ш.) – адабиятчы, филология илимдеринин, доктору (1974), 1952-ж. КМУнун филология факультетин бүтүргөн. 1952–55-ж. аспирант, 1955–74-ж. КМУнун адабият кафедрасынын окутуучу, улук окутуучу, доцент болуп иштеген. Анын эмгектери кыргыз элинин баатырдык кенже эпосторуна арналган. «Кыргыз адабияты колхоздук айыл жөнүндө», «Согуштан кийинки кыргыз адабияты», «Эр Төштүк – баатырдык эпос», «Касымалы Жантөшев», «Кыргыз адабиятындагы атеизм маселелери» ж. б. өңдүү эмгектердин автору. Анын ысымы м-н Аксуу р-нундагы «Сарыкамыш» орто мектеби аталган.



**СУГАТЧИЕВ Жумадыл** (1933-ж. т., Аксуу р-ну, Керегеташ айылы) – айдоочу. 1952–55-ж. Сов. Армияда, 1955-жылдан Киров атн., Мирный колхоздорунда ж-а Ысыккөл с-нда шофер болуп иштеген. «Ардак белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.

**СУЛАЙМАНОВ Кубан** (1921-ж. т., Каракол р-ну, Акбулуң айылы) – Пржевальскидеги пед. окуу жайын бүтүргөн, 1941–45-ж. Ата Мекендик согушка катышкан, 1945–73-ж. Акбулуң



мектебинде мугалим, Нововознесеновка айылында пропагандист, р-ндук маданият бөлүмүнүн башчысы, айыл кеңешинин төрагасы, «Түргөн» с-зунун директорунун орунбасары, курулуш бригадасында бригадир, парткомдун катчысы, Эңилчек айыл кеңешинин төрагасы.



**СУЛАЙМАНОВ Эсенаман** (1946-ж. Түп р-ну, Күрмөнтү айылы) – чарба кызматкери. Кыргыз а. ч. ин-тун бүткөн (1970). 1970–78-ж. Аксуу р-дагы Каракол с-зунда башкы вет. дарыгер. 1978–82-ж. ошол эле р-до малды бордоп семиртүүчү комплексте башкы вет. дарыгер, начальник, директордун орунбасары, 1982–91-ж. Жетөгүз р-дагы малды бордоп семиртүүчү комплексинин директору, 1991–92-ж. Түп р-дук а. ч. башкармасынын начальниги, 1992–96-ж. ошол эле р-догу «Маяк» с-зунун директору, 1996–97-ж. аталган р-дун Ысыккөл айыл өкмөтүнүн башчысы. Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.



**СУЛТАНОВ Абдыкадыр** (1932-ж. т., Аксуу р-ну, Бозбулуң айылы) – 1946–92-ж. Аксуу р-дагы Тегизчил, XX партсъезд к-здорунда чабандык кесипте үзгүлтүксүз эмгектенген. Мал чарбасын өнүктүрүүдө ж-а алардан арбын продукция өндүрүп алууда жетишкен ийгиликтери үчүн эки жолу Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.



**СУЛТАНОВ Мухамет** (1911-ж. т., Ташкыя айылы – 1982-ж. ошол жерде) – сов. партиялык кызматкер, Ташкент ш-ндагы САКУну (1932), КПСС БКнын алдындагы Жогорку партиялык мектепти бүтүргөн (1952), 1929–30-ж. Базаркоргон р-дук комсомол уюмунун башчысы, 1930-ж. Жетөгүз р-нунун комсомол уюмунда жооптуу катчы, 1932–33-ж. партиянын Каракол р-ндук комитетинде инструктор, 1933–35-ж. Кырг-н ЛКСМ БКда жооптуу катчы, 1938–

39-ж. Кыргыз ССРинин мамл. кредитинде инспектор, 1939–41-ж. Кыргыз ССР ГТСК ИГК башкармалыгында начальниктин орунбасары. Кыргыз Свердловск КПда катчы, 1941–46-ж. Улуу Ата Мекендик ж-а Япония м-н болгон согушка катышкан, 1946–49-ж. Кырг-н КП БКнын аскердик-административдик бөлүмүнүн башчысы, 1952–56-ж. Тянь-шань облисполкомунун 1-орунбасары, 1956–61-ж. партиянын Кочкор р-ндук комитетинин 1-катчысы, 1961–63-ж. Кыргызсовпрофто курорттук башкармалыктын начальниги, 1963–75-ж. Кыргыз ССРинин Главснабынын № 1-базасынын директору, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин эки жолку чакырылышына депутат, Кырг-н КП БКнын мүчөсү. Эмгек Кызыл Туу, «Ардак белгиси», I, II даражадагы Ата Мекендик согуш, Кызыл Жылдыз ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**СУЛТАНОВА Роза** (1934-ж. т., Пржевальск ш.) – КМУну (1957), Кыргыз ИАсынын ботаника ин-тунун аспирантурасын бүтүргөн (1960), биология ил. кандидаты, ошол эле ин-ттун ага ил. кызматкери. 1995-ж. Кыргыз а. ч. ин-тунун кафедра башчысы. 2003-ж. Кыргыз Агрардык унтинин биология кафедрасынын доценти. Көптөгөн китептердин соавтору. Кыргыз ССРинин Ардак грамоталары м-н сыйланган.



**СУЛТАШЕВА Мая** (1938-ж. т., Аксуу р-ну, Жолколот айылы) – КРнын билим берүүсүнө эмг. сиң. ишмер. КМУну бүткөн (1961). Фил. ил. кандидаты (1970). 1961-ж. Кыргыз ССР мамл. телерадиодо акыркы кабарлар редакциясында редактор. Ошол эле жылы КМУда философия кафедрасында окутуучу болуп иштеген. 1961–75-ж. аталган ун-те аспирант, ошол эле кафедранын ассистенти, улук окутуучу, доцент. 1975–78-ж. Фрунзе политех. интунун философия кафедрасынын башчысы. 1978–86-ж. партиянын Фрунзе ш-дык комитетинин идеология бөлүмүнүн катчысы. 1986–93-ж. КГИФКнын философия кафедрасынын башчысы.



**СУСЕЕВ Абдылгазы** (1908-ж. т., Ташкыя айылы) – Кыргыз ССРине эмг. сиң. юрист, Ташкент ш-ндагы САКУну (1935), Москва ш-ндагы улуттук академиясын (ВАК) бүтүргөн (1938). 1935–37-ж. Жетөгүз р-нунун прокурору, 1938–40-ж. Кыргыз ССРинин прокурорунун жардамчысы, 1940–43-ж. Тяньшань обл-нын прокурору, 1943–44-ж. Тоң р-нунун прокурору, 1944–51-ж. Түп р-нунун прокурору, 1951–52-ж. Покровка р-нунун прокурору, 1952–54-ж. Ысыккөл обл-к сот башкармасынын орунбасары. 1954–56-ж. к-зчулардын суроосу м-н «Ильич» атн. к-здо башкарма, 1956–74-ж. Ысыккөл обл-к адвокаттар коллегиясында кызмат өтөгөн. «Ардак белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.



**СҮТӨНОВА Байма** (1956-ж. т., Аксуу р-ну, Шапак айылы) – КМУнун журналистика факультетин бүтүргөн (1979), 1979–82-ж. «Ленинчил жаш» газетасында кабарчы болуп иштеген. 1982-жылдан КРнын Улуттук телерадио компаниясында эмгектенип келүүдө. Телерадио журналистикасында сиңирген эмгеги үчүн ал «Жылдын мыкты адамы» наамына ээ болгон. «2003-жылдын Алтын калеми» деген Президенттик сыйлык жана «Гендердик өнүгүү боюнча ООНдун Негизги сыйлыгы» м-н сыйланган. «Инсандар таржымалы» китебинин автору.



**СЫДЫГАЛИЕВА *Жайлокүл*** (1959-ж. т., Аксуу р-ну, Чолпон айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, КМУну бүтүргөн (1981), 1981-жылдан Аксуу р-ндагы Чолпон орто мектебинде мугалим.

**СЫДЫКБЕКОВ Арып** (1928-ж. Аксуу р-ну, Зындан айылы) – СССРдин ж-а КРнын эл агартуусунун отличниги. Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүткөн (1973). 1949–70-ж. Акбулуң, Соко-



ловка, Токтогул айылдарындагы орто ж-а башталгыч мектептеринде мугалим, 1970–91-ж. Аксуу р-дагы Токтогул атн. орто мектептин директору. КПСС БКнын Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**СЫДЫКБЕКОВ Темирбек** (1935-ж. т., Аксуу р-ну, Теплоключенка айылы) – мал чарба устаты, 1960–95-ж. Аксуу р-ндагы «Заря коммунизма» к-зунда чабандык кесипте эмгектенген. Эки жолу Ленин ордени, медалдар м-н сыйланган.



**СЫДЫЕВА Гүлмира** (1960-ж. т., Тогузторо р-ну, Казарман айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1982), 1982–85-ж. Жергетал р-ндагы Н. К. Крупская атн. орто мектепте мугалим, 1985-жылдан Аксуу р-ндагы Бозучук орто мектебинде мугалим.



**СЫДЫКОВА Дамира** (1953-ж. т., Түп р-ну, Талдысуу айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Фрунзедеги Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-тун бүтүргөн (1975), 1975-жылдан Аксуу р-ндагы Ичкежергез айылындагы А. Истамбеков атн. орто мектепте мугалим.



**СЫДЫКОВ Жумабек** (1937-ж. т., Челпек айылы) – мал чарба кызматкери, 1956-жылдан өмүрүнүн акырына чейин ИОССто чабан болуп иштеген. Октябрь революциясы ордени, медалдар, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамоталары м-н сыйланган.



**СЫДЫКОВ Курманалы** (1938-ж. т., Аксуу р-ну, Жолколот айылы) – мал чарба кызматкери. Эмгек жолун 1956-ж. Караколдогу кирпич заводунда жумушчу, 1960–2000-ж. Аксуу р-нун «Жаңы Жылдыз» колхозунда чабан. Мал чарбасын өнүктүрүү багытында үзүрлүү иштегендиги үчүн Элдердин Достугу ордени, медалдар м-н сыйланган.



**СЫДЫКОВА Рахима** (1946-ж. т., Аксуу р-ну, Керегеташ айылы) – илимпоз, окумуштуу, КРнын эл агартуусунун отличниги. КМУну бүткөн (1969). Филол. ил. кандидаты (1980). 1969–78-ж. Кыргыз ИАнын аспирантурасында, андан кийин Кыргыз телерадиокомитетинде редактор болуп иштеген. 1978–91-ж. Кыргыз ИАда ил. кызматкер, улуу ил. кызматкер, 1991-жылдан КМУда окутуучу, улуу окутуучу, доцент. Учурда «Кыргызпатентте» авторлор м-н укук ээлеринин мүлктүк укуктарын жамааттык башкаруу борборунда директор. Кыргыз адабиятын ар тараптан иликтөөгө алган бир топ ил. китептердин автору.



**СӨЛПИЕВ Омор** (1940-ж. т., Аксуу р-ну, Шапак айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, Ташкенттеги айыл чарбасын механизациялаштыруу индустриалдык техн. бүтүргөн, 1967–82-ж. Ысыккөл р-ндук Ананьево айылындагы №16 кесиптик-техникалык окуу жайында директордун орунбасары, 1982-жылдан Аксуу р-ндагы Отрадной айылындагы М. Касиев атн. орто мектепте мугалим. Медалдар м-н сыйланган.



**ТАБАЛДИЕВ Раимбек** (1914-ж. т., Челпек айылы – 1997-ж. ошол жерде) – мугалим, экономика ил. кандидаты, КРнын эл агартуусунун, айыл чарбасынын отличниги, Каракол ш-ндагы мугалимдердин алты айлык курсун (1931), Фрунзе ш-ндагы а. ч. мектебин (1935), Ташкент ш-ндагы

САКУну (1938), Орто Азия индустриялдык ин-тун (1940), КПСС БКнын алдындагы Жогорку партиялык мектепти (1951), КПСС БКнын астындагы Коомдук Илимдер Академиясын бүтүргөн (1957), 1929–31-ж. «Кызыл Челпек» к-зунда жумушчу, 1931–33-ж. Бөрүбаш, Челпек башталгыч мектептеринде мугалим, 1935–36-ж. Кыргыз а. ч. мектебинде мугалим, 1938–41-ж. Талдысуу орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы, Киров орто мектебинде директор, Ысыккөл облОНО башчысынын орунбасары, 1941–44-ж. Ысыккөл обкомунда сектор башчы, партиянын Пржевальск ш-дык комитетинде катчы, 1944–48-ж. Ысыккөл обкомунун катчысы, 1951–53-ж. Фрунзе пед. ин-тунун ректору, 1957–59-ж. Ысыккөл обком партиясынын катчысы, Пржевальск ш-комунун катчысы, 1959–63-ж. Кыргыз ССР ИАсынын экономика ин-тунун ректору, 1963–83-ж. Кыргыз ил. изилдөөнүн жер иштетүү ин-тунда, экономика бөлүмүндө башчы. Жүзгө жакын эмгектери, 9 китеби басылып чыккан. Кызыл Жылдыз, «Ардак белгиси» ордендери, Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Ардак грамоталары м-н сыйланган.



**ТАБАЛДИЕВ Туртемир** (1939-ж. т., Аксуу р-ну, Тегизчил айылы) – КМУну (1969), Киев ш-ндагы КГБнын курсун бүтүргөн (1970), 1969–71-ж. Кыргыз коопсуздук комитетинде, 1971–75-ж. Нарын обл-к коопсуздук комитетинде улук оперуполномоченный, 1975–79-ж. Атбашы р-ндук коопсуздук комитетинде начальниктин орунбасары, 1979–85-ж. Ош обл-гы Совет р-нда, 1985–92-ж. Жетөгүз р-ндагы коопсуздук бөлүмдөрүндө начальник болуп иштеген. Подполковник.



**ТАБАШАРОВА Халида** (1957-ж. т., Аксуу р-ну, Жолколот айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, КМУну бүтүргөн (1979), 1979–2005-ж. Аксуу р-ндагы Чолпон орто мектебинде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы.

**ТАВИНТЕЕВ Абдула** (1951-ж. т., Жетөгүз р-ну, Дейшин айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, КМУну бүтүргөн (1977), 1969–72-ж. «Дружба» к-зунда



иштеген, 1977–79-ж. Аксуу р-ндагы Кайырмарык орто мектебинде мугалим, 1979–82-ж. ошол эле р-ндун билим берүү бөлүмүндө инспектор, 1982–88-ж. эл агартуу кызматкерлеринин Аксуу р-дук профсоюздар комитетинин төрагасы, 1988–91-ж. Эңилчек орто мектебинде директор, 1991–95-ж. «Ленин жолу» орто мектебинде директор, 1995–99-ж. Аксуу р-ндук билим берүү бөлүмүндө инспектор, 1999–2001-ж. Аксуу р-ндук мад-т бөлүмүнүн башчысы, 2001-жылдан Киров атн. орто мектепте мугалим.



**ТАЗАБЕКОВ Мукаш** (1934-ж. т., Бурмасуу айылы – 1982-ж. ошол жерде) – КМУну (1959), Алматыдагы Жогорку партиялык мектепти (1965), Москвадагы финансы ин-тунун аспирантурасын бүтүргөн (1971), экономика ил. кандидаты, 1962–63-ж. Ош обл-к статистика борборунда экономист, 1963–65-ж. Ош пед. ин-тунда мугалим, 1965–66-ж. Пржевальск жашылча-жемишвинс-з комбинатында парторг, 1966–69-ж. Пржевальск ш-к элдик көзөмөлдүн төрагасы, 1971–82-ж. Пржевальск мамл. пед. ин-тунда кафедра башчысы, доцент.



**ТАЙЛАКОВ Абыл** (1916-ж. т., Аксуу р-ну, Керегеташ айылы – 1993-ж. ошол жерде) – Фрунзедеги эки жылдык, КПСС БКнын алдындагы партиялык мектептерди бүтүргөн, Аксуу р-ндагы Керегеташ мектебинде мугалим, 1941–46-ж. Ата Мекендик согушка катышкан, партиянын Аксуу р-ндук комитетинде, 1951–54-ж. партиянын Каракол ш-дык комитетинин 1-катчысы, 1954–70-ж. Ысыккөл обл-к даярдоо конторасында директор.



**ТАЙЛАКОВ Шейшенбек** (1957-ж. т., Аксуу р-ну, Бозучук айылы) – Кызылкыядагы тоо-техникалык колледжди сырттан окуп бтүргөн (2001), 1978–87-ж. «Жыргалаң» шахтасында жумушчу, 1987–98-ж.

өткөөлчүлөр бригадасынын бригадири, 1999–2001-ж. тоо-куткаруу станциясында командир, 2001–2005-ж. Жыргалаң поселкалык кеңешинин башчысы.



**ТАКЕЕВА Калбүбү** (1948-ж. т., Талас ш.) – КРнын билим берүүсүнүн отличниги (1995), КМУну бүткөн (1971), 1971–78-ж. Сокулук р-ндагы Кеңеш, 1978–81-ж. Аксуу р-ндагы жумушчу-жаштардын кечки, 1981-жылдан М. Мамакеев атн. орто мектептерде мугалим.



**ТАЛИПОВ Келгенбай** (1926-ж. т., Аксуу р-ну, Сарыкамыш айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги. Каракол пед. ин-тунун алдындагы 5 айлык мугалимдерди даярдоо курсун (1942), Нарын ш-ндагы пед. окуу жайын (1949), ошол эле шаардагы пед. ин-ту (1953), КМУну сырттан окуп бүткөн (1959). 1959–62-ж. Нарын р-дагы Жеркөчкү ж-а № 53-жылкы заводу орто мектептеринде мугалим. 1962–88-ж. Аксуу р-дагы Мичурин атн., Сарыкамыш айылындагы Ж. Субанбеков атн. орто мектептерде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген.



**ТАЛЫШОВ Рыскул** (1961-ж. т., Аксуу р-ну, Керегеташ айылы – 2004-ж. ошол жерде) – Түптөгү а. ч. техн-мун (1982), Фрунзедеги а. ч. ин-тун бүтүргөн (1992), 1982–87-ж. «Жыргалаң» с-зунда суу чарбачылыгы б-ча агроном, бөлүмдүн начальниги, 1992–2000-ж. Бишкектеги нефтебазанын кызматкери, 2000–2004-ж. КРнын ЖКнин автобазасында директор. Медалдар м-н сыйланган. Керегеташ айылынын бир көчөсүнө ысымы берилген.



**ТАМАЕВ Өмүрбек** (1962-ж. Аксуу р-ну, Тегизчил айылы) – Түп р-дагы СССРдин 50 жылдыгы атн. а. ч. техн-мун (1986), Фрунзе ш-дагы К. Скрябин атн. а. ч. ин-тун бүткөн (1994). 1979-ж. Тегизчил айылында жумушчу, 1980–82-ж. Сов. Армиянын ка-

тарында, 1987–94-ж. Каракол ш-дагы «Кундуз» айбанаттар фирмасында зоотехник, 1989–92-ж. Аксуу р-нун Тегизчил айылындагы адистештирилген чарбада бөлүм башчы, 1992–97-ж. Каракол ш-дагы «Кундуз» фирмасында башкы экономист, Аксуу р-нундагы кой чарбасын өнүктүрүү б-ча кеңешчи адис, 2002–2003-ж. Ысыккөл обл-дагы мамл. кыймылсыз мүлк ж-а жер ресурстары б-ча директордун орунбасары, 2005-жылдан Аксуу р-дагы Каражал айыл өкмөтүнүн башчысы.



**ТАШБАЕВ Акынбек** (1955-ж. т., Челпек айылы) – К. Скрябин атн. Кыргыз а. ч. ин-тун бүтүргөн (1984). 1977–79-ж. Сов. Армияда, 1984–87-ж. Ысыккөл суукурулуш трестинде ага инженер, 1987–90-ж. Түп р-ндагы комсомол каналын куруууда мастер, 1991–2000-ж. Ысыккөл обл-к УОСто башкы инженер, бөлүм башчы, 2000-жылдан «Бурмасуу» суу пайдалануучулар Ассоциациясынын директору. Челпек айылынын ички сугат тармагын калыбына келтирүү үчүн 18 миллион сомдук грант утуп, ишке киргизген.



**ТАШЫБЕКОВ Урказы** (1955-ж. т., Жетөгүз р-ну, Саруу айылы) – Кыргыз а. ч. ин-тун бүткөн (1973), КРнын салык кызматынын отличниги. 1975–93-ж. Куйбышев атн. к-здо бухгалтер, башкы бухгалтер, 1993–99-ж. Жетөгүз р-ндук, Каракол ш-дык, 1999-жылдан Аксуу р-дук салык инспекцияларынын начальниги.

**ТЕЗЕКБАЕВ Асан** (1922-ж. т., Аксуу р-ну, Керегеташ айылы) – Фрунзедеги эл агартуу окуу жайын (1940), КП(б) БКнын алдындагы партиялык Жогорку мектебин бүтүргөн (1944), 1940–42-ж. партиянын Акталаа комитетинде катчы, ошол эле р-ндогу В. Ленин атн. орто мектепте мугалим, р-ндук аткаруу комитетинин жалпы бөлүмүнүн башчысы, 1942–44-ж. Ата Мекендик согушка катышкан, 1944–45-ж. партиянын Ысыккөл обл-к комитетинин инструктору, 1945–49-ж. Ош обл-к парткомдо пропагандист, лектор, 1950–52-ж. Алай райкомпартиясынын катчысы, 1951–54-ж. Эскиноокат райкомунун 2-катчысы, 1954–75-ж. Пржевальск ш-ндагы карылар ж-а майыптар интернатынын директору. Медалдар м-н сыйланган.



**ТЕКЕБАЕВ Орозбек** (1950-ж. т., Ташкыя айылы) – аскер кызматкери, полковник, Москвадагы жогорку аскердик окуу жайын бүтүргөн (1974), 1968–70-ж. Сов. Армияда, 1974–85-ж. Сов. Армияда кызмат кылган, 1985–94-ж. аскерлештирилген автоколонналарда башкы инженер, 1994–97-ж. Түп р-ндук аскер комиссариатында комиссар, 1997–2000-ж. Аксуу р-ндук Каракол шаарынын аскер комиссариатында комиссар, 2000–2003-ж. Нарын ж-а Ысыккөл обл-к аскер комиссариатынын комиссары, 2003–2004-ж. КРнын КМинин санатордук-курорттук комплексинин начальниги. Медалдар м-н сыйланган.



**ТЕКЕБАЕВ Мирбек** (1955-ж. т., Челпек айылы) – обончу, Пржевальск мамл. муз. окуу жайын бүтүргөн (1980), 1973–75-ж. Советтик Армияда аскердик кызмат өтөгөн, 1981–83-ж. Аксуу р-дук маданият үйүндөгү «Боз салкын» ыр-бий фольклордук ансамблинде аккомпаниатор. 1984–86-ж. Пржевальск мамл. пед. ин-тунда түзүлгөн «Толкун» ансамблинде аккомпаниатор, 1986-жылдан Маданият үйлөрүндө аккомпониятор. Көптөгөн обондору «Көгүчкөнүм», «Жүрөктү жүрөк сезбейби», «Айтчы жаным», «Майрам күүсү» ж. б. ырлары эл арасында ырдалып жүрөт.



**ТЕМИРАЛИЕВ Малик** (1953-ж. Аксуу р-ну, Бозучук айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, КРнын профсоюз кыймылынын отличниги, Пржевальск мамл. пед. ин-тун (1976), КМУну бүтүргөн (1988), 1976–84-ж. Аксуу р-ндагы Дзержинский атн. мектепте улук тарбиячы, мугалим, окуу-тарбия иштери б-ча директордун орунбасары, мугалим, 1984–88-ж. Бозучук кечки мектебинде окуу-тарбия иштери б-ча директордун орунбасары, директор, 1988–2001-ж. Энчилеш айылындагы Чөкүев атн. орто мектепте директор, 2001-жылдан Аксуу р-ндук билим берүү бөлүмүнүн башчысы. Райкеңештин депутаты.



**ТЕМИРАЛИЕВ Мусабай** (1928-ж.т., Аксуу р-ну, Бозучук айылы) – Каракол пед. окуу жайын (1947), Бишкектеги пед. ин-ту бүткөн (1957). Эмгек жолун 1947-ж. Акбулуң орто мектебинде мугалим болуп иштөө м-н баштаган. 1952–60-ж. Бозучук орто мектебинде, 1960–67-ж. Акбулуң орто мектебинде, 1967–72-ж. Бозучук орто мектебинде директор, 1972–84-ж. Вознесеновка айыл кеңешинин төрагасы. 1984–88-ж. Нововознесеновка орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы. Медалдар м-н сыйланган.



**ТЕРЕНТЬЕВА Зинаида Ивановна** (1917-ж. т., Россия, Калинин обл. Поречье айылы) – Ленинград ш-ндагы мед. ин-ту бүткөн (1941), 1941–44-ж. Ата Мекендик согушка катышкан, 1944–49-ж. Пржевальск р-ндук оорукананын аялдар, балдар консультациясынын башчысы, 1949–51-ж. Пржевальск р-ндук саламаттык сактоо бөлүмүнүн башчысы, 1951–58-ж. Теплоключенка р-ндук ооруканада бөлүм башчы, 1975-жылга чейин ушул эле ооруканада рентгенолог-дарыгер болуп эмгектенген. II даражадагы Ата Мекендик согуш ордени, медалдар м-н сыйланган.



**ТИЛЕКЕЕВА Салика** (1919-ж. т.) – мугалим, Караколдогу пед. окуу жайын бүткөн (1941), 1941–77-ж. Тепке айылында мугалим болуп иштеген. Тасма, Кайнар айыл кеңешине депутат болгон. Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.



**ТОБАШАРОВ Шарше** (1908-ж. т., Аксуу р-ну, Жолколот айылы – 1944). 1930-ж. Жолколот айылындагы биринчи уюшулган колхоздун башкармасы болгон. 1932–34-ж. Ысыккөл обл-тык мергенчилер бирикмесинин төрагасы. 1934–39-ж. Шапак, Аксуу, Акбулуң айылдарындагы колхоздордо башкарма болуп эмгектенген.

1939–1941-ж. Нововознесеновка мектебинин директору. 1941-ж. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон. Жолколот айылындагы бир көчөгө анын ысымы берилген.



**ТОЙГОНБАЙ Ажы** (1870-ж. т., Челпек айылы – 1936-ж. Херсон) – дыйкан, Ак-марчанын, Бөрүбаштын ээн жаткан адырларына эгин айдаган. Караколдон Долматов деген багбан м-н таанышып, алма бак тиккенди үйрөнөт, Алматыдан ар түрдүү сорттогу алма, алмурут, өрүк, карагат ж. б. көчөттөрүн алып келип отургузат. Т. ажынын демилгеси м-н 1911-ж. Челпек айылында медресе курулган. 1936-ж. репрессияда депортацияланып, Украина ССРинин Херсон обл-дагы Скадовский р-нунун Голбас кыштагында каза болгон.



**ТОЙГОНБАЕВ Жаманкул** (1912-ж. т., Аксуу р-ну Жолколот айылы – 1976-ж. ошол жерде) – партиялык кызматкер. Кыргыз ССР кесипчилик-техникалык билим берүү системасынын эмгек сиң. кызматкери. Фрунзе ш-дагы Комвузду (1935), 1938-ж. ВКП (б) БКнын алдындагы пропагандисттердин Жогорку мектебин бүтүргөн. Эмгек жолун 1930-ж. Түп р-дагы «Сухой-Хребет» совхозунда жумушчу, андан соң Теплоключенка МТСинде агрохимик болуп иштөөдөн баштаган. 1938–39-ж. Кыргыз ССР Эл агартуу комиссариатынын алдындагы мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу ин-тунда окутуучу болуп иштеген. 1939–41-ж. партиянын Жалалабат облустук комитетинин лектору, 1941–44-ж. партиянын Базаркоргон райкомунун биринчи секретарлыгына, андан кийин Жалалабат облустук комитетинин секретарлыгына шайланган. 1944–46-ж. ВКП (б) БКнын алдындагы жогорку партиялык мектепти бүтүргөн. 1946–52-ж. партиянын Тяньшань обкомунун экинчи, андан кийин биринчи секретары болуп эмгектенет. 1952–55-ж. Кыргызстан КП БКнын секретары, анан Ош обкомунун биринчи секретары, 1955–56-ж. СССР даярдоо министрлигинин Кыргыз ССРи б-ча уполномочени болгон.

1956-жылдан өмүрүнүн акырына чейин республиканын кесипчилик-техникалык билим берүү системасын жетектеп келген. Анын республикага сиңирген эмгеги жогору бааланып, Ленин, Эмгек Кызыл Туу, эки жолу «Ардак белгиси» ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**ТОКБАЕВ Каший** (1907-ж. т., Аксуу р-ну, Чоңжергез айылы – 1974-ж. ошол жерде) – мугалим, Орто Азия жогорку партиялык мектебин бүтүргөн (1927), 1927–67-ж. билим берүү тармагында мугалим, мектеп директору болгон. Ленин, Эмгек Кызыл Туу ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**ТОКОЕВ Касымбай** (1912-ж. т., Пржевальск у., Бөрүбаш айылы – 1968-ж. ошол жерде) – мугалим. КРнын эмг. сиң. мугалими, КРнын эл агартуусунун отличниги, мугалимдерди даярдоо б-ча эки айлык курсту (1930), Фрунзе ш-ндагы Кыргыз мамл. пед. ин-ту бүткөн (1950). 1930–33-ж. Каракол р-дагы Челпек айылындагы башталгыч мектепте мугалим болуп иштеген. 1933–41-ж. Нововознесеновка р-дагы Ичкежергез жети жылдык мектебинде мугалим, андан кийин окуу бөлүмүнүн башчысы, 1941–64-ж. Пржевальск р-нуна караштуу Сарыкамыш орто мектебинде мугалим ж-а директор, 1964-жылдан Бөрүбаш сегиз жылдык мектепте директор. Ленин, «Ардак белгиси» ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**ТОКСОБА уулу Бейшемби** (1867-ж. т., Аксуу, Жайылма деген жерде – 1964-ж. Шапак айылы) – Үркүндө Кытай жериндеги кыргыздардын туулган жерге келишине көп күч жумшаган, анын жардамы менен 300гө жакын качкын кайтып келишкен. Аларга дагы 12 түтүн элди кошуп, азыркы Шапак айылын негиздеген. 1920–29-ж. аталган айыл советинин төрагасы болгон, 1930-ж. репрессиянын кашшабына кабылып, Кытайга жер которуп кетүүгө мажбур болгон. Ал жактан 1959-ж. кайткан. Шапак айылынын бир көчөсүнө ысымы берилген.



**ТОКТАХУНОВ Акылбек** (1956-ж. т., Челпек айылы – 1999-ж. ошол жерде) – ички иштер кызматкери, полковник, КРнын коомдук тартипти сактоо кызматынын отличниги, Фрунзедеги милиция мектебин (1979), Караганда ш-ндагы Милиция академиясын сырттан окуп бүтүргөн (1983), 1974–76-ж. Сов. Армияда, 1977-ж. Аксуу р-дук ички иштер бөлүмүндө, 1980-ж. Аксуу, 1980–88-ж. Фрунзедеги Октябрь р-ндук ички иштер бөлүмүндө, 1988–90-ж. Ленинск бөлүмүндө начальник, 1990–95-ж. Октябрь ички иштер бөлүмүнүн начальнигинин орунбасары, 1995–99-ж. участкалык ага инспектор. Медалдар м-н сыйланган.



**ТОХТАХУНОВ Шакир** (1932-ж. т., Челпек айылы – 1977-ж. ошол жерде) – рентген-лаборант, 1961-ж. Пржевальск р-нун «Талдысуу» өрөөнүндөгү фельдшердик-акушердик пункттун башчысы. Медалдар, Эки жолу Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**ТОКТОГУЛОВ Иса** (1936-ж. т., Челпек айылы – 2000-ж. ошол жерде) – Ысыккөл обл-дагы Теплоключенка МТСынан тракористтер курсун бүткөн (1958). «Ильич» атн. к-здо, Ысыккөл тажрыйба селекциялык станциясында, Караколдогу коомдук тамактануу жайында тракторист. Эмгек Кызыл Туу ордени, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**ТОКТОГУЛОВ Тынчтык** (1952-ж. т., Аксуу р-ну, Челпек айылы) – техника ил. кандидаты, доцент, Фрунзе политехн. ин-тун бүтүргөн (1974), 1974–77-ж. энергетика б-ча Кыргыз ил. изилдөө бөлүмүндө кенже ил. кызматкер, 1977–79-ж. ФПИда, темир-бетон термокайра иштетүүсүн конструкциялоо

лабораториясында ага инженер, 1979–84-ж. ФПИда мугалим, 1988–93-ж. Фрунзе политехн. ин-тунда доцент, 1993–97-ж. «Пейил ТМ» фирмасынын директору, 1997–98-ж. Чүй ПЭСте директордун орунбасары, 1998–99-ж. «Кыргызэнерго» АОсунун газ чарбасынын начальниги, 1999–2001-ж. эларалык фирмада кеңешчи, 2001–2004-ж. ОсОО «Группа независимых инженеров» фирмасынын директору.



**ТОКТОКОЖОЕВ Нуркалый** (1938-ж. т., Жетөгүз р-ну, Желедөбө айылы) – Фрунзедеги автожол техн-мун бүтүргөн (1962), 1962–63-ж. Нарын обл-к машина-жол станциясында техник-куруучу, 1963–68-ж. Нарын ш-ндагы № 8-жол эксплуатациялык станцияда жол курулушу б-ча инженер, 1968–77-ж. Кыргыз ССРинин автожолдор министрлигинин № 8-ДЭУнун башкы инженери, 1977–80-ж. № 20-ДЭУнун начальниги, 1980–83-ж. Түп р-ндук Талдысуу айылындагы № 4-ДЭУда башкы инженер, 1983–93-ж. Аксуу р-ндук Нововознесеновка айылындагы № 11-ДЭУнун начальниги, 1993–2000-ж. ошол эле жерде өндүрүштүк-техникалык бөлүмдүн начальниги, 2000-жылдан № 11-ДЭПтин башкы инженери.

**ТОКТОМБАЕВ Орозакун** (1942-ж. т., Түп р-ну, Михаиловка айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1968), 1958–63-ж. Михаиловка айылында малчы, 1968–77-ж. Н. Островский атн. орто мектепте мугалим, тарбия иштери б-ча директордун орунбасары, директор, 1978–82-ж. Аксуу р-ндагы Каракол айыл кеңешинин төрагасы, 1982–92-ж. Н. Островский атн. орто мектептин директору, 1992–2000-ж. А. Айтбаева атн. орто мектепте мугалим.



**ТОКТОРБАЕВ Эсенжан** (1944-ж. т., Аксуу р-ну, Тепке айылы) – Ташкент ш-ндагы а. ч-сын механизациялаштыруу ж-а ирригация ин-тун (1966), партиялык Жогорку мектепти бүтүргөн (1986), 1967–69-ж. Оштогу «Киргизгипрозем» ин-тунда инженер, 1969–74-ж. Кыргыз ЛКСМ БКда, 1974–77-ж. Түп р-ндук жол-эксплуатация

ишканасынын начальниги, 1977–82-ж. Кырг-н БКнын Биринчи май р-ндук комитетинин инструктору, 1982–95-ж. Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиумунун кеңешчиси, туруктуу комиссиянын иштери б-ча бөлүмдүн башчысынын орунбасары, 1995–2001-ж. КРнын ЖКинин Мыйзам чыгаруу жыйынында начальник, 2001–2005-ж. КРнын Президентинин Иш башкаруу башкармалыгынын бөлүм башчысынын орунбасары, 2005-жылдан КРнын ЖКинин Иш башкаруу башкармалыгында техникалык бөлүмдүн башчысы.



**ТОКТОСУНОВ** Юсуп (1930-ж. т., Челпек айылы – 2003-ж. ошол жерде) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, 1948–49-ж. Жетөгүз р-ндагы Актерек мектебинде мугалим, 1951–52-ж. Таласарык мектебинде, 1952–56-ж. Талас шаарындагы № 1 ж-а № 2 орто мектептерде, 1956–68-ж. Пржевальск ш-ндагы Т. Сатылганов атн. мектеп-интернатта, 1968–75-ж. Пржевальск мугалимдер ин-тунда мугалим, 1975–77-ж. Т. Сатылганов атн. мектеп-интернатта окуу бөлүмүнүн башчысы, 1977–79-ж. сырттан окуу мектебинин директору, 1979–80-ж. Т. Сатылганов атн. мектеп-интернаттын окуу бөлүмүнүн башчысы, 1980–92-ж. Пржевальск пед. окуу жайында мугалим. «Мугалим-методист». СССРдин эл агартуу министрлигинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**ТОПОЕВ Мурзабек** (1948-ж. т., Ысыккөл р-ну, Ананьево айылы) – КМУну бүтүргөн (1972), 1972–83-ж. Ысыккөл обл-к финансы бөлүмүндө инспектор, 1983–88-ж. аталган мекемеде бюджет бөлүмүнүн начальниги, бөлүм башчысынын орунбасары, 1988–93-ж. Аксуу р-ндук мамл. администрациясынын экономика ж-а финансы бөлүмүнүн башчысы, 1993–97-ж. администрация башчысынын орунбасары, 1997–2000-ж. КРУнун Ысыккөл обл-ты б-ча башкы текшерүүчүсү, 2000–2004-ж. КРнын Эсептөө палатасынын Ысыккөл ж-а Нарын обл-тары б-ча инспектору, 2004-жылдан Ысыккөл обл-к прокуратура бөлүмүнүн башкы адисти.

**ТОРГОЕВА Жумагүл** (1953-ж. т., Тоң р-ну, Бөкөнбаев айылы) – мугалим. КРнын эл агартуусунун отличниги. Пржевальск ш-ндагы мамл. пед. ин-ту бүткөн (1975). 1975–84-ж. Аксуу р-дагы Акбулуң, 1984–90-ж. Түп р-дагы Күрмөнтү, 1990–95-ж. Жетөгүз р-дагы Липенко айылынын Шевченко атн. орто мектепте, 1995-жылдан Аксуу р-дагы Акбулуң орто мектебинде мугалим.

**ТОРГОЕВ Кутан** (1890-ж. т., Каракол у., Аксуу болушу, азыркы Аксуу р-ну, Акбулуң айылы – 1967-ж. ошол жерде) – 1918–19-ж. Анненковдун бандасына каршы күрөшкөн. 1922-жылга чейин көл кылаасында Кеңеш бийлигин чыңдоого активдүү катышкан. 1922–40-ж. ж-а 1944–46-ж. чек арада иштеген. Басмачыларга каршы өз жердештеринен ыктыярдуу отряд түзүп, Түн. Кырг-нда басмачылардын бандаларын талкалоого (1930–36), колхоз курулушуна активдүү катышкан. 1941–44-ж. «Акбулуң» к-зунда төрага. 1950-жылдан респ-лык маанидеги пенсионер. Кызыл Жылдыз, 2-даражадагы Ата Мекендик согуш ордендери м-н сыйланган. Каракол ш-ндагы бир көчө анын ысымынан аталган.



**ТОХЛУКОВ Чингис** (1928-ж. т., Аксуу р-ну, Челпек айылы) – «Мамлекеттик токой сакчылык кызматында 20 жыл иштегендиги үчүн» значок, Кыргыз ССРинин, Министрлер Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**ТОХЛУКОВ Алман** (1947-ж. т., Пржевальск ш.) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Фрунзедеги политехн. интун бүтүргөн (1969), 1969–71-ж. аталган инта мугалим, 1971–72-ж. Сов. Армияда, 1973–75-ж. политехн. ин-та мугалим, 1975–87-ж. политехн. техн-да мугалим, бөлүм башчы, 1987-жылдан директор. «Даңк» медалы менен сыйланган.



**ТӨРӨГЕЛДИЕВА Темир** (1950-ж. т., Аксуу р-ну, Акбулуң айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги. Каракол мамл. пед. ин-тун бүткөн (1972). 1972–75-ж. Жумгал р-ндагы мектепте, Токтогул атн., 2002-жылдан К. Жантөшев атн. орто мектепте мугалим.



**ТӨЛӨБАЕВ Казакбай** (1928-ж. т. Аксуу району, Ичкежергез айылы – 2007-ж. ошол жерде) – агроном, 1955-ж. Кыргыз а. ч. ин-тун бүтүргөн. 1946–1966-ж. «Каракол» с-зунда агроном, айылдык советтин катчысы, 1966–1974-ж. «Ысыккөл» совхозунда бөлүм башчы, 1974–1990-ж. «Путь Ильича» совхозунда профком, бөлүм башчы, директордун орунбасары ж.б. кызматтарда иштеген. «Ардак белгиси» ордени, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамотасы, медалдар менен сыйланган.



**ТУМАНОВ Ыбырай** (1888-ж. т., Каракол уезди, – 1967-ж. Акбулуң айылы) – залкар комузчу ж-а элдик композитор, Кыргыз ССРинин Эл артисти, СССР композиторлор союзунун мүчөсү, 1936–57-ж. Т. Сатылганов атн. Кыргыз мамл. филармониясынын эл аспаптар оркестринде иштеген. Көптөгөн күүлөрдүн автору. «Паровоз», «Толкун», «Жүрөгүм Москва», «Боз салкын», «Алатоо» ж.б. күүлөрү кеңири белгилүү. Залкар комузчу элдик ж-а абалкы комузчулардын күүлөрүн өзүнө таандык ыкмага салып, иштеп чыккан. «Күүлөр» деген жыйнагы белгилүү. Эмгек Кызыл Туу, «Ардак белгиси» ордендери, медалдар м-н сыйланган. Анын ысмы Каракол мамлекеттик музыкалык окуу жайына берилген.

**ТУРАТБЕКОВ Досалы** (1903-ж. т., Каракол у., Сабатар айылы, азыркы Аксуу р-ну, Бозбулуң айылы) – мамл. ж-а. партиялык ишмер. 1929-жылдан КПССтин мүчөсү. Орто

Азия коммунисттик ун-тинин 2 курсун, Орто Азия пахта ин-тунун 1-курсун, КПСС БКнын алдындагы жетектөөчү кадрларды даярдоочу курсту бүткөн. Эмгек жолун жер комитетинде иштеп баштаган. 1933–39-ж. Атбашы, Киров (Карабуура р-ну), Ысыккөл р-дук партия комитеттеринин 1-катчысы, 1939-жылдан Кырг-н КП(б) БКнын а. ч. бөлүм башчысына орунбасар, Ысыккөл обл-тук эл депутаттар кеңешинин аткаруу комитетинин төрагасы, 1942–44-ж. Респ-нын жер б-ча эл комиссары, 1944–50-ж. Фрунзе обл-тук эл депутаттар кеңешинин аткаруу комитетинин төрагасы, 1950–59-ж. респ-нын с-здор б-ча а. ч. министринин орунбасары, 1960–64-ж. Москвада иштеген (Эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн Кыргыз ССРи павильонунун директору). 1964-жылдан пенсияда. Эки Эмгек Кызыл Туу, I даражадагы Ата Мекендик согуш, «Ардак белгиси» ордендери м-н сыйланган.



**ТУРДАЕВ Осмон** (1926-ж. т., Челпек айылы – 2005-ж. ошол жерде) – Алматыдагы милициянын Жогорку мектебин (1962) ж-а Жогорку партиялык мектепти бүтүргөн, Советтик милициянын отличниги, милициянын полковниги, 1948-ж. «Ташкыя» к-зунда эсеп-кысап жумуштарында, 1948–50-ж. Аксуу р-ндук ички иштер бөлүмүндө оперуполномоченный, 1951–54-ж. Тоң р-ндук ички иштер бөлүмүндө, Кажысай посёлогунда ага оперуполномоченный, 1954–63-ж. Казак ССРинин экинчи Курдай (п/я 54тө) р-ндук ички иштер бөлүмүнүн начальниги, 1963–84-ж. ошол эле р-ндук Гвардейский бөлүмүнүн начальниги, 1984–90-ж. Куралдуу Күчтөр министрлигине караштуу «Алматинский» с-зунун профсоюз уюмунун төрагасы. СССР ИИМнин Ардак грамотасы м-н үч жолу, медалдар м-н сыйланган.

**ТУРДУБАЕВ Жолочу** (1935-ж. т., Жетөгүз р-ну, Дархан айылы) – КМУну бүтүргөн (1957), 1957–58-ж. Лейлек р-ндагы Токтогул атн. мектепте мугалим, 1958–63-ж. ошол эле р-ндо окуу бөлүмүнүн башчысы, метод. кабинеттин башчысы, 1963–66-ж. партиянын Лейлек р-ндук комитетинин агит.



ж-а проп. бөлүмүнүн башчысы, 1966–71-ж. Ош обл-к комитетинде инструктор, 1971–78-ж. партиянын Токтогул р-ндук комитетинде 2-катчы, 1978–82-ж. Лейлек р-ндук советинин төрагасы, 1982–88-ж. партиянын Аксуу р-ндук комитетинин 1-катчысы, 1988–89-ж. Кырг-н КП БКнын уюштуруу бөлүмүнүн башчысынын 1-орунбасары, 1989–91-ж. Кырг-н КП БКнын партиялык көзөмөл комиссиясынын төрагасы, 1991-ж. СССР Жогорку Советинде, 1991–93-ж. Ысыккөл обл-к Жаратылышты коргоо комитетинин төрагасы, 1993–2002-ж. Ысыккөл обл-к Кеңештин төрагасы, 2002–2006-ж. обл-к Ардагерлер кеңешинин төрагасы, Кыргыз ССР Жогорку Советине үч жолу депутат болуп шайланган, Кырг-н КП БКнын мүчөлүгүнө эки ирет шайланган. Эмгек Кызыл Туу, «Ардак белгиси» ордендери, медалдар, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун ж-а КРнын Ардак грамоталары м-н сыйланган. Аксуу районунун ардактуу атуулу.



**ТУРДУБАЕВ Туртемир** (1920-ж. т.,) – 1940–45-ж. Ата Мекендик согушка катышкан. II даражадагы Ата Мекендик согуш, Кызыл Жылдыз ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**ТУРДУБЕКОВА Аший** (1935-ж. т., Аксуу р-ну, Тепке айылы) – мугалим, КМУну химия факультетин бүтүргөн (1958), 1958–61-ж. Фрунзедеги дыйканчылык ил. изилдөө ин-тунда кенже ил. кызматкер. 1961–68-ж. Жамбул об-дагы Мерке р-ндук билим берүү бөлүмүндө методикалык кабинеттин башчысы, Киров атн. мектепте мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, 1968–2000-ж. Аксуу р-ндагы М. Мамакеев атн. орто мектебинде мугалим, директор. КРнын Ардак грамотасы м-н сыйланган.

**ТУРДУБЕКОВ Акил** (1919-ж. т., Аксуу р-ну, Токтогул айылы – 1998-ж. ошол жерде) – 1939–46-ж. Сов. Армиянын катарында кызмат өтөп, Ата Мекендик согушка катышкан.



1947–50-ж. «Ысыккөл правдасы» газетасында корректор болуп иштеген. 1950–55-ж. Акбулуң айыл кеңешинин секретары. 1955–79-ж. Зындан айылынын Сырт өрөөнү б-ча мал чарбасынын эсепчиси, Түргөн совхозунда сугатчы болуп эмгектенген. Талыкпаган эмгеги үчүн Октябрь революциясы, Ата Мекендик согуш ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**ТУРДУБЕКОВ Бөкөнбай** (1950-ж. т., Аксуу р-ну, Зындан айылы) – Фрунзедеги К. Скрябин атн. а. ч. ин-тун бүткөн (1983). 1967–69-ж. «Түргөн» с-зунда механизатор, 1969–71-ж. Сов. Армияда, 1971–95-ж. «Түргөн» с-зунда механизатор, бөлүмдүн башчысы, башкы агроном, парткомдун секретары, директордун орунбасары, гидротехник кызматтарында иштеген. 1995–99-ж. Зындан а. ч. бирикмесинде төрага, 1999–2004-ж. Акбулуң айыл өкмөтүнүн башчысы, 2004-жылдан Аксуу р-дук а. ч. департаментинде башкы агроном. Медаль м-н сыйланган.



**ТУРДУБЕКОВ Кудаш** (1919-ж. т., Аксуу р-ну, Теңизбай айылы) – Фрунзе ш-ндагы пед. техникумду (1940), Москвадагы Марксизм-ленинизм ун-тин бүткөн (1957), 1940–42-ж. Тоң р-ндагы М. Горький атн. орто мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы, 1942–46-ж. Ата Мекендик согушка катышкан. 1946–48-ж. Түп р-ндагы билим берүү бөлүмүнүн башчысы, 1948–50-ж. Тяньшань обл-тык билим берүү бөлүмүнүн башчысы, 1950-ж. Кыргыз ССРинин билим берүү министрлигинин материалдык-техникалык жактан жабдуу бөлүмүнүн башчысы, «Сельское хозяйство» журналынын редакторунун орунбасары. Медалдар м-н сыйланган.

**ТУРДУКУЛОВ Мундузбек** (1934-ж. т., Челпек айылы) - окумуштуу, КМУну бүтүргөн (1957), а. ч. ил. кандидаты, 1957–63-ж. Кыргызстан дыйканчылык ил. изилдөө ин-тунда



кенже ил. кызматкер, 1962–65-ж. Кыргызстан топурак таануу илим-изилдөө ин-тунда бөлүм башчы, ин-тун ил. катчы ж-а директордун орунбасары, 1965–83-ж. Кырг-н топурак таануу ин-тунун ил. катчысы ж-а директордун орунбасары, 1984–93-ж. Ысыккөл обл-к а. ч. химиялаштыруу б-ча долбоорлоо станциясында директор, 1993–2000-ж. «Кыргызмамжерресурстары» уюмунун Генеральный директорунун ил. б-ча орунбасары. 30га жакын ил. эмгектин автору. Медалдар м-н сыйланган.



**ТУРДУКУЛОВ Нурбек** (1962-ж. т., Каракол ш.) – кибернетик-экономист, экономика ил. кандидаты, Москва ш-ндагы С. Орджоникидзе атн. башкаруу ин-тун (1984), РФнын ИАсынын аспирантурасын бүтүргөн (1992), 1984–87-ж. Кыргыз ССР ИАсынын экономика ин-тунда кенже ил. кызматкер, 1987–89-ж. РФнын ИАсынын Борбордук экономика-математикалык ин-тунда (ЦЕМИ) экономикалык регионалдык моделдештирүү лабораториясында изилдөөчү стажер, 1992–2001-ж. «Аэропаг-Бишкек» ОсООдо генералдык директор, 2001–2004-жылдары «Бител» ОсООдо генералдык директор, 2004–2005-ж. КРнын Транспорт ж-а коммуникация министринин орунбасары, «Бишкек консенсус» экономикалык саясат ин-нун көзөмөлдөө Кеңешинин төрагасы.



**ТУРДУМАМБЕТОВ Турсун** (1957-ж. т., Аксуу р-ну, Тепке айылы) – инженер, Фрунзедеги политехн. ин-тун бүтүргөн (1979), 1979–83-ж. Кыргыз ССРинин граждандык авиация башкармалыгынын Пржевальскидеги ишканасында инженер-механик, башкы инженер, 1983–87-ж. ошол эле ш-дагы «Кыргызайылчарбахимияда» начальник, башкы инженер, 1987–91-ж. Тепке айыл Советинин төрагасы, Аксуу р-ндук Советинин төрагасынын орунбасары, 1991–96-ж. «Жыргалаң» с-зунда директор, «Жыргалаң» а. ч. өндүрүштүк кооперативинин төрагасы, Жыргалаң айыл

башчысы, 1996–99-ж. Ысыккөл обл-к мамл. мүлк фондунун төрагасы, 1999–2001-ж. КРнын мамл. мүлк фондунун төрагасынын 1-орунбасары, 2001–2005-ж. КРнын алдындагы мамл. мүлк б-ча башкармалыгында директор, 2005-жылдан төрага.

**ТУРДУМАМБЕТОВ Догдурбай** (1939-ж. т., Аксуу р-ну, Чолпон айылы) – айдоочу, 1956–63-ж. Каракол с-зунда малчы, 1963–91-ж. айдоочу, 1992–2002-ж. «Улан» дыйкан чарбасынын башчысы. «Ардак белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.



**ТУРДУМАХМЕДОВА Роза** (1941-ж. т., Аксуу р-ну, Бөрүбаш айылы) – финансы кызматкери. Фрунзе ш-ндагы кооператив техн-мун бүткөн (1966). 1964–96-ж. Ош об-дагы Өзгөн соода башкармасында үйрөнчүк, сатуучу, дүкөн башчысы, бөлүмдүн башчысы, товаровед, текшерүүчү кызматтарында иштеген. Соода тармагында натыйжалуу эмгек кылгандыгы үчүн Ленин, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак белгиси» ордендери, медалдар м-н сыланган.



**ТУРКЕЕВ Токтосун** (1894-ж. т., Челпек айылында – 1938-ж. белгисиз) – Фрунзе ш-ндагы айыл кеңештеринин катчыларын даярдоо курсун (1928), Москвадагы ВЦИКтин алдындагы советтик кызматкерлерди даярдоочу 2 жылдык курсту бүтүргөн (1936), 1925-ж. ШКМда мугалим, Күрмөнтү волосттук, Балыкчы р-ндук аткаруу комитеттеринде катчы, 1936-ж. Нарын р-ндук аткаруу комитетинин төрагасы. 1938-ж. репрессиянын чеңгелинде эки жыл бир ай камалып, ежовчулардын курмандыгы болгон. Челпек айылынын бир көчөсү анын ысымы м-н аталат.

**ТУРСУНАЛИЕВ Бердибай** (1941-ж. т., Аксуу р-ну, Каражал айылы) – жогорку техникалык билимдүү, 1963–64-ж. Ош обл-к Майлысай ш-ндагы эт комбинаты бөлүмүнүн начальниги, 1964–69-ж. Балыкчы ш-ндагы ликер-арак заводунун директору, 1969–85-ж. Балыкчы ш-дык кеңешинин төрагасы, партиянын Ысыккөл обл-к комитетинин уюш-

туруу бөлүмүнүн башчысы, Чолпоната ш-дык кеңешинин аткаруу комитетинин төрагасы, 1985–95-ж. КРнын Жогорку Советинин сыйлыктар бөлүмүнүн башчысы, КРнын алдындагы жакырчылыкты жоюу фондунун директорунун орунбасары, 1995–2002-ж. Президенттик фонддун улут. департаментинин бөлүм башчысы.



**ТУРСУНАЛИЕВ Нурдин** (1960-ж. т., Аксуу р-ну, Каражал айылы) – Ташкенттеги танкалык-командалык жогорку окуу жайын бүтүргөн (1981), 1981–82-ж. Балыкчыдагы танкалык полкто взводдун командири, 1982–85-ж. ошол эле полктун командири, 1986–88-ж. гарнизондун командири, азыркы учурда дивизиянын начальниги. «Манас» ордени м-н сыйланган.



**ТУРСУНБАЕВ Намыр** (1978-ж. т., Челпек айылы) – спортсмен, дзюдо б-ча КРнын спортунун чебери, Олимпиадалык резервдерди даярдоочу спорт мектебин (1995), Бишкектеги мамл. дене тарбия ин-тун бүтүргөн (2000). 2000–2004-ж. балдар ж-а өспүрүмдөр спорт мектебинде тренер, дзюдо федерациясында эмгектенет. 1999-ж. Кыргыз Респ-лык Универсиадасында 1-орун, ошол эле жылы СКИФтин ачык биринчилигинде 2-орунду ээлеген, дзюдо б-ча улуттук категориядагы судья, 1999-ж. Иранда, Чабакар ш-нда, 2002-ж. Кореянын Сеул ш-нда, 2003-ж. Япониянын Осака ш-нда өткөн спорт оюндарына катышкан. 2003-ж. Катар ш-нда Эларалык категориядагы калыс наамына ээ болгон.



**ТУРУМБАЕВ Камчыбек** (1962-ж. т., Аксуу р-ну, Керегеташ айылы) – Пржевальск ш-ндагы Ы. Туманов атн. муз. окуу-жайын бүтүргөн (1987), 1982–83-ж. Аксуу р-ндук мад-т үйүндө «Боз салкын» ыр-бий ансамблинде аккомпаниатор, 1984–85-ж. Пржевальскидеги обл-к драма театрында аккомпаниатор, 1987–90-ж. Керегеташ

айылдык мад-т үйүндө муз. көркөм жетекчи, 1990–91-ж. Каракол ш-ндагы кооператив окуу жайында көркөм жетекчи, 1991–92-ж. Ысыккөл обл-к телерадио кампаниясында уюшулган «Актолкун» ансамблинин көркөм жетекчиси, 1992–93-ж. Каракол ш-ндагы мад-т үйүндө муз. аккомпаниатор, 1993-ж. жеке чыгармачылык иште. Чыгармачылык б-ча респ-лык, обл-к бир нече конкурстардын лауреаты. «Жандүйнө» деген китеби жарыкка чыккан.



**ТУУГАНБАЕВА Мария** (1907-ж. т., Аксуу р-ну, Чолпон айылы – 1986-ж. ошол жерде) – 1926-ж. фабрикада жумушчу болуп иштеген. Ташкенттеги САКУ ун-тин бүтүргөн. 1934–35-ж. КРнын жогорку сотунун орунбасары. 1935–41-ж. Кыргыз улуттук юстициясынын комиссары. 1941–43-ж. Түп р-дагы Талдысуу орто мектебинин директору. 1943–57-ж Фрунзе ш-дагы кооператив техникумунда мугалим. Медалдар м-н сыйланган.



**ТҮЛӨБЕРДИЕВ Колхоз** (1938-ж. т., Түп р-ну, Сарытологой айылы) – 1960–66-ж. Санташ с-зунда чабан, 1966–94-ж. Аксуу р-ндагы «Каракол» с-зунда чабан. Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.



**ТҮЛӨБЕРДИЕВ Океш** (1904-ж. т., Тоң р-ну, Акөлөң айылы – 1972-ж. Аксуу р-ну, Маман айылы) – к-з өндүрүшүн уюштургандардан. Соц. Эмг. Баатыры (1957). 1932-жылдан КПССтин мүчөсү. 1928–32-ж. Каракол ш-ндагы ишканаларда жумушчу. 1934-ж. Аксуу р-нундагы Зындан айыл кеңешинде төрага. 1941–43-ж. Сов. Армиянын катарында, Аскерден келгенден кийин Октябрь айыл кеңешинин, андан кийин «Жаңы Жылдыз» (Аксуу р-ну) к-зунда башкарманын төрагасы болгон. Анын жетекчилиги м-н чарбанын экон-сы чыңдалып, а. ч. өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү жогорулаган,

малдын саны м-н продуктуулугу өскөн. 2 Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган. Ысмы Каракол ш-нын ж-а айылдын көчөлөрүнүн бирине коюлган.



**ТЫНАЕВ Жапар** (1939-ж. т., Жетөгүз р-ну, Оргочор айылы) – Фрунзе ш-ндагы а. ч. ин-тун бүткөн (1962), Айыл ч. ил. кандидаты. 1969–72-ж. Жетөгүз р-дагы Ысыккөл к-зунун башкы агроному. 1969–74-ж. Кырг-н топурак таануу илим-изилдөө ин-нун аспиранты, ошол эле ин-та кенже ил. кызматкер. 1974–77-ж. Жетөгүз р-дагы Оргочор кой чарба тажрыйба станциясында агроном, 1977–87-ж. Аксуу р-дагы Бөрүбаш үрөнчүлүк-тажрыйба чарбасында директор, 1987–2005-ж. Ысыккөл об-тык жайыт башкармасынын директорунун орунбасары, Үчкошкон геологиялык экспедициясынын көмөкчү чарбасында директор. 2005-жылдан дыйкан чарбасынын жетекчиси. Медалдар м-н сыйланган.



**ТЫНЫБЕКОВ Дамир** (1941-ж. Аксуу р-ну, Курбу айылы) – Сухой-Хребеттеги №14-кесипчилик-техн. окуу жайын (1959), Марксизм-ленинизм ун-тин бүтүргөн (1988), 1960–83-ж. Пржевальск ш-ндагы жүк ташуучу автобазада айдоочу, 1983–88-ж. № 2916 автоколоннанын партиялык уюмунун катчысы, 1990–93-ж. №4-отряддын начальниги, 1993–97-ж. коммерция бөлүмүнүн начальниги, 1997–2003-ж. көзөмөл б-ча механик. Эмгек Кызыл Туу, Октябрь революциясы ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**ТЫНЫБЕКОВ Качый** (1912-ж. т., Аксуу өрөөнү, Отузуул айылы – 1970-ж. ошол жерде) – Ташкент ш-ндагы САКУну бүтүргөн (1935), 1935–39-ж. Аксуу р-ндагы Отузуул айылында мугалим, к-здун башкармасы, 1939–42-ж. Санташ с-зунда директор, 1942–45-ж. Нововознесеновка р-ндук комитетинин катчысы, 1945–47-ж.

Жетөгүз р-нда а. ч. башкармалыгында төрага, 1947–49-ж. Кырг-н БКнын аппаратында, 1949–53-ж. Ош обл-дагы Афлатун жаңгак токой чарбасында директор, 1953–70-ж. Аксуу р-ндагы Курбу айылында жылкы фермасынын, кырмандын башчысы, чарба жумуштарында иштеген.



**ТЫНЫКЕЕВ Кыдырган** (1950-ж. т., Аксуу р-ну, Каракыз айылы – 2004-ж. ошол жерде) – Пржевальск ш-ндагы бухгалтердик курсту (1969), КМУну бүтүргөн (1985), 1985–91-ж. Жетөгүз р-ндагы «Дружба» к-зунда башкы бухгалтер, 1991–95-ж. Каракол ш-дык салык инспекциясында текшерүүчү, 1995–2002-ж. Аксуу р-дук салык инспекциясынын начальниги, 2002–2004-ж. Каракол ш-дык прокуратурасында иштеген.



**ТЫНЫМСЕИТОВ Алмаз** (1971-ж. т., Аксуу р-ну, Чолпон айылы) – обончу. Музыкага болгон кызыгуусу мектептин босогосун аттагандан башталган. Өздүк-көркөм чыгармачылыгынын активдүү катышуучусу, аккордеон, комузда ойноону мыкты өздөштүргөн. Алгачкы обондору, «Атажурт», «Махабат», «Сүйгөн шаарым Каракол», «Жубайыма», «Ата-энеме» аттуу ырлары эл арасында белгилүү. Областтык кароо-сынактардын лауреаты.



**ТЫНЫМСЕИТОВ Мелис** (1941-ж. т., Түп р-ну, Чолпон айылы) – КМУну бүтүргөн (1968), 1968–79-ж. Жетөгүз р-ндагы Киров атн., Түп р-ндагы М. Элебаев атн., Чолпон орто мектептеринде мугалим, 1979–2001-ж. Каракол с-зунун №3-фермасынын башкаруучусу, профкомдун төрагасы, Каракол айыл өкмөтүндө жооптуу катчы, 2001-жылдан Аксуу р-ндук агроөнөржайынын профсоюз уюмунун төрагасы.



**ТЫНЫЕВ Камчыбек** (1974-ж.т., Пржевальск шаары) – Ысыккөл мамлекттик К. Тыныстанов атн. университетти бүтүргөн (1996). 1998-ж. Каракол ш-дык мамадминис-н. астындагы кайрымдуулук фондунда директордун орунбасары, 1998–1999-ж. жаштардын эмгек биржасында башкы адис. 1999–2001-ж. Каракол ш-дык курулуш жана коммуникация башчылыгында инспектор, Аксуу районунун жана Каракол шаарынын жаштар ком-н төрагасы, 2001–2004-ж. Ысыккөл обл. мамадминис-да уюштуруу жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу башкармачылыгында кадрлар боюнча жетектөөчү адис. КРнын сыйлыктар боюнча областтык комиссиянын жооптуу катчысы. 2007-жылдын 24-апрелинен Аксуу районунун мамадминис-н. аппарат башчысы.



«Жеңиш» чокусу (Бийиктиги 7439 м.).

**УБУКЕЕВ Айткулу** (1905-ж. т., Аксуу р-ну, Керегеташ айылы – 1973-ж. Бишкек ш.) – жазуучу, журналист. «Ленинчил жаш», «Кызыл Кыргызстан» гезиттеринде адабий кызматкер, жооптуу катчы болгон (1925–32), комсомолдук, партиялык



кызматтарда (1926–46) жүргөн. Кырг-н Жазуучулар союзунда катчы (1947–55), «Чалкан» журналында жооптуу катчы (1955–61), редактор (1961–65) болуп иштеген. Чыгармалары 1928-жылдан жарыялана баштаган. У-дин «Жыргал» (1954), «Койчуман» (1955), «Саякат» (1959) аңгеме жыйнактары, «Акбулут» (1972) повести, «Чырдөбө» романы (1964) бар. У. коомчулукка фельетонист («Куйругу жок кулаалы», 1970) ж-а очеркист катары да таанымал. Бир нече медаль м-н сыйланган.

**УБУКЕЕВ Мелис** – кинорежиссер, КРнын искусствосуна эмг. сиң. ишмер, «Тайгак кечүү», «Саякбай», «Ак Мөөр», «Кечки үлбүр чек», «Элет окуясы», «Тоо оюну» көркөм ж-а документалдуу фильмдерин тарткан.



**УБУТАЕВА Венера** (1938-ж. т., Жетөгүз р-ну, Жетөгүз айылы) – окумуштуу-агроном, КРнын а. ч. эмг. сиң. кызматкер, а. ч. ил. кандидаты, Кыргыз а. ч. ин-тун бүтүргөн (1963), 1965-жылдан Ысыккөл тажрыйба-селекция станциясында бөлүм башчы, илим б-ча директордун орунбасары. «Ардак белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.



**УВАЛИЕВ Желдең** (1930-ж. т., Челпек айылы – 1996-ж. Жетөгүз р-ну, Жаргылчак айылы) – соода кызматкери, Советтик керек-жарак кооперациясынын отличниги, 1950-ж. Жетөгүз р-ндагы Тамга ж-а Чоңжаргылчак айылдарында дүкөн башчы. Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.



**УВАЛИЕВ Турсун** (1929-ж. т., Жетөгүз р-ну, Барскоон айылы – 1978-ж. Челпек айылы) – мугалим, Пржевальск пед. ин-тун (1950), Фрунзедеги пед. ин-тун сырттан окуп бүтүргөн (1956), 1950–52-ж. Нарын облдагы Куланак жети жылдык мектебинде директор, 1952–69-ж. Тоң, Бөрүбаш сегиз

жылдык мектептеринде, 1969–76-ж. Челпек айылындагы «Ленин жолу» орто мектебинде директор, 1971–78-ж. Ысык-көл тажрыйба селекция станциясында парткомдун секретары болуп иштеген.



**УГЛОВ Николай** (1922-ж. т., РСФСР, Самара обл-ты – 1989-ж. Теплоключенка айылы) – мугалим, СССРдин элге билим берүүсүнүн отличниги, Орлов ш-ндагы аскер окуу жайын бүтүргөн (1942), 1942–45-ж. Ата Мекендик согушка катышкан, 1946–52-ж. Каракол р-ндук аскер комиссариатында, мектепте мугалим, 1952–60-ж. партиянын Аксуу р-дук комитетинде инструктор, бөлүм башчы, катчынын жардамчысы, 1960–63-ж. «Кыргызайылчарбатехника» бирикмесинде, 1963–89-ж. Мичурин атн. орто мектепте мугалим. II даражадагы Ата Мекендик согуш ордени, медалдар м-н сыйланган.



**УЗБЕКОВ Аскарбек** (1965-ж.т. , Аксуу р-ну, Ичкежергез айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Пржевальск мамл. пед. ин-нун бүтүргөн (1988), 1988–90-ж. Пржевальскидеги Киров атн. орто мектепте мугалим, 1990–92-ж. Аксуу р-ндагы Эңилчек айылындагы орто мектепте мугалим, көркөм жетекчи, 1992–94-ж. Ичкежергез орто мектебинде тарбия иштери б-ча директордун орунбасары, 1994–2003-ж. ошол эле мектепте директор, 2003–2005-ж. Айылдык инвестиция бирикмесинин жетекчиси.



**УРАЗБЕКОВ Доктурбай** (1897-ж. т., Аксуу р-ну, Жолколот айылы – 1965-ж. ошол жерде) – чарба кызматкери. Фрунзедеги ички иштер кызматкерлеринин курсун бүткөн (1926). 1916–21-ж. Түргөн волостунда жалданып мал багып, а. ч. жумуштарын кылган. 1921–25-ж. Каракол ВОГПУнун өзгөчө бөлүмүндө кызмат кылган. 1924-жылдан КПССтин мүчөсү. 1925–26-ж. Каракол кантонуна караштуу р-дук ички иштер бөлүмүнүн начальниги. 1926–30-ж.

Каракол ш-нын кылмыш издөө бөлүмүнүн оперуполномоченныйы. 1930–31-ж. Жетөгүз р-дук ички иштер бөлүмүнүн начальниги. 1931–33-ж. ошол эле райкомдун төрагасы, 1933–39-ж. Токмок ш-дык ички иштер бөлүмүнүн начальниги, 1939–41-ж. Фрунзе кедей-дыйкан ички иштер башкармасында оперуполномоченный. 1941–43-ж. Жолколот айылындагы Молотов атн. к-здо ж-а «Каракол» с-зунда саясий бөлүмдүн башчысынын орунбасары. 1934–49-ж. «Оргочор» с-зунун, Каракол кирпич заводунун директору. «Ардак белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.



**УРАЛИЕВ Турсун** (1934-ж. т., Аксуу р-ну, Каражал айылы) – артист, режиссёр-коюучу, КРнын Эл артисти, мад. эмг. сиң. ишмер, Ташкен кинотехникумун, Ташкендеги А. Островский атн. театр өнөрү ин-тун бүтүргөн (1954), 1954–58-ж. Ташкен киностудиясында актёр, 1958-жылдан Кыргыз телекөрсөтүү ж-а радиоуктуруу кампаниясында башкы режиссер. Ал режиссёр-коюучу катары драма театрда көптөгөн спектаклдерди алып чыккан.



**УРМАНАЕВ Исакун** (1922-ж. т., Аксуу р-ну, Бозучук айылы – 1977-ж. ошол жерде) – 1942–46-ж. Ата Мекендик согушка катышып, оор жарадар болгон, 1946–56-ж. кооперация тармагында, эл чарбасында иштеген, 1956–77-ж. «Путь Ильича» с-зунда чабан болуп эмгектенген. Ата Мекендик согуш ордени, медалдар м-н сыйланган.



**УРМАНАЕВ Ильяс** (1927-ж. т., Аксуу р-ну, Бозучук айылы) – Алматы ш-ндагы Жогорку партиялык мектепти бүтүргөн (1962). 1941–43-ж. Энчилеш айылында ар кандай жумуштарда иштеген, 1943–46-ж. Быстровка–Балыкчы темир жолун курууга катышкан. 1946–50-ж. Нововознесеновка райпрокуратурасында катчы, 1950–54-ж. Сов. Армиянын катарында, 1954–58-ж. партиянын Нововознесеновка р-ндук комитетинде инструктор, 1962–67-ж.

партиянын Түп р-ндук комитетинде үгүт-насият бөлүмүнүн башчысы, 1967–78-ж. Түп, Аксуу р-ндорунун элдик көзөмөл комитетинин башчысы, 1978–81-ж. Аксуу р-ндук пландоо комиссиясынын башчысы, 1981–88-ж. а. ч. азык-түлүгүн сапаттуу камдоо б-ча мамл. уюмдун башкы инспектору. КПСС БКнын, СССР Министрлер Советинин, ВЦСПСтин, ВЛКСМ БКнын, СССР элдик контролдоо комитетинин Ардак грамоталары м-н сыйланган.



**УРМАНАЕВ Султан** (1948-ж. т., Аксуу р-ну, Бозучук айылы) – инженер-механик, техн. ил. кандидаты, КРнын транспортуна эмг. сиң. кызматкер, Москвадагы Автомобиль-жол ин-тун бүтүргөн (1971), 1971–77-ж. Рыбачье ш-ндагы «Автовнештранс» ишканасында участканын мастери, 1977–98-ж. Рыбачье р-ндор аралык «Кыргызсельхозтехника» бирикмесинде башкаруучунун транспорт б-ча орунбасары, «Автовнештранстын» Рыбачье бөлүмүндө директордун орунбасары, башкы инженер, «Совавто-Рыбачье» Эларалык жүк тартуучу ишканасында начальник, «Кыргызтрансавто» ААКда башкарманын төрагасы, 1998–2000-ж. КРнын Өзгөчө кырдаалдар жана граждандык коргонуу министри, 2000–2002-ж. Жалалабат обл-к мамл. администрациясынын башчысы-губернатору. КРнын ЖКинин депутаты. «Даңк» медалы м-н сыйланган.



**УРМАНАЕВ Эркимбай** (1961-ж. Аксуу р-ну, Энчилеш айылы) – дарыгер, Кыргыз мамл. мед. ин-тун бүтүргөн (1989), 1978–80-ж. Фрунзе, Балыкчы ш-нда ар кандай жумуштарда иштеген, 1980–82-ж. Сов. Армияда, 1989–90-ж. Ысыккөл обл-к оорукананын интернатурасында, 1990–92-ж. Аксуу р-ндук поликлиникада участкалык терапевт, 1992–94-ж. ошол эле жерде кардиолог, 1994–2000-ж. поликлиника башчысы ж-а р-ндук борбордук оорукананын башкы дарыгеринин орунбасары, 2000-жылдан бери Аксуу ЦСМдин директору.

**УРМАНБЕТОВА Жылдыз** (1966-ж. т., Фрунзе ш.) – илимпоз, философия ил. доктору, профессор, М. Ломоносов атн. Москва мамл. ун-тин бүтүргөн (1987), Фрунзе политехн. ин-нда, КМУда, Кыргыз ИАсынын философия ж-а укук ин-нда, Кыргыз-Россия-Славян ун-нин философия ж-а социалдык-саясий кафедрасында социалдык илимдер бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. 50дөн ашык ил. эмгектин (а. и. 3 монографиянын) автору.



**УРМАНБЕТОВА Калиман** (1952-ж. т., Түп р-ну, Сарыбулак айылы 2004-ж. Жанарык айылы) – Пржевальск мед. окуу жайын бүткөн (1973). 1973–77-ж. Аксуу р-дагы Кайырмарык, 1977–2004-ж. Жаңарык айылдарында фельдшер.



**УРСЕИТОВ Орозобай** (1942-ж. т., Аксуу р-ну, Жергез айылы) – Фрунзе политех. ин-тун бүтүргөн (1969), техн. ил. кандидаты (1984), доцент (1986). Ардактуу рационализатор. 1969–75-ж. Ош ш-ндагы текстил комбинатында электроцехтин мастери, улук мастери, начальниги. 1975–84-ж. Фрунзе политех. ин-тунун Ош ш-ндагы бөлүмүндө окутуучу. 1984–2001-ж. Ысыккөл об-дагы К. Тыныстанов атн. мамл. ун-нин доценти. 2001–2004-ж. И. Раззаков атн. Кыргыз техн. ун-нин Токмоктогу бөлүмүнүн доценти. КРнын ЖКинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**УСПЕЕВ Үсөн** (1910-ж. т., Аксуу р-ну, Бөрүбаш айылы) – Токмок ш-ндагы зоовет. техн-мун бүткөн (1938). 1938–41-ж. Жетөгүз р-дук сотто аткаруучу болуп иштеген. 1941–45-ж. Ата Мекендик согушка катышкан. 1945–70-ж. Жетөгүз р-дагы Оргочор ж-а Кочкор р-дагы Соңкөл, Тоң р-дагы Тоң совхоздорунда, о. э. Аксуу р-дагы Бөрүбаш айылында зоотехник. III, II даражадагы «Даңк» ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**УСУБАЛИЕВ Үсөнкан** (1939-ж. т., Аксуу р-ну, Совет айылы) – К. Скрябин атн. Кыргыз а. ч. ин-тун бүтүргөн (1981), 1957–59-ж. Сов. Армияда, 1961–65-ж. сүт-товар фермасында осеменатор, 1965–70-ж. № 3-ферманын башчысы, бригадир, 1970–75-ж. бөлүмдүн башчысы, 1975–93-ж. Дзержинский атн. с-здо башкы зоотехник, директор, 1993–94-ж. Соколовка айыл кеңешинин төрагасы. «Ардак белгиси» ордени м-н сыйланган.



**УСУПБАЕВ Үсөнакун** (1924-ж. т., Новвознесеновка р-ну, Зындан айылы) – 1942–45-ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1945–52-ж. к-здун ар кандай жумуштарында иштеген. 1952–86-ж. Зындан айылында чабандык кесипте эмгектенген. Октябрь революциясы, Эмгек Кызыл Туу ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**УСУПБЕКОВ Шаршеке** (1922-ж. т., Аксуу р-ну, Керегеташ айылы) Пржевальскидеги мугалимдер ин-тун бүткөн (1942). 1942–43-ж. Ата Мекендик согушка катышкан. 1943–44-ж. Керегеташ мектебинде мугалим. 1944–47-ж. Ысыккөл обл-к камсыздоо бөлүмүндө кызматкер. 1947–49-ж. «Кыргызстан пионери», «Кызыл-Кыргызстан» газеталарында иштеген. 1949–51-ж. Керегеташ мектебинде мугалим. 1951–57-ж. Ысыккөл обл-к Лекция бюросунда лектор. 1957–60-ж. Кыргыз Окуу-Педагогика басмасында редактор, 1960–68-ж. Фрунзедеги мугалимдердин билимин өркүндөтүү ин-да методист, 1968–84-ж. Кыргыз Совет Энциклопедиясынын башкы редакциясында ага редактор. Бир нече аңгемелер, очерктер жыйнактары бар. У. котормочу катары да белгилүү, ал которгон сегиз китеп жарык көргөн. 1-даражадагы Ата Мекендик согуш ордени, «Каармандыгы үчүн» медалы м-н сыйланган.

**УСУПОВ Сабырбек** (1945-ж. т., Жетөгүз р-ну, Шалба айылы – 1988-ж. ошол жерде) – вет. дарыгер, Пржевальск а. ч. техн-мун (1965), Фрунзедеги К. Скрябин атн. а. ч. ин-тун



бүтүргөн (1975), 1965–69-ж. Атбашы р-дагы «Пограничник» к-зунда вет. фельдшер, Жетөгүз р-ндагы Светло-Поляна вет. участкасында иштеген. 1969–70-ж. Түндүк өндүрүштүк автотрестинде инструктор, 1975–85-ж. Тоң р-ндагы «Улахол» с-зунда башкы вет. дарыгер, вет. станциянын начальниги, 1985-жылдан Аксуу р-ндук агроөнөржай бирикмесинде төрага, р-ндук аткаруу комитетинин төрагасынын орунбасары, СССР ИАнын «Академик К. Скрябиндин 100 жылдыгы» медалы м-н сыйланган.



**ҮМӨТОВ Жумабай** (1933-ж.т., Аксуу р-ну, Ичкежергез айылы – 1995, Бишкек ш.) – колдонмо өнөр сүрөтчүсү. В. И. Суриков атн. Москва сүрөт ин-нун көркөм мектебин, В. И. Мухина атн. Ленинград жог. көркөм окуу жайын бүтүргөн, Кыргыз Эл сүрөтчүсү (1979), КРнын искусствосуна эмг. сиң. ишмери (1979). Ү. негизинен кездемелердин бетине түр салуу, улуттук оймо-чиймелерди иштеп чыгуу өнөрүнө көп эмгек сиңирген. Ал түр салган килем Москвадагы бүткүл союздук көргөзмөдө жогорку баага арзыган. «Аңчы» (1960), «Кубаныч бийи» (1971) сыяктуу алакийиздери Франция, АКШ, Канада, Япония ж.б. өлкөлөрдө көрсөтүлгөн. 1974-ж. ГДРда (Эрфуртта) өткөн Соц. өлкөлөрдүн көргөзмөсүндө анын алакийиздери биринчи сыйлык алган. Живопись б-ча да эмгектенет: «Кечки күз», «Салкын таң» (1969), «Бийик тоолордо» (1982) ж.б сүрөттөрү белгилүү. КРнын Токтогул атн. мамл. сыйлыгынын лауреаты (1980; «Кыргыз мотиви», «Жайлоо», «Жаз маанайы» аттуу жасалга-колдонмо эмгектери үчүн). 1974-ж. СССР ИАнын күмүш медалын, ошол эле жылы СССР эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн алтын медалын алган.

**ҮРҮСТӨМОВ Дунгана** (1888-ж. т., Аксуу у., Каракыз айылы – 1994-ж. ошол жерде) – 1928–40-ж. Каракыз айылында чабан, жылкычы, жылкы фермасынын башчысы болгон. 1940–46-ж. ошол эле р-догу Пионер к-зунун башкармасы, 1946–60-ж. Киров атн. (азыркы Калматай) к-здо



жылкы фермасынын башчысы, 1960–75-ж. Мирный (азыркы Жергез) к-зунда жаратылышты коргоо бөлүмүндө кызматкер. «Ардак белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган. Кыргыз ССР Жогорку Советине бир нече жолу депутат болуп шайланган.



**ҮСӨНАЛИЕВА Гүлшайыр** (1945-ж. т., Жетөгүз р-ну, Дархан айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Фрунзедеги В. Маяковский атн. Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-тун бүтүргөн (1966), 1966–74-ж. Аксуу р-ндагы Акбулуң, 1974–96-ж. ошол эле р-ндогу Акбулак орто мектептеринде мугалим. КРнын ЖКинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**ҮСӨНБАЕВА Нарынгүл** (1950-ж. Жетөгүз р-ну, Барскоон айылы) – эмгек жолун 1969–74-ж. райкомдун Ысыккөл аткаруу комитетинде катчы, иш башкаруучу болуп иштөө м-н баштаган. 1974–85-ж. Кыргыз керек-жарак союзунун Балыкчыдагы соода базасында, 1985–95-ж. Ташмойнок жумушчу кооперация коомунда иштеген, 1995–99-ж. Аламүдүн ж-а Сокулук р-ндук эмгек ж-а социалдык коргоо башкармасынын башчысы, Дүйнөлүк банктын проектиси б-ча 1999–2003-ж. Социалдык тейлөө ж-а коомдук уюмдар м-н байланыш түзүү бөлүмүндө башкы адис болуп иштеген. 2003-жылдан Аксуу психо-неврологиялык аялдар интернат-үйүндө директор. КРнын Өкмөтүнүн Ардак грамотасы м-н сыйланган.

**ФАТУНОВ Василий** (1921-ж. т., Аксуу р-ну, Соколовка айылы) – токой чарба кызматкери, Фрунзе ш-ндагы токой чарбасы б-ча курсту бүтүргөн (1940), 1940–46-ж. Сов. Армиянын катарында Ата Мекендик согушка катышкан, 1946–47-ж. токой чарбачылыгы б-ча тажрыйба станциясында техник, 1947–57-ж. көзөмөл пунктунун башчысы, 1957–59-ж. Теплоключенка токой тажрыйба чарбачылыгында инженер, 1959-жылдан аталган чарбанын жетекчиси. Ата Мекендик Согуш ордени, медалдар м-н сыйланган.



**ХАКИМОВ Алымкул** (1956-ж. т., Аксуу р-ну, Челпек айылы) – КМУну бүтүргөн (1978), 1978–92-ж. Ысыккөл обл-к финансы башкармалыгында улук контролдоо ревизору, финансы министрлигинин Ысыккөл обл-ты б-ча бөлүмдүн начальниги, 1992–95-ж. обл-к мамл. салык инспекциясынын начальниги, начальниктин орунбасары, 1996–97-ж. Ысыккөл р-ндук салык инспекциясынын начальниги, 1997–98-ж. Жетөгүз р-ндук салык инспекциясынын начальниги, 1998–99-ж. обл-к салык инспекциясында бөлүмдүн начальниги, 1999–2001-ж. Аксуу р-ндук салык инспекциясынын начальниги, 2001-жылдан финансы министрлигинин алдындагы мамл. салык инспекциясында башкы инспектор.



**ХАКИМОВ Бактыгул** (1953-ж. т., Жетөгүз р-ну, Кабак айылы – 1996-ж. Челпек айылы) – дарыгер, Кыргыз мамл. мед. ин-тун бүтүргөн (1976), 1976–86-ж. Ысыккөл обл-к ооруканада дарыгер, 1986–94-ж. травматология бөлүмүнүн башчысы, 1994–96-ж. обл-к оорукананын башкы дарыгеринин орунбасары, башкы дарыгер. Илизаровдун дарылоо методун облуста биринчи колдонгон травматолог.



**ХАКИМОВ Керимкул** (1952-ж. т., Челпек айылы) – 1977-ж. Ысыккөл тажрыйба селекциялык станциясында жумушчу, 1973–75-ж. Сов. Армияда, 1977–80-ж. Кыргыз ССРинин юстиция министрлигинде ага эксперт-бухгалтер, 1980–82-ж. Кыргыз ССРинин Минавтомосдорунда ага ревизор, 1982–92-ж. Кыргыз суу курулуш башкармалыгында башкы бухгалтер, эсеп-кысап ж-а финансы башкармалыгынын начальниги, 1992–94-ж. КРнын Өкмөтүнүн астында Мамл. салык инспекциясында мамл. башкы салык инспектору, 1994–97-ж. «Айбакыт» АКда финансы б-ча вице-президент, 1997–99-ж. КРнын мамл. финансы

инспекциясында мамл. башкы финансы инспектору, 1999-жылдан «Улуттук Аудитордук компания» ОсООдо генералдык директор, КРнын Президентинин алдындагы финансы отчет ж-а аудитордук стандарты б-ча улуттук көз карандысыз эксперттик комиссиянын төрагасы. Медалдар м-н сыйланган.



**ХАМЗЕЕВ Турсун** (1929-ж. т., Челпек – 1996-ж. ошол жерде) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, Пржевальск мугалимдер ин-тун (1946), Фрунзедеги Кыргыз мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1954). 1949–54-ж. Ош пед. ин-тунда окутуучу, кафедра башчысы. 1954–91-ж. Аксуу р-ндагы Челпек орто мектебинде директор, окуу бөлүмүнүн башчысы, мугалим.



**ХАМЗЕЕВ Туратбек** (1956-ж. т., Каракол ш.) – Мичуринскидеги мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1979), 1973-ж. «Кыргызхозторг» базасында жумушчу, 1979-ж. Бишкек ш-ндагы ПТУда комсомол комитетинин катчысы, 1979–81-ж. Сов. Армияда, 1981–83-ж. Кырг-н 1-Май РК ЛКСМда инструктор, 1983–95-ж. Кырг-н ЛКСМ БКсынын БММТ-сындагы «Спутникте» ага референт, бөлүм башчы, төраганын орунбасары, 1995–2000-ж. «Главтур» АОЗТнун директору, 2000-жылдан ОсОО «Интуристте» директор. ВЛКСМ БКнын, ЛКСМ БКнын Ардак грамоталары м-н сыйланган.



**ХАСАНОВ Эрлик** (1934-ж. т., Аксуу р-ну, Бөрүбаш айылы) – Фрунзедеги автожол техн. (1965), Фрунзе политехн. ин-тун бүтүргөн (1986), 1965–76-ж. Ысыккөл МСОсунда мастер-прораб, бөлүмдүн начальниги, 1976–78-ж. Ысыккөл РСУда начальник, 1978–80-ж. Ананьево ПМКсында начальник, 1980–85-ж. Ысыккөл РДДЭсуда начальник, 1985–99-ж. Ысыккөл р-ндагы № 7-ДЭУнун начальниги, 1999-жылдан ошол эле р-ндогу «Жолчу» ОсООсунда директор. Медалдар м-н сыйланган.



**ХАШИМОВ Касым** (1923-ж. т., Челпек айылы) – 1941–1945-ж. Ата Мекендик согушка катышкан. 1945-ж. кой, уй фермада башчы. II, I даражадагы Ата Мекендик согуш, «Даңк» ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**ХОДЖАНОВ Клим** (1936-ж. т., Челпек айылы) – мугалим, КРнын эл агартуусунун отличниги, Нарын ш-ндагы кечки жаштар мектебин, Нарындагы пед. ин-тун (1956), Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1961), 1961–64-ж. Жалалабат обл-нын Алабука р-нундагы 1-Май, 1964–65-ж. Нарын ш-ндагы Киров атн. мектебинде мугалим, 1965–78-ж. ошол эле ш-дагы пед. окуу жайынын окуу-тарбия иштери б-ча директордун орунбасары, 1980–96-ж. Нарын обл-к билим берүү бөлүмүнүн алдындагы мугалимдердин билимин өркүндөтүү ин-тунун бөлүм башчысы. Медалдар м-н сыйланган.



**ХОДЖОМБЕРДИЕВ Медил** (1953-ж. т., Аксуу р-ну, Бөрүбаш айылы) – КРнын калкка кызмат көрсөтүү тармагынын эмг. сиң. кызматкери. КМУну бүткөн (1975). 1975–85-ж. Ысыккөл об-тык ички иштер бөлүмүнүн БХССинде инспектор, улук инспектор, улук оперуполномоченный. 1985–94-ж. ОБХСС начальнигинин орунбасары, Аксуу р-дук ички иштер бөлүм башчысынын орунбасары. 1992–96-ж. Обл-к ички иштер башкармасында ОБЭПКнын төрагасы, Бөрүбаш үрөнчүлүк чарбасынын директору, 1996–2000-ж. Бөрүбаш айыл башчысы, 2000–2003-ж. Ысыккөл об-тык, 2003-жылдан Каракол ш-дык социалдык фонд башкармасынын начальниги. КРнын Президентинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.

**ЧАЛОВ Каныбек** (1960-ж. т., Аксуу р-ну, Маман айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Кыргыз мамл. дене тарбия ин-тун бүтүргөн (1986), 1986–93-ж.



Аксуу р-ндагы Акбулак орто мектебинде мугалим, тренер, 1993–94-ж. Аксуудагы балдардын спорт мектебинин директору, 1994–2002-ж. Маман орто мектебинде директор, 2002-жылдан ошол эле мектепте мугалим.



**ЧЕРИКЧИЕВА Шайырбүбү** (1950-ж. т., Ысыккөл р-ну, Чолпоната ш.) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги (1995), Пржевальскидеги мамл. пед. ин-ту бүткөн (1972), 1972–84-ж. Жыргалаң айылындагы, Пржевальск ш-ндагы орто мектептерде, 1984–86-ж. Аксуу р-ндагы Теплоключенка интернатында мугалим, ошол эле айылдагы балдар бакчасынын башчысы, 1986-жылдан ошол эле айылдагы Мичурин ж-а Мамакеев атн. орто мектептерде мугалим.



**ЧЕРНЫШ Иван Васильевич** (1953-ж. т., Аксуу р-ну) – инженер-механик, К. Скрябин атн. а. ч. ин-тун бүтүргөн (1975), 1975–83-ж. «Заря коммунизма» к-зунда механик, ремонт кызматынын начальниги, 1983–94-ж. башкы инженер, 1994–2005-ж. «Заря» а. ч. кооперативинде башкы инженер, 2005-жылдан аталган кооперативдин төрагасы.

**ЧИКЕЕВ Чымырбай** (1907-ж. т., Аксуу р-ну, Бөрүбаш айылы – 1977-ж. ошол жерде) – Ленинград ш-ндагы КПСС БКнын алдындагы партиялык Жогорку мектепти бүткөн (1943). 1930–38-ж. Кырг-н БКде котормочу болуп иштеген. 1943–56-ж. Тяньшань обл-тык аткаруу комитетинин төрагасы. 1956–75-ж. КРнын соода министри ж-а анын орунбасары.

**ЧОЛПОНБАЕВА Гүлайча** (1952-ж. т., Аксуу р-ну, Ичкежергез айылы) – мугалим, В. Маяковский атн. Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-тун (1974), Москвадагы ВЛКСМ БКнын алдындагы Жогорку комсомолдук мектепти бүтүргөн (1979),



1974–76-ж. Аксуу р-ндагы Дзержинский атн. орто мектепте мугалим, 1979–83-ж. комсомолдун Аксуу р-ндук комитетинин 1-катчысы, 1983–90-ж. Ысыккөл обл-к саясий агартуу Үйүндө консультант, 1993–2003-ж. Каракол ш-ндагы № 14-орто мектепте мугалим.



**ЧОЛПОНБАЕВ Кубанычбек** (1958-ж. т., Аксуу р-ну Новоконстантиновка айылы) – мугалим. КРнын эл агартуусунун отличниги (1997). Пржевальск ш-ндагы мамл. пед. ин-ту бүткөн (1982), 1982–88-ж. Түп р-дагы Климовка орто мектебинде мугалим. 1988–89-ж. Аксуу р-дук билим берүү бөлүмүндө инспектор, 1989–2004-ж. ошол эле р-догу О. Элебесов атн. орто мектептин директору, сүрөт мугалими.



**ЧОЛПОНБАЕВ Космосбек** (1963-ж. т., Аксуу р-ну, Ичкежергез) – дарыгер. КРнын саламаттыкты сактоосунун ардактуу кызматкери, фарм. илимд. канд., доцент. Алматыдагы мамл. мед. ин-ту (1985), Москвадагы И. М. Сеченов атн. мед. Академиянын аспирантурасын бүткөн (1990). 1990–94-ж. Кыргыз мамл. мед. ин-тунда мугалим, «Кыргызфарминдустрия» концернинде директор, 1994–97-ж. «Кыргызфарминекс» фирмасын уюштуруп, анын директору болуп иштеген. 1997-ж. саламаттык сактоо министрлигинин алдында «Дары-дармек башкармасын» уюштурган ж-а анын төрагасы болуп дайындалган. 2001-жылдан Кыргыз мамл. мед. академиясынын фармацевтика кафедрасынын башчысы.



**ЧОЛПОНБАЕВ Сапарбек** (1950-ж. т., Аксуу р-ну, Ичкежергез айылы) – дарыгер, КРнын саламаттыкты сактоосунун отличниги, Кыргыз мамл. мед. ин-тун бүтүргөн (1973), 1973–74-ж. Жетөгүз р-ндагы сырт өрөөнүндөгү «Каракол» участкасында

дарыгер, 1974–80-ж. Аксуу р-ндук борбордук ж-а Нововознесеновка айылдык ооруканаларында дарыгер, 1980–85-ж. ошол эле ооруканада башкы дарыгер, 1985–87-ж. Соколовка айылындагы дарыгерлик амбулаториянын жетекчиси, 1988–93-ж. Нововознесеновка айылындагы участкалык ооруканада башкы дарыгер, 1993-жылдан «Сары» дыйкан чарбасынын жетекчиси. Президенттик атайын сыйлыкка ээ болгон.



**ЧОҢБАШЕВ Сыдык** (1897-ж. т., Аксуу р-ну, «Арашан» с-зу – 1938-ж. Бишкек ш., сөөгү 1991-ж. кайрадан «Ата бейит» көрүстөнүнө коюлган) – Кырг-дын көрүнүктүү мамл. ж-а саясий ишмери. Каракол баштапкы жогорку окуу жайын (1913), Москвадагы Сталин атн. Соода Академиясында, Эл чарба экономикалык ин-тунда окуп, Соода Академиясын (1929), 1930-ж. Эл чарба экономикалык ин-тун бүтүргөн. 1913–19-ж. Каракол почта-телеграф мекемесинин кызматкери. 1919–20-ж. Кызыл гвардиячы; Түн. Жетисуу, Жаркент фронтторунда; ак казак орустарга каршы граждандык согушка катышкан. 1919-ж. большевиктер партиясына өткөн. 1921–22-ж. Каракол уездик-шаардык комитетинин төрагасынын орунбасары, төрагасы. 1921–23-ж. Жетисуу облревкомунун ж-а облаткомунун мүчөсү. 1924-ж. Кара-кыргыз автономиялуу облусу уюшулгандан тартып, округдук партбюросунун мүчөсү. 1924–26-ж. Пишпек округунун ревкомунун төрагасы. Кара-кыргыз автономиялуу облустук ревкомунун төрагасынын орунбасары, Каракол-Нарын округдук аткомунун төрагасы. Ч. 1924-ж. партиянын округдук комитетин катуу сынга алат да, ага ишенич жоктугун элге билдирет. Ошондон тартып ал куугунтукка алынат. Ишинен алынып, РСФСР Мамсоодасынын Кырг-н б-ча башкаруучунун орунбасары болуп дайындалат. 1927-ж. Кыргыз АССРинин Суу чарба башкармасынын начальниги, 1931–34-ж. Кыргыз АССР Госмампланынын төрагасынын орунбасары, Эл чарба борб. комитетинин төрагасы, Жеңил өнөр жай эл комиссары. 1935-партиядан чыгарылган. 1937-ж. репрессияда камалып, 1938-ж. атылган. Азыркы мезгилде анын ысмы Кырг-дын тарыхына кайрадан кирүүдө.



1888-ж. курулган. Теплоключенка айылындагы чиркөөнүн имараты.

**ЧОЮКЕ Өмүр уулу** (1880-ж. т., Түргөн айылы, азыркы Аксуу р-нун аймагы – 1925-ж. ошол жерде) – манасчы. Саякбай Карала уулунун устаты. Манасчылыкка өтө берилгендигинен Манастын, анын чоролорунун мекенин көрөм деп, 1900-ж. Таласка барып, 6 жылдай туруп, кийин Чүйгө келип, өз айылына 8–9 жылдан кийин барган. Андан көп узабай эпосто ырдалган дагы башка эл-жерди өз көзү м-н көрүүнү, анын каада-салты, турмушу м-н жакшылап таанышууну максат кылып, Кытайдагы кыргыздарга барып келген. 1916-ж. үрккөн эл м-н кошо Кытайга качып, үй-бүлөсүнөн ажырап, тууган жерине араң кайткан. 1924-ж. Саякбайга жолугуп, манасчылыктын көп сырларын ачып, чыгармачылык чоң таасир берген. Ч-нин өз оозунан жазылып калган «Манас» жок. Бирок шакирттери С. Каралаев м-н Ш. Азизовдордун репертуарына карап, Ч. «Манас» үчилтигин бүт ж-а анын уландысы – Кенен, Алымсарык, Кененсарык ж-дөгү окуяларды да айткан деп болжосо болот. «Эр Төштүк», «Жаныш-Байыш», «Жүгөрү» ж. б. эпосторду айткан. Кырг-н УИАнын кол жазмалар фондусунда Ч-нин варианты б-ча анын замандаштары тарабынан жазылган («Манастын» сюжетинен) жазмалар сакталган. Шакирттеринин эскерүүсүнө караганда Ч. «Манасты» ашкере көркөм, өтө таасирдүү айтчу экен.



**ЧУКУЛОВ Темир** (1930-ж. т., Аксуу р-ну, Акбулак айылы) – мал чарба кызматкери, 1947–53-ж. «Түргөн» с-зунда жылкычы, 1953–90-ж. ошол эле с-здо чабан болуп эмгектенген. «Ардак белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.



**ЧЫНЫБАЕВ Рысалы** (1961-ж. т., Аксуу р-ну, Челпек айылы) – физик, Пржевальск мамл. пед. ин-тун (1982), КМУнун аспирантурасын бүтүргөн (1989), педагогика ил. кандидаты (1994), 1983–89-ж. Аксуу р-ндагы Кайрымарык ж-а «Ленин жолу» орто мектептеринде мугалим, окуу-тарбия иштери б-ча директордун орунбасары, 1993–2004-ж. К. Тыныстанов атн. Ысыккөл мамл. ун-тинин окутуучусу, ага окутуучусу, аспирантура бөлүмүнүн башчысы, кафедра башчысы, 2004-жылдан физика-техникалык факультеттин деканы. 35 ил.-метод. эмгектин ж-а 3 окуу-метод. китептин автору.



**ЧЫНЫБАЕВ Рыспек** (1934-ж. т., Аксуу р-ну, Челпек айылы) – КРнын керек-жарак кооперациясынын отличниги (1990), Пржевальск пед. окуу жайын (1950), ошол эле ш-дагы кооперативдик окуу жайын (1961), Фрунзедеги кооперативдик тех-мду бүтүргөн (1965), 1950–54-ж. Челпек орто мектебинде мугалим, 1954–57-ж. Сов. Армияда кызмат өтөгөн, 1957–60-ж. Баткен р-ндагы «Коммунизм» мектебинде мугалим, 1962–93-ж. Аксуу р-ндук керек-жарак союзунда товаровед. Медалдар м-н сыйланган.

**ЧӨКҮЕВ Мамыркул** (1905-ж. т., Аксуу р-ну, Энчилеш айылы – 1944-ж. Украина) – айылдык комсомолдук ячейканы алгач уюштурган, Караколдогу орус-тузем мектебинен билим алган, Ташкенттеги аскердик окуу жайын, Орто Азия коммунисттик ин-тун, Москвадагы ВКП(б) БКнын алдындагы Жогорку партиялык мектепти бүтүргөн, 1929-ж. партиянын

катарына өтүп, атчандар дивизиясында партиялык уюмдун катчысы болгон, 1942-ж. 107-улуттук атчандар дивизиясында саясий жетекчи, Украинанын Белгород, Харьков ш-рын душмандан бошотуу үчүн болгон согуштарга катышып, курман болгон.



**ШААБАЙ Азиз уулу** (1927-ж. т., Аксуу р-ну, Кызылоктябрь айылы – 2004-ж. ошол жерде) – манасчы, КРнын Эл артисти (1995). Чоң манасчы Чоюкенин Азизинин (ал да «Манас» айткан) уулу. Айтуу манерасы Чоюкеге окшошот. Ш. манасчылыкты кесип тутпай, өз чөйрөсүндө гана айткан. Анын вариантында манасчылыктын Ысыккөл мектебинин байыркы салты сакталган. «Манас», «Семетей», «Сейтек», о. э. алардын урпактарына чейин айтат. Анын айтуусунда жазылып алынган эпостун үзүндүлөрү КРнын УИАсынын кол жазмалар фондусунда сакталууда. Ал «Күүнүн сыры» кинотасмасына тартылган. Медалдар м-н сыйланган.



**ШАБДУНОВ Бабдун** (1936-ж. т., Аксуу р-ну, Новоконстантиновка айылы) – мугалим, КРнын дене тарбия ж-а спортунун отличниги. Фрунзе ш-ндагы дене тарбия ин-тун бүткөн (1962), 1959–80-ж. Аксуу р-ндагы Мичурин атн. орто мектепте дене тарбия мугалими, 1980–81-ж. Теплоключенка айыл кеңешининин төрагасы, 1981–95-ж. М. Мамакеев атн. орто мектептин мугалими.



**ШАДЫБАЕВА Какен** (1958-ж. т., Жетөгүз р-ну) – мугалим, Кыргыз ССРинин агартуусунун отличниги, Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1979), 1979-жылдан Жаңарык орто мектебинде мугалим, тарбия иштери б-ча директордун орунбасары, мугалим.



**ШАДЫБАЕВ Дамирбек** (1961-ж. т., Аксуу р-ну, Энчилеш айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Пржевальск ш-ндагы муз. окуу жайын (1985), К. Тыныстанов атн. Ысыккөл мамл. ун-тин сырттан окуп бүтүргөн (2005), 1985-жылдан Аксуу р-ндагы М. Чөкүев атн. орто мектепте мугалим.



**ШАИЛДАЕВА Зайра** (1948-ж. т., Аксуу п-ну, Шапак айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1972), 1970–72-ж. Шапак, 1972-жылдан Отрадное орто мектебинде мугалим.



**ШАЙРАХУНОВ Айтахун** (1916-ж. т., Аксуу р-ну, Бөрүбаш айылы – 1987-ж. ошол жерде) – мугалим. КРнын билим берүүсүнүн отличниги. Пржевальск ш-ндагы муг-дер. ин-тун бүткөн (1948). 1937–39-ж. Жетөгүз р-нун Бозбешик мектебинде мугалим, 1940–45-ж. орус-фин ж-а Улуу Ата Мекендик согуштарга катышкан. 1945–48-ж. Түп р-дук аткаруу комитетинин төрагасынын орунбасары, ошол эле р-догу Күрмөнтү мектебинде мугалим. 1948–78-ж. Аксуу, Бөрүбаш, Челпек орто мектептеринде мугалим, директор болуп эмгектенген. Медалдар м-н сыйланган.



**ШАКЕЕВА Шайгүл** (1950-ж. т., Жетөгүз р-ну, Тамга айылы) – эстрада ырчысы, КРнын эмг. сиң. артисти (1993), Кырг-н Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты, Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1977), 1970–87-ж. Аксуу р-ндагы мектептерде пионер вожатый, мугалим, 1987–91-ж. Аксуу р-ндук мад-т бөлүмүнүн методисти, 1991-ж. Ысыккөл обл-к мад-т башкармалыгынын методисти, 1980-жылдан «Боз салкын» элдик ыр-бий ансамблинде ырдайт. Эл чыгармачылыгынын респ-к конкурсунун жеңүүчүсү. Ливияда, Түркияда гастролдо болгон.



**ШАКЕНБАЕВА Анара** (1957-ж. т., Аксуу р-ну, Отузуул айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Пржевальск мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1977), 1977-жылдан Аксуу р-ндагы Чолпон орто мектебинде мугалим.



**ШАКИТОВ Шаршенбай** (1935-ж. т., Аксуу р-ну, Отузуул айылы) – журналист, публицист, педагог, философ. КРнын билим берүүсүнүн отличниги. Каракол пед. окуу жайын (1953), КМУну бүтүргөн (1963). Философия ил. кандидаты (1982), доцент (1986), К. Тыныстанов атн. Ысыккөл мамл. ун-нин ардактуу профессору (1995). 1954–55-ж. Сов. Армияда кызмат өтөгөн. 1955–58-ж. комсомолдун Аксуу р-дук комитетинде бөлүм башчы, жооптуу кызматкер, 1963–69-ж. комсомолдун, партиянын Түп р-ндук аткаруу комитетинде жооптуу кызматкер. 1969–72-ж. КМУнун тарыхый материализм кафедрасында аспирант. 1972-жылдан Каракол мамл. ун-нин окутуучусу; акад. Ж. Алышбаев атн. Ысыккөл кооперация ин-нун кафедра башчысы, проректор. 170тен ашык (а. и. 4 монография – экөө авторлош) ил. эмгектин, 5 китепченин автору. Медалдар м-н сыйланган.



**ШАМИЕВ Анарбек** (1957-ж. т., Аксуу р-ну, Керегеташ айылы) – мугалим. КРнын билим берүүсүнүн отличниги (1993), КРнын эмг. сиң. мугалими (2000), Кырг-н Ленин комсомолу сыйлыгынын ээси (1989). Пржевальск ш-ндагы мамл. пед. ин-ту бүткөн (1985). 1974–76-ж. Аксуу р-дагы «Ысыккөл» совхозунда жардамчы чабан, 1976–78-ж. Сов. Армиянын катарында, 1978–82-ж. Аксуу р-дагы Ы. Туманов атн. Ж. Алышбаев атн. орто мектептерде военрук, дене тарбия мугалими, Сарыкамыш айылындагы комсомол комитетинин катчысы. 1984–89-ж. Ош об-дагы Жаңыжол р-нун Кызылтуу, Аксуу р-дагы Ж. Алышбаев атн. орто мектептерде мугалим, ал эми 1989-жылдан аталган мктептин директору, мугалим.



**ШАМЫРАТОВА Сагынбүбү** (1955-ж. т., Токмок ш-ры) – мугалим. КРнын эл агартуусунун отличниги. Пржевальск ш-дагы пед. окуу жайын (1975), В. Маяковск атн. Кыргыз кыз-келиндер ин-тун бүткөн (1990), Эмгек жолун 1976-ж. Аксуу р-дагы Жаңарык орто мектебинде улуу пионер вожатый болуп иштөө м-н баштаган.

**ШАПАК Алдаш** уулу (болжолу XVII к. 40-жылдары – 1813) – бугу уруусунун белек насилинен чыккан бий. Чет жердик баскынчыларга каршы күрөшүүдө таанылган баатыр. Орус тарыхый булактарынын маалыматтарына караганда бугу уруусунун бир бөлүгүн бийлеп турган. Кыргыз конуштары аркылуу өткөн орус соода кербендерине колдоо көрсөтүп, XIX к. башында Батыш Сибир администрациясы м-н алака жүргүзүүгө жетише алган. 1813-ж. бугу уруусуна атайын миссия м-н келген А. Л. Бубеновду кабыл алган. Сөөгү азыркы Жетөгүз р-нунун Желедөбө айылына коюлган.



**ШАРШЕЕВ Касен** (1934-ж. т., Аксуу р-ну, Отузуул айылы) – мугалим, Жетөгүз р-ндагы Оргочор орто мектебинде мугалим, Аксуу р-ндагы Октябрь орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы, Ж. Асаналиев атн. мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы, директор, 1976–94-ж. Каракол айыл кеңешинин төрагасы. Медалдар м-н сыйланган.



**ШАРИПОВ Султанбек** (1943-ж. т., Челпек айылы) – мугалим, Пржевальск мамл. ин-тун бүтүргөн (1965), физика-математика ил. кандидаты, доцент, 1965–68-ж. Тянь-шань, Аксуу р-нундагы мектептерде мугалим, Советтик Армияда, 1969-жылдан Пржевальск мамл. пед. ин-тунда, азыркы К. Тыныстанов атн. Ысыккөл мамл. ун-тинин математикалык анализ кафедрасында иштейт. 46 ил. эмгектери жарык көргөн.



**ШАРШЕКЕЕВ Өзгөрүш** (1935-ж. т., Аксуу р-ну, Керегеташ айылы) – мугалим, КРнын илимине эмг. сиң. ишмер, КРнын илим ж-а техника б-ча мамл. сыйлыгынын лауреаты, физика-математика ил. доктору (1984), Кыргыз Улуттук ИАнын мүчө-корреспонденти, КМУну бүтүргөн (1959), 1959–77-ж. ошол ун-те, 1978–98-ж. Жусуп Баласагын атн. КМУну теориялык физика кафедрасынын башчысы, 1998-жылдан аталган ун-тин алдындагы А. Эйнштейндин ил. мурастары Борборунун директору. 60тан ашык ил. эмгеги жарыкка чыккан. Медалдар м-н сыйланган.

**ШАРШЕНБИЕВ Асан** (1918-ж. т., Пржевальск р-ну, Жаңарык айылы – 1998-ж.) – 1935–42-ж. Ысыккөл р-дагы Темир орто мектебинде мугалим. 1942-жылы Ата Мекендик согушка катышкан. 1947–85-жылга чейин Аксуу р-дагы Жаңарык айылында бригадир болуп эмгектенген. Кызыл Жылдыз ордени, медалдар м-н сыйланган.





**ШИРИНА Ольга Ивановна** (1953-ж. т., Аксуу р-ну, Орлиное айылы) – 1968–92-ж. «Первое мая» к-зунда жумушчу, саанчы, чочко багуучу, 1992–2000-ж. Отрадное айыл өкмөтүндө техн. кызматкер, 2000–2006-ж. жеке ишкер. «Ардак белгиси», Элдердин Достугу ордендери, медалдар м-н сыйланган.

**ШАРШЕНАЛИЕВ Өмүрбек** (1952-ж. т., Аксуу р-ну, Жыргалаң шахтасы а.) – Фрунзе политех. ин-тун бүткөн (1975-ж), 1975–90-ж. Пржевальск автожүк ташуучу ишканада мастер, комсомол к-нин катчысы, автобазанын начальниги, 1990–93-ж. Каракол ш-рдык аткаруу к-де төраганын орунбасары, ш-рдык мамл. администрациясынын 1-орунбасары, 1994–99-ж. «Сейл» АКнын директору. 1990–2000-ж. Ысыккөл обл. соцфонддун баш-



чысы. КМУУнун юри-лык ф-тин бүткөн (1999-ж). 2000–2001-ж. Балыкчы ш-нын мэри. 2001–2003-ж. Аксуу–Каракол райшаар мамад. башчысы. 2003–2004-ж. Тогузторо раймамад башчысы, 2004–2005-ж. Жалалабат шаарынын мэри, 2007-жылы Түп раймамадм. башчысы– аким.



**ШЕРИКБАЕВ Аалы** (1922-ж. т., Аксуу р-ну, Совет айылы) – мугалим, Ош мамл. пед. ин-тун бүткөн (1969), 1943–50-ж. Акбулуң, 1950–56-ж. Совет мектептеринде мугалим. 1957–62-ж. Жыргалаң шахтасында жол жумушчусу. 1962–66-ж. Оштогу Фрунзе р-дагы «Коммунизм», 1966–67-ж. Тяньшань р-дагы «Учкун» мектебинде мугалим. 1968–78-ж. Акбулуң орто мектепте мугалим. 1-даражадагы Ата Мекендик согуш, «Ардак белгиси» ордендери, медалдары м-н сыйланган.



**ШОРУКОВ Кожокан** (1903-ж. т., Аксуу р-ну, Жолколот айылы – 1937-ж. Каракол ш.) – Ташкендеги сов. парт. мектепти (1920), Мендельштамдагы жумушчу ф-тетинде окуган (1926). Совет бийлиги үчүн активдүү күрөшүүчү, сов. парт. ишмер. 1919-жылдан КПССтин мүчөсү. Кедей үй-бүлөдөн. 10 жашынан жер. бай, көпөстөрдө малай жүргөн. 13 жашында уезддик начальниктин үйүндө жүрүп, 1916-ж. Үркүндөн кийин аны м-н кошо Москвага кеткен. Февр. (1917) рев-сынан кийин Ташкенге келип, 1918–20-ж. өзгөчө комиссия органында тилмеч, 1920–21-ж. РЛКЖСтин Жетисуу об-мунда, Каракол ш-мунда иштеген. 1922–жылдан парт. ишке которулуп, ш-комдо бөлүм башчы, секретарь болуп иштеген. 1926-жылдан ВКП(б)нын Жалалабат, Нарын, Каракол кантондук комитеттеринде жетекчи кызматтарда иштеген. 1927-ж. ВКП(б)нын Кыргыз обкомунда бөлүм башчысынын орунбасары, 1928-ж. Ош кантондук комитетинде секретарь. 1929–33-ж. Москвада Кыргыз АССРинин туруктуу өкүлү, 1934-жылдан Кыргыз ССРинин саламаттык сактоо эл комиссары, 1927-жылдан Кыргыз АССР БАКтын мүчөсү, 1929-жылдан СССР БАКтын мүчөлүгүнө кандидат болгон.



**ШЫНГЫБАЕВ Мукаш** (1924-ж. т., Түп р-ну, Арал айылы) – Ата Мекендик согуштун катышуучусу. 1948–86-ж. Аксуу р-ну, Орлиный айылында жумушчу, ашкана кызматында, чабан болуп иштеген. II даражадагы Ата Мекендик согуш, эки жолу Эмгек Кызыл Туу ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**ЭГЕМБЕРДИЕВ Акыл** (1973-ж. т., Аксуу р-ну, Керегеташ айылы – 2001-ж. ошол жерде) – аскер кызматкери, Ташкенттеги Суворов атн. атайын аскер мектебин (1991), Тюмендеги мамл. жогорку аскердик-инженердик командалык окуу жайын (1995), АКШнын аскердик кайра даярдоо курсун бүтүргөн (2001), 1995–97-ж. Нарын обл-к танкалык-аскердик бөлүктө ротанын командири, 1997–99-ж. Бишкектеги улут. аскердик лицейдин окутуучусу, взводдун командири, 1999–2001-ж. Баткен обл-дагы Лейлек р-нда жайгашкан 77588-чегара аскер бөлүгүнүн инженердик кызматынын начальниги. «Эрдик» медалы м-н сыйланган.



**ЭГЕМБЕРДИЕВ Акылбек** (1951-ж. т., Аксуу р-ну, Челпек айылы) – Казакстан а. ч. ин-тун бүтүргөн (1979), 1979–85-ж. Кемин токой чарбасында токойчу, 1985–87-ж. ошол эле чарбада башкы токойчу, 1987–95-ж. директор, 1995–97-ж. Каракол токой чарбасында токойчу, 1997–2000-ж. Ысыккөл обл-к токой башкармалыгынын токойду коргоо бөлүмүнүн башчысы, 2002–2004-ж. Ысыккөл обл-к өсүмдүктөрдү, жан-жаныбарларды коргоо б-ча мамл. көзөмөл кызматында начальниктин орунбасары, 2004-ж. начальниги, 2005-ж. аң уулоочулар башкармалыгынын төрагасы.



**ЭГЕМБЕРДИЕВА Гүлнара** (1952-ж. т., Аксуу р-ну Тегизчил айылы) – КРнын билим берүүсүнүн отличниги, Пржевальск пед. ин-тун бүтүргөн (1975). 1975–80-ж. Ош обл-

тынын Ноокат р-нун Күрөңкөев атн. орто мектепте мугалим. 1980-жылдан Аксуу р-дагы К. Эшимбеков атн. орто мектепте мугалим.



**ЭГЕМБЕРДИЕВА Гүлсара** (1953-ж. т., Челпек айылы) – КРнын эл агартуусунун отличниги, Пржевальск пед. ин-тун бүтүргөн (1974). 1974-жылдан «Ленин жолу», Т. Искаков атн. орто мектептеринде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, окуу-тарбия иштери б-ча директордун орун-басары.



**ЭГЕМБЕРДИЕВА Мария** (1956-ж. т., Аксуу р-ну, Сарыкамыш айылы) – КРнын эл агартуусунун отличниги, Ош мамл. пед. ин-тун бүтүргөн (1980), 1974–78-ж. Фрунзе р-ндагы Калинин атн., 1978–79-ж. Аксуу р-ндагы Ичкежергез, 1979–89-ж. Ново-константиновка орто мектептеринде мугалим, 1989–90-ж. «Октябрдын 60 жылдыгы» атн. орто мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы, уюштуруучу, 1990-жылдан О. Элебесов атн. орто мектепте мугалим.



**ЭГЕМБЕРДИЕВ Шарип** (1917-ж. т., Челпек айылы – 2006-ж. ошол жерде) – мугалим, Каракол ш-ндагы пед. техн-мду (1936), Пржевальск мугалимдер ин-тун бүтүргөн (1952), 1937–41-ж. Челпек толук эмес мектебинде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, Жетөгүз р-ндагы Саруу орто мектебинде мугалим, 1943–45-ж. Ата Мекендик согушка катышкан, 1945–55-ж. Челпек орто мектебинде директор, 1955–57-ж. Пржевальск р-нун билим берүү бөлүмүнүн башчысы. 1977–87-ж. Челпек орто мектебинде мугалим. Сарткалмак элинин санжырасы б-ча «Мушла чоң эненин санжырасы» аттуу китеби жарыкка чыккан. 1-даражадагы Ата Мекендик согуш ордени, медалдар м-н сыйланган.



**ЭЛБАЕВ Бактыбек** (1961-ж. т., Жетөгүз р-ну, Актерек айылы) – КРнын билим берүүсүнүн отличниги, эркин күрөш б-ча спорт чебери, Нарын пед. окуу жайын бүтүргөн (1983), 1979–81-ж. Советтик Армияда, 1983-99-ж. Аксуу р-ндагы өспүрүмдөр ж-а балдар мектебинде тренер, 1999-жылдан жеке ишкер, Кожомкул атн. сыйлыктын ээси.



**ЭЛЕБЕСОВ Байыш** (1948-ж. т., Челпек айылы) – мугалим, КРнын билим берүүсүнүн отличниги, СССР спортунун чебери, Кыргыз мамл. физкультура ин-тун бүтүргөн (1972). 1966–72-ж. Кырг-ндын волейбол б-ча курама командасынын составында таймашкан. СССР Элдеринин IV, V Спартакиадасына Кыргыз ССРинин курама командасында, Афганистан, Тунис, Камбоджанын волейбол б-ча курама командалары м-н Эларалык кезигишүүлөргө катышкан. Волейбол б-ча Кыргыз ССРинин жети жолку чемпиону. Волейбол б-ча респ-к масштабдагы судья, 1972–76-ж. «Ленин жолу», 1976–98-ж. Түп р-нунда Карл Маркс атн. орто мектебинде мугалим, Аксуу р-ндук балдар-өспүрүмдөрдүн спорт мектебинин директору, 1998–2003-ж. К. Тыныстанов атн. Ысыккөл мамл. ун-тинде окутуучу, 2003-жылдан А. Алышбаев атн. кооперативдик ин-тунда окутуучу.

**ЭЛЕБЕСОВ Осмон** (1895-ж. т., Каракол аймагындагы Чоңжергез айылы) – Каракoлдогу орус-тузем мектебин (1910), генерал Колпаковский атн. гимназияны бүтүргөн (1914), 1917–21-ж. Каракол ш-дык эл сотунда тилмеч, кийин катчы, 1921–36-ж. Каракол–Нарын кантонунда эл соту болуп иштеген. 1937-ж. репрессияга туш болуп, түрмөдө каза болгон, 1987-ж. акталган. Жергез айылындагы мектепке ысымы коюлган.

**ЭЛИЕВ Ильичбек** (1953-ж. т., Ташкыя айылы) – дарыгер, КРнын саламаттыкты сактоосунун отличниги, Кыргыз мамл. мед. ин-тун (1976), КМУУну бүтүргөн (1996), 1978–80-ж.



Ысыккөл обл-к СЭСте санитардык дарыгер, 1980–83-ж. ошол эле СЭСтин тамактануу бөлүмүнүн, 1983–85-ж. Пржевальск ш-дык санэпидстанциянын бөлүм башчысы, 1985–89-ж. Ысыккөл обл-к санитардык Агартуу үйүнүн башкы дарыгери, 1989–2002-ж. Ысыккөл обл-к кожвендиспансердин башкы дарыгери, 2003-жылдан Аксуу р-нун санэпидстанциянын башкы дарыгери, «Улукман дарыгер» коомдук бирикменин президенти. «Доктор Элиев И. У. Медициналык менчик борборунун» башкы дарыгери, «Ден соолук» газетасынын редактору.



**ЭМНАХУНОВ Айтахун** (1932-ж. т., Ташкыя айылы – 2004-ж. ошол жерде) – соода кызматкери, Советтик сооданын отличниги, Пржевальск пед. окуу жайын (1949) ж-а дүкөн мектебин (1958), Самарканд ш-ндагы кооператив ин-тун бүтүргөн (1965), 1949–51-ж. Талас обл-нын Ленинполь р-нунда мугалим, 1954–58-ж. Нарын обл-нын Кочкор р-ндагы Фрунзе к-зунун «Электрик» мектебинде мугалим, 1958–93-ж. Теплоключенка айылында дүкөн башчысы, Пржевальск соода конторасында кампа башчы, ага экономист, Ысыккөл аймагы б-ча ага инспектор, соода б-ча алып баруучу мамл. инспектор, соода ж-а баа б-ча инспекциянын начальниги. Медалдар ж-а Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.



**ЭМНАХУНОВ Алмазбек** (1964-ж. Ташкыя айылы) – Фрунзедеги Скрябин атн. а. ч. ин-тун бүтүргөн (1987). 1990-ж. ИОССто агроном, ЗОС ВИЛАРда ага ил. кызматкер. 1992–94-ж. «Таң чолпон» дыйкан чарбасын жетектеген, картошка өстүрүү б-ча д. ч. ассоциациясынын президенти, 2002-ж. «Агровет» ОсООнун генералдык директору, 2006-жылдан Ысыккөл тажрыйба селекциялык станциясынын директору. Айыл чарба иштери б-ча тажрыйба алмашуу максатында Дания, АКШ, Германия мамлекеттерине барып келген.



**ЭСЕНБЕКОВ Ишеналы** (1973-ж. т., Аксуу р-ну, Жаңарык айылы – 2000-ж. ошол жерде) – 1993–2000-ж. Жаңарык айылында а. ч. иштеринде иштеген. 2000-ж. Баткен жергесиндеги террористтик топко каршы күрөшүүдө баатырларча курман болгон. Атамекендин бейкуттугу, кол тийбестиги үчүн көрсөткөн каармандыгы эске алынып, «Эрдик» медалы менен сыйланган.



**ЭСЕНКАНОВ Мамбет** (1935-ж. т., Ысык-көл р-ну, Кожояр айылы) – дарыгер, КРнын саламаттыкты сактоосунун отличниги (1979), Кыргыз мамл. мед. ин-ту бүткөн (1960), КРнын эмг. сиң. дарыгери (2004), 1960–62-ж. Ош обл-дагы Лейлек р-дук ооруканада башкы дарыгердин орунбасары, 1962–63-ж. Респ-лык санитардык-агартуу үйүндө дарыгер-методист, 1963–68-ж. Аксуу р-ндагы Теплоключенка айылындагы ооруканада дермато-венеролог, 1968–2001-ж. ошол эле жерде башкы дарыгердин орунбасары, дарыгер. Медалдар м-н сыйланган.



**ЭШИМБЕКОВ Касымалы** (1907-ж. т, Каракол у., Каражал айылы – 1952-ж. Фрунзе ш.) – артист, Кыргыз ССР Эл арт. (1939), 1941-жылдан КПССтин мүчөсү. Кыргыз профессионал театрын негиздөөчүлөрдүн бири. Сахна ишмердигин 1927-ж. кыргыз музыкалуу драма студиясынан баштаган. 1930-ж. студиянын базасында драма (1936-жылдан музыкалуу) театры уюшулганда актёр, улут мүнөзүн, эл турмушун ж-а чыг-лыгын тереӊ билген артист болгон. Муз. спектаклдерде эл ырларынын ыкмаларын пайдаланган. Ролдору: муз. драмаларда – Калыбек (Ж. Бөкөнбаев, «Алтын кыз»), Султанбек (У. Гажибеков, «Аршин мал алан»); опералардa Толтой, Кыргылчал, Нурбай (В. Власов, А. Малдыбаев, В. Фере, «Айчүрөк», «Манас», «Көл боюнда»), Трике (П. Чайковский, «Евгений Онегин»). 1939-ж. Кыргыз

иск-восунун Москвада өткөн он күндүгүнө катышкан. 1942–48-ж. Кыргыз драма театрында эмгектенген. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.



**ЭШИМБЕКОВА Жыпар** (1940-ж. т., Тоң р-ну, Улахол айылы) – соода кызматкери, 1962–91-ж. Балыкчы, Пржевальск соода түйүндөрүндө дүкөн башчы болуп эмгектенген. Ленин, Эмгек Кызыл Туу ордендери, медалдар м-н сыйланган.



**ЫБЫКЕЕВ Бакыт** (1956-ж. т., Аксуу р-ну, Ичкежергез айылы) – токой чарба кызматкери. 1977-ж. Алматыдагы Казак а. ч. ин-нун токой чарба факультетин бүткөн. 1977–79-ж. Каракол токойчулугунда токойчунун жардамчысы, 1979–86-ж. Каракол токой чарбасынын Ичкежергез участкасында токойчу, 1986–92-ж. Фрунзе токой чарбасында башкы токойчу болуп иштеген. 1992–97-ж. Каракол токой чарбасында башкы токойчу, 1997–98-ж. Ысыккөл обл-к токой чарба Башкармалыгында башкы токойчу, 1998–2002-ж. Каракол токой чарбалыгында директор, 2003-жылдан Аксуу токойчулугунда токойчу. СССРдин токой чарба Комитетинин ж-а КРнын токой чарба агенттигинин Ардак грамоталары м-н сыйланган. Аксуу райкеңешине депутат.



**ЫБЫКЕЕВ Сапаргали** (1928-ж. т., Аксуу р-ну, Ичкежергез айылы) – КРнын эл агартуусунун отличниги, философия ил. кандидаты, К. Тыныстанов атн. Ысыккөл мамл. ун-тинин Ардактуу профессору. Каракол пед. окуу жайын (1947), КМУну (1956), СССР ИАнын аспирантурасын бүткөн (1965). 1947–48-ж. Аксуу р-дук билим берүү бөлүмүндө инспектор, 1956–61-ж. Ичкежергез орто мектебинде директор. 1965-жылдан К. Тыныстанов атн. Ысыккөл мамл. ун-нде окутуучу. 70тен ашык ил. макалалары жарыяланган. Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамоталары м-н сыйланган.



**Бакашов Кемел** (1939-ж. т., Аксуу р-ну, Акбулуң айылы) – Пржевальск мамлекеттик пед-лык ин-тун бүтүргөн (1962). 1962–1996-ж. Ы. Туманов атындагы орто мектепте мугалим болуп иштеген. КРнын элге билим берүүсүнүн отличниги. Таланттуу акын-журналист. Ырларына («Он сегиз жаш», «Кыргыз жери», «Кыштак кечи», «Сагыныч», «Өмүр» ж.б.) обон чыгарылып атактуу ырчылардын аткаруусунда аткарылып, алтын фонддо сакталууда. «Ата Журт ж-а Махабат» аттуу ырлар жыйнагы жарыкка чыккан.

**АСАНБАЙ уулу Ажына** (1865-ж.т., Аксуу р-ну Акбулуң айылы – 1947-ж. ошол жерде) – оозунан ыры куюлган жамакчы, таңдайынан чаң чыккан чечен, Сарке уруусунда ынтымакты сактаган калыс, акылман адам болгон. Учурунда Кыдыр акеге кеңеш берип турган. Акбулуң айылындагы бир көчөгө ысымы ыйгарылган.



Сарыжаз жайыты.

# АКСУУ РАЙОНУНАН УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШКА КАТЫШКАНДАРДЫН ЖАНА МАЙДАН МАЙЫПТАРЫНЫН ТИЗМЕСИ

1. Берибаев Жумаалы
2. Балыба Илья Степанович
3. Серкебаев Асанакун
4. Иванов Григорий Михайлович
5. Элчибаев Канет
6. Сатыбалдиев Кожогул
7. Кыдыкманов Сагындык
8. Байгашкаев Ангил
9. Самбаев Аманкожо
10. Түмөнбаев Бакеш
11. Сулайманов Кубан
12. Шерикбаев Аалы
13. Болбуров Садык
14. Буланбеков Молдакмат
15. Илюшин Иван
16. Токлуков Токтахун
17. Керимкулов Курмангалый
18. Эгембердиев Шарип
19. Исмаилов Капаз
20. Өмүралиев Качаган
21. Фатунов Василий
22. Өмүрканов Кубат
23. Абдраев Абдылда
24. Касымбаев Шекей
25. Терентьева Зинаида
26. Старченко Лидия
27. Аликеев Асан
28. Чиркин Федор
29. Турдубеков Бекболот
30. Павлов Василий
31. Шуба Николай Павлович
32. Ургазиев Керим
33. Бешкемпиров Иса
34. Коробаев Ишенбай
35. Адамов Виктор Ермолаевич
36. Мамбетов Кожобай
37. Калканбаев Жума
38. Ысыкжанов Шераалы
39. Жакеев Ыкыш
40. Ажинаев Курманакун
41. Кривенко Федор Захарович
42. Жексембиев Иманбек
43. Дүйшөнбиев Мурза
44. Довталиев Кемел
45. Асанбеков Садык
46. Кондола Петр Терентьевич
47. Пареха Василий Митрофанович
48. Сөлпиев Түкөш
49. Чупахин Павел Егорович
50. Бейшембаев Орозбай
51. Кыдыков Конокбай
52. Немцов Андрей Петрович
53. Буканбаев Сабаш
54. Жазыбаев Бейшеке
55. Орускулов Рай
56. Аллабердиев Шакир
57. Адыгеев Сулайман
58. Азаев Сулайман
59. Акматов Асек
60. Бекбоев Шейше
61. Стамов Мухамед
62. Жакшылыков Кенжебай
63. Бозгунчиев Ибрай
64. Рыспаев Бейшеке
65. Жумалиев Кокен
66. Кененсаров Дорго

## АКСУУ РАЙОНУНАН АФГАН СОГУШУНА КАТЫШКАНДАРДЫН ТИЗМЕСИ

1. Кузнецов Сергей Иванови
2. Корчуев Туратбек Дүйшөнбиевич
3. Белогорцев Александр Николаевич
4. Сакыбаев Марат Үмөтович
5. Галимов Найыл Бактыярович
6. Каримов Жанболот Абдиевич
7. Баянов Бапабек Карагулович
8. Иманов Туратбек Ыкматович
9. Батырканов Нурбек Карлисович
10. Жамантаев Талантбек Шатемирович
11. Асанов Белек
12. Бактыбаев Жаныбек Шабданбекович
13. Беккожоев Бекжан
14. Адыгулов Курманбек Чымырбекович
15. Шабданбеков Айткул Өмүракунович
16. Богомбаев Алмаз Орозбекович
17. Байсеркеев Шаршенбек Эсенович
18. Муканбетов Жаркынбек Калиевич
19. Сейкинбаев Сагын Кемелович
20. Жумабаев Давлетбек Ашымович
21. Намазов Таалайбек Токтобаевич
22. Атеев Каныбек Тайыпович
23. Алгожоев Чолпонбек Имашович
24. Өмүралиев Болот Ибраевич
25. Таабалдиев Акылбек Эсенович
26. Түкөбаев Токтобек Акымбаевич
27. Ибраев Акылбек Таштандиевич
28. Раев Улукбек Турдубаевич
29. Бусурманов Нурбек Абылович
30. Раев Нуркалык Турдубаевич
31. Абдиев Асан Дүйшөбаевич
32. Сыдыков Акылбек Асанбекович
33. Дүйшөбаев Кубанычбек Өмүшевич
34. Абдылдаев Таалайбек Абдрасулович
35. Токобеков Курманбек Айткулович
36. Сатыбалдиев Эрмек Өмүркасмович
37. Султанов Болот Сагынканович
38. Усупов Нурбек Мусакулович
39. Куланбаев Чынкожо Смагулович
40. Усупбаев Каныбек Асантаевич

41. Эгембердиев Бейшенбек Абдулхакимович
42. Казакбаев Токтобек Орозгалиевич
43. Кадырбеков Асылбек Даирбекович
44. Молдобаев Мирсаид Хасанович
45. Оморов Бактыбек Жумабаевич
46. Хакимов Талгартбек Курбангалиевич
47. Токтукулов Сабырбек Рысбекович
48. Уйшунов Амантур Ашымович
49. Жангурчиев Мыктыбек Жусупович
50. Албанов Жолдошбек Ырыкуевич
51. Магзимов Сталбек Мамыркашевич
52. Балбаев Эсенбек Жукенович
53. Абдраманов Канат Масынович
54. Эсеналиев Бердибек Токтогулович
55. Жумабеков Мирбек Бексултанович
56. Барыктабасов Адылбек Асангулович
57. Кулукеев Майрамбек

**Афган согушунун майыптары**

1. Тыныбеков Болот
2. Асанжанов Аскарбек

**Согушта курман болгондор**

1. Бейшебеков Ишенбек
2. Бейшенов Дүйшөнбек

**Кийин каза болгондор**

1. Турсунбаев Рашид
2. Орозалиев Азамат
3. Айдакеев Жаныбек
4. Жамангулов Бекбосун
5. Качкынов Турганбек
6. Абдыкадыров Каныбек
7. Маматкулов Рустам

# АКСУУ РАЙОНУНАН БАТКЕН ЖЕРГЕСИН ЧЕТ ЭЛДИК ТЕРРОРЧУЛАРДАН КОРГООГО КАТЫШКАНДАРДЫН ТИЗМЕСИ

1. Адыгулов Алишер
2. Бондарев Виктор
3. Бутуев Султан
4. Морозов Виктор
5. Мадамбаев Уларбек
6. Өмүралиев Эшимбек
7. Орозалиев Исабай
8. Переверзев Сергей
9. Тазабеков Мирлан
10. Токторбаев Алтынбек
11. Ыдырыс уулу Уланбек
12. Жайлобаев Болот
13. Кошоев Смарбек
14. Усубалиев Эрлан
15. Атыгаев Насир
16. Аламанов Фархад
17. Байгелдиев Нурдин
18. Жазыбаев Калыбек
19. Жанжигитов Азамат
20. Исаев Нурлан
21. Кенжетаев Жаныбек
22. Малаев Доктурбек
23. Розабердиев Темирлан
24. Сулайманов Качкын
25. Турдумамбетов Алмаз
26. Асанаалы уулу Шакир
27. Ажыгожоев Самат
28. Кайчиев Каныбек
29. Момуралиев Амангелди
30. Субанов Эркинбек
31. Сатылканов Жээнбек
32. Убалиев Мырзабек
33. Шаршенбиев Турат
34. Адрешов Нурлан
35. Адыгулов Алишер
36. Дүйшеев Жамил
37. Өмүрчиев Мурат
38. Өмүрчиев Төлөгөн
39. Түгөнбаев Бактыгул
40. Шаршеев Эсен
41. Илебаев Улан
42. Бегендиев Уланбек
43. Калмаков Марс
44. Медербеков Турсун
45. Халитов Шамиль
46. Рыскулов Талант
47. Матраимов Ринат
48. Миркевич Владимир
49. Керимов Руслан
50. Жунушбаев Нурбек
51. Дөөлөтбаев Эркинбек
52. Асанакунов Бактыбек
53. Ахметов Жеңишбек
54. Жаманкеев Абдысапар
55. Акмолдоев Руслан
56. Акунов Эрнис
57. Абдыкадыров Эламан
58. Акунов Эрнис
59. Адыгулов Бактыбек
60. Акунов Эркинбек
61. Абдыкадыров Кубаныч
62. Бакашев Жолдошбек
63. Байтереков Майрамбек
64. Жусупов Акылбек
65. Мамбеткулов Майрамбек
66. Мусабаев Толкунбай
67. Кыдырмышев Анарбек
68. Болбуров Нурлан
69. Абдрахманов Алмаз
70. Абдаев Айтбек
71. Добдиев Алмаз
72. Жангазиев Айбек
73. Шаилдаев Каныбек
74. Черненко Владимир

## АКСУУ РАЙОНУНАН ЧЕРНОБЫЛЬ КЫРСЫГЫН ЖОЮУГА КАТЫШКАНДАДЫН ТИЗМЕСИ

1. Тороев Жеңишбек
2. Турдуев Муканбет
3. Кайбылдаев Билалы
4. Молдогазиев Эрмек
5. Коңурбаев Капар
6. Хахулин Михаил
7. Байболотов Каныбек
8. Жантаев Өмүрбек
9. Копоев Урум
10. Жолонбетов Бексултан
11.Шакенбаев Кадыркул
11. Бейшеев Турдаалы
13.Жылыпбаев Кыдырбек
14.Мусабаев Дамир
15.Равдугин Василий
16.Адылбеков Бакай
17.Тойтоев Токтогул
18.Мукатов Райсбек
19.Абдыкеримова Кымкатай күйөөсү
Казакбаев Дүйшөбек
20. Жумакунова Шарапат күйөөсү Анапияев Жумай
21.Осмонбекова Бактыгүл күйөөсү-Талканчиев Керим

## АКСУУ РАЙОНУНАН ЧЕРНОБЫЛЬ КЫРСЫГЫН ЖОЮУГА КАТЫШЫП, МАЙЫП БОЛГОНДОРДУН ТИЗМЕСИ

1. Осмонов Замирбек
2. Майоров Николай Александрович
3. Коңуратов Анарбек
4. Ракымбаев Капар
5. Ашымканов Кубанычбек
6. Узаков Тилек
7. Садыков Замирбек
8. Пугачев Юрий Иванович
9. Чолпонбаев Замир

## СОҢКУ СӨЗ

«Өмүр – парыз, өлүм – ак» – деп ата-бабаларыбыз байыртадан бери айтып келген. Жарык дүйнөгө жарк этип мейман болуп бир келип, Алладан берилген мөөнөт бүткөндө «жалган дүйнөдөгү» жашоо менен коштошуп, күндөрдүн биринде түбөлүккө кете берерибиз бышык. Бизге берилген жашоону эч бир байлык, бийлик менен түбөлүккө сактап калууга мүмкүн эместигин баарыбыз абдан жакшы билебиз.

«Кагазга түшкөн кат өлбөйт, жакшынын сөзү, аты өлбөйт», – деп кадырман Сарт акебиз айтып кеткендей, Аксуу аймагына тиешеси бар өмүрү өрнөк адамдардын кыскача өмүр баян жыйнагын ушул китепке топтоп чыгаруу максатын көптөн бери көздөп, эми ишке ашканына Алла ыраазы болсун.

Бул демилгени колдоп, китептин жарыкка чыгышын өзү жетектеп, көп күч аракет жасаган Аксуу районунун мамлекеттик администрация башчысы, китептин башкы редактору Чекиев Тынчтыкбек Бешкемпировичке, материалдарды чогултууга чын ыкласы менен катышкан Аксуу райкмамадминистрациясынын аппарат башчысы Турсунбаев Замир Асаналиевичке, раймамадминистрациясынын башчысынын орунбасарлары Сагынбаев Азамат Абдылдаевичке, Сабутбаева Астра Турдубековнага, айыл өкмөттөрүнүн башчыларына, мектеп жамааттарына, райондун аксакалдарына жана социалдык кызматкерлерге чоң ыраазычылык билдирем. Жигерленген атуулдук сезим менен демилгени сүрөп, китепке өрнөктүү адамдардын өмүр баяндарын топтоого чоң жардам берген Аксуу райондук Кеңештин төрайымы Жаныбекова Дамира Ийрибаевнага терең ыраазымын.

Айрыкча, күнү-түнү дебей, ден соолугун аябай китепке чогулган материалдарды иштеп чыккан китептин көркөм редактору, кыргыз элине белгилүү жазуучу Мусакун Сатыбалдиевдин китепке кошкон салымына таазим кылам.

Миңдеген сүрөттөрдү ирээтине келтирип, китепти жасалгалоого көп убактысын жумшаган Кыял Өскөмбаевага, материалдар менен иштөөгө жардам берген К. Тыныстанов атындагы Ысыккөл мамлекеттик университетинин журналистика факультетинин студенттери Асел Сыдыкбековага жана Элзат Төлөгөновага ыраазычылык сөзүмдү айтам.

Тилекке каршы, аймагыбыздан чыккан чыгаан уулкыздарыбыздын бир тобу ар кандай себептер менен ушул китепке кирбей калганы, мен үчүн абдан өкүнүчтүү.

Турмуш бир орунда турбайт. Андыктан келечекте Аксуу аймагын даңазалаган толуктоолор, кошумчалар киргизилген мындай китептердин дагы далайы жарыкка чыгаарына ишенем.

Кымбаттуу окурман! Эли-жерибизде ар дайым тынчтык, ынтымак өкүм сүрсүн! Касиеттүү Аксуу аймагыбыздын кооз, бай жаратылышын ар дайым көздүн карегиндей коргоп, Алланын бизге энчилеген байлыгын туура пайдаланып, дилибизди таза алып жүрөлү.

Китепте айрым бир кенемтелер, такталуучу маселелер болсо жалпы окурмандардан кечирим сурайм.

*БЕКТУР АЖЫ*

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР


1. Ысыккөл облусу. Энциклопедия. Бишкек, 1995.
2. Ысыккөл–Нарын. Энциклопедия. Бишкек, 1991.
3. Кыргызская наука в лицах (У. А. Асанов, А. З. Джуманазаров, Т. К. Чоротегиндин редакциясында). Бишкек, 2002.
4. Бектур Мансуров. Инсандар дөөлөтү. Бишкек, 2004.
5. Докдурбай Урманбетов. Ысыккөлдөн ырдесте. Бишкек, 2006.
6. Элита Кыргызстана (журналисттик иликтөө агентствосу). Бишкек, 2004.
7. Күлбүбү Бектурганова. Дочери земли Кыргызской. Бишкек, 2003.
8. Ташым Байжиев (Мар Байжиевдин редакциясы). Бишкек, 2003.
9. Мар Байжиев. В битве за истину. Бишкек, 2001.
10. Таланталы Бакчиев. Алмамбеттин жомогу. Каракол, 1995.
11. Аман Айтбаев. Көңдөйдүн сыры. Бишкек, 2001.
12. Кыргыз тарыхы (кыскача энциклопедиялык сөздүк). Б.У. Урустанбековдун, Т.К. Чороевдин ред. Фрунзе, 1990.

# МАЗМУНУ

Баш сөз .......... 3
Аксуу аймагы .......... 7
АкСуу районун 1973-жылдан бүгүнкү күнгө чейин жетектеп келген жетекчилер ... 11
АкСуу районунун мам.администрациясынын кызматкерлери (2007-ж.) ........ 14
Айыл өкмөттөрү .......... 18
Райондук мекеме-уюмдардын жетекчилери .......... 22
Райондук мекеме-уюмдар .......... 26
Мектеп директорлору .......... 34
Аймактын табияты .......... 41
Аксуу аймагындагы тарыхый эстеликтер .......... 62

Өмүрү өрнөк инсандар
А..........65
Б..........98
В, Г, Д..........115
Ж..........112
З, И..........114
К..........160
Л, М..........190
Н..........213
О..........218
Ө..........231
П..........236
Р..........237
С..........243
Т..........263
У..........286
Ү..........293
Ф..........294
Х..........295
Ч..........297
Ш..........303
Э..........309
Ы..........314
Бакашов Кемел..........315
Асанбай уулу Ажына..........315
Аксуу районунан Улуу Ата Мекендик согушка
катышкандардын жана майдан майыптарынын тизмеси .......... 316
Аксуу районунан Афган согушуна катышкандардын тизмеси .......... 317
Аксуу районунан Баткен жергесин чет элдик террорчулардан
коргоого катышкандардын тизмеси .......... 319
Аксуу районунан Чернобыль кырсыгын жоюуга катышкандардын тизмеси..320
Аксуу районунан Чернобыль кырсыгын жоюуга катышып майып
болгондордун тизмеси .......... 320
Соңку сөз .......... 321
Пайдаланылган адабияттар .......... 322

**Мансуров Бектур ажы**

# ӨМҮРҮ ӨРНӨК ИНСАНДАР

*Аксуу районунун этнографиялык өмүр-баян жыйнагы*

Редакторлору *М. Сатыбалдиев, Ж. Теңирбергенова*
Тех. редактору *Ж. Сооронкулова*
Корректору *А. Асаналиева*
Көркөм редактору *М. Кадыров*
Компьютерге терген *М. Мусакун кызы, К. Өскөнбаева*
Компьютердик калыптоочу *Н. Жуманалиев*

Басууга 18.06.07-ж. кол коюлду.
Форматы 60х90$^{1}/_{16}$. Көлөмү 20,25 б.т.
Заказ № 47. Нускасы 1000 даана.

Бишкек шаары,
«Бийиктик» басмасы
Киев көчөсү, 77
Тел.: 66-75-58

Тынчтыкбек ЧЕКИЕВ – китептин башкы редактору. Кыргыз мамлекеттик университетин бүтүргөн. Партиянын Тогузторо райондук комитетинде жана Эл депутаттарынын Советинде жооптуу кызматтарда иштеген.

1994–99-жылдары ошол эле райондун мамлекеттик администрация башчысынын биринчи орунбасары, Нарын облустук мамлекеттик администрация башчысынын орунбасары, аппарат жетекчиси болуп эмгектенген.

1999–2001-жылдары КРнын айыл, суу чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлигинин аппарат жетекчиси, КРнын Президентинин алдындагы финансы жана аудитордук ишмердүүлүк боюнча улуттук комиссиясында кеңешчи, 2001–2005-жылдардын аралыгында Ысыккөл облустук юстиция башкармалыгында начальниктин орунбасары, облустук мамлекеттик администрациясынын уюштуруу иштери жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. Ал эми 2005-жылдан тартып Аксуу райондук мамлекеттик администрация башчысы – аким.





Бөктур ажы МАНСУРОВ – [illegible] автору. Кыргыз мамлекеттик Академиялык [illegible] жана балет театрынын алдындагы [illegible] бүтүрүп, Аскер-Деңиз флотунда [illegible] өтөгөндөн кийин Москва шаарындагы П. И. Чайковский атындагы мамлекеттик [illegible] риянын алдындагы музыкалык окуу [illegible] Пржевальск мамлекеттик педагогикалык [illegible] тун бүтүргөн. Бир катар жылдар Кыргыз [illegible] жана балет театрында солист, [illegible] тык маданият башкармалыгында [illegible] башчысы, Пржевальск шаардык [illegible] директору болуп эмгектенген.

Ошондой эле К. Жантошев атындагы [illegible] музыкалык драма театрында башкы администратор, директордун орунбасары жана [illegible] шаардык аткаруу комитетинин [illegible] бөлүмүнүн башчысы болгон.

Кийинки кездерде чыгармачылык [illegible] алектенип келүүдө. 2004-жылы «[illegible] дөөлөтү» аттуу китеби жарыкка чыккан.